Силердин бийликке болгон мамилеңер келечегиңерди кантип аныктайт

ОҢДОЛГОН
ЖАНА
КОШУМЧАЛАНГАН

# ЭҢ ЖОГОРКУНУН КАЛКАНЫЧЫ АСТЫНДА

ДЖОН БИВЕР

*«Криптонитти жок кылуу» бестселлеринин автору*

Кымбаттуу досторум,

Бардык жерде адамдар Кудайдын планын жана бийликке болгон ой-ниетин түшүнбөгөндүктөн, азап чегишет. Биз өзүбүздүн эң жакшы жактарыбызды ачып, туруктуу болуп жана Ага кызмат кыла алышыбыз үчүн, мүнөзүбүздү өнүктүрүү, тарбиялоо жана калыптандыруу үчүн, Кудай жакшы да, жаман да лидерлерди колдоноорун түшүнбөйбүз. Кудайдын бийлик менен болгон мамилеси жөнүндө билгенде, лидерлерибиз эмне кылса да, эмне кылбаса да, биз тынчтыкка, коргоого жана камкордукка ээ болгон абалда боло алабыз.

Силердин Кудайга болгон мамилеңер силердин өзүңөрдөн көз каранды. Силердин үстүңөрдөн бийликке ээ болгондорго баш ийүүнү тандоо менен, силер Кудай белгилеген жолду таанып жана аны менен жүрөсүңөр.

Бул китеп - силер үчүн белек. Бул кабарды ошол эле жактырууга муктаж болгон башка ишенгендер менен бөлүшүүдөн тартынбагыла. Ошондой эле, MessengerX.com сайтына баш багып жана жашоону өзгөрткөн көптөгөн каражаттарды өз тилиңерде жүктөп алып, изилдегиле.

Керемettүү Теңирибизди даңктоо миссиясын аткарып жаткандардын катарында бирге болушубуз үчүн сыйынам.

Машаяктагы бир тууганыңар,



MessengerX

Джон
JohnBevere@ymail.com

Messenger INTERNATIONAL

# ЭҢ ЖОГОРКУНУН КАЛКАНЫЧЫ АСТЫНДА

ДЖОН БИВЕР

**Under Cover** by John Bevere, Kyrgyz
© 2023 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as Under Cover

Additional resources in Kyrgyz by John and Lisa Bevere are available for free download and video streaming at **MessengerX.com** and on the **MessengerX** App
To contact the Author: JohnBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is
NOT FOR SALE

**«Эң жогоркунун калканычы астында»** Джон Бивер, кыргыз тилинде
Автордук укук © 2023 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде «Under Cover» деген аталышта жарыяланган.

Бекер жүктөп алуу жана агым үчүн **MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда Джон менен Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча булактары бар.
Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: JohnBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун белеги жана САТУУГА БОЛБОЙТ.

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store бул АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган Apple Inc компаниясынын соода белгиси.
Google Play жана Google Play логотиби Google LLCтин соода белгилери.

Бул китепти биринчи уулум Эддисон Дэвид Биверге арнайм.

*«Акылдуу уул атасын кубантат».*
– Накыл сөздөр 10:1

Сенин атың «Сүйүктүү, ишенүүгө татыктуу» дегенди билдирет. Сенин жашооң сенин атыңа жана бул китепте жазылгандарга дал келет. Кудайдан эң бай баталарды жана убадаларды мураска ал жана Анын жүзүнүн нуру сени жаркырата берсин. Өмүрүң узун, берекелүү болсун.

Апаң экөөбүз сени жакшы көрөбүз жана ушундай уулдуу болгонубуз үчүн бактылуубуз.

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

## 1-БӨЛҮК. КОРГОНУЧТУН АСТЫНДА

1. Коргонучтун астында . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1
2. Учтуу таякка каршы чыгуу кыйын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9

## 2-БӨЛҮК. КУДАЙДЫН КАЛКАНЫЧЫ АСТЫНДА

3. Күнөөнүн аныктамасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
4. Мыйзамсыздыктын жашыруун бийлиги . . . . . . . . . . . . . . . 41
5. Тил албастыктын калтырган издери (1-бөлүк) . . . . . . . . . 61
6. Тил албастыктын калтырган издери (2-бөлүк) . . . . . . . . . 73
7. Сыйкырлангандар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 93

## 3-БӨЛҮК. КУДАЙДАН КОЮЛГАН БИЙЛИКТЕР

8. Рулда ким турганын Кудай билеби . . . . . . . . . . . . . . . . 113
9. Падышаны урматтагыла . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 131
10. Кош урмат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 149
11. Баш ийүү жана моюн сунуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 171
12. Эгерде мага лидер айтып жатсачы . . . . . . . . . . . . . . . . . 187

13. Адилетсиз мамиле . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 211

14. Өзүн-өзү соттоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 235

15. Биримдик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 257

16. Ар кандай нерселер жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 275

17. Улуу ишеним . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 297

18. Жыйынтыктоочу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 317

*Талкуулоо үчүн суроолор*. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 321

1-БӨЛҮК

# КОРГОНУЧТУН АСТЫНДА

1-БӨЛҮМ

# КОРГОНУЧТУН АСТЫНДА

*Көбүнчө укканга жагымдуу болгон*
*сөз эмес, катуу айтылган сөз эң чоң*
*эркиндикти жана коргоону алып келет.*

Коргоо астында - бул сөздөрдү көп сандагы жагдайларда колдонууга болот. Балдардын тили менен айтканда, коркунучту сезген бала жууркандын астына же чоң болгон ата-энесинин артына кантип жашынганын элестетүүгө болот. Жарандык мааниде, бул тартиби полиция же армия тарабынан камсыздалган шаар болушу мүмкүн. Ошондой эле, калың бакка, үңкүргө же жер астындагы баш калкалоочу жайга жашынган жаныбарды элестетсе болот. Ошондой эле, үйүнүн чатырынын астында бороондон корголгон үй-бүлөнү элестетсе болот.

Кичинекей кезимден бери биздин аймакта көп болуп турган бороон-чапкындар эсимде. Биз терезеден кара булуттардын чагылгандын коштоосунда алыстан тоголонуп жатканын көрчүбүз. Бир нече мүнөттүн ичинде чыныгы бороон башталчу. Чагылган жарк этип, күн күркүрөп, жамгыр жаап, миңдеген кичинекей тамчылар, чатырыбызга барабандай болуп сого баштачу. Бороондун аркасында үйүбүз эң жакшы баш калкалоочу жай экенин дагы даана түшүнүп,

сезе баштадык. Терезенин сыртындагы бардык нерсе нымдуу, муздак жана коркунучтуу чагылгандан коргонуусуз эле. Үйдүн ичинде болсо кургак, жылуу жана өз бөлмөбүздө болгондо бизге бороон-чапкындын бардык коркунучтарынан алыста болгондой сезилчү. Биз коргоо астында болчубуз.

Бул теманын үстүнөн ой жүгүртүүнү улантуу менен «коргоо астында», *«калканыч астында»* же *«жабык нерсе астында»* деген сөздөрдүн жаңы маанисин табууга болот. Бул сөздөр кандайдыр бир адамдын инсандыгын жашыруун кылуу аракетиндеги көрүлгөн коопсуздук чараларын билдириши мүмкүн. Жашыруун агент душмандарынын арасында алар тарабынан таанылбастан эркин жүрө алат. Өкмөт ага ойдон чыгарылган ысым, же лакап ат берип, ал душман тарапта жашоочу болуп кала алат. Бул фразаларды кандай мааниде колдонгонубуз маанилүү эмес, дээрлик бардык учурда алар *коргоо* жана *эркиндик* түшүнүгүн камтыйт.

Бул сөздөрдүн машайакчылыкка кандай тиешеси бар? Дөөт мындай деп жазган: «Бардыгынан жогору турган Кудайдын үйүндө жашаган, кудуреттүү Кудайды далдаа кылган адам Теңирге: «Мен таянган Кудай – менин баш калкалар жайым, менин чебим!» – дейт (Заб. 90:1, 2). Кудай өзүнүн чатырынын астында турган адамдарды коргоону убада кылат. Бирок, бул аяттын «Жашаган...» деген сөзүнөн баштап биз эң маанилүү суроого туш болобуз: Анын чатырынын астында ким жашайт? Колуңарда кармап турган бул китеп ушул суроого жоопту издөөчү китеп. Башкача айтканда, Кудайдын кудуретине жана бийлигине моюн сунуп жашагандар корголот дегенди билдирет.

Эйден багында Адам ата менен Обо эне Кудай аларга берген эркиндикке жана коргоого ээ болушкан, бирок баш ийбестик жолун тандап, Кудайдын коргоосунан ажырап калышкан. Анан алар аны башка жактан издей башташты (Башт. 3:7). Кудайдын бийлигине баш ийбөө адамзатты бир кездеги эркиндиктен жана коргоодон ажыратты.

Келгиле, муну жакшыраак карап көрөлү. Бийлик деген өтө популярдуу сөз эмес. Бирок, аны четке кагуу же андан коркуу менен биз бул күч берген коргоону жана пайданы унутуп калабыз. Биз муну Кудайдын көзү менен көрбөйбүз, ошондуктан, четке кагабыз. Көбүнчө биздин бийликке болгон мамилебиз мага үчүнчү уулум менен болгон окуяны эске салат.

Александр биринчи класска барганда, ал жерде мугалими менен баарлашуунун эң жагымсыз тажрыйбасына туш болгон. Ал дайыма класс менен ызы-чуу болуп – ачууланып, окуучуларга көп кыйкырчу. Александр болсо чыгармачыл жана энергиялуу мүнөзү бар, унчукпай койгондон көрө ашыкча сөздү айтканды артык көргөндүктөн, көп учурда мугалимдин ачуусунун эпицентринде болуп калчу. Александрдын мектептеги жүрүм-туруму жөнүндөгү ойлору мугалимдикине дал келбей, анын чыдамдуулугун тынымсыз сынап турган.

Мектептеги сабактар аяктагандан кийин жубайым экөөбүз анын кеңсесинде кеңеш алуу үчүн такай турчубуз. Биз аны менен көйгөйлөрдү талкуулачубуз жана ошол эле учурда Алекти мугалимдин эрежелерине жана талаптарына баш ийүүгө шыктандырчубуз, бирок мунун баары ага ушунчалык катуу рамкага салынган окуу процессин жактырбоого алып келчү.

Анан биз башка штатка көчүп, Алек экинчи класска өттү. Жаңы насаатчы мурункусуна такыр карама-каршы болгон. Ал окучулары менен ашыкча боорукер болуп, аларды ыраазы кылууга болгон күчүн жумшаган. Ал Алекти өтө сүйкүмдүү деп эсептечү жана ал көп сүйлөшкөндү жакшы көргөн бала болгондуктан, аны жөн эле сүйүп калган, бирок ошол эле учурда башка нерселерди унутуп, окуусун таштаган. Уулубуз жалпы билим берүүнүн бардык кемчиликтерин башынан өткөргөн сыяктуу сезилген, ошондуктан биз аны академиялык билимге басым жасаган артыкчылыктуу мектепке өткөрдүк.

Ал жерде ал толугу менен баш аламандыкка жана чаташууга

кабылды. Окуунун алгачкы эки жылында мыкты натыйжаларга жетишкен балдардын арасында болуп калды. Эми Алек жакшы жана боорукер, бирок, ошол эле учурда тартипти катуу кармаган мугалимдин көзөмөлүндө болчу. Көп өтпөй эле ал программадан башка окучууларга караганда артта калганы белгилүү болду. Кайрадан мугалим менен тез-тез, бирок мунусунда жемиштүү жолугушуулар башталды. Лиза экөөбүз анын окуусуна көбүрөөк көңүл бура баштадык.

Сен эртеден кечке мектепте болуп, кечинде болсо ата-энең үй тапшырмаңдын аткарылышын көзөмөлдөп, жаныңда басып турганда, кандай адам болбосун мындан тажашы мүмкүн. Алек өзү менен өзү болуп, ыйлап, кээде өзүн туңгуюктун түбүндө жүргөндөй сезип, бирок чындыгында анын окуудагы ийгилиги ачык эле көрүнүп турду.

Бир күнү ал эмоционалдык жактан жабыркады. Агалары мектептеги ролик тебүү кечесине бармакчы болушканда, ал үйдө калып, сабак учурунда бүтпөгөн класстык тапшырмаларын бүтүрүүгө аргасыз болгон. Эми ал мындай маанилүү окуяны өткөрүп жибериши керек болчу! Отуруп алып ыйлагандан башка аргасы жок эле. Атанын баласы менен сүйлөшө турган учуру келди. Мага көйгөй эмнеде экенин аныктоо үчүн, бир нече сөз жетиштүү болду. Алектин көзүнөн үмүтсүздүктүн жашы суудай агып, баардыгы үмүтсүздөй сезилип атасынын айткандарынан да эч нерсе уккусу келген жок. Бир аз тыным болду, экөөбүздүн тең башка сөзүбүз жок калды, ал башын жерге салып отуруп, ыйлап жатты.

Андан кийин эмне болгонун эч качан унутпайм. Алек өзүн түздөп, кандайдыр бир жол менен бардык токтоолугун чогултуп, көз жашын аарчыды, анан мени бекем ишеничтүү чоң шоколаддай күрөң көздөрү менен карады: ага анын бардык көйгөйлөрүн чечип, көз жашын түбөлүккө кургатуучу ой келди. Ал менин маңдайыма туруп, колдорун көкүрөгүнө

түйүп, олуттуу түрдө: «Ата, мен сизге бир нерсе айткым келет. Менин классымдагы Джессика эсиңиздеби... ал дарыгерлерге ишенбейт!» -деди. Ал бир аз олку-солку болуп: «Ошо, ата, мен болсо мугалимдерге ишенбейм» деп кошумчалады.

Күлүп жибере жаздадым, бирок өзүмдү убагында кармадым. Мен үчүн анын сөздөрү күтүүсүз болду. Анан ал сөзүн улады: «Эгер Джессика дарыгерлерге ишенбесе, анда мен жөн гана мугалимдерге ишенбейм». Эми өзүмдү кармай албай калдым. Башкача айтса, мага күлкүлүү болмок эмес, бирок ал чарчаган, көңүлү чөккөн адамдын үнү менен айтты. Ал чындыгында мени өзүнүн бардык көйгөйлөрүн чече ала турган жаңы ачылышка киргизди деп ойлоду. Анын олуттуулугу соттогу күбөнүн жүрүм-турумун эске салды.

Албетте, мен ага ошол эле мугалимдерсиз азыр кайда болорун түшүндүрүүгө аракет кылдым. Мен аны менен былтыр ачка калган балдарды тойгузган Анголадан алган таасирлерим менен бөлүштүм. Бул балдар Александрдын ордунда болуу үчүн дүйнөдөгү бардык нерсени бергенге даяр эле! Алар билим алса, кийин үй-бүлөсүн бага аларын түшүнүшкөн жана ага ээ болуш үчүн болгон мүмкүнчүлүккө жабышып алышмак. Менин көпкө созулган түшүндүрмөмдөн кийин ал жаңы философиясын каалабастан таштап, сабактарына кайтты.

Кийинки бир нече жуманын ичинде мен сүйлөшүүбүздүн үстүнөн ой жүгүртүп жатып, мен баламдын жүрүм-туруму менен адамдардын бийликке болгон мамилесинин ортосунда окшоштуктарды көрдүм. Ар бирибиздин жашообузда бийлик менен байланышкан жагымсыз окуялар жетиштүү. Кээ бирөөлөр үчүн жетекчи өтө орой болгон; башкалары, Александрга окшоп, кыжырданышып, бийлик алардын жыргалчылыгына же алар үчүн эң жакшы деп эсептелген нерсеге тоскоол гана болгон нерсе деген тыянакка келишкен, бирок чындыгында аларды эң сонун жетекчилер жана насаатчылар жетектейт. Мына ушундай

окуялардын бардыгынан улам, *“мен бийликке ишенбейм”* же *“Мен биринчи макулдашып алмайынча, бир дагы бийликке баш ийбейм”* деген абдан так көз караш калыптанат.

Мунун баарына Кудай кандай карайт? Бийлик адилетсиздик кылганда да баш ийишибиз керекпи? Ал эми, бийлик коррупциянын сазына батып калсачы? Эгер бизге туура эмес деп ойлогон нерсени, кылгыла деп айтышсачы? Эгер биз күнөө кылууга мажбур болсокчу? Бул чек кайдан өтөт? Анан дагы, биз эмне үчүн баш ийишибиз керек? Мунун пайдасы барбы? Биз Ыйык Рухтун гана жетегинде боло албайбызбы?

Кудайдын Сөзү бул суроолордун баарына жооп берет. Бул Теңир мага жазууну буйруган эң маанилүү китептердин бири деп эсептейм, анткени, ал жыйында ишенгендер туш болгон көйгөйлөрдүн түпкү себебин карайт. Люцифердин кулашына эмне себеп болду? Козголоң. Эмне үчүн Адам жыгылды? Козголоңдун айынан. Көптөрдүн Кудай менен жашоодогу адашуусуна эмне себеп болот? Козголоң. Мунун баарынан да эң коркунучтуусу – көпчүлүк учурда козголоң алгач ачык эмес, бирок, араң эле байкалгандай болот.

Бул китепте мен өзүмдүн каталарымдан мисалдарды келтирем. Мен бийликке ачыгып турган: козуларымды, жардамчыларымды же үй-бүлөмдү баш ийүүгө мажбурлоочу лидер эмесмин. Менин сонун жардамчыларым жана үй-бүлөм бар. Мен кайтаруучу эмесмин. Демек, мен көп ката кетирген, тагыраагы күнөө кетирген адам катары жазып жатам. 1980-жылдары мен машайакчылык эки эл аралык кызматка катыштым жана ушул мезгилдеги тажрыйбамдын негизинде мен силер менен өзүмдүн кайгылуу мисалдарымдын көбүн бөлүшөм. Бул учурлардын ар биринде мен өзүмдүн туура экениме жүз пайыз ишенчүмүн, бирок, белгилүү болгондой, чындыгында мен ката кетирген болчумун. Анын Сөзү менин ниеттеримди ачып бергендиги үчүн, Теңирибизге абдан ыраазымын.

Менин баардык кыйынчылыктарымдан сабак алып,

келечекте ушундай катачылыктардан алыс болушуңарды чын дилимден каалайм. Менин акылсыздыгымдан, Кудайдын даанышмандыгынан пайдалуу натыйжаларды алууңарды тилейм. Мунун баарынан кийин мага келген чындык жана тажрыйба, акыры мен үчүн пайдалуу жана жөн гана сонун болуп чыкты. Моюнга алып, тобо кылуу аркылуу коопсуздук сезими жана муктаждыктарымды канааттандыруу пайда болду.

Бул китеп боюнча саякатыңарды баштаганыңарда, жашооңордо да ушундай болушу мүмкүн деп ишенем. Ыйык Китептен жана менин жашоомдон алынган мисалдарды карап чыкканыңарда жүрөгүңөргө жарык төгүлөт. Кээ бир нерселер силер билген нерселерге болгон ишенимиңерди гана бекемдейт, ал эми башкалары силерди боштондукка чыгарат. Кандай болгон күндө да, Анын Сөзүн момундук менен кабыл алышыңарды тилейм, бул менин жүрөгүмдүн каалоосу.

Чындыкка ынануу менен бетме-бет келгенде, биз эки жолдун бирин тандай алабыз: Адамдын уулу Кабыл сыяктуу катууланууу жана козголоң чыгаруу, биз абдан муктаж болгон аянды калтырып коюу (Башт. 4); же Натан тарабынан ашкереленген Дөөт сыяктуу момун болуу, талкаланып, азап менен тобо кылуу бизди машайакчылык мүнөздүн жаңы деңгээлине көтөрүлүүгө жол берет (2 Шем. 12). Дөөттөн үлгү алууга аракет кылгыла жана силерге толуктоону жана коргоонууну сунуш кылган Кудайдын планынан алыстатууга аракет кылган текебердиктен баш тарткыла.

Бул сапарга аттанаарда, кээде эң чоң эркиндикти жана коргоону алып келе турган жагымдуу сөздөр эмес, оор сөздөр болоорун унутпагыла. Бир жолу бала кезимде эмдетүүм керек болгондо, досторумдун бири ал абдан катуу оорутарын айтты. Ошондон кийин мен кандай болсо да, ийне сайдырбай коюуну чечтим. Эки чоң эле медайым мени кармай албай, акыры мени таштап кетишти. Ошондо менин ата-энем мага кургак учукка каршы вакцина берилбесе, эмне болушу мүмкүн экенин түшүндүрүшү

керек болду. Мен эжемдин рак оорусунан кантип каза болгонун көргөндүктөн, алар мага жакшылык гана каалаарын билчүмүн. Укол бир аз оорутаарын түшүндүм, бирок ал мени коркунучтуу, балким, өлүмгө алып бара тургандай коркунучтуу оорудан сактап калаарын билдим. Муну түшүнүп, жан дилим менен ооруканага кайрылдым, алар мага укол сайышты.

Кудайдын Сөзүндөгү чындыктын кандайдыр бир жагымсыз, атүгүл азаптуу «эмдөөсүнө» туш болгонуңарда, бул мисалды эстен чыгарбагыла. Асмандагы Атанын жолдору жеткилең экенин билгиле. Кээде зыяндуу же оору алып келе тургандай көрүнгөн нерсе чындыгында, Анын башка бирөөнү коргоо, бата берүү же куткаруу ниетинде болот. Анын бизге болгон сүйүүсү таза, кемчиликсиз жана чексиз экенин эч качан унутпагыла!

Келгиле, саякатка жөнөөрдөн мурда сыйыналы:

*«Асмандагы Ата, мен сооронуч менен ырахатка караганда, чындыкты эңсейм. Ошондуктан, Сенин жолдоруң жеткилең экенин билип, жүрөгүм менен жанымды Сенин колуңа тапшырам. Сен мени ушунчалык сүйгөндүктөн, Сен үчүн эң маанилүү болгон нерсени, Сенин Уулуңду, айкашкан жыгачта өлгөн Ыйсаны менин түбөлүк өмүргө ээ болушум үчүн, жибердиң. Эгер Сенин мага болгон сүйүүң ушунчалык күчтүү болсо, Сен менин жашоомдо Өзүң баштаган ишти аткарууга албетте даярсың. Мен бул китепти окуп жатканымда Сен Рухуң менен мага сүйлөшүүңдү жана жашоом үчүн жолдоруңду көрсөтүүңдү суранам. Сенин Сөзүңдү көрүү жана угуу үчүн көздөрүмдү жана кулактарымды ач. Мага Ыйсаны мурункудан да айкыныраак ачып бер. Бул китептеги Сенин сөздөрүң аркылуу мага кыла тургандарың үчүн, Сага алдын ала ыраазычылык билдирем. Мен ал үчүн Ыйсанын атынан сыйынып жатам. Оомийин».*

## 2-БӨЛҮМ

# УЧТУУ ТАЯККА КАРШЫ ЧЫГУУ КЫЙЫН

*Демократиялык категориялар боюнча ойлонсоң, Падышачылыктын принциптерин түшүнүү кыйын.*

Азыр менин алдымда оор маселе турат, аны чечүү балким, Кудайдын ырайымысыз мүмкүн эместир. Мен өз тарабымдан силерди бийликти сыйлоого үйрөтүүгө аракет кылам, анткени дүйнөдө мыйзамсыздык күндөн-күнгө күч алууда. Менин китебимде айта турган нерселердин көбү дүйнө ойлогонго каршы келет. Бизди Кудайдын Сөзүндөгү негизги чындыктарга тескери буруш үчүн, канчалаган жолдор ойлоп табылган! Бирок, бул биздин жан дүйнөбүздүн душманы болгон шайтандын тактикасына дал келет, ал бизди кулчулукка алып бара турган жагымдуу, ал тургай пайдалуу нерселерди көрсөтүүнү жакшы көрөт жана тескерисинче, ал бизге эркиндик берген нерселердин бардыгын кулчулук катары ашкерелейт.

Эйден бакчасын эстегиле - шайтандын айласы кемчиликсиз иштеген, ошондон бери ал такыр өзгөргөн эмес. Ошондуктан, бизге дайыма эскертилип турат: «Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла!» (Жакып 1:16) жана «Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү

үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө» (Рим. 12:2).

Өз тажрыйбама таянып айта кетейин, Батыштын өкүлдөрү (Американын жана Батыш Европанын демократиялык өлкөлөрүнүн калкы) – булар баарынан мурда Кудай Сөзүндөгү чындыкка каршы чыккан адамдар. Демократиялык категория боюнча ойлонсоң, Падышачылыктын принциптерин түшүнүү кыйын. Демократиянын эч кандай жаман жери жок, эгерде мамлекет анын принциптери боюнча жашаса жакшы болот, бирок ал бул дүйнө үчүн жаратылган, ал эми Кудайдын Падышачылыгы (жана биз муну эстен чыгарбашыбыз керек) башында Падыша турган Падышачылык жана иерархия, жоболор жана ыйгарым укуктар деген түшүнүктөр бар. Анын падышачылыгынын мыйзамдарын жокко чыгарууга болбойт, алар коомдук пикирдин, добуш берүүнүн же сурамжылоонун таасирине баш ийбейт. Обо эне аракет кылгандай болуп, бул мыйзамдарды өзүбүзгө ылайыктуу деп эсептегендей өзгөртүүгө болбойт. Ошондуктан Шемуел «…элге падышачылыктын укуктарын айтып, аны китепке жазган» (1 Шем. 10:25) сыяктуу, бүгүнкү күндө да бизге Падышачылыктын принциптери үйрөтүлүшү керек, анткени биздин коом бизге аларды сиңирген эмес.

Эгерде биз, ишенгендер катары, бийлик менен байланышууда маданиятыбыздын ой жүгүртүү принциптерине ылайык жашоого аракет кылсак, анда эң жакшысы натыйжасыз болуп калабыз, эң жаманы - чоң коркунучта болуп калабыз. Жашоонун чыныгы Булагынан ажыратылганыбызда, баталарыбыздын каналдарын да, коргообузду да жоготуп алабыз. Муну Кудай футбол чемпионатына даярдагысы келгенде, өмүрүн бейсболго арнаган адамга же электр кубаты кошулбаган электр шаймандарын колдонууга аракет кылган адамга салыштырууга болот.

Азыр бийлик менен макул болбосок, ага наааразы болуп,

наразычылык билдирип чыгабыз. Анткени, бийлик “элден, элге жана эл үчүн” болуш керек, туурабы? Демократиялык ой жүгүртүүнүн ушул жана башка принциптери азыркы машайакчылыкка, көптөрдү өзүн-өзү башкаруунун алдамчы жолуна түшүүгө айыптады. Канчалык алыс болсо, ошончолук көп – биз бийликти каралоодон ачык тирешүүгө өтүп кетебиз. Натыйжада, бийликти сыйлабастыктын эң жогорку чегине жетип, аны таптакыр тоготпогондор бар. Бул алардын Кудайдан коркуу сезимин жоготконунан кабар берет.

Бирок, бул ыкмалардын бири да биз издеп жаткан эркиндикти алып келе албайт. Анткени, Ыйык Жазууда мындай дейт:

> Эгерде алар Аны угуп, кызмат кылышса, анда алар өз күндөрүн жыргалчылыкта, жылдарын кубанычта өткөрүшөт; эгерде алар укпаса, жебеден өлүшөт жана акылсыздыкта өлүшөт (Аюб 36:11, 12).

«Ага» - бул Кудайдан башка эч кимге эмес. Убадага көңүл бургула: Анын бийлигине баш ийүүнүн ордуна муктаждыктарды жана коргоону камсыз кылуу. Үстүндөгү башкаруучуларды тоготпогондорду кандай коркунуч күтүп турганын да билгиле.

Бийликке каршы туруудa биз издеп жаткан эркиндик, чындыгында, аларга баш ийбөөдөн турган эркин эместикке айланат. Аялымдын: “Моюн сунууда - эркиндик, козголоңчулдукта - кулчулук” деген сөзү бар. Бул сөздөр биз Аюб китебинде окугандардын баарын билдирет.

Кээ бирөөлөр: «Мен Кудайга гана баш ийем, адамга эмес, өзгөчө, эгер мен аны менен макул болбосом», - деши мүмкүн. Бул жерде жыйында туура эмес таралган тарбия жана мамиле бизге жаман таасирин тийгизет. Биз Кудайдан мураска калган бийликке моюн сунуубузду Ал тапшырган бийликке моюн сунуубуздан ажырата албайбыз. Бардык эле күч Андан келет! Ыйык Жазуунун эмнеге үйрөтөрүн карагыла:

Ар бир жан жогорку бийликтерге баш ийсин, анткени Кудайдан болбогон бийлик жок; азыркы бийликтер Кудай тарабынан орнотулган. Ошондуктан, ким бийликке каршы болсо, ал Кудайдын буйругуна каршы чыккан болот. Ал эми, каршылык көрсөткөндөр өздөрүнө өздөрү айыптоону тилеп алышат (Рим. 13:1, 2). Бул үзүндү өзгөчө көңүл бурууга татыктуу жана анын үстүнөн ойлоно турган көп нерсе бар. Кийинчерээк биз аны кененирээк карап чыгабыз, бирок азыр мен төмөндөгү жагдайларга токтолгум келет: биринчиден, бардык жетекчилерди Кудай дайындаган. Кудайдын эркинен тышкары эч ким мыйзамдуу бийликтин ордун баса албайт. Муну биз биротоло үйрөнүп-түшүнүп алышыбыз керек. Экинчиден, бул бийликтерге каршы чыгуу – Теңирдин буйругуна, башкача айтканда, Кудайдын Өзүнө каршы чыккан болот жана ошондой кылгандар өздөрүнө өкүм чыгарышат. Биз бул саптардын автору бийликке ачыккан жетекчи эмес, биздин Атабыз экенин эстен чыгарбашыбыз керек, анткени «Бардык Жазуу Кудайдын рухунун жетеги менен жазылган» (2 Тим. 3:16). Бүгүнкү күндө көптөгөн машайакчылар мындай деп ойлошот: «Мен бийликке эмес, Кудайга гана баш ийем». Мындай ойлогондор Кимди өзүлөрү Теңир деп атап жатса, Ошого каршы чыгып жатышат. Ыйсанын Шабулга (кийин Пабыл болмокчу) айткан сөздөрүн эстесеңер: «Сага учтуу таякка каршы туруу кыйын» (Элчилер 9:5). Ошол убакта дыйкандар учтуу таякты (сокону) колдонушкан. Бул эменден же башка бышык жыгачтан жасалган, узундугу 2,5 метрдей түз мамы болгон, анын кабыгы мурда алынып салынган. Дыйкан жер айдаганда өгүзгө кошуп, анын бир учуна курч учтук кадалган. Өгүз албетте, катуу оорутууга, ал тургай, жаракат келтирүүгө жөндөмдүү болгон мындай аспапка туруштук бере албайт. Ошондуктан, Пабылдын убагында бул макал жогорку бийликке каршы чыгуунун пайдасыздыгын сүрөттөө үчүн колдонулган.

Кудайдын бийлигине түздөн-түз каршы тургандар, Ыйсага жолукканга чейинки Пабылдай болуп, кыйыр түрдө, башкача айтканда, Ал тарабынан берилген бийликке каршы тургандар, акыры Кудайдын колундагы учтуу таякка сайылышы мүмкүн. Бирок, көбүнчө бул бизди токтотпойт жана биз өзүбүз үчүн эч кандай тыянак чыгарбайбыз, бирок бир кездеги мендей болуп, өжөрлөнүү менен турушубузду улантабыз.

## СЕРГИТЕ ТУРГАН ТАЖРЫЙБА

Мен азап жөнүндө сөз кылганда, дайындалган бийликке каршы чыгуу Кудайдын бийлигине каршы чыгууну билдирерине канчалык азап чегүү менен макул болгонумду ар дайым эстейм. Бул менин оюмда бекем сакталып, учтуу таякка каршы бараткан акылсыз адамдын элесин жаратып калды. 1980-жылдардын ортосунда мага эбегейсиз чоң эл аралык жыйында жаштардын пастору кызматын сунушташты. Мен үчүн сыйынып, дайындалгандан кийин бул кызматты Кудайдын эрки катары кабыл алдым.

Мен эмоцияга толуп-таштым, анткени мен эч качан жаштар кызматында иштеген эмесмин. Ошентсе да, бүт Америкадагы эң тез өнүгүп келе жаткан жана эң таасирдүү жыйындын биринин командасында болуп калдым. Жаштар кызматына арналган ар кандай китептерди окуп, үйрөнүүгө шашыла баштадым. Китептердин бирин Луизиана штатындагы улук пастор жазган, ал жаштар программасын укмуштуудай иштеп чыккан. Мен катчыма ошол жыйынга телефон чалып, учуп барып, алар менен бир нече күн боло аламбы деп суроону тапшырдым. Анын жетекчилери менин өтүнүчмө дароо жооп беришти жана биз менин сапарымды уюштурдук.

Келгенден кийин, мени шаршемби күнү кечинде дароо жаштар кызматына чакырышты. Ал жерден көргөнүм мени таң калтырды. Алардын 1500 орундуу өздөрүнүн жаштар залы бар экен жана ал дээрлик толуп калган! Алар оюн ойношкон

эмес жана жөнөкөй компромисстик билдирүүлөрдү уккан эмес; насааттар ыйыктыкка жана күчкө толуп турган. Жаштар бул жолугушууларга кубануу менен катышышкан. Мен көргөндөрүмдөн таасирлендим жана бул адамдардын чындап үйрөнө турган көп нерселери бар экенине ынандым.

Эртеси кызматтын жетекчилери менен жолугуштум. Кайрадан көргөнүмө ишене албай турдум. Алардын өздөрүнүн администрациялык имараты, эки жаштар катчысы жана төрт толук убакыттагы жаштар пастору болгон. Кийинки эки күндүн ичинде мен бул төрт пастордун жыйналыштарына катыштым. Статистика укмуштуудай болду. Ошол убакта алардын мектептеги кызматында 1250 жаштар бар болчу жана бул сан тездик менен өсүп жаткан.

Төрт пастордун ар бири мага бир эле нерсени айтып жатышты. Кызматтын ийгилиги, алардын айтымында, ар жума күнү кечинде шаардын жүздөн ашуун жеринде болуп өткөн «кечелер» деп атаган нерсени уюштурууда. Кечелер жаштарды куткарууга алып баруу максатын көздөгөн үй топторун түшүндүргөн. Идея абдан жөнөкөй, бирок ошол эле учурда терең болгон. Куткарылбаган жаштарды жыйындагы чогулуштарга тартуу кыйын, аларды кечеге чакыруу алда канча жеңил. Аптанын ичинде жаштар тобунун ар бир мүчөсү мектептен бирөөнү таап, жума күнү кечинде конокко чакырууга аракет кылышкан. Бул кечеде алар чай ичип, баарлашып, машайакчылардын заманбап музыкасын угушуп; анан топтун лидери, адатта, орто мектеп же колледж студенти, акырындык менен куткарылуу темасына сүйлөшүүнү буруп, ар кандай библиялык темаларды уюшкан талкуулоону баштайт. Андан кийин ал келгендерге күнөөлөрү үчүн тобо кылып, өз өмүрүн Ыйса Машайакка арнаганга мүмкүнчүлүк берген. Натыйжада, биринчи жолу келгендердин көбү куткарылууну кабыл алышкан. Аларга ишенгендер менен баарлашуу жана жыйынга

баруу керектиги айтылып, алар менен даректер жана телефондор алмашылып, жаштар кызматына чакырылышкан.

Мен бул кечелердин бирине катышып, бир нече студенттердин өз өмүрүн Ыйсага арнаганын көрүп, шыктандым. Өз жыйыныма кайтып келип, мен жардамчым экөөбүз ал жерден үйрөнгөндөрүм менен бөлүштүк. Биз сыйындык жана биздин группада да ошондой эле нерсени кылышыбыз керектигин сездик. Жекшемби күнкү кызматтардын биринен кийин, унаа токтоочу жайда, мен улук пастор менен өз көз карашымды бөлүштүм. Ал мени «Сонун, бир тууганым. Арекеттен!» -деди.

Мен сыйынып жатканда, Кудай мага план берди. Бул жыйында жетекчилерди даярдоочу мектепти дароо уюштурушум керек болду. Мен бул тууралуу шейшемби күнү кечинде жаштар тобуна билдирдим, кийинки жекшемби күнү эртең менен лидерлик классына жетимиш киши келди. Кийинки алты айда мен бул сабактарды жумасына бир жолу окутуп, жаштарга: берилгендик, ыйыктык, арноо, башкаларга кызмат кылуу, көрөгөчтүк, лидерликтин принциптерин үйрөттүм.

Беш ай өткөндөн кийин, кайрадан сыйынып жатып, Теңир менин жүрөгүмө мындай деди: «Өзүңдүн классыңдан жыйырма төрт кишини тандап, алар менен шакирттик сабагыңды башта. Алардын ичинен кечелер үчүн биринчи лидерлериңерди тандайсың". Ошондо мен дароо эле үй топторубуздун биринчи мууну үчүн лидерлерди даярдай баштадым.

Кийинки эки ай ичинде мен бул лидерлерди үй топторунун кечелери үчүн үйрөтүп, алар менен шейшемби күнкү үй топторунун жолугушууларына болгон көз карашымды бөлүштүм. Жардамчы менен бирге биз лидерлер үчүн окуу планын иштеп чыктык жана андан тышкары кечелерди өткөрө турган жерлерди табуу, шаарды мектеп райондоруна жана почта индекстерине бөлүү, ошондой эле топторду бөлүштүрүү жана жаңы тобо

кылгандарды окутуу ыкмалары сыяктуу көптөгөн зарыл маселелерди чечтик. Биз бир гана максат үчүн бардык күчүбүздү бердик - айланабыздагы куткарылбаган жандарга жетүү.

Биздин ар бирибиз толкунданууну жана кубанычты башыбыздан өткөрдүк. Көрүнүштөр жетекчилерден баштап жаштар кызматындагы лидерлер жана катардагы кызматкерлерге чейин жеткен. Жаштар кечелерге биринчилерден болуп кимди чакырарын айтышты. Биз Кудай адамдардын жүрөгүн козгошу үчүн жана алар Ыйсага жана куткарылууга муктаж экенин түшүнүшсүн деп сыйындык. Жардамчым экөөбүз шейшемби күнкү жолугушууларда 2500 жаштарга толгон залды көргөнбүз. Биз бул көрүнүш жана аны ишке ашыруу үчүн жалындуу каалоо менен кубаттангабыз.

## МЕН ЭЧ КАЧАН УНУТПАЙ ТУРГАН ЖОЛУГУШУУ

Биринчи жаштар кечелеринин башталышына үч жума калды; адаттагыдай эле, мен жума сайын өтүүчү пасторлордун жыйналыштарына барчумун, ал жерде мен такыр эле даяр эмес болгон нерселерди угууга даяр болчумун. Анан ошол чогулуштардын биринде улук пастор өзүнүн он бир жардамчысы менен укмуштуудай бир сөздү бөлүштү: «Урматтуулар, Ыйык Рух мага бул жыйындын багыты — үй топтору болбошу керектигин ачып берди. Ошондуктан, жыйын мүчөлөрүнүн үйдөгү бардык жолугушууларын жокко чыгарууну каалайм».

Өз кулагыма ишенген жокмун. Бул кандайдыр бир ката же түшүнбөстүк болсо керек. Жардамчым экөөбүз табышмактуу көз караш менен сүйлөштүк, ал да айласын таппай калды. *Ал жаштар жөнүндө айтпай эле* деген ой менен өзүмдү сооротууга аракет кылдым... *Ал жөн эле башка пасторлорду айтып жатат.* Жалгыз бой жана күйөөсү жоктордун пасторлору, улуулардын пасторлорун, жубайлардын пасторлорун жана башка үй

топторун жетектешкен пасторлор, алардын баары жакшы иштеген эмес жана биз сыяктуу өз топторуна көп көңүл бурушкан эмес. Мындан тышкары, мен буга чейин бир нече ай мурун бул тема боюнча улук пастор менен сүйлөшүп, ал мага мындай деген: «Алга.» Мен жаштардын кызматы бул мораторийден тышкары калышы керек деп ишендим.

Мен мындан ары чыдай албай: «Кечиресиз, пастор. Жаштар кызматынан башкасын айтайын дедиңиз беле?» Ал мени карап: «Джон, Ыйык Рух мага бул жыйындын багыты – бизде үй топторунун жоктугунда камтылат деп айтты», – деди.

Мен мындан ары чыдап тура албай: «Кечиресиз, пастор. Сиз жаштар кызматынан башкасын айтайын дедиңиз беле? Ал мени карап, анан мындай деди: «Джон, Ыйык Рух мага бул жыйындын багыты – бизде үй топтору болбош керектигинен тураарын айтты», – деди.

Мен кайрадан үн катып: “Пастор, эсиңиздеби, бир нече ай мурун мен Луизианадагы жаштар тобуна барган элем? Алардын кызматында 1250 студент болгон жана төрт пастор тең бул алардын үй топторуна байланыштуу болгондугун айтышкан». Улук пастор мени карап туруп, мындай деп жооп берди: «Джон, Ыйык Рух мага бул жыйындын багыты бизде үй топтору болбош керектигинен тураарын айтты» деди.

А мен чыдаган жокмун, өжөрлүгүм өстү, башымда бир ой айланып турду: *ал түшүнбөй атат.* Мен дагы бир аргумент келтирдим: «Пастор, куткарыла элек жаштарды биздин жыйынга баруугa мажбурлоо кыйын, бирок биз ар бир колледждин студентин кечеге чакыра алабыз, бир нече ай мурун түшүндүргөндөй, бул - адамдарды куткаруу болгон үй тобунун максаты.» Ал кайталады: «Джон, Ыйык Рух мага бул жыйындын багыты бизде үй топтору болбош керектигинен тураарын айтты.»

Чыдамым кетип, мен талаша баштадым: «Бирок пастор,

биз 2500 студентти алып келе алабыз. Биз Флоридадагы Орландонун бардык жаштарын сактап кала алмакпыз!” Ал ошол эле сөздөрдү кайталады. Мен дагы он беш мүнөт позициямды коргоону уланттым. Бөлмөдөгүлөрдүн баары чыңалуунун күчөгөнүн сезишти. Бактыга жараша, пастордун айткан сөздөрү Кудайдын ага айткан сөздөрү гана болду.

Ичимде баары кайнап жатканы менен, акыры барып сөздү токтоттум. Жыйындын аягына чейин эч нерсе уккан жокмун. *«Биз бул боюнча сегиз айдан бери иштеп жаттык эле. Ал биздин ушундай кылып жатканыбызды билген; мен ага бир нече ай мурун бул тууралуу айткан элем. Жүздөгөн, миңдеген адамдарды Кудайдын Падышачылыгына алып келиши керек болгон механизмди кантип токтото алат? Ал Кудайдын кыймылын токтотуп жатат! Жаштарга эмне дейм? Менин лидерлерим эмне деп ойлошот? Мен Луизианада болгом. Бул акчаны жана убакытты текке кетирүү! Мен бул чындыгында болуп жатканына ишене албай жатам!»* Менин ойлорум чексиз агым менен агып кетти, бардык жерде мен туура жана Кудайдын тарабында турдум, ал эми пастор ал болушу керек болгон жерде болбой жатты!

Жолугушуудан кийин мен конференц-залдан чыгып кеттим. Улуураак жана тажрыйбалуу пастордун жардамчысы мени токтотуп, тынчтандырууга аракет кылды, бирок мен аны карап: «Фред, мен эч нерсе жөнүндө сүйлөшкүм келбейт!», - дедим. Ал бул сүйлөшүү эч нерсеге алып барбасын түшүнүп, артка чегинди.

Үйгө жетип бардым, эшикти ачтым, мени аялым тосуп алды. Анын саламына мен мүрзөдөн чыккандай үн менен жооп бердим: «Анын кылганына ишенбейсиң!» Ушунун баарын айткан менин тонумду угуп, ал тынчсыздануу менен сурады: «Ал ким, эмне кылды?»

«Пастор! Ал бардык үй топторун жокко чыгарды! Сегиз айлык иштин баарын, ал жокко чыгарды! Сен ушуга ишенесиңби?» Ал

мени карап, чечкиндүү жана олуттуу үн менен: «Кудай сага бир нерсе үйрөткүсү келип жатат окшойт» деди. Андан кийин ал коридордон чыгып, уктоочу бөлмөгө кетти.

Эми мен ага да ачууландым. Ашканага барып, терезенин жанында туруп, бутумду отургучка коюп, эч кандай максатсыз эле алдыга карадым. Менин башымда бир эле ой айланып жатты: пастордуку туура эмес, бул жерде башкасы да аралашып кетти - менин аялым сезимсиз жана көрөгөч эмес.

## ТЕҢИР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Терезеде турганымда, Ыйык Рух менин жүрөгүмө сүйлөдү. Ал: *«Джон, сен кимдин кызматын куруп жатасың? Меникинби же сеникинби? Мен ойлонбой туруп: «Сеники, Теңир!»* - дедим.

Ал ошол замат мындай деп жооп берди: *«Такыр андай эмес! Сен өзүңдүкүн куруп жатасың».* Мен: «Теңирим, биз куткарыла элек студенттердин көбүн жыйындагы чогулуштарга алып келе албайбыз, бирок биз аларды кечелерибизге алып келе алабыз...» дедим жана Ал мунун бирин да билбейт дегендей болуп, мен Ага чексиз аргументтерим менен пландарымды айта баштадым. Биз алдамчылыкка оңой эле түшүп калабыз!

Теңир мага сүйлөөгө уруксат берип, анан мындай деди: *«Джон, Мен сени бул жыйынга бул кишиге кызмат кылуу үчүн алып келгенде, ага ишенип берилген кызматты кеңейтүү үчүн койгом. Мен сени анын колу-буту болууга чакыргам; кызматка жооптуу адам катары бир гана кишини койгом".*

Ал Муса пайгамбарды үлгү катары келтирди. Ыйык Китепте: «Муса Анын бүт үйүндө ишенимдүү», — деп айтылат (Эвр. 3:5 ). Ал элдин үстүнө Кудай койгон жол башчы болгон. Ошондо менин оюмда Жаңы Келишимдеги Жакыптын элеси пайда болду. Ал Иерусалим жыйынынын башчысы болгон. Мен ишенгендердин арасында болуп өткөн жана сүннөткө отургузуунун зарылчылыгы жөнүндөгү суроонун айынан келип чыккан талашты эстедим

(Элчилер 15). Иерусалим жыйынынын бардык аксакалдары жана элчилердин баары, алардын ичинде Пабыл, Барнаба, Петир жана Жакан аны талкуулоо үчүн чогулушту.

Ишенген фарисейлердин айрымдары, ошондой эле, жол башчылар да биринчи сүйлөдү. Анан сөздү Петир алды. Андан кийин Пабыл менен Барнаба Кудайдын бутпарастар арасында эмне кылып жатканын айтышты. Алар бүтөөрү менен Жакып ордунан туруп, айтылгандардын баарын жыйынтыктап, анан өз өкүмүн айтты: «Ошондуктан, мен ойлойм...» Жетекчи катары ал бул маселе боюнча өз чечимин чыгарды жана бардыгы, анын ичинде Петир, Пабыл жана Жакан да ага баш ийди.

Периште Петирди түрмөдөн бошоткондо да, мен Ыйык Жазуудан ушул эле мисалды көрдүм. Петир Мариямдын үйүндөгү ишенгендерге: «Бул тууралуу Жакыпка жана бир туугандарына билдиргиле», - деген (Элчилер 12:17). Ошол эле нерсени Лука менен Пабылдын жашоосунан көрөбүз. Алар Иерусалимге келгенде, Лука мындай деп жазган: «Бир туугандар бизди жылуу тосуп алышты. Эртеси күнү Пабыл биз менен Жакыпка келди; бардык аксакалдар да келишти» (Элчилер 21:17, 18). Эмне үчүн Петир менен Пабыл экөө тең Жакып жөнүндө сөз кылышкан? Анын атын өзгөчө атагандан эле алардын лидери экени көрүнүп турат.

Ыйык Рух бул ойду түшүндүргөндөн кийин, Ал мындай деп улантты: *«Джон, сен Менин алдымда туруп, бул пасторго кызмат кылган мезгилиң үчүн отчет бергенде, Орландодо канча жаштарды куткарылууга алып келгениңди дароо эсепке алуунун кереги жок. Биринчиден, сен Мен тапшырган кызматта пасторго канчалык берилгендигиң үчүн жооп бересиң».*

Анын кийинки сөздөрү мени таң калтырды: *«Чындыгында, сен Орландодогу бардык жаштарды жеңип алып жана Менин алдымда сенин үстүңдө турган пасторго тил албастыгың жана ишенимсиздигиң үчүн соттолушуң мүмкүн болчу».* Бул сөздөр

менен Кудайдан коркуунун жаңы сезими пайда болду! Бардык чептерим урап, мен өзүмдү Анын колундагы чоподой эле сездим.

Ал дагы бир жолу сүйлөп*: «Джон, эгер сен ушул багытты уланта берсең, жаштар өз жолу менен, жыйын башка жол менен кетет. Сен жыйынга бөлүнүү алып келесиң»*. Башкача айтканда, мен эки аян алып тобокел кылып жатыпмын. Эмне үчүн бүгүнкү күндө мынчалык көп жыйындар жана үй-бүлөлөр бөлүнүүдө? Эки аян пайда болот, бул алардын бири Кудай белгилеген бийликтин алган аянына каршы келет дегенди билдирет. «Эки баштуу» уюм бөлүнүп-жарылууга азгырылгандыктан, лидерлердин арасында жана кандай гана адамдардын тобунда болбосун, пикирлеш адамдар болушу керек!

## ТОБО КЫЛУУ АРКЫЛУУ ЖООП ЖАНА ЖОЛ

Мен козголоңума дароо өкүндүм. Сыйынуудан кийин эмне кыларымды билдим. Мен телефонго барып, улук пасторду чакырдым. Ал телефонду көтөргөндө мен: «Пастор, бул Джон Бивер. Мен сизден кечирим суроо үчүн чалып жатам. Кудай мага сизге каршы чыкканымды көрсөттү, мен чоң күнөө кылдым. Суранам, мени кечириңиз. Мен үй топторун дароо жокко чыгарам», - дедим.

Ал мага ырайым кылып, баарын кечирди. Мен трубканы коёр замат, Ыйык Рух менден: *«Эми келе жаткан дем алыш күндөрү бул тууралуу жыйырма төрт лидериңе кантип айтасың?»* — деп сурады.

Мен өзүмдү лидерлер чогулган залга кирип бараткынымды элестим, күңүрт, монотондуу үн менен айтам: «Балдар, эмне болгонуна ишенбейсиңер дагы. Баары мага тынчсызданып бир гана суроо беришет: «Эмне?» Мен дагы ошол эле маанайда улантам: «Баарыңар билесиңер, биз көп ай иштедик, бирок пастор үй топторун жокко чыгарды. Шейшембиде кече өткөрбөйбүз».

Алар бул чечимге наразы болуп, онтоп, наалышат. Алардын

улук пасторго болгон наразычылыгын элестетүү оңой эле. Албетте, баарыбыз жабырланмакпыз, анын фонунда мен баатыр болуп көрүнмөкмүн.

Мен бул көрүнүштү акылымда кайра айлантып жатып, Ыйык Рухтун менден: *«Сен муну кыласыңбы?»* - деп сураганын уктум. Мен: «Жок!» деп жооп бердим.

Кийинки жолугушууда бардык жаштар лидерлери чогулган аудиторияга кирип бардым, жүзүмдө ишеним пайда болду, үнүм бир аз толкунданганы менен, жылмайдым. Мен энтузиазм менен жарыя кылдым: «Балдар, менде силер үчүн укмуштуудай жаңылык бар».

Бардыгы чыдамсыздык менен мен тарапка бурулду: «Кандай?» Мен минтип уланттым: «Кудай бизди Өзүнөн келбеген нерсенин пайдубалынан жана курулушунан бошотту. Ушул жумада лидерлердин жолугушуусунда биздин улук пастор жыйыныбызга Ыйык Рух тарабынан берилген көрсөтмө үй топтору болбошу керектигин айтты. Ошондуктан, биз кечелердин программасын жаап жатабыз!».

Мендеги толкун аларга да берилгендей сезилди, алар дээрлик бир үн менен: «Ээ... жакшы!» деп айтышты. Мындай окуяларды мен гана башыман өткөргөн жокмун; муну баарыбыз башыбыздан өткөрдүк. Бир топ убакыттан кийин гана ошол кездеги башыман өткөргөнүмдү алар менен бөлүшө алдым. Ошол жыйырма төрт жигиттин көбү бүгүнкү күндө толук кызматта жана мыкты иштеп жатышат.

## ӨКҮНГӨН ЖАНА МОМУН ЖҮРӨК

Артка кылчайып, сүрөттөлгөн окуялар менин жашоомдо жана кызматымда чечүүчү роль ойногонуна ынандым. Эгерде мен өз оюмда туруп алганымда, өжөрлүгүмдү токтотпогонумда, ким билсин, мен азыр кайда болмокмун. Албетте, мен кечелерди жокко чыгара алмакмын, анткени башка аргам

жоктугунан гана, бирок жүрөгүм текебер, каршылык кылган, катуу бойдон кала бермек. Кудай жалаң гана сырткы тил алчаактыкты карабастыгын, өкүнгөн жана момун жүрөк Анын максаты экенин дайыма эстен чыгарбагыла. Ал Кудайдын эркине карата суусап, ачка болгондорду издейт. Дөөт бул жөнүндө мындай деди:

> Анткени, Сен курмандыкты каалабайсың, мен аны берер элем. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жактырбайсың. Чын жүрөктөн өкүнүү – Кудай алдында курмандык. Сен өкүнүп, моюн сунган жүрөктү жек көрүөйсүң (Заб. 50:18, 19).

Биз жашообузда чоң курмандыктарды жасай алабыз, көп сааттарды кызматка арнай алабыз, акы талап кылбай иштей алабыз, уйкубуздан кече алабыз, жаңы адамдарга жетүүнүн жолдорун издей алабыз жана башка көптөгөн нерселерди жасай алабыз, айта берсек бул тизме чексиз. Жан аябастык үчүн, биз бардык аракеттерибиз Кудайга жагар деп, өзүбүздү оңой эле ынандыра алабыз. Бирок, бул бардык учурларда, биздин мотив - өз башынчалыгыбыз болушу мүмкүн.

Бул сөздөрдү уккула: Кудай чыныгы баш ийүүгө алып баруучу моюн сунууну жактырат. Бул китептин максаты бир гана Кудайдын бийлигине баш ийүүнүн маанилүүлүгүн ачып берүү эмес, ошондой эле, ага баш ийүүдө сүйүү менен кумарланууну ойготуу.

Мен келтирген далилдер көптөгөн жоопсуз суроолорду жаратышы мүмкүн экенин түшүнөм. Алардын бири мындай болушу мүмкүн: «Кудай силерге сыйынуу аркылуу үй топторун түзүүнү айтпады беле?» Же мындай: «Балким, пастор жыйындын багытын аныктоодо каталашкан болсочу? Балким, үй топторуна ээ болуу сизге зарыл болчу, анан ал ката кетирип, сиздики туура болсочу? Же балким, ал кимдир бирөөнүн туура эмес таасирине түшүп калгандыр?” Изилдөөбүздү алдыга жылдыруубузга жараша биз ушул жана башка суроолорго жооп беребиз.

Бирок, берилген бийлик жөнүндөгү маселени талкуулоодон мурун, биз түздөн-түз Кудайдын бийлигине баш ийүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүшүбүз керек. Вочман Ни төмөндөгүлөрдү жазган:

> Адам Кудай тарабынан берилген бийликке баш ийүүдөн мурун, алгач Кудайдан келген бийликти кабыл алышы керек. Биздин Кудай менен болгон бардык мамилебиз бийликти тааныган же тааныбаганыбыз менен жөнгө салынат. Эгер ошондой болсо, анда биз ага ар бир кадам сайын туш болобуз жана Кудайдан келген мындай чектөөлөрдүн аркасында Ал бизди колдоно алат («Руханий бийлик» [Нью-Йорк: Christian Fellowship Publishers, 1972]).

Биринчиден, Кудайдын Өзүнө баш ийүү зарылчылыгы үчүн бекем библиялык негиз түзүлүшү керек. Ошондо гана, биз берилген бийликке баш ийүү маселесине өтө алабыз.

2-БӨЛҮК

# КУДАЙДЫН КАЛКАНЫЧЫ АСТЫНДА

3-БӨЛҮМ

# КҮНӨӨНҮН АНЫКТАМАСЫ

*Жыйын көп учурда күнөөнүн негизги аныктамасынан четтеп кетет жана биз анын чыныгы маанисин түшүнбөй калабыз.*

Келгиле, кичине оюн ойнойлу, аны психолог менен бейтаптын оюну деп атап коёлу. Сиз бейтапсыз жана диванда жатасыз, ал эми, мен психологмун, сиздин жаныңызда отургучта отурам. Мен сөздү айтам, а сиз оюңузга келген биринчи нерсени айтасыз. Даярсызбы? Анда биринчи сөз бул: күнөө. Оюңузга биринчи эмне келет?

Дүйнө жүзүндөгү көптөгөн ишенгендер жана лидерлер менен тажрыйба топтогондуктан, мен сиздин оюңузга эмне келгенин божомолдой алам. Сиз ойноштук, бузуктук, бузукулук же сексуалдык кылмыштын кандайдыр бир түрү жөнүндө ойлогон болушуңуз мүмкүн. «Ал күнөөгө батты» деген кайгылуу сөздү укканыбыз да аз эмес. Бул көбүнчө сексуалдык мамилелер жаатындагы лидердин кулашын билдирет. Бул сөздүн өзү эле кеп эмне жөнүндө болуп жатканы жөнүндө түшүнүү үчүн жетиштүү. Жыйын чөйрөлөрүндө бул ой ушунчалык калыптанып калгандыктан, аны күнөө сөзүнүн синоними катары кароого болот.

Же балким, алкоголдук же баңгизатка көз каранды адамдын элеси көз алдыңызда жарк эткендир. Албетте, ишенгендер бул

жамандыктарды эң чоң күнөө деп эсептешет. Балким, оюнузга кумар оюндары, киши өлтүрүү, уурулук же сыйкырчылык келгендир. Мүмкүн, бирок мунун ыктымалдыгы бир аз төмөн, жек көрүү, чыр-чатактар, көрө албастык же кечиримдүүлүк сиздин күнөө категорияңызга кирет. Тизме бир топ узун болоруна ишенсек болот деп ойлойм.

## НЕГИЗГИ АНЫКТОО МЕНЕН АЙЫРМА

Кандай, бул жөнүндө ойлонуп көрдүңүзбү? Эми угуңуз: Эйденде Адам башка аялдын төшөгүнө секирген эмес жана марихуана да чеккен эмес! Ошого карабастан, анын күнөөсү ушунчалык оор болгондуктан, анын айынан бүт жаратылгандар туткунга түшкөн. Күнөө жөнүндө сөз кылганда, Адам ата менен эмне болгонун эске алышыбыз керек, анткени, анын кылмышынын табияты бүткүл адамзаттын тамырына тараган. Адамдарга мынчалык зыян келтиргендей ал эмне кылды? Бул жөнөкөй - ал Кудайдын айтканын укпай койду.

Бир саамга ойлонуп көрүңүз. Мен жаңы эле айткан тизменин баары күнөө эмес деп айтпайм, бирок жыйын көбүнчө күнөөнүн негизги түшүнүгүнө көңүл бурбай турганын жана бул маанилүү шилтемесиз азгырыкка түшүп калуу оңой экенин баса белгилеп жатам, бул бөлүмдө так ушул жөнүндө сөз болот.

Мен дагы бир мисал келтирейин. Оорулар боюнча сиздин бардык билимиңиз төмөндөгүлөргө алып келет дейли: оорулуунун дене табы 37 градустан жогору, ошону менен бирге ал денесинде ыңгайсыздыкты сезип жатат, жөтөлүп, чүчкүрөт же кускусу келип турат. Жети жашымда оору тууралуу оюм ушундай болчу, так ошол маалда он төрт жаштагы сүйүктүү эжем рак оорусуна чалдыкты. Ал тез-тез доктурларга барып, бир нече жумага ооруканага жаткырылчу. Апам мага: «Жонни, эжең катуу ооруп жатат» деп түшүндүрчү. Бирок, анын дене табы көтөрүлгөн эмес, жөтөлгөн да, чүчкүргөн да жок. Ата-энем

менен эжемдин эмнеге мынчалык тынчсызданганын түшүнө албадым. Мен ал жөн эле чарчады деп жыйынтык чыгардым. Мен анын оорусунун оор экенин билген эмесмин, анткени, мен көргөнүмдү билимим, тажрыйбам аркылуу өткөргөм.

Эгер, бир күнү мени мектептен алып кетип, үйгө алып келишкенде, конок бөлмөдө атам жана апам менен отурган дин кызматчыны көрбөсөм, мен эч нерсени түшүнмөк эмесмин. Мага эжем каза болгонун айтышты. Ошондо гана анын чындап эле катуу ооруп жатканын түшүндүм. Ушул айлардын баарында мен эмне болуп жатканын түшүнгөн жокмун, анткени, менин дарт тууралуу түшүнүгүм анын бир гана тарабы менен чектелип калган. Мен суроолорду берип, бара-бара көбүрөөк биле баштадым. Мен оорулуу адам кандайдыр бир ооруга же алсыздыкка кабылган адам экенин билдим. Ошондон бери мен ооруну ал жөнүндөгү эски ойлор менен өлчөбөй калдым; Оорунун чыныгы аныктамасы эмнелерди камтыганын билдим.

## КҮНӨӨНҮН ЧЫНЫГЫ АНЫКТАМАСЫ

Ошол эле нерсе жыйындагы адамдардын көбүнө тиешелүү. Көп учурда биз күнөө эмне экенин туура эмес түшүнөбүз. Улантуу үчүн, Ыйык Жазууда күнөө кандай аныкталарын карап чыгышыбыз керек. Ыйык Китепте «күнөө — мыйзамсыздык» деп айтылат (1 Жакан 3:4). Грек тилинде «мыйзамсыздык» аномия деген сөз менен белгиленет. Тайердин грекче сөздүгүндө бул сөзгө төмөнкүдөй аныктама берилет: «Мыйзамсыз жашоо шарты, аны этибарга албагандыктан же анын бузулушунан улам болот». Жөнөкөй сөз менен айтканда, мыйзамсыздык Кудайдын мыйзамына жана бийлигине баш ийбөөнү билдирет. Вайндын сөздүгүндө бул аят (күнөө) деген сөздүн чыныгы маанисин бергенин айтат. Вайн андан ары мындай дейт: «Күнөөнүн бул аныктамасы анын маңызын мыйзамды же Кудайдын эркин четке кагуу жана аны өзүнөн чыккан өзүнүн эрки менен алмаштыруу катары түшүндүрөт».

Бул аныктаманы ырастоо үчүн Ыйса айткан мисалды карап көрөлү. Бир жолу Ал башка адамдар менен тамактанып жатканда, алардын бири: «Кудайдын Падышачылыгынан даам тата турган адам бактылуу!» — деди. (Лука 14:15).

Теңир мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Козунун үйлөнүү тоюнда кимдер отурарын айтып берди. Ал мындай деп баштады: «Бир адам кечкиге чоң дасторкон даярдап, көп конок чакырат. Тамак ичер убакыт болгондо, ал чакырган адамдарына: “Келгиле, баары даяр болду”, – деп, кулунан айттырып жиберет» (Лука 14:16, 17).

Кечки тамакты уюштурган адам Атаны, ал эми кул Ыйсанын Өзүн билдирет. «Кызматчы» деген сөздүн жекеликте колдонулушу бул чечмелөөнүн тууралыгын дагы бир жолу тастыктайт. Ыйык Жазууда: «Буга чейин ата-бабаларыбызга пайгамбарлар аркылуу ар кандай жолдор менен сүйлөп келген Кудай акыркы күндөрдө бизге Уулу аркылуу сүйлөдү. Ал аркылуу Кудай ааламды жараткан жана Аны баарына мураскор кылып дайындаган» деп өзгөчө баса белгиленет (Эвр. 1:1, 2). Ыйса — биздин Башчыбыз. Жаңы Келишим убагында кабар айтып, окуткан же жазгандарга Кудайдын кабарчылары катары иш-аракет кылууга буйрук берилген. Биз Анын айтканын угуп, аны башкаларга так жеткиришибиз керек.

Бул мисалда Атанын эрки берилген: «Баргыла, анткени бардыгы даяр». Бул сөздөр Жакшы Кабарды эч качан укпаган бутпарастарга эмес, буга чейин чакырылгандарга, башкача айтканда, Жыйындагы ишенгендерге багытталган. Ошого карабастан, бул адамдар “келгиле” деген чакырыктан качуу үчүн, ар кандай шылтоолорду ойлоп чыга башташат. Биринчиси мындай дейт: «Менде дагы бир бөтөлкө калды, келе жаткан дем алыш күндөрү кызыктуу кече бар, мен ал жакка баргым келет; мени кечирип кой».

Экинчиси мындай дейт: «Мен Лас-Вегаска жолдомо утуп

алдым, алар мага казинодо корото ала турган беш миң доллар да беришти. Аяабай баргым келип турат, андыктан сураба.»

Үчүнчүсү мындай дейт: «Мен катчымды сүйүп калдым жана ушул дем алыш күндөрү Гавайиге өзүбүзгө сүйүү жумасын уюштуруу үчүн барабыз. Болгону, суранам, аялыма эч нерсе айтпа; ал мени командировкага баратат деп ойлоп атат. Кыскасы, мен келе албайм”.

Алар ушинтип айтып жатышабы? Эгер Ыйык Китепти ачсаңар, алардын жооптору такыр андай эмес экенин көрөсүңөр. Келгиле, алардын ар бирин карап көрөлү.

“Биринчиси ага: Мен жер сатып алгам” дейт. Эми мындан ары барардан мурун мен силерге суроо берейин: жерди сатып алуу күнөөбү? Эгер ошондой болсо, анда көп адамдар көптөгөн көйгөйлөргө дуушар болмок. Албетте, бул күнөө эмес, бул тууралуу баарыбыз билебиз. Анын эмне дегенине дагы бир жолу кайрылалы: «Биринчиси ага: Мен жер сатып алдым эле, аны барып көрүшүм керек. Суранам, мени кечирип койчу» дейт (18-аят). Мен айткандай, жерди сатып алуу күнөө эмес, бирок мүлккө болгон кызыгуу Кудайдын Сөзүнө дароо баш ийүүдөн маанилүүрөөк болуп калганда, ал күнөөнүн негизги аныктамасына кирет. Бул - мыйзамсыздык, Кудайдын бийлигине баш ийбөөчүлүк.

Башка чакырылган адам кумар ойноюн деген эмес. Ал мындай деген: «Мен он өгүз сатып алдым эле, ошолорду сынап көргөнү барам. Суранам, мени кечирип койчу» (19-аят). Күнүмдүк турмушта бука же башка керектүү нерселерди сатып алуу күнөөбү? Албетте, жок, бирок өндүрүш же бизнес Кудайдын Сөзүнө же Кудайдын эркине дароо баш ийүүдөн маанилүүрөөк болуп калганда, бул күнөө болуп калат! Эстесеңер, Адам Эйден багында кумар ойногон эмес, жөн гана Кудайдын айткандарына баш ийбей койгон.

Акыркысы мындай деген: «Мен жаңы эле үйлөндүм,

ошондуктан бара албайм» (20-аят). Демек, үйлөнүү күнөөбү? Албетте, жок! Болбосо, көбүбүздүн башыбызга кыйынчылык түшүп калмак. Бирок, Кудайдын эркине баш ийүү эмес, башкаларга жагуу каалоосу маанилүү болуп калганда, бул күнөө. Эйденди дагы бир жолу эстейли. Обо эне алданган (2 Кор. 11:3), ал эми Адамга келсек, бул башка окуя болгон: «Адам [алданган эмес]» (1 Тим. 2:14). Адам атанын күнөөсүнүн табиятына токтолсок, Ыйык Жазууда: «Анткени бир адамдын *тил албастыгынын* айынан көп адамдар күнөөкөр болушкан...» (Рим. 5:19, автор баса белгилеген). Адам Кудайга баш ийбей койгон, анын аялы жемиштин даамын татып калган жана анын да ошондой кылышын каалаган. Ал Кудайдын бийлигине баш ийгендин ордуна, Обо энени уккан. Бул - күнөө. Адам атанын тил албастыгынын натыйжасында «көп адамдар күнөөкөр болуп калышкан», башкача айтканда, «көптөр мыйзамсыз болуп же Кудайдын бийлигине баш ийбей калышты». Күнөөнүн негизи ушунда камтылган. Ыйса бул үлгүлүү аңгемеде адам аялын Кудайдын сөзүнөн жогору койгонун көрсөткөн.

Эми Ыйсанын сылыктык менен кечирим сурагандар, бирок Кудайдын чакырыгына жана бийлигине баш ийбегендер жөнүндө эмне деп айтканын уккула: «Анткени силерге айтып коёюн, мурунку чакырылгандардын эч кимиси менин кечки тамагымдан даам татпайт» (Лука 14:24). Сергите тургандай угулат! Бул адамдарга мурда ардактуу чакыруу алган үйлөнүү тоюна катышууга уруксат берилбейт. Алар Козунун тоюна катышуучуларынын тизмесинен кандайдыр бир жыныстык күнөөлөрү үчүн же баңгизаттарды жана спирт ичимдиктерин колдонгондугу үчүн эмес, Кудайдын сөзүнө баш ийбегендиктен чийилип салынган. Эмне үчүн бул бизди таң калтырышы керек? Ойлоп көрсөңөр, Адам атанын каршылыгы эң коркунучтуу кесепеттерге – бүткүл адамзаттын айыпталуусуна алып келбедиби!

Бул үлгүлүү аңгемеде наркомандар, сойкулар, сутенерлор,

аракечтер, киши өлтүргүчтөр, уурулар тууралуу сөз болбогону таң калыштуу эмеспи? Эгер андан ары окусаңар, кулдун бардык кечирим жана баш тартуулар жөнүндө кожоюнуна кантип кабарлаганын көрөсүңөр. Ошондо кожоюн кулуна: «Жол боюндагыларды, шаар тосмосунун сыртындагыларды келүүгө аргасыз кыл, менин үйүм толсун» - деп тапшырма берет (Лука 14:23). Ыйык Жазууда жолдо жана жол боюнда жүргөн адамдар сойкуларды, сутенёрлорду, ууруларды, каракчылык топтордун мүчөлөрүн, киши өлтүргүчтөрдү, аракечтерди жана башкаларды билдирет! Мына сага! Алар бул аңгемеде жакшы мааниде айтылган!

Теңир билет, бул адамдардын көбү акыркы күндөрдө алардын жашоосу бош экенин жана кайгыдан башка эч нерсе алып келбей турганын түшүнүшөт жана алар тикенекке каршы чыгуудан чарчашат. Кожоюндун чакырыгын укканда, алар дароо жооп беришет жана баш ийишет. Ал эми, чакырылгандар — жыйынга үзгүлтүксүз катышып, өздөрүн такыбаа деп эсептегендер, бирок ошол эле учурда Кудайга ыңгайлуу болгон учурда гана баш ийип, жеке пландарына, мамилелерине, баталарына же ырахаттарына тоскоол болбогондор — алар Адам ата менен бирдей болот жана Кудайдын даңктуу катышуусунан ажырайт.

## «БАРАТАМ, ӨКҮМДАРЫМ»

Үйлөнүү тою жөнүндөгү аңгемеде күнөөнүн чыныгы мааниси — Кудайдын бийлигине баш ийбөө. Башка бир аңгемеде Ыйса дагы да бул маселеге токтолгон, аңгеме «Силер кандай деп ойлойсуңар?» деген сөздөр менен башталат. Бул сөздөрү менен Ал Өзүнүн сырткы такыбаа угуучуларын тереңирээк карап, Анын жообунан чындыкты табууга үндөгөн.

Ыйса эки уулу бар адам жөнүндө айтып берген. Атасы биринчи уулунун жанына келип: «Уулум! бүгүн менин жүзүмзарыма барып иште» - деген.

Баласы: «Каалабай атам» деп жооп берди. Бирок, кийинчерээк ал оюнан кайткан жана жеке иштерин таштап, жүзүмзарга иштегени кеткен.

Анан атасы экинчи уулунун жанына келип, андан да ушундай кылуусун суранат. Уулу атасына: — Баратам, өкүмдарым, — деп жооп берет. Бул уул эмес алтын - сонун көрүнөт жана да албетте, ал атасына абдан урмат-сый менен сүйлөдү. Бирок, Ыйса андан ары: «Ал барган жок», - деди.

Анан Ыйса эң маанилүү, бирок ошол эле учурда жөнөкөй суроону берди: «Экөөнүн кимиси атасынын каалоосун аткарды?» Суроо берилген адамдар: «Биринчиси» деп туура жооп беришти. Ошондо Ыйса иштин түпкүрүнө туура келип, мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, салык жыйноочулар менен бузулган аялдар Кудайдын Падышачылыгына силерден мурун барышат» (Матай 21:28—31). Ар бир ата-эне баласын: «Ооба, мен барам» деп, аргасыздан эмес чындап эле, кубаныч менен барышын, баарын өз каалоосу менен жасаганды жактырары табигый жана айдан ачык нерсе. Бирок, бул насаат диний жетекчилерге күнөөнүн негизги мааниси Кудайдын бийлигине баш ийбөө экенин көрсөткөн. Бул жакта ойноштук, киши өлтүрүү, уурулук ж.б.у.с жөнүндө сөз болуп жаткан жок.

Бул жетекчилер текебер жана өздөрүнө ишенгендиктен, алар «чоң күнөөлөр» деп эсептеген нерселер үчүн айыпталышы мүмкүн эмес эле. Анткен менен, күнөөгө чектүү аныктама бергендиктен, алар ушунчалык ынталуу качкан нерсеге — асмандагы бийликке баш ийбөө күнөөсүнө оңой эле азгырылган.

## «ЧОҢ КҮНӨӨЛӨР» ЭМНЕ БОЛОТ?

Биз Ыйык Китепти толугу менен карап чыгып, окшош кабарларды таба алабыз. Силер ойлонуп жаткандырсыңар: «Калп айтуу, аракечтик, ойноштук, уурулук, киши өлтүрүү эмне болот? Бул күнөөлөр эмеспи?» Албетте, алар күнөөлөр! Алар да Анын

эркине каршы чыгат. Кудай калп айтпагыла деп жана «ар ким өз жакынына чындыкты айтууга» буйруган (Эф. 4:24, 25) Ошондой эле, алкоголдук ичимдиктерге байланыштуу: «Шарап ичип мас болбогула» — деп буйруйт (Эф. 5:18). Ал бизди ойноштук кылуудан эскертет: «Бузуктуктан качкыла» (1 Кор. 6:18). Ал эми, уурулук жөнүндө эмне айтууга болот? Ал бизге мындай дейт: «Ким уурулук кылып жүрсө, мындан ары уурулук кылбасын» (Эф. 4:28). Адам өлтүрүү жөнүндө: «Бир тууганын жек көргөн адам – киши өлтүрүүчү. Киши өлтүрүүчү адам өзүндө бар болуп турган түбөлүк өмүргө ээ эмес экендигин силер билесиңер» (1 Жакан 3:15). Жаңы Келишимде мындай иштер менен алектенген адамдар Кудайдын Падышачылыгын мурастабай турганы баса белгиленет (1 Кор. 6:9—11; Гал. 5:19—21; Аян 21:8). Бирок, келгиле, биз «чоң күнөөлөр» деп атаган нерселер эле эмес, бардык күнөөлөр кыйратуучу экенин унутпайлы.

Эми психолог менен бейтаптын оюнуна кайталы. Күнөөнүн чыныгы маанисин түшүнгөн бейтап адам: дароо эле «Асмандагы бийликке каршылык көрсөтүү» деп жооп берет. Ал күнөө менен мыйзамсыздыктын ортосундагы байланышты көрүп турат.

## МЫЙЗАМСЫЗ КҮНДӨР

Бир күнү шакирттери Ыйсадан акыркы күндөр жөнүндө сурашты. Ал аларга келечекте боло турган окуяларды айтып берди жана Анын экинчи келишине чейин дүйнөдө өкүм сүрө турган шарттарды баяндап берди. Алардын бири бул: «Тартипсиздиктин көбөйүү себебинен көбүндө сүйүүнүн ысыгы кайтат. Акырына чейин чыдаган адам куткарылат» (Матай 24:12, 13).

Мен жыйындагы ишенгендерден бул биздин коомго тиешелүүбү деп сураган сайын, алар колдорун көтөрүп, ырастап баш ийкешет; көптөр азыркы коом күнөөлөргө батып калган деп эсептешет. Анча-мынчалар эгер ошондойлор бар болсо, бул чын

эле туура баабы деп сурашат. Бирок, Ыйса Өзүнүн сөздөрүндө коомду сүрөттөгөн эмес. Ал Жыйынды сүрөттөгөн! Эмне үчүн мындай жыйынтыкка келди деп таң калышыңар мүмкүн. Бул эки аятта өзүнчө эки сөз айкашы менен ишарат кылынат.

Биринчи фраза - ачкыч болуп саналат: «Көбүндө сүйүүсүнүн ысыгы кайтат.» "Сүйүү" деген грек сөзү агапе дегенди билдирет. Грек тили боюнча адис В. А. Вайн, агапе «Аяндын Руху тарабынан... буга чейин белгисиз болгон идеяларды билдирүү үчүн» колдонулат деп жазат. Ыйса мындай деген: «Силерге жаңы осуят берем: бири-бириңерди [агапе зат атоочунун, агапао этиш формасы] менен сүйгүлө; Мен силерди сүйгөндөй» (Жакан 13:34). Бул сүйүү али адамзатка белгилүү болгон эмес, аны Машайак алып келген. Ал аны: «Мен силерди сүйгөндөй» деген сөз менен аныктаган. Вайн андан ары мындай дейт: «Бул сүйүү кемчиликсиз бир Заттын таптакыр татыксыз нерселерге болгон терең жана туруктуу «сүйүүсүн» жана кызыгуусун билдирет. Негизи, бул Кудайдын чексиз сүйүүсү жөнүндө, Ыйса «дүйнө кабыл албайт» деп айткан Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө куюлган сүйүү (Рим. 5:5; Жакан 14:17). Бул сүйүүнү Ыйса Машайакты Куткаруучу катары кабыл алган адамдардан гана тапса болот.

Жаңы Келишимде «сүйүү» деп которулган башка сөздөр да бар. Бирок, алардын ар бири ишенбегендерге да, ишенгендерге да эркин түрдө колдонулушу мүмкүн. Бул сөздөрдүн бири - филео. Вайндын айтымында, *филеонун агапаодон* айырмасы, мааниси жагынан назик сүйүү көрсөтүүгө жакыныраак... *Филео* адамдарга берилген Кудайды «сүйүү» осуятында эч качан колдонулган эмес. *Агапеден* айырмаланып, бул сөз бир гана Кудайга ишенген адамдарга карата колдонулбайт.

Ыйсанын: «Мыйзамсыздык күчөгөндүктөн, көптөрдүн сүйүүсүнүн ысыгы кайтат» деген сөзүндө грек тилинде *филеого* эмес, *агапеге* колдонулат! Ыйса коом жөнүндө эмес,

Жыйын жөнүндө айткан. Ал акыркы күндөрдө Жыйынды мыйзамсыздык басып аларын пайгамбарчылык кылган.

Биз Ыйсанын башка ушул сыяктуу сөздөрүнө көңүл бурбай коё албайбыз. Алардын бирин Матайдын Жакшы Кабарынан окуйбуз: «Мени “Теңир! Теңир!” дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын каалоосун аткаргандар гана кирет» (Матай 7:21).

Бул билдирүү кайсы учурда адам куткарылды деп эсептелерин аныктоодо басымдуулук кылган пикирди жокко чыгарат. Биз болгону “күнөөкөрдүн сыйынусун” сыйыныш керек, ошондо бейиштен ордуң бар болот деп үйрөтөбүз жана ишенебиз. Биз Кудайдын осуяттарын аткарууга кайдыгерлик кылып же анча көңүл бурбайбыз. Мындай жасалма ырайым көптөгөн адамдарды туура жолдон адаштырып, моюн сунуу маселесине жеңил мамиле кылуусуна себеп болот. Ыйса Асманда Кудайдын эркине моюн сунуп, Анын осуяттарын аткаргандар гана болорун айткан.

Биз Анын талаптарын аткарууда күчкө ээ болушубуз үчүн, Кудай бизге чыныгы ырайымын берди. Эврейлерге Жакшы Кабарды жазган автор эң сонун айткан: «Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга ыраазычылык билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы» (Эвр. 12:28). Ырайым бизге Кудайга Анын эркине ылайык кызмат кылууга мүмкүндүк берет.

Ыйса сөзүн улады: «Ошол күнү көп адамдар Мага: “Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?” – дешет (Матай 7:22).

Бул жерде сөз жеке адамдар жөнүндө эмес, *көптөр* жөнүндө болуп жатат. Анын мурунку билдирүүсүндөгү көптөрдүн деген сөз эсиңердеби? «Көптөрдүн сүйүүсүнүн ысыгы кайтат». Бул эл

Ыйсага: «Теңир! Сенин ысымың менен пайгамбарчылык кылып, жиндерди кууп чыгарып, кереметтерди жасаган жокпузбу?» Ишенбеген адам Ыйсанын атынан бир да жинди кууп чыгара албайт (Элчилер 19:13-17). Ал кайра эле Жыйынга кайрылган.

Ошондо Ал Ыйсанын жолдоочулары деп аталгандарга: «Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар» дейт (Матай 7:23). Алардын мыйзамсыздык кылганына көңүл бургула. Башкача айтканда, алардын жашоосу үйлөнүү үлпөтүндөгү мисалда сүрөттөлгөн адамдардын жашоо образына абдан окшош. Бул адамдар Кожоюндун буйруктарынан жогору турган күнүмдүк иштерди, ырахаттарды же пландарды ойлоп табышты. Бүгүнкү күндө бул нормалдуу жана табигый жүрүм-турум деп эсептелет. Жөнөкөй сөз менен айтканда, алар Анын бийлигине баш иебиз деп гана айтышат, бирок чындыгында бул андай эмес. Алар пландарына ылайык келген нерсеге гана баш ийишет. Алар мыйзамсыздык кылып жатышат деп шек санашпайт. Бүгүнкү күндө өтө көп машайакчылардын абалы ушундай жана мен бул жөнүндө өкүнүчтүү түрдө айтам!

Ыйсанын Жыйын жөнүндө айтканынын экинчи себебин Анын кийинки сөзүнөн билебиз: «Ким акырына чейин чыдаса, ал куткарылат». Марафонду бүтүрүү үчүн, аны башташ керек. Ишенбегендерге биринчи кезекте бул машайакчылык «марафонду» баштоо зарыл.

## АЗГЫРЫКТЫН ТАҢ КАЛТЫРУУСУ ЖАНА АЗАБЫ

Ыйса менен элчилери акыр заман жөнүндө сөз кылышканда, ошол убактагы атмосферага эң жакшы мүнөздүү болгон нерседен — азгырыктан — качууну кайра-кайра эскертишет. Азгыруунун мынчалык кеңири жайылышынын себептеринин бири – күнөөнүн маңызын туура эмес түшүнүү. Эжемдин оорусуна менин мамилем так ошондой болгон. Үйгө келип, анын каза болгонун билгенде аябай таң калдым, анткени, анын оорусуна эч качан

олуттуу мамиле кылган эмесмин. 1980-жылдардын аягында менде так ушундай тынчсыздануу болгон.

Күндөрдүн биринде мен сыйынып жатып, рухий аян алдым, ал мага катуу таасир этип, келечектеги жашоомду жана кызматымды өзгөрттү. Мен топтолгон көп элди көрдүм, мындай чогулган элди мен мурда көргөн эмесмин. Алар Асман Падышачылыгынын дарбазаларына чогулуп, анын аларга ачылышын жана Өкүмдардын мындай деп айтышын күтүп жатышты: «Атамдын батасын алгандар, келгиле. Дүйнө жарала электе эле силер үчүн даярдалган Падышачылыкты мураска алгыла (Мат. 25:34). Бирок, анын ордуна алар: «Мыйзамсыздык кылгандар, Менден кеткиле» — дегенди угушту. Мен алардын таң калган, азаптанган жана үрөй учурган жүздөрүн көрдүм. Ыйсанын өкүмдарлыгын жана машайакчылыкты кабыл алышкандыктан, алар асманга бара жатканына чын жүрөктөн ишенишкен. Бирок, ошол эле учурда алар күнөөнүн маңызын түшүнүшкөн эмес. Алар асманга барууну каалаcа да, Атасынын эркине баш ийүүгө ынталуу болуша алган эмес.

Кудай жүрөктөрү тил алчаактыкка суусап жүргөн балдарды издеп жатат. Бул жашоонун кайсы тармагына таасирин тийгизбесин, биз ишенгендер катары Анын эркин аткаруунун кубанычын сезишибиз керек. Сулайман баш ийүүнү алып келген ийгиликке, баш ийбестик жараткан кыйынчылыктарга толгон өмүрүнүн акырында бардык нерсе негизделген акылмандык сөздөрдү айткан: «Баарынын жыйынтыгын угалы: Кудайдан корк, Анын буйруктарын аткар, анткени бул – адам үчүн эң керектүү» (Насаатчы 12:13).

Матайдын Жакшы Кабарында (7:23) мындай деп айтылат: «Ошондо Мен аларга: “Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар”, – деп айтамын». Кээ бирөөлөр Ыйсанын: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин» деп айтканында, бул эмне үчүн

ишенгендерге тиешелүү болушу керек деп ойлошу мүмкүн. Эстесеңер, ишенбегендер жиндерди Ыйсанын атынан кууп чыгара алышпайт. Ыйса: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин...» дегенде, «таанып ган» деген сөз грек тилинде гиноско деп белгиленгенин түшүнүү керек. Ал Жаңы Келишимде эркек менен аялдын ортосундагы мамилени сүрөттөө үчүн колдонулган (Матай 1:25). Бул мамиленин жакындыгын билдирет. Чынында, Ыйса: «Мен силерди эч качан жакындан таанычу эмесмин» деп айткан. 1 Корунттуктар 8:3тө (грек тилинен түпнусканын болжолдуу котормосу) минтип жазылган: «Бирок ким Кудайды сүйсө, Ал аны таанийт». Бул жерде да гиноско деген сөз колдонулат. Кудай Өзүн сүйгөндөрдү жакындан таанийт. Аны сүйгөндөр Анын сөзүнө баш ийүү менен Анын бийлигине моюн сунушат. Ыйса: «Мени сүйбөгөн адам Менин сөздөрүмдү аткарбайт» - деген (Жакан 14:24).

4-БӨЛҮМ

# МЫЙЗАМСЫЗДЫКТЫН ЖАШЫРУУН БИЙЛИГИ

*Бирөө айтып берген эмес, бирок аян аркылуу алынган билим азгырыктан эң жакшы коргоочу катары кызмат кылат.*

Ыйык Жазууда «акыркы күндөр» деген сөз айкашы көп колдонулат. Бул күндөр бир жагынан толкундатуучу, экинчи жагынан, адамзаттын тарыхындагы эң коркунучтуу учур болушу мүмкүн. Толкундандырчуу, анткени, биз Кудайдын даңкынын эч бир муун көрбөгөн эң чоң көрүнүшүнө күбө болобуз жана ал жандардын укмуштуудай түшүмү менен коштолот. Бул даңк менен кубанычтын, соттун жана коркунучтун мезгили болот.

Акыркы күндөр коркунучтуу болот. Элчи Пабыл бизге: «Акыркы убакта оор күндөрдүн келээрин бил», — деп ачык айткан (2 Тим. 3:1). Бул сөздөрдүн алдында ал башка сөздөрдү айтты: *«Билгин».* Башкача айтканда: «Мен эмне жаза турганымды жакшылап эстеп ал; астын сызып, мээңе түшүр!” Андан ары үчүнчү бөлүмдө бул учурду мүнөздөй турган кубулуштарды кеңири баяндайт. Бул убакыттар коркунучтуу деп аталышынын себеби, өкмөт же атеисттер тарабынан куугунтук күчөгөн үчүн эмес. Алардын бүт түйшүгү жыйынга *азгырыктын* кеңири жайылышына байланыштуу болот. Бул

эскертүү Жаңы Келишимде бир нече жолу кайталанат.

Азгыруу бул коркунучтуу нерсе. Эмнеге? Анткени, бул - жалган! Азгырылган адам өзүнүн туура жолдо экенине бүт жүрөгү менен ишенет, бирок чындыгында, ал андай эмес. Жакшы Кабарларда Ыйса азгырык тууралу кайра-кайра эскертет. Матайдын Жакшы Кабарында эле Ал мындан сак болгула деп төрт жолу айтат (24-бөлүм). Шакирттери Ыйсадан Анын келүүсүнүн белгилери жөнүндө сурашканда, Ал акыркы күндөр жөнүндө айткан биринчи сөзү: «Силерди бирөө адаштырып кетпес үчүн, сак болгула» деген сөз болгон (Мт. 24:4). Анын эскертүүлөрүндө талап кылуучулук бар: үнү олуттуу жана салтанаттуу. Ал Өзүнүн сөздөрүнүн шакирттеринин жан дүйнөсүндө түбөлүккө сакталышын каалаган. Ыйсанын сөздөрү эки миң жылдан бери жашап келет. Биз акылман болуп, Анын үйрөтүүлөрүнө кайдыгер карабашыбыз керек.

## ЭКИ МААНИЛҮҮ СУРОО

Биз өзүбүзгө эки маанилүү суроону беришибиз керек. Биринчиден, азгыруунун негизги себеби эмнеде? Экинчиси: эмне үчүн дал ушул азгырык эркин жайыла алат? Биринчисине жооп берип жатып, мен мунун негизги себебин мурунку бөлүмдө талкуулаганыбызды айта кетейин. Бул - Асмандагы бийликке баш ийбөө же мыйзамсыздык. Бизге эскертүү берилген:

“Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулар болгула” (Жакып 1:22).

Бул жерде эч кандай тамаша жок! Ыйык Жазууда айтылгандай, эгер адам Кудайдын Сөзүн *угуп,* бирок ага *баш ийбесе,* анын жүрөгүнө жана акылына азгырык келет. Мындай адам чындыгында такыр башка багытта бара жатканы менен, өзүнүн туура жолдо экенине ынанат. Анын Сөзүнүн абройун камтыган Кудайдын бийлигине чыныгы моюн сунуу болбогон жерде тымызын, бирок, күчтүү азгырыкка эшик ачылат.

Анда, эмне үчүн акыркы күндөрдө азгырык мынчалык гүлдөйт? Пабыл көптөр «куткарылуу үчүн чындыктын сүйүүсүн кабыл алышкан жок» ошондуктан алар алданып калат деп жазган (2 Тес. 2:10). Чындыкты сүйүү аны жөн гана угуу эмес, ага баш ийүүнү да сүйүүнү түшүндүрөт. Кудай бир пайгамбарга мындай деген:

> Адам уулу, сен жөнүндө өз элиңдин уулдары дубалдардын жанында, эшиктеринин алдында сүйлөшүп жатышат, бири-бирине, ар бири өз бир тууганына: “Жүргүлө, Теңирден кандай сөз чыкканын угалы”, – деп жатышат. Алар сага элдик жыйынга келгенсип келип жатышат; Менин элим сенин бет алдыңда отуруп алып, сенин сөздөрүңдү угуп жатышат, *бирок аларды аткарышпайт,* анткени алар оОздору менен жалган убада беришет, жүрөктөрү болсо өздөрүнүн керт башынын кызыкчылыгын көздөйт (Жез. 33:30, 31, курсив автордон).

Биздин жыйыныбыздагылардын көбү жакшы кабар айтуудан жана окутуудан ырахат алышат, бирок, маселе аракетке келип жеткенде, алар Кудайдын эркине караганда өздөрүнүн кызыкчылыктарын жогору коюшат (2 Тим. 3:1, 4). Биз чындыкты кимдир бирөөдөн да, баарынан да көп сүйүшүбүз керек. Анын эркин ыңгайлуулуктан да, керек болсо өмүрүбүздөн да көбүрөөк каалашыбыз керек. Ошондо, биз жеке амбицияларыбызды жана каалоолорубузду Анын каалоолору үчүн калтырып, ыраазы болобуз. Биз айкаш жыгачыбызды көтөрүп, Анын эркин аткаруу үчүн, укуктарыбыздан жана артыкчылыктарыбыздан баш тартабыз. Эмнеге? Анткени, Ал – Кудай, Жаратуучубуз, Азат кылуучубуз жана Анын бизге болгон сүйүүсү кемчиликсиз. Ушул гана бизди азгырылуудан сактайт.

Бирок, жыйында ишенгендердин арасында ушундай арноо барбы? Чындык башканы айтып турат. Ыйык Жазуунун жазуучулары биздин күндөрдүн атмосферасын ушунчалык

тактык менен алдын ала көрө алганы таң калыштуу, бизге бүгүн ошондой тактык жетишпейт кээде.

## МЫЙЗАМСЫЗДЫКТЫН ЖАШЫРУУН КҮЧҮ

Биздин күндөрдө мыйзамсыздыктын мындай жайылышынын себептерин изилдөөдө дагы бир жагдайды эске алуу керек. Бизге: «Анткени мыйзамсыздыктын жашыруун сыры азыр аракетте» — деп эскертилген (2 Тес. 2:7 [Жаңы Келишимдин жаңы болжолдуу котормосу]). Түп нускада грек тилинен «мыйзамсыздык» деп которулган сөз *аномия* деген сөз менен белгиленет жана биз буга чейинки бөлүмдө бул тууралуу сөз кылганбыз.

Анын артында кандайдыр бир жашыруун күч же бийлик бар экенин байкагыла. Ыйык Китептин дагы бир котормосу [орусча — Синодалдык котормосу. — Болжолдуу котормосу.] аны «мыйзамсыздыктын сыры» деп атайт. Сыр анын жашыруун күчүндө катылган. Ишенгендердин жашоосунда мыйзамсыздык ачыкка чыкса, эч кандай таасири болбойт. Ал чеберчилик менен жашырылганда гана натыйжалуу болот. Мунун сыры ушунда. Кудай бизге бул тууралуу эскертет, анткени, Ал биздин бул сырды же жашыруун күчтү билбегенибизди каалабайт (2 Корунттуктарга 2:11 кара).

Шайтан - алдамчылыктын чебери. Ойлоп көрсөңөр: ал Кудайга каршы козголоң чыгарды жана периштелердин үчтөн бир бөлүгү аны ээрчип жөнөштү (Аян 12:3, 4). Бул нерсе кемчиликсиз, даңкка толуп турган Теңирибиздин алдында болду! Ыйса шайтан жалганчы гана эмес, жалгандын атасы да экенин эскерткен (Жакан 8:44). Машаяк акыркы күндөрдө алдамчылык жана азгырык өзгөчө күчкө ээ болорун, атүгүл тандалгандар да алардын курмандыгы болуп калышы мүмкүн экенин айткан (Мт. 24:24).

Бул бизди таң калтырбашы керек. Эгер ал асмандагы миллиондогон периштелерди алып кете алган болсо, анда ал

«аба күчтөрүнүн төрөсү» (Эф. 2: 2) үчүн жердеги элди алдоо эмне үчүн кыйын болушу керек? Биз азыр Ыйса айткан күндөрдө жашап жатабыз, ошондуктан келгиле, Пабылдын Корунттук жыйынга болгон жалындуу кайрылуусуна көңүл буралы:

> Обо энени жылан өзүнүн куулугу менен алдап кеткендей эле, силерди да кимдир бирөө Машайак жолундагы жөнөкөйлүктөн жана тазалыктан четтетип, акылыңарды адаштырбаса экен деп корком (2 Кор. 11:3).

Пабыл ишенгендердин алсыздыгы менен Обо эненин алдоосунун ортосунда окшоштук көрсөткөн. Албетте, шайтан ойлоп тапкан эң кызыктуу амалдардын бири Обо энени азгыруу болгон. Ал жиндердин таасири жана кысымы жок идеалдуу чөйрөдө жашаган. Ал денелик ой жүгүртүүнүн таасиринен эркин, Кудайдын катышуусунан ырахат алган. Ал козголоң чыгаруу үчүн, шайтан эң татаал амалдарды ойлоп табышы керек болчу. Анын ойлорунун тазалыгын жок кылуу үчүн, ал куулук менен амалкөйлүккө барган. Эгер биз анын Обо энеге карата тактикасын түшүнсөк, анын эң жакшы куралын таба алабыз; биз анын бизди кантип алдагысы келгенин жана эмне үчүн бүгүнкү күндө көптөрдүн Кудайга баш ийбестикке кабылганын түшүнөбүз.

Эстесеңер, Обо энени алдоо жолу менен Кудайга тил албастыкка мажбрулаган, бирок Адам ата эмне кылып жатканын так билген. Мен көп учурда жыйындагы адамдар кайда бара жатышканын ачык түшүнүп туруп, чоң эле ачык көздөрү менен Кудайдын парыздарын аттап өтүшүп жатышканын көрөм. Алар азгырылууда эмес. Алар коркунучтуу аймакты басып, рухий өлүмгө жакындап жатышат (Рим. 8:13). Бул адамдардын жүрөгү катаал жана аларга жетүү кыйын. Бирок, дагы бир категория бар - жыйындагы баш ийбегендердин көпчүлүгүн түзгөн адамдар - *алдангандар.* Обо

энедегидей эле, билбестик аларды азгырып, мыйзамсыздыктын жашыруун күчүнө жол ачкан.

Билимсиздик – бул азгырык үчүн жакшы семиртилген топурак. Кудай мындай деди: «Ошон үчүн Менин элим күтүлбөгөн жерден туткундалып кетет» (Ышайа 5:13) [же «... билимсиздиги үчүн» - англисче. Ыйык Китептин котормосу (NKJV). — Болжол менен. котормо]. Кудайдын жолдору жана Анын рухий мыйзамдары жөнүндөгү ачык билим бизди душманга алданып калуудан сактайт. Анын акыйкатынын нуру ар бир жалганды ачып, бизди андан коргойт.

## ӨТКӨРҮЛҮП БЕРИЛГЕН БИЛИМДЕРГЕ КАРШЫ АЯН

Кудай адамды Эйден багына жайгаштырып, мындай деди: «Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың» (Башт. 2:16, 17).

Ошондон кийин Теңир аялды эркектин кабыргасынан жаратты. Бул бир аз кийинчерээк болгон деп божомолдоого болот, анткени аял пайда боло электе, Адам бардык жаныбарларды жана асмандагы канаттууларды көрүп, атын атаганга жетишкен.

Адам атадан айырмаланып, Обо эне буйруктарды түздөн-түз Кудайдын оозунан уккан эмес. Кыязы, алар Кудайдын багында ырахаттанып пикир алышып жаткан учурда, Адам ага алар жөнүндө айткан. Муну Обо эненин жыланга берген жоопторун талдоо аркылуу божомолдой алабыз. Төмөнкү саптарды кунт коюп окусаңар:

> Кудай-Теңир жараткан бардык талаа айбанаттарынын ичинен жылан эң куу эле. Ал аялдан: «Кудай чын эле: “Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле”, – деп айтты беле?» – деп сурады. Аял жыланга мындай деп жооп

> берди: «Дарактардын жемиштеринен жесек болот. Кудай: “Өлүп калбашыңар үчүн, бейиштин ортосундагы бир гана дарактын жемишинен жебегиле, ага тийбегиле”, – деген (Башт. 3: 1, 3).

Биринчиден, жылан Кудайдын буйругуна шек келтиргенде, Обо эненин биринчи жообу «Кудай айтты...» деген дароо жоопту эмес, «жесек болот ...» деп жооп бергенине көңүл бургула. Бул жерде ортомчу аркылуу эрежелерди уккан адамдын классикалык жообу. Бул осуятты Айткандын жүрөгүнө жана ниетине окшоштуктары бар адамдын жообу эмес.

Экинчиден, анын жообу Кудайдын берген осуяттарынан айырмаланып турганын байкагыла. Ал мындай деп кошумчалады: «Кудай өлүп калбашыңар үчүн, бейиштин ортосундагы бир гана дарактын жемишинен жебегиле, ага тийбегиле деген». Кудай аларга тийүү жөнүндө бир да сөз айткан жок. Бул жерде силер Теңирден эмес, башка адамдан аян алганыңарда эмне болушу мүмкүн экендигинин дагы бир мисалы.

Кудай Сөздү Өзүнүн Руху аркылуу ачып бергенде, ал биздин жашообуздун бир бөлүгү болуп калат. Бул биз китептерди окуганда, доктринада бекемделгенде же Ыйык Китепти жеке окуганда же Ыйык Рух менен сүйлөшүүдө болгондо болушу мүмкүн. Адам үчүн Кудайдын осуяттары аны курчап турган бардык нерселер сыяктуу реалдуу болгон; алар анын бир бөлүгү болгон. Тескерисинче, биз Кудайдан буйруктарды укканда, бирок алар бизге Ыйык Рух аркылуу ачылбаганда, алар биздин жашообуздун бир бөлүгү болбойт. Биз үчүн алар жөн гана мыйзам, ал эми «күнөөнүн [баш ийбестиктин] күчү — мыйзам» (1 Кор. 15:56).

Айткандай эле, Адам ата Обо энеге Кудайдын осуятын айтканына ишенем. Кыязы, Обо эне ал жөнүндө Кудайдан сураганга аракет кылган да эмес. Ал жөн гана Адамдын сөздөрүн «кандай болсо, ошондой» кабыл алды. Ал үчүн бул аян аркылуу алынган билим эмес, башка адам аркылуу берилген

билим болчу, бул аны азгыруунун чабуулунан ого бетер алсыз кылган. Ошондуктан, чабуул кылуу үчүн, жылан Адам атаны эмес, Обо энени тандап алган.

Аян аркылуу алынган билим гана бизди алдамчылыктан эң чоң коргоочубуз болот. Көптөр мыйзамдуулуктун туткунунда болушат, анткени, алар Ыйык Жазуудан билимди, көрсөтмөлөрдү же тыюуларды кулак менен гана угушат. Алар ата-энеденби, насаатчыларданбы, видеолордонбу же китептерден чыгабы, айырмасы жок. Биринчи кезекте ар бир маселе боюнча Кудайдын эркин издеш керек. Бул бизди алдамчылыктан коргой турган түшүнүктү берет. Болбосо, мыйзамдын тамгасы гана болот, бирок жашоо болбойт.

Адамдар бир бөлүмдү же аятты так кайталашы мүмкүн, бирок алар Ыйык Жазуу алып келген жашоонун деминен ажырап калышат. Катуу шыктануу менен алар семинарда же конференцияда жаңы эле алган жаңы окуулары менен бөлүшүшөт, бирок өздөрү каалоосу менен бөлүшкөн нерсеге туруштук бере албай калышат. Бул алардын жашоосунун бир бөлүгү болуп калбайт. Алар бош калган жана Кудайдан өмүр ала албаган сөздөрдү айтышат. Мындай болгондо, алар Кудайдын айткандарына бир нерсени кошууга же кемитүүгө оңой азгырылышат. Алар Кудайдын жолдорун түшүнбөгөндүктөн, оңой эле азгырыка берилип кетишет.

«Билесиңби, бир тууганым, акча бардык жамандыктын тамыры!» деген сөздү көп уккам. Бирок, Кудай башкача айтты. Анын сөздөрү мындай: «Анткени бүт жамандыктын тамыры – акча *жандуулук»* (1 Тим. 6:10, курсив автордуку).

Эгерде акча бардык жамандыктын тамыры болсо, анда биз Ыйсадан да күнөө тапмакпыз, анткени Анын казыначысы жана акча баштыгы бар болчу! Күндөрдүн биринде бир аял жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идишти сындырып, аны менен Ыйсаны майлады. Акчаны жакшы көргөн Жүйүт бул окуяга капа болгон.

Бул үчүн Теңир Өзү аны ашкерелеп, аялдын ишин жактырган (Жакан 12:3-7).

Жок, акча эмес, ага болгон сүйүү – бардык жамандыктын тамыры ушунда. Бул акчага ээ болуу жана акчага болгон көз карандылыктан турат. Акчага болгон мыйзамдуу мамиле акчага туура эмес мамилени жаратат, бирок бул Кудай каалаган нерсе эмес. Теңир бизди акчага көз карандылыктан жана көз артуудан сактайт. Ач көз адамдар каржыны Кудайга жаккандай башкара алышпайт. Бул Сөз алардын жүрөктөрүндө аян болуп калбаганын гана тастыктайт. Алар башкалар берген Анын Сөзүндөгү билимди гана кабыл алышкан жана ошентип, алдамчылыктын негизги максаты болушкан.

Демек, биз аян аркылуу билимди кантип алабыз? Теңирдин алдында момундук менен жүрүү, жүрөктө Кудайдан коркуу жана Кудайга болгон жалындуу сүйүү менен. Кудай айтты:

> Бирок мен мындай адамга: моюн сунган, руху менен кайгырган, Менин сөзүмдүн алдында титиреп турган адамга көз кырымды салам (Ышайа 66:2).

Анын Сөзүнөн титиреп тургандар, бул алардын пайдасына болбосо да, дароо Ага баш ийишет. Андай адамда Кудайдын чыныгы коркунучу болот. Ыйык Жазууда: «Теңирдин жашыруун сыры – Кудайдан корккондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго жарыялайт» — деп ачык-айкын айтылат (Заб. 24:14).

Эми биз Сулаймандын өмүрүнүн акырында айткан сөзүн жакшыраак түшүнө алабыз: «Баарынын жыйынтыгын угалы: Кудайдан корк, Анын буйруктарын аткар, анткени бул – адам үчүн эң керектүү» (Нас. 12:13). Кудай Өзүнүн сырларын же жолдорун Андан корккондорго ачып берет. Жакан мындай деген:

> Мен силерге *адаштыруучулар* жөнүндө жаздым! Дегинкиси, Андан алган Рух силердин ичиңерде жашап жатат,

> ошондуктан силер кимдир бирөөнүн үйрөтүүсүнө муктаж эмессиңер. Силерге баарын үйрөтүп жаткан ал Рух – жалган эмес, чындык. Ал силерге эмнени үйрөтсө, ошону сактап жашагыла (1 Жакан 2:26, 27, курсив автордон).

Биз аян аркылуу берилген Кудайдын Сөзү бизди алдамчылыктан кантип сактап турганын көрөбүз. Обо эненин Кудайдын аяны аркылуу алган билими жок болгондуктан, козголоңго алданып калган. Ал жыландын сөзүндөгү амалкөйлүк менен куулукту тааный алган жок.

## ЖЫЛАН АНЫ КАНТИП КЫЛГАН?

Андан ары баралы жана суроого жооп берели: жылан аялды кантип алдап кетти? Анын айлакер чабуул планы кандай болгон? Бул суроолорго жоопторду билүү абдан маанилүү. Ойлонуп көргүлө: ал кантип аны адаштыра алды? Анткени, Обо эне идеалдуу чөйрөдө жашаган. Бир дагы бийлик аны басынткан эмес. Атасы, башчысы же кызматчысы менен баарлашуудан анын жан дүйнөсүндө жагымсыздык болгон эмес. Ал ар кандай жиндердин кысымынан эркин, гүлдүү бакчада жашачу. Ал Кудайдын ырайымын жана ырыскысын гана билчү. Ал Анын алдында басып жүрүп пикирлешүүдөн ырахат алып жүргөн. Анда жылан аны кантип алдай алды?

Кудайдын осуятын эстегиле: «Анан Кудай-Теңир адамга мындай деп осуят кылды: «Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың». (Башт. 2:16-17).

Кудайдын ырайым бергени: «Сен [*эркин*] жейсиң …» - жана ошол эле учурда, Анын бийлиги чектөө койгон: «Бирок жакшылык менен жамандыкты таанып-билүүчү дарактын жемишинен жебе». Кудай Адам ата менен Обо эненин бир дарактын

жемишинен башкасын жей алышарын баса белгилеген.

Кудайдын табияты сүйүү жана берүүдөн турат. Ал Аны сүйгөн жана Ага баш ийген достору болуусун каалаган. Ага тандоо укугунан ажыратылган роботтордун кереги жок болчу. Ал эрк боштондугу менен, Анын бейнеси боюнча жана Ага окшош балдарды жаратууну каалаган. Алардын даракка тийүүсүн чектөө менен, Ал аларды өлүмдөн коргогон. Бул алардын эркинин катышуусун болжолдогон.

Алар Кудайга ишенип, Ага баш ийиштиби? Осуят болбосо, тандоо болмок эмес.

Жыландын сөздөрүнө көңүл бургула: «Кудай-Теңир жараткан бардык талаа айбанаттарынын ичинен жылан эң куу эле. Ал аялдан: «Кудай чын эле: “Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле”, – деп айтты беле?» – деп сурады (Башт. 3:1). Азыркы тилибизде мындайча угулмак: «Кудай сага эч бир дарактын жемишинен жебе дегенин уктум. Бул чынбы?»

Жылан өзүнүн чабуулун Кудайдын осуятына карата болгон көңүлдү башка жакка буруу менен баштады. Анын маанисин өзгөртүп, ал Адам ата менен Обо энеге Кудайдын ниетине шек туудурган. Ал Обо энени Кудайдын ырайымдуулугуна жана чынчылдыгына шектенүүгө алып келе турган ой жүгүртүү жолуна салгысы келген. Ал ийгиликке жеткенден кийин, аны Теңирдин бийлигине каршы оңой эле буруп койду.

Жылан Кудайдын ырайымына кайдыгерлик кылып, Анын бирден-бир тыюусун көрсөттү. Алардан бир жакшы нерсе жашырылып жатканын кыйытты. Бир суроо менен жылан Адам ата менен Обо энеге өздөрүнүн коопсуздугу үчүн берилген бир осуятты бурмалап, аны жакшы нерсеге адилетсиз тыюу салуу катары көрсөттү. Анын үнүнөн мыскылдоо угулуп турду: «Демек, Кудай силерге эч кандай дарактын жемишинен жебегиле деди беле?» Алар бакчанын баардык жемиштерин колдонуу мүмкүнчүлүгү болсо да, жылан Обо эненин көңүлүн аларга

жегенге тыюу салынган даракка гана бурган. Ал табиятынан «берүүчү» Кудайды, «алуучу» деп ойлоого мажбурлады.

Теңирди адилетсиз катары көрсөтүү менен, жылан Анын бийлигине кол салышы мүмкүн эле. Шайтан акылсыз эмес; ал кол салуу үчүн Кудайдын бийлигинин негизин тандап алган: «Анын тактысынын негизи – адилеттик жана акыйкаттык» (Заб. 96:2). Анын тактысы - Анын бийлигинин символу. Эгер шайтан куулук менен Кудайдын адил мүнөзүн буза алса, анда Анын бийлигинин негизи Анын жаратууларынын алдында күмөндүү болот.

Жыландын суроосуна жооп берип жатып аял аны оңдоп жатат: «Аял жыланга мындай деп жооп берди: «Дарактардын жемиштеринен жесек болот. Кудай: “Өлүп калбашыңар үчүн, бейиштин ортосундагы бир гана дарактын жемишинен жебегиле, ага тийбегиле» деген (Башт. 3:2, 3).

Ал бул осуяттын артында турган себебине кызыгып калган болушу мүмкүндүр. Ал Кудайдын жакшылыгы жөнүндө ойлоно баштады. Силер анын оюн окуй аласыңарбы? *«Көрүнүшү жаман эмес… Эмне үчүн бул дарактын жемишинен жей албай жатканыбызды билбейм. Ал кандай зыян алып келиши мүмкүн? Мунун бизге эмне жамандыгы бар?»* Обо эне Кудайдын ниетине шектенүү менен Кудайдын бийлигине шек келтирүүгө даяр болгон.

Жылан Теңирдин кулк-мүнөзүнүн бийлигине, чындыгына жана кынтыксыздыгына шек келтирүү үчүн мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Анын сөзүнө каршы чабуулга өттү: «Жок, өлбөйсүңөр, бирок Кудай силердин анын жемишинен жеген күнү көзүңөр ачылып, жакшылык менен жамандыкты билген Кудайдай болуп каларыңарды билет», – деди (Башт. 3:4, 5).

Азгыруу чебери, ал анын Кудайга болгон берилгендигинин негизин бузууга аракет кылган. Ал ачыктан-ачык Кудайга каршы чыгып, анын өлбөй турганына ынандыра баштаган. Шайтан өзүнүн себептерин айтты: «Силер өлүмдүн ордуна Кудайдай болосуңар. Жакшы менен жаманды тандай аласыңар, анткени силер акылдуу

болосуңар. Мындан ары баарын ортомчулар аркылуу угуунун же туура эмес буйруктарды аткаруунун кереги жок».

## КҮНӨӨ КЕЛДИ - КУЛЧУЛУК ДА КЕЛДИ

Обо таң калып, аң-таң болду. Ал: *«Эмне үчүн Кудай мага бул жемиштерден жегенге тыюу салат?»* - деп таң калды. Ал жаңы көздөрү менен даракты карады, анын мөмөлөрүн жакшыраак текшерүү үчүн, эми жаңы көздөрү менен карады. Ал жемиштер эч кандай жаман жана коркунучтуу эмес, тескерисинче, көзгө абдан жагымдуу көрүнөт экен деген жыйынтыкка келген. Ал мындай деп чечти: *«Аларды албетте, жегенге болот жана кыязы, алар бизди акылдуу кылат.»*

Мындай тыянактар аны сокур кылды. Бир даракка көңүл буруп, ал мол ырайым жөнүндө унуткан. Ал мындай деп ойлоду: *«Бул дарак бизге жакшылык алып келүүдө, бирок Кудай аны бизден жашырып койду. Анын бардык жемиштери биздики болушу мүмкүн. Эмне үчүн Ал бизге мындай кылды? Эгерде Ал бизди бул дарактын жанына жолотпосо, анда Ал бизден дагы эмнени жашырды?»*

Эгер силер Кудайдын кулк-мүнөзүнө, бүтүндүгүнө жана ырайымдуулугуна шек келтирип, жазасыз каларыңарга ишенсеңер, анда Анын бийлигине баш ийүүгө эч кандай негиз калбайт. Обо эненин каалоосу Атасынын эркин четке кагып салган. Жемишти үзүп, колунда айлантып көрдү, эч нерсе болгон жок. Жыландыкы туура болсо керек. Анан даамын татып көрүп, күйөөсүнө да берген.

Алар бул дарактын жемишинен жегенден кийин, капысынан көздөрү ачылып, аларды уялуу жана коркуу толкуну каптады. Алар өздөрүнүн жылаңачтыгын көрүп, баш ийбестик менен бирге рухий өлүмгө дуушар болушту. Дене мындан ары алардын үстүнөн бийлик кыла турган күчтүү көзөмөлчүгө айланды. Алар Кудайдын сөзүнөн күмөн санап, жалган жолго

түшүп, козголоңдун кожоюнуна эшигин ачышты, ал болсо алардын караңгы башкаруучусу болуп калды. Ыйык жазуу мындай деп айтат: «Өзүңөрдү тил алчаак кулдар катары кимге тапшырып берсеңер, кимге баш ийсеңер, ошонун кулдары болоруңарды билбейсиңерби? Ошол сыяктуу эле силер өлүмгө дуушар кыла турган күнөөнүн же адилдикке жеткире турган тил алчаактыктын кулдары болоруңарды билбейсиңерби?» (Рим. 6:16). Караңгылыктын кожоюну Адам ата менен Обо эненин жашоосуна гана эмес, бул дүйнөгө мыйзамдуу кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бул тууралуу апостол Пабыл мындай деп жазган: «Дүйнөгө бир адам аркылуу күнөө кирди, күнөө аркылуу өлүм кирди. Ошентип, өлүм бардык адамдарга өттү. Себеби, бардыгы күнөө кетиришти» (Рим. 5:12).

Алардын козголоңуна чейин эч кандай ачуулануу, жек көрүү, кечиримсиздик, уруш-талаш, ушак, кыйроо, алдамчылык, ачуу, каракчылык болгон эмес. Ошондой эле, сексуалдык бузукулук, баңгизатка болгон көз карандылык, ичкилик, адам өлтүрүү, уурулук болгон эмес. Аялын же балдарын кордоо болгон эмес. Оору, өлүм, жакырчылык - мындай түшүнүктөр такыр эле болгон эмес. Адам баласы эч качан табигый кырсыктарды, кыйынчылыктарды, эпидемияларды көргөн эмес. Жаныбарлар дүйнөсү кемчиликсиз гармонияда жашаган. Жердеги атмосфера тынчтыкта жана бейпилдикте эле, анткени Кудай бардык жаратуулардын үстүнөн башкарып турган.

Баш ийбестик адамдын жүрүм-турумуна таасир эткен жана бүткүл адамзатка тараган коркунучтуу жүрүм-турум көйгөйлөрүн алып келди. Алардын тизмеси өсүп, муундан-муунга барган сайын жийиркеничтүү болуп баратат. Адам ата менен Обо эне Кудайга баш ийбей коюшкан жана алардын иш-аракети мыйзамсыздыктын жашыруун күчүнүн башталышы болгон. Бул күчтүн азгырыгынан улам адам өзүнүн Асмандагы таянычынан жана коргоосунан ажырады. Шайтандын кулашын

кайталаган козголоң анын бийлигинин жана кыйратылышынын эшиктерин ачты. Ал Кудайга окшош болуу, бирок Ага баш ийбөө мүмкүнчүлүгүн толук пайдаланган. Кудайдын жаратууларын кул кылып, ал өзүнүн тактысына отурду (Ыш. 14:12—14).

## СЦЕНАРИЯ БҮГҮНГӨ ЧЕЙИН ОШОЛ БОЙДОН КАЛУУДА

Ошондон бери шайтандын тактикасы анча деле өзгөргөн жок. Ал дагы эле Кудайдын кулк-мүнөзүн бузуп, бизди Анын бийлигине каршы бургусу келет. Муну Жакыптын катынан даана көрөбүз: «Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла! Ар кандай жакшы нерсе, ар кандай жеткилең белек жогорудан, жарыктын Атасынан келет. Анда эч кандай өзгөрүлүү жок, өзгөрүлүүнүн көлөкөсү да жок» (1:16, 17).

Бул саптардын автору биз ишенгендер ага чейин Обо эне туруштук бере албай турган мыйзамсыздыктын жашыруун күчүнө алданбашыбыз үчүн аракет кылган. Ал бизди, элчи Пабыл сыяктуу эле, коргоо үчүн эскерткен. Анын сөздөрүнө өзгөчө көңүл буруп, жүрөгүбүзгө бекем орнотушубуз керек; Кудайдын эркинен тышкаркы чындык эч кандай жакшылыкты камтыбайт. Ал жакшы жана жагымдуу сезилиши мүмкүн, бирок жаңылбагыла, Кудайдын каалоосу жок болсо, биз үчүн жакшылык жок.

Жакып бир нече жолу кайталап айткан: эгер силер Кудайдын ырыскысынан тышкары жакшылык бар экенине ишенсеңер, анда Обо эне алдангандай алданышыңар мүмкүн. Биз талкуулаган нерселер жөнүндө жакшылап ойлонуп көргүлө. Бир нерсе канчалык жакшы көрүнбөсүн же канчалык жагымдуу сезилбесин; ал сени канчалык бай, берекелүү жана акылман кылбасын, эгер ал Кудайдан болбосо, акыры сени чоң кайгыга, кейүүгө, акыры аягы өлүмгө алып барат. Кудайдын ырыскысы жана коргоосу азгырык менен токтотулат. Ар бир белек, жакшы жана кемчиликсиз, Кудайдан келет; Ал - биздин Булагыбыз. Бул

чындыкты кабыл алып, жүрөгүңөргө орноткула, ошондо силер кызыктуу сунуштарга азгырылбайсыңар. Эгер Обо эне ушундай кылган болсо, ал Кудайдан бир секундага да шектенмек эмес. Ал Кудайдын ырыскысынан тышкары өзүнүн каалоолорун аткарууну издеди.

Канчалаган адамдар туура эмес себептер менен баш кошуп, жатышат! Балким, Кудай аларды ата-энелери же пасторлору аркылуу эскерткендир же алардын жүрөгүнө түздөн-түз айткандыр, бирок алар бул эскертүүлөргө караганда, өз ойлорун артык көрүшкөн. Балким, алар жалгызсыраган жана аларга сүйлөшүү жетишсиз болгондур. Балким, алардын тандагандарынын зарыл жардамчы катары эсептелген бир жагымдуу көрүнүшү бар. Көптөр Кудайдын эркине эмес, өздөрүнүн эркине баш ийүүнү тандашкан жана көпчүлүк учурда чоң азаптарды көрүшкөн.

Албетте, Кудай бизди туура эмес чечимдерибиздин кесепеттеринен куткарууга кудуреттүү. Батшебага үйлөнгөн Дөөттүн күнөөлөрү кечирилип, кийин алар Сулайман аттуу уулдуу болушкан. Ошого карабастан, анын тил албастыгы үчүн Дөөт дагы эле көп азаптарды тартты: кылыч анын үйүнөн эч качан кеткен эмес. Ал абдан жаш, күчкө толуп турганда үч уулунан айрылды. Биз баш ийүүнү тандаганыбыз, канчалык жакшы.

Көп учурда адамдар Кудай орноткон жерлерин - жумушун, жыйынын, шаарын таштап кетишет, анткени, алар өздөрүнүн үстүнө коюлган башкаруучуларга макул эмес. Балким, алардын жашоосу токтоп турган абалда жана азыркы учурда алар болгон жерде алардын келечеги жоктой сезилет. Туура мүмкүнчүлүк жакында пайда болот жана аларда Ыйык Рухтан эч кандай ырастоо жок болсо да, алар өз ордун таштап кетишет. Көп учурда алардын кетиши Кудай аларды чакырган ыйыктык менен компромиссти билдирет. Бул адамдар мындай деп ойлошот: *«Мен бул тешикте көпкө отуруп калдым; бир нерсени кылуу*

*керек».* Акырында өздөрүнө жакшы көрүнгөн максаттарын ишке ашырууда Кудайдын эркине каршы чыга турган абалга келишет. Кээде алар өздөрүнө байлык жасаганга үлгүрүшөт, бирок, ошол эле учурда алардын жүрөктөрү Теңир менен тыгыз жана жалындуу мамиледен алыстайт.

Канчалаган адамдар Кудайдын эркине баш ийбейт! Алар өздөрүнө жагымдуу жана пайдалуу болгон нерсенин артынан түщүшөт. Алар ийгиликке жетүүнүн каражаттарын Кудайдын Сөзүнөн тышкары жактан табышат. Алар ушул максаттарды көздөп, ырахат, бакыт, кызыктуу көз ирмемдерди таба беришет, бирок, мунун баары убактылуу. Кудай ал "жок" деген жерден алар «жакшылыкты» табышат. Кудай алардан сонун бирдеменидир жашырып калат деп коркушат! Ал алардын муктаждыктарын түшүнбөйт же каалоолоруна көңүл бурбайт деп ойлошот. Алар сыйынууларына өзүлөрү койгон мөөнөттө жооп албаганда, Кудайды ишенимсиз деп эсептешет. Алар мындай деп ойлошот: «Эмне үчүн күтүшүм керек? Мен азыр жагымдуу жана пайдалуу нерсени алам!»

## ЫЙСА ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОНГУЛА

Ыйса жөнүндө ойлонгула. Ал кырк күн бою чөлдө суусуз, тамак-ашсыз жана ыңгайсыз абалда болду. Ачкачылык чыдагыс болуп калганда, Анын ичи сыздап ооруй баштады. Эгер жакын арада тамак жебесе же бир ууртам суу ичпесе, өлөт. Бирок, кайсынысы биринчи келди, камсыз кылуубу же азгырыкпы?

Ошол учурда шайтан Ага: «Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда бул таштар нанга айлансын деп айт» дейт (Мт. 4:3). Душман кайрадан Кудайдын жакында эле ачык айткан сөздөрүнө шек келтирди. Иордандын жээгинде Атасы Ыйсаны Анын Уулу экендигин ачык эле жар салган. Шайтан дагы бир жолу Кудайдын кулк-мүнөзүн бурмалоого аракет кылды: «Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда эмне үчүн Ал Сени

бул жакка ачкачылыкка алып келди? Эмне үчүн Ал Сени камсыздабайт? Балким, Өзүңө кам көрүүгө убакыт келеттир. Тез арада тамак жебесең, Сен өлөсүң же өтө кеч болуп калат, коркунучтуу ооруга чалдыгып каласың. Өзүңө кызмат кылуу үчүн, бийлигиңди колдон. Бул таштарды нанга айлант».

Ыйса ага каршы туруп, Кудайдын камсыздоосун күткөн. Ал Өзүнүн акылында Кудайдын маанайын душмандын бурмалашына жол бере алган эмес. Ал Атасынын Анын бардык муктаждыктарын камсыз кыларын билген. Ошол учурда канчалык оор болсо да, Ал Кудайдын бийлигине баш ийди.

Ал баарын Өз колуна алуу азгырыгына туруштук бергенден кийин, «шайтан Аны таштап, мына ошондо, периштелер келип, Ага кызмат кылышты» (Мт. 4:11). Эмнеге? Эврейлерге жазылган каттын автору Машайак жөнүндө мындай деп айткан: «Ал адам болуп жашап жүргөн күндөрүндө өлүмдөн алып кала алчу Кудайга катуу үн менен сыйынды, көз жаш менен жалбарды. Кудайды урматтагандыгы үчүн, Анын сыйынуусу угулду» (Эвр. 5:7, 8).

Кудай Аны укту, анткени, Анда Кудайдан коркуу бар болчу. Ыйса Атасынын жакшылыгынан эч качан шектенген эмес. Эч ким башынан өткөрбөгөн чоң азгырыктарга жана катуу азаптарга карабай, алар оор сыноолорду алып келсе да, баш ийүүнү тандады.

Адам ата менен Обо энеден айырмаланып, Ыйса Атасына тил алчаак болуп, Ага толугу менен баш ийген. Бул душмандын Анын өмүрүнө карата болгон бардык тоскоолдуктардын жолдорун тоскон. Ал: «Эми Мен силер менен көп нерсени сүйлөшө албайм. Анткени бул дүйнөнүн төрөсү келе жатат. Менин үстүмөн анын эч кандай бийлиги жок. Бирок дүйнө билсин: Мен Атамды сүйөм, Атам Мага эмнени осуят кылган болсо, Мен ошону аткарам» (Жкн.14:30, 31).

Адамдан айырмаланып, Ыйса, акыркы Адам, Атасына жеткилең баш ийүү менен жүргөн жана шайтандын Ага эч кандай тиешеси жок экенин күбөлөндүрүүгө толук укуктуу

болгон. Ошондуктан да, бизге: «Машайактын ичиндемин» деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек» (1 Жакан 2:6). Ал биздин үлгүбүз жана Алдыңкыбыз. Ал биздин бааны төлөп, жолубузга жарык берген. Биз мындан ары биринчи Адамдын жолу жана анын мыйзамсыздыгы менен жүрүүгө соттолбойбуз, бирок биз акыркы Адамга баш ийүү жолу менен жүрүүгө чакырылганбыз жана ыйгарым укуктарга ээбиз.

Ыйык Жазуу жалындуу түрдө мындай дейт:

> Ушундай көп күбөлөрдүн курчоосундагы биз ар кандай түйшүктөн жана оңой эле чырмап алчу ар кандай күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы. Ишенимибиздин баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны карайлы. Ал алдыда күтүп турган кубанычтын ордуна, шылдың болгонуна карабай, айкаш жыгачка керилип, азапка чыдады, андан кийин Кудайдын тактысынын оң жагына отурду. Алдан тайып, кайратыңардан жазбашыңар үчүн, күнөөкөрлөрдөн ушундай кордук көргөн Ыйса жөнүндө ойлогула (Эвр. 12:1-3).

Бул бардыгын жыйынтыктайт. Биринчи Адамдын кулашынан сабак алгыла жана акыркы Адамдын баш ийүүсүн кылдаттык менен ээрчигиле.

Кийинки бөлүмдө тил албастыктын кесепеттерин карайбыз. Алар дайыма эле дароо айкын боло бербейт, бирок, алар сөзсүз болот. Тил албастык силерге көрүнгөндөн кийин, жашооңордо аны менен келишүүгө эч качан аракет кылбагыла.

5-БӨЛҮМ

# ТИЛ АЛБАСТЫКТЫН КАЛТЫРГАН ИЗДЕРИ (1- БӨЛҮК)

*Ишеним менен тил алчаактыкты бөлүүгө болбойт, анткени, тил алчаактык – бул чыныгы ишенимди күбөлөндүрөт.*

Тил албастык ар дайым эле дароо таанылa бербеген көптөгөн кесепеттерге алып келет, бирок, алар албетте, топуракка себилген үрөн сыяктуу пайда болот. Биздин жаныбыздын душманы бул билимди бизден жашырууга аракет кылып, биз моюн сунууну жеңил кабыл алып, ошону менен анын азгыруучу амалдарына оңой олжо болуп калабыз деп үмүттөнүүдө.

Кээ бир адамдар, алардын баш ийбестигинин ар кандай кесепеттери, алар өз алдынча чечим кабыл алгандан кийин жетише алган нерселеринин ордун толтурат деп эсептешет. Мындай жаңылыштык жана өлүмгө алып келген түшүнүктүн канчалык кеңири жайылып кеткенине таң калам. Мыйзамсыздыктын жашыруун күчүнүн табышмагы мына ушунда. Кийинки үч бөлүм силердин жүрөгүңөрдү эч качан тил албастыкка алдырбоого бекемдейт деп чын жүрөктөн үмүттөнөм жана сыйынам.

# АДАМ УУЛДАРЫ

Сөздү Адам атанын тун баласы Кабылдан баштайлы. Кабыл дыйкан болгон. Анын бир тууганы, Адам атанын экинчи уулу Абыл койчу болгон. Ыйык Жазууда айтылгандай, арадан убакыт өттү, Кабыл жер-жемиштеринен Теңирге тартуу алып келди, ал эми, Абыл да койлорунун төл башыларынан жана алардын майларынан алып келди. Андан ары биз: «Теңир Абылга жана анын тартуусуна назарын салды, Ал эми Кабылга жана анын тартуусуна назарын салган жок» - дегенди көрөбүз (Башт. 4:4, 5).

Айтмакчы, бул аят жыйыныбыздагы көп жолуккан: «Кудай сени кандай болсоң, ошондой кабыл алат» деген жалпы пикирди жокко чыгарат. Бул туура эмес. Албетте тообо кылсак, Кудай бизди кабыл алат! Бирок, бул сөздөрдү Анания менен Сафирага колдонуп көргүлө. Бул жерде бир нерсе окшошпойт, анткени, алар өлгөн (Элчилер 5:1-11 кара).

Кудай Кабылдын курмандыгын кабыл алган жок; анын үстүнө, Ал Кабылдын өзүн да кабыл алган жок! Анын Кабылды кабыл албаганы анын келечектеги тагдырын түбөлүк четке кагуу экенин билдирбейт, бирок, бизди эч кандай шартсыз кабыл алган Кудай жөнүндөгү заманбап окуубуз дагы эле туура эмес болуп чыгат. Чындыгында, бул коркунучтуу, анткени, ал жүрөктөрүбүздөн Кудайдан коркуу сезимин чыгарып салат. Теңирден коркуу бизди коргойт жана күнөөдөн алыстоого түрткү болот (Чыг. 20:20). Анания менен Сафиранын өлүмүнөн кийин, Ыйык Китепте: «Бүт жыйынды катуу коркунуч каптады» деп айтылат (Элчилер. 5:11). Тил албастык кокустук болбой калды!

Мен түшүнүктүү болушу үчүн, Адам атанын эки уулунун окуясын бир аз жаңырткым келет. Анын уулдары баардыгыТеңирге ишенген үйдө чоңоюшкан. Экөө тең Кудайга алардагы жашоону символдоштурган тартууларын алып келишти. Ыйык Китепте денебизди тирүү курмандык катары көрсөтүү керектиги айтылат (Рим. 12:1кара). Кудайга курмандык чалуу – биздин Ага кызматыбыз.

Ошондуктан, биз Абыл Кудайга кызмат кылган, ал эми, анын бир тууганы Кабыл кызмат кылган эмес деп айтпайбыз. Кабыл жыйынга барбоо үчүн ар кандай спорттук мелдештерге, стриптиз-клубдарга же барларга барган эмес. Кабылды Кудай жөнүндө эч нерсе билгиси келбеген адам менен чаташтырбагыла. Экөөнү тең Кудай менен тирүү байланышы бар ишенгендер деп атоого болот.

Экөө тең талыкпай эмгектенип, Теңирге курмандык чалышчу. Кабыл Абылга караганда көбүрөөк иштеген деп божомолдоого болот. Мен дыйканчылык жана мал чарба тармагында чоң адис эмесмин, бирок, мал чарбачылыгы оңой иш эмес экенин так билем, антсе да, айыл чарбасы да чоң күч-аракетти талап кылат. Мал баккан адам эртең менен жана түштөн кийин милдетин аткарып, күндүн эң ысык маалында болсо көлөкөдө эс алып, муздак бир нерсе ичсе болот.

Дыйканчылык кыйла интенсивдүү иш. Кабылдын курмандыгы Кудайдын каргышына калган жерде, анын маңдайынын тери менен алынган (Башт. 3:17—19 кара). Кабыл топуракты таштардан, дүмүрлөрдөн, таштандылардан тазалаган. Анан аны айдап, өстүргөн. Өсүмдүктөрдү отургузуп, сугарып, жер семирткичтерди сээп, көчөттөрдү коргогон. Курмандыктарды алуу үчүн, ал көп күч-аракет жумшашы керек болчу.

## КУДАЙ ЭМНЕ ҮЧҮН КАБЫЛДЫ КАБЫЛ АЛБАЙ КОЙДУ?

Анда биз “эмне үчүн Кудай Кабылдын көбүрөөк иштеп жатканын билип туруп, анын тартуусун кабыл алган жок?” деген суроону беришибиз керек. Жоопту ата-энесинен таба алабыз. Бейиште Кудай жараткан бүт нерсенин жабуусу болгон. Жаныбарлардын терилери, балыктардын кабырчыктары, канаттуулардын жүнү болгон. Джинсычан ак аюуну эч жерден таппайсыз, ага кошумча жабуунун кереги жок.

Адам ата менен Обо эне да ошондой болгон. Алар эч кандай жабуу же кийим кийген эмес, бирок, аларга атак-даңк «таажы»

болуп кийилген (Заб. 8:6). Таажылуу деген сөз «курчалган» дегенди билдирет. Алар анын ичине камтылган. Кудайдын аларга берген даңкы бардыгын камтыган жана алардын көз алдында дененин жылаңачтыгын жашырган. Ыйык Жазууда: «Адам менен аялы экөө тең жылаңач эле, бирок уялышчу эмес», — деп айтылат (Башталыш 2:25). Алардын жашоосунда эч кандай ыңгайсыздык болгон эмес, анын үстүнө, алардын өмүрү толугу менен Теңирдин алдында өткөн. Кийим жөнүндө ой алар келген да эмес, аларга жөн гана ага муктаж да болгон эмес.

Адам ата менен Обо эне Кудайга баш ийбей койгондо, баары өзгөрдү. Буга чейин алардын жашоосунда рух үстөмдүк кылса, азыр дене негизги орунду ээледи. Алар дарактын жемишинен жегенден кийин, Ыйык Китепте жазылган биринчи сөздөр: «Ошондо экөөнүн тең көздөрү ачылып, өздөрүнүн жылаңач экенин билишти» деген болгон (Башталыш 3:7). Бул жерде негизги сөздөр «билишти». Алар мурда болбогон билимге ээ болушту.

Жакшы менен жаманды таанып билүү принциби – жакшы менен жаманды ажыратып жашайсың. Күнөө түшкөнгө чейин, алардын иш-аракеттери эмненин жакшы, эмненин жаман экенин, эмненин туура жана туура эмес экенин билүү менен эмес, Кудайды таанып-билүүнүн негизинде жасалган. Алар ишеним жана сүйүү менен шыктанган, тил алчаак болгон. Туура менен жамандык алардын акылында эмес, Кудайдын колунда болчу.

> Анын иштери жеткилең, Анын жолдору – чындык. Кудай ишенимдүү, Анда адилетсиздик жок. Ал – акыйкат, Ал – чындык (Мыйз. 32:4).

Адам ата менен Обо эне Кудай жөнүндө кемчиликсиз бир түшүнүккө ээ болуп, Анын алдында жашашкан. Жакшылык менен жамандыкты таанып-билүү дарагынын мөмөсүн жеп, алар Кудайдан тышкаркы жакшылык менен жамандык жөнүндөгү билимдин булагын табышты. Муну ой жүгүртүү

принциби деп атасаңар болот. Алар мындан ары Теңирдин коргоосуна муктаж болушкан эмес; алар өздөрүнүн ичинде жакшылык менен жамандыкты сезүү жөндөмүнө ээ болушкан. Ошон үчүн, Кудайдын эң биринчи сураган нерсеси: «Сага ким айтты?» деген болгон (Башт. 3:11).

Кудай суроо бергенде эч кандай маалымат алууга аракет кылбайт. Ал силерди ынтымакка чакырат. Теңир Адам менен Обо дарактын жемишинен жеп, өздөрүнүн акылмандыгына таянып жатышканын мурунтан эле билген. Алар баш ийүүнү ой жүгүртүү менен алмаштырышкан. Чындыгында, Ал: «Демек, эми силер жакшылык менен жамандыкты таануунун булагын Менден тышкары таптыңар. Албетте, сен жакшылык менен жамандыкты таанытуучу дарактын жемишинен жегенсиң» деп айткан.

Баш ийбестик кылгандан кийин, алар дароо жылаңач жерлерин анжир жалбырактары, же жерден алынган жемиштер менен жаап алышкан. Жаап алышканына карабай, алар өзүлөрүнүн жылаңачтыгын сезип, жашынып калышты. Ошондо Кудай: «Сенин жылаңач экениңди ким айтты?» – деп сурады. (Башт. 3:11). Туура менен туура эместин жаңы сезиминен баштап, алар өз көз алдыларында оңдоп-түзөөгө аракет кылышты, бирок, дагы эле жылаңачтык сезими аларды калтырган жок. Жаңы жабуу Кудайдыкына окшош эмес болчу. Кудай жылаңачтыкты жапканга ылайык болгондой жабууну караштырды жана Адам ата менен Обо энени жердин жемишинен болгон кийимдер менен эмес, күнөөсүз жаныбарды өлтүрүп, ошонун териси менен жапкан. Бул Теңирдин токтому болчу.

Ошол учурга чейин Адам ата менен Обо эне Кудай эмнени издеп жатканын билишкен эмес, бирок, Кабыл менен Абыл андай билимге ээ болчу. Алардын ата-энелери аларга Кудайга туура курмандык чалууну үйрөтүшкөн. Демек, Кабыл жердин мөмөлөрүн курмандыкка чалганда, мындай курмандык кайрадан туура эмес болуп чыкты. Ал Кудайга өз жолу менен кызмат

кылган! Ал өзүнүн бир тууганы Абылга окшоп, баладай болуп баш ийүүнүн тазалыгына эмес, туура жана туура эмес деген денелик ой жүгүртүү аркылуу башкарылуучу каргышка тартылды.

## СЕН АНЫН ҮСТҮНӨН ҮСТӨМДҮК КЫЛ

Ыйык Жазууда: «Ишеним менен Абыл Кудайга Кабылдыкынан жакшы курмандык алып келген. Ишеними аркылуу анын адил деп табылгандыгы жөнүндө жана анын тартуулары жөнүндө Кудай күбөлөндүргөн. Ишеними менен ал азыркыга чейин сүйлөп жатат» (Эвр. 11:4). Жаңы Келишимдин автору ишеним менен Абылдын тил алуусунун ортосуна бирдей-барабар белгини койгон. Кийинки бөлүмдө чыныгы ишеним баш ийүү менен барабар экенин, жок эле дегенде, ага негизделгенин көрөбүз. Чыныгы ишеним туура жана туура эмес деген сезимден эмес, так моюн сунуудан келет

Кабыл өзүнүн аракеттери жана курмандыктары Кудайга жакпай турганын түшүнөрү менен, «Кабылдын аябай ачуусу келип, өңү кумсарып кетти» (Башталыш 4:5). Бул жерде динчил адамдын чындык менен бетме-бет келгендеги классикалык реакциясы. Ал ачуулана баштайт. Биз мунун далилин Ыйык Жазуудан табабыз. Бул ачуу текебердиктен келип чыгат жана текебердик Кудайдын эркин же Анын жолдорун четке кагат жана өзүнүн жолун тандайт.

Кудай Өзүнүн ырайымы менен Кабылдын көзүн ачууга аракет кылып, андан минтип сурайт: «Эмнеге ачууландың? Эмнеге өңүң кумсарып кетти? Эгерде жакшы иш кылсаң, анда башыңды жерге салбайт элең да» (Башт. 4:6, 7). Кудайга жакшылык кылуу – бул Ага баш ийүү. Курмандык кылуудан да, Ал баш ийүүнү каалайт. Ал бир нече жолу Өз элине ырларын жана аспаптарын таштап, курмандык чалууну токтотууну буйруган. Эмнеге? «Анткени Мен чакырганда, эч ким жооп берген жок, Мен сүйлөгөндө, алар укпай коюшкан» (Ышайа 66:4). Алар курмандык чалган, бирок,

Аны укпай жана Анын буюруктарына баш ийишкен эмес. Баш ийүүнүн эң бийик формасы – тил алчактык.

Муну билип туруп, Башталыш 4:5теги «жакшылык кылуу» деген сөздөрдү аяттын маанисин өзгөртпөстөн *«Мага баш ий»* деген сөздөр менен алмаштырсак болот. Ошондо, бул аят мындай угулат: «Кабыл, эмнеге капа болдуң? Кереги жок. Түшүн: эгер сен баш ийсең, Мен сени жана курмандыгыңды кабыл алам».

Теңир мындай деп эскерткен: Эгерде сен жакшылык кылбасаң [Мага баш ийбесең], анда босогоңдо күнөө жатат. Ал сени өзүнө тартып жатат,

Англисче Библияда (NIV) бул жерде ачууланды деген сөз колдонулат. - *Болжолдуу котормо.*

Бирок, сен ага үстөмдүк кыл» (Башталыш 4:7). Эки нерсеге көңүл бургула. Биринчиден, күнөөнүн (баш ийбестиктин) каалоосу бар. Мыйзамсыздыктын атасы шайтан – тил албастыктын артында турган күч. Күндөрдүн биринде бул күч Адам атанын аркасы менен жашообузга кирди. Анын бир максаты бар болчу – бардыгынын үстүнөн башкаруу. Муну атмосферага эбегейсиз көп сандагы радиоактивдүү газдарды чыгаруу менен куулук кылган окумуштууга салыштырууга болот. Азыр окумуштуунун өзү көп километр алыс болсо да, эми алар бардык жерге кирип жатышат. Ал күчтүү өлтүрүүчү күчтү чыгарды. Атайын коргоочу костюмдарды кийгендер гана коопсуз болушат. Ыйык Жазууда: «Биз Кудайдан экенибизди, ал эми бүт дүйнө амалкөйдүн бийлиги астында экенин билебиз» (1 Жакан 5:19) деп ачык эле айтылып турат.

Күнөө кылууга карата болгон каалоону бүткүл дүйнөлүк тартылуу мыйзамына салыштырууга болот. Бул бардык жерде болгон жана бардык заттарга таасир этүүчү туруктуу күч. Эгер силер имараттын чатырынан түшсөңөр, бул мыйзамды өзүңөр башынардан өткөрүп, жерге чейин учуп кетесиңер. Кагылышуу абдан сезилерлик болот. Силер жыгылгыңар келбей калышы мүмкүн же тартылуу күчү бар экенин такыр эле билбешиңер же

ишенбешиңер мүмкүн, ошого карабастан, силерге жерге урунуп калууга кепилдик турат.

Окумуштуулар дагы бир мыйзамды - аэродинамика мыйзамын ачышты. Алар белгилүү бир шарттарды жана принциптерди сактоо менен тартылуу күчүн жеңүүгө болорун аныкташкан. Мына ушул принциптердин негизинде ойлоп табуучулар учакты жасашкан. Учакта учуп баратканда тартылуу мыйзамын сезбейсиңер, анткени учакты жерге тарткан тартылуу күчү учактын канаттарынын көтөрүлүшү менен тең салмакталат. Ыйык Жазууда: «Анткени Машайак Ыйса аркылуу өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамынан бошотту» (Рим. 8:2) деп жазылган.

Бул сонун жаңылык!

Мага көбүнчө учакта учууга туура келет. Өткөн жылы эле мага дүйнө жүзү боюнча Жакшы Кабарды таратуу үчүн абада эки жүз миң чакырымдай жол жүрүүгө туура келген. Учакка түшкөндө аэродинамика мыйзамы мени тартылуу мыйзамынан бошотконуна кубанам. Ошентсе да, учкуч капыстан кыймылдаткычтарды өчүргүсү келсе же капысынан канаттары түшүп кетсе, учак жердин тартылуу күчүн толук сезет жана кырсык турган иш. Биз мындан ары тартылуу мыйзамынын артыкчылыгынан ырахат ала албайбыз, бирок, биз ушунчалык ийгиликтүү жеңип алган нерсенин күчү астында болобуз.

Андан ары, Ыйык Жазууда ошол эле ойду улантат: «Ошондуктан, бир туугандар, күнөөкөр табиятыбыздын каалоосу боюнча жашагыдай, күнөөкөр табиятыбызга карыздар эмеспиз. Анткени күнөөкөр табиятыңардын каалоосу боюнча жашасаңар, анда өлөсүңөр» (Рим. 8:12, 13). Өмүрдүн Рухунун мыйзамы бизди күнөөнүн мыйзамынан бошотсо да, бул күнөө мыйзамы өзгөрүүсүз бойдон калууда. Биздин коргообуз же ага үстөмдүк кылуубуз чыныгы ишенимден жана баш ийүүдөн келет.

Жашоо Рухунун мыйзамынын дагы бир аты бар, «ишеним мыйзамы» (Рим. 3:27). Биз ишеним мыйзамы күнөө

мыйзамынан жогору экенин билебиз. Чыныгы ишеним тил алуу боюнча тийиштүү иштерди кылуу катары сүрөттөлөт (Жакып 2:19-23). Ишеним менен баш ийүү ажырагыс нерсе, анткени баш ийүү чыныгы ишетердин далили.

Абыл ишеним аркылуу же Теңирге баш ийүү аркылуу күнөө менен өлүмдүн мыйзамынан жогору турган. Кабылга кайрылып, Кудай мындай деп эскерткен: «Сени күнөө кылууга каалоолор башкарып жатат (бардык нерселерге тартылуу күчү сыяктуу); Эгер Мага баш ийсең, анда сен ага үстөмдүк кыласың (суу көтөрүү мыйзамы тартылуу күчүн жеңгендей). Күнөө баш ийүү аркылуу жеңилет.

## АЧЫК ЖОЛ

Кудайдын Кабылга айткан экинчи сөзү: «Эгерде жакшы иш кылбасаң [Мага баш ийбесең], анда босогоңдо күнөө жатат» (Башт. 4:7). Байкасаңар, Ал *босогоңдо* деген сөздү колдонгон. Ар бир адамдын жашоосунда белгилүү бир каймана эшик бар; сен ал жөнүндө билесиңби же жокпу, ал бар. *Босого* сенин жашооңдун кире беришин билдирет. Бул учурда, бул күнөө жана жиндердин күчү үчүн мүмкүнчүлүк. Кудай эң башынан эле күнөөгө жана жиндердин таасирине ал эшикти *эмне* ачарын жана *эмне* жаап салаарын айтат. Баш ийбестик аны ачат, ошого жараша, баш ийүү аны бекем жабат.

Кабыл менен эмне болду? Ал өзүнүн акылмандыгын жана ой жүгүртүүсүн улантты. Анын жүрөгүнө көрө албастык, андан кийин – таарыныч кирди. Андан кийин жек көрүү пайда болду. Адам өлтүрүү планы пайда болуп, бир канча убакыт өткөндөн кийин, ачуусу келген Кабыл бир тууганын өлтүрөт. Ал душмандык жолуна түшүп алып, Кудайдан коркуу сезимин жоготту. Ал Кудайдын бир тууганы жөнүндөгү суроосуна: «Билбейм; Мен бир тууганымдын кароолчусумунбу?» (Башт. 4:9) деп орой түрдө жооп берет. Ал Кудайга калп айтты, анткени, ал бир тууганынын кайда экенин билген.

Акыл-эси соо, акыл-эстүү ар бир адам Кудай Абылдын кайда экенин билгенин түшүнөт. Бирок, бул жерде ким өзүнүн ой жүгүртүүсүнө кайрылып, жашоосунда баш ийбөөчүлүккө жол берген болсо, ал адам менен эмне болот: ал рухий чындык менен байланышын жоготот. Ал Кудайдын көрүнүшүн өзүнүн чектелген деңгээлине түшүрүүгө аракет кылат жана өзүн Кудайдай акылман, кээде Андан да акылдуу көрсөтөт. Мындай адамды акыл-эси жайында деп айтууга болбойт. Люцифер мунун биринчи мисалы; мыйзамсыздыктан келип чыккан аргументтер аны Кудайды кулатууга жөндөмдүү экенине ынандырган. Кандай гана куру сөз! Бирок, ал көптөрдү өзүнө тарта алган (Ышайа 14:12-17).

Эгер силер Кабыл менен Абылдын досу болуп, окуяны толук билбесеңер, адашып калмаксыңар. Кудайга тырышчаактык менен кызмат кыла баштаган адам кантип мынчалык ырайымсыз өлтүргүч болуп калмак? Бул кантип болушу мүмкүн? Баш ийбестикти улантуу менен, ал күнөө мыйзамына жанынын эшигин ачты. “Ага манжаңды берсең, колуңду да кесип алат” деген сөздү билесиңби? Ал тил албастыктын мыйзамын так сүрөттөйт. Эгер сен ага жашооңду кичине болсо да ачсаң, анда бул дамбадагы жарака сыяктуу. Акыр-аягы, суу толкундуу агым менен аны жарып өтөт. Он сегиз жылга жакын убакыттан бери толук убакыт кызмат кылуу мен үчүн сыймык. Бул мыйзамдын иштешине мен бир эмес, бир нече жылдар бою күбө болдум. Мен адамдардын Кудай үчүн жаркыраган кызматын баштаганын көрдүм. Алар жыйындарында активдүү болуп, Ыйса жөнүндө дайыма күбөлөндүрүшкөн. Алар Кабылга окшош, ал да тырышчаактык менен баштаган. Бирок, убакыттын өтүшү менен, аларда катылган өз башынчалык ачыкка чыккан жагдайлар пайда болду. Бул же Кабылдын окуясындагыдай, Кудайдын түздөн-түз бийлиги аркылуу же берилген бийлик аркылуу болгон. Кандай болгон күндө да, бул бийликке болгон мамилеге байланыштуу болуп келген.

Бул адамдардын бийликке баш ийбей, өжөрлүгүн улантып жатканын көрдүм. Мыйзамсыздык алардын жашоосун толугу менен басып алышын күтүү гана калды. Бул киши өлтүрүүдө айтылбашы мүмкүн, бирок, бир нерсе анык: кандай формада болбосун, ал сөзсүз түрдө өзүн көрсөтөт. Балким, бул ач көздүктөн, жек көрүүчүлүктөн, ачуулануудан, кечиримсиздиктен, чыр-чатактардан, ушакчылыктан, жыныстык күнөөлөрдөн же денени ээлеп ала турган кулчулуктун башка көптөгөн түрлөрүнөн көрүнөт. Бул адамдар таарыныч жана адашуу абалында болуу менен, өздөрүн Кудай менен туура мамиледемин деп ойлошот, калгандары чектен чыгып, мыйзамдуулукка түшүп же Кудай менен байланышын таптакыр үзүп коюшкан.

Кабылдын окуясы сыяктуу кырдаалдарда, адамдар Теңирдин түздөн-түз бийлигине каршы чыгышса, алар Анын бейнесин, бийлигин жана күчүн ого бетер ыңгайлуу деңгээлге түшүрүп, улам барган сайын четке кагышат. Алар Аны Теңирибиз деп моюнга алышат, бирок, чындыгында алар өздөрүнүн бейнеси жана окшоштугунда жаратылган «өзүнүн» Ыйсасына кызмат кылышат. Алар өздөрү билбестен, жүрөктөрүндө өздөрүнүн идеяларын жана максаттарын Кудайдын тактысынан жана бийлигинен жогору коюшкан. Башкача айтканда, алардын жүрөгүндө өкүм сүргөн алдамчылыктын көзү сокур болуп, чыныгы абалын көрүшпөйт.

Эгер Кабылга жаш кезинде, жүрөгү сезимтал, Кудайга кызмат кылып жүргөндө: «Бир күн келет, сен бир тууганыңды өлтүрөсүң» деп айтсаң, ал таң калып, дароо эле: «Бул мүмкүн эмес. Мен муну эч качан кылбайм!" деп жооп бермек. Бирок, кийинчерээк ал мыйзамсыздыкка жол ачып, буга чейин анын оюна келбеген иштерди кылган.

Жыйынга барган жана барбаган адамдар бир күнү Теңирдин алдында турушат жана өздөрүнүн мыйзамсыздыгы үчүн соттолот. Бирок, алардын жашоосун ээрчип жүрсөң, алардын аягы ушундай болот деген ойду эч качан моюнга ала албайсың. Азыр

да алар өздөрүн мыйзамсыздык кылып жатабыз деп ойлошпойт, бирок, Кыямат күнү чындык ачыкка чыкканда: *«Теңирдин жолуна баш ийүүдөн мен кантип мынчалык алыс болуп кеттим эле?»* – деп таң калышат. Жооп абдан өкүнүчтүү: алар Анын чатырынын астында калуу зарылчылыгы жөнүндөгү чындыкты жактырышкан эмес жана кабыл алгылары да келген эмес.

Адашкан адамдар үчүн бир үмүт бар: Кудайдын ырайымы алардын көзүн ача алат, Анын акыйкатынын нуру жалгандыктын кара көшөгөсүн жок кыла алат. Менин жүрөгүмдүн кыйкырыгы жана бул китептин максаты – адамдарды мыйзамсыздыктын алдамчы күчүнөн коргоо жана анын торуна илингендерге чындыктын жарыгын төгүү, ошону менен аларды бошотуу. Мен бул кабарды бүткүл дүйнөгө таратып жүрөм жана ошол жердеги канча адам кандайдыр бир жол менен тил албас болуп калган беле деп сураганымдагы жооп мени таң калтырбай койбойт - адатта жарымынан көбү. Көпчүлүк адамдар: «Чындык жүрөгүмдү жарык кылгыча, мен козголоңчумун деп ойлогон эмесмин» деп, мойнуна алышат.

Мен бул китепти эч качан алданбаган, мыйзамсыздыктын тымызын бийлигинин таасирине кирбеген адам катары жазып жатпаганымды моюнга алам. Жок, мен өзүмдү анын коркунучтуу кучагына кабылдым, бирок, Кудай Өзүнүн ырайымы менен менин жүрөгүмдөгү каталарды жана жолдорумду ачып берди. Мен силер менен өзүмдүн башыман өткөргөн нерселеримди жана өзүмдү бошото алганымды бөлүшөм. Кымбаттуу Теңирибизге ырайымы жана камкордугу үчүн чексиз ыраазымын!

Кудай ырайымдуулугу менен биз тил албастык кылган жерлерге көзүбүздү ачууга аракет кылып жатат, бирок, биз өзүбүздү момун кылмайынча, Кабылга окшоп, чындыкты көрө албайбыз. Кийинки бөлүмдө момундук биздин боштондукка чыгуубузда өтө маанилүү роль ойноорун жана ошол эле учурда текебердиктин трагедиялуу кесепеттерин көрөбүз.

6 – БӨЛҮМ

# ТИЛ АЛБАСТЫКТЫН КАЛТЫРГАН ИЗДЕРИ (2-БӨЛҮК)

*Анча-мынча гана тил алуу, Теңирдин көз алдында тил алуу болуп такыр эсептелбейт.*

Ысрайылдын биринчи падышасы Шабул тил албастык менен ойноштук кылган адам эмне болорун айкын көрсөтүп турат. Анын окуясы трагедиялуу жана биз - ишенгендер үчүн көп сабактарды камтыйт. Теңирдин ага айткан ашкерелөө сөздөрүнөн биз түшүнүктүн ачкычтарын табабыз. Анын жашоосуна көз чаптырсак, Кудайдын бийлигине толук баш ийбестиктин рухий кесепеттери жөнүндө ого бетер айкын түшүнүк берет. Эгер биз кааласак, бул түшүнүк бизди бекемдейт, ал эми, Шабулдун каталары эскертүү катары кызмат кылат. Биз Ыйык Китептен буларды окуйбуз: «Ал эми буга чейин жазылгандын баары биздин үйрөнүшүбүз үчүн жазылган» (Рим. 15:4), ошондой эле: «Алардын башынан өткөн нерселердин баары бизге сабак болуш үчүн болгон. Кылымдын акырында жашап жаткан бизге эскертүү болуш үчүн, кагазга түшүрүлгөн» (1 Кор. 10:11).

# АНЧА-МЫНЧА ТИЛ АЛУУ

Келгиле, Ысрайылдын башкы пайгамбары Шемуелдин Теңирдин буйругу менен Шабулга барган эпизодунан баштайлы. Ал Шабулга бул көрсөтмөлөрдү так аткарууну эскертти: «Эми бар да, амалыктыктарды талкала, анын эмнеси бар болсо, ошонусунун баарын жок кыл. Аны аяба, эркегинен аялына чейин, өспүрүмүнөн эмчектеги баласына чейин, өгүзүнөн коюна чейин, төөсүнөн эшегине чейин кырып сал”» (1 Шемуел 15:3). Буйрук так жана абдан айкын болгон. Амалылыктарга таандык эч нерсе, мейли адамдар, мейли малдар - тирүү калмак эмес. Дем алгандын баарын жок кылуу керек болчу.

Шабул эмне деп жооп бергенин карап көргүлө. Ал: «Мен муну кылбайм. Бул өтө таш боорчулук!» – деп айткан жок. Көбүнчө биз козголоң түшүнүгүнүн көзгө көрүнгөн жагын гана – ачык баш ийбөө жагын гана көрөбүз. Бирок, мунун чындыктан абдан алыс экенин жакында көрөбүз. Жок, Шабул башында макул болгон жок, кийинчерээк да оюнан кайткан жок. Мындай баш ийбестик көбүбүзгө белгилүү. Жок, Шабул бул буйрукту четке каккан эмес жана аны унуткан эмес. Көптөр мындай жүрүм-турумду тил алчаактык деп атоого болбостугуна макул, бирок, алар аны жакшы ниет менен акташат. Көпчүлүгүбүз бул жагдайлар баш ийбестиктин ар кандай формаларын билдирет дегенге кошулабыз, бирок, келгиле кайрадан Шабулга кайрылалы.

Ал ошол замат аскер топтоп, Амалыктыктарга каршы чабуулга даярдады. Баары сонун көрүнүп турду. Ал кол салды да, бардык эркектерди, аялдарды, балдарды жана ымыркайларды өлтүрдү. Он миңдеген адамдар Шабулдун жана анын эбегейсиз аскеринин кылычынан кырылды.

Бирок, Шабул Амалек падышасынын өмүрүн сактап калды. Неге? Балким, ошол кездеги салтты кармангандыр. Эгер сен элди жеңип, анын башчысын тирүүлөй колго түшүрсөң, ал согуш олжосу сыяктуу сенин кулуң болуп калат.

Шабул миңдеген малды кырып жок кылды, бирок койлордун, өгүздөрдүн, бордоп семиртилген козулардын эң жакшысын аяды, баалуу болгонунун баарын сактап, Кудайга бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалып, «Ыйык Жазууга ылайык иш кылышы үчүн» элине берди.» Эми эл Шабулдун иш-аракетин кандай кабыл алганын элестетсеңер. Алар Жахабага жаныбарларды курмандыкка чалып жатып: *«Кандай такыба падышабыз бар, ал дайыма Теңирди биринчи орунга коёт»*, - деп ойлошкон.

Бирок, Кудай мунун баарына башкача карайт. Өкүнүп, Ал Шемуелге: «Мен Шабулду падыша кылып койгондугума өкүнүп жатам, анткени ал Менден бурулуп кетти, Менин сөзүмдү аткарган жок» (1 Шемуел 15:11) деди. Шабул он миңдеген адамдарды жок кылды, бирок, бирөөнүн өмүрүн сактап калды. Ал алдына коюлган тапшырманы 99,9 пайызга орундатты. Анын согуштук жүрүшүндө көбүбүз толук баш ийүүнү көрмөкпүз, бирок, Кудай андан баш ийбестикти көрдү. Өзүнүн пайгамбарынын оозу аркылуу Ал Шабулдун жүрүм-турумун козголоң деп атаган. Ошентип, Кудайдын алдында жарым-жартылай баш ийүү, баш ийүү эмес экенин көрөбүз. Жада калса, 99 пайызга баш ийүү дагы толук баш ийүүгө жатпайт, андан дагы, бул козголоң болуп эсептелет.

«Эмне үчүн менин кылганымдын баарын көрбөйсүң? Сен жөн гана мен кылбаган майда нерселерге гана көңүл буруп жатасың!» – деген коментарийлерди көп угабыз. Шабул муну айткан болушу мүмкүн. Бул аргументтер адамдын логикасына каршы болбосо да, Кудайдын логикасына каршы келет!

Шемуел Шабулга жолукканы барды, ал пайгамбарга шыктануу менен салам айтты: «Сага Теңир батасын берсин, мен Теңирдин сөзүн аткардым» (1 Шем. 15:13). Анын үнүндө кубаныч жана ишеним сезилип турду. Шабул аны чын жүрөктөн айтканына менин күмөнүм жок. Ал чындап эле өзүнө айтылган нерсени аткарганына ишенген, бирок Кудай аны козголоңчу деп айткан.

Кудайдын мурунку түнү айткан сөздөрү менен Шабулдун чын жүрөктөн ишенген сөздөрүнүн ортосундагы мынчалык чоң айырманы кантип түшүндүрүүгө болот? Жоопту төмөнкү сөздөрдөн табууга болот: «Өзүңөрдү алдап, сөздү угуучулар гана эмес, аткаруучулар болгула» (Жакып 1:22). Адам алдында ап-ачык түшүрүлгөн Кудайдын Сөзүнө баш ийбеген учурда анын жүрөгүн көрүүгө тоскоол болгон бир парда каптайт. Бул азгырык. Шабул ой жүгүртүүсүндө жаңылган. Чынында туура эмес болсо да, ал туура иш кылып жатканына ишенген. Анын аргументтери жалпысынан адамдын логикасына карама-каршы келбегенине карабастан, анын ишеними Кудайдын табиятына карама-каршы келген

Бул падышанын жашоосунда биринчи жолу болуп жаткан жок. Буга чейин Шемуел аны тил албастыгы үчүн жемелеген (1 Шем. 13:1—13). Балким, Ыйык Китепте айтылбаган башка учурлар да болгондур. Шабулда өзүнүн баш ийбестиктин модели иштелип чыккан; мындай болгон учурда, чындыкты жаңылыштыктан айырмалоо барган сайын кыйындай баштайт.

## АЗГЫРЫКТЫН ПАРДАСЫ

Кайра төрөлгөндөн кийин биринчи жолу күнөө кылганыңар эсиңердеби? Менин эсимде. Жүрөккө бычак сайылгандай сезим болгон. Кудайдын балдары катары бизге бул сезим тааныш болушу керек. Бул биздин жүрөгүбүздөгү Ыйык Рухтун жемелөөсү. Бирок, биз чыныгы тобо кылуудан баш тартуу менен, өз аракеттерибизди актаганыбызда эмне болот? Эки нерсе болот. Биринчиден: биз өзүбүздү ошол эле тил албастык кайра-кайра кайталана турган абалга койдук. Экинчиден: биздин жүрөгүбүзгө азгырык пардасы жабылып, ошону менен күнөөнү таануу сезими мокоп, анын ордун биздин ой жүгүртүүбүз ээлейт.

Кийинки мындай жаңылуубузда биз ашкерелөөчү

бычактын мурунку курчтугун сезбей калабыз, анткени парда аны жумшартат; биз бир аз ыңгайсыздыкты пайда кылган төөнөгүчтүн сайганын гана сезишибиз мүмкүн. Биз кайрадан өзүбүздү актап, жүрөгүбүзгө чындыкка болгон чакырыктардан тосмо болгон жаңы парда жабылат. Кийинки жолу күнөө кылганыбызда абийирибизде бир аз гана «чымчым» сезебиз. А эгер биз дагы өзүбүздү актап алсак, жүрөгүбүзгө жаңы парда түшөт. Биз кайрадан күнөө кылганыбызда, парда ушунчалык калың жана бекем болуп калат, биз мындан ары эч кандай айыптоону сезбейбиз - бир гана актануу. Азгырык бизден чындыкты жашырып, абийирибиз соолуп калды.

Бул этапта адам ар кандай такыбалыктан биротоло алысташы мүмкүн, же көбүнчө такыбалыктын кейпин сактап, бирок жакшылык менен жамандыкты таанып-билүүнүн каргышы астында динчил жашоону уланта берет. Анын туура жана туура эмес деген сезими азыр Ыйык Рухтун жүрөгүнөн кабыл алынган Кудайдын тирүү Сөзүнөн эмес башка булактан алынган. Жүрөгүнүн алдамчы буйругу менен жашайт. Бул Ыйык Жазуунун өлтүрүүчү тамгасы (2 Корунттуктарга 3:6) же коом эмнени туура же туура эмес деп эсептеген нерсе болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө да, ал тирүү Кудай менен байланыштан чыгып калат. Эми андай адамга Теңир тарабынан жиберилген пайгамбар аркылуу гана жетүүгө болот.

## ҮЧ ЭТАПТАН ТУРГАН ПРОЦЕСС

Адамдын тил албастыгын токтотуу үчүн, Теңир аны белгилүү бир процесстен өткөрөт. Биринчиден, Ал адамга абийир аркылуу жетүүгө аракет кылат. Ал эми, баш ийбестигин уланта берсе, бул азгырык пардасы аны Кудайдын жүрөгү жана көрсөтмөлөрү менен байланышуудан тосот дегенди билдирет. Бул учурда, Теңир Шабул менен Шемуелге окшоп, башка адам аркылуу пайгамбарчылык кылат. Пайгамбарчылык кызматтын

чыныгы максаты — адамдардын Кудайдын жолдоруна көзүн ачуу. Пайгамбарлык миссия менен Теңир каалаган адамды жөнөтө алат. Адам пайгамбарлык кызматына ээ болушу шарт эмес; кабар пастор, ата-эне, жетекчи, бала же дос аркылуу берилиши мүмкүн.

Жакып мындай деп жазган: «Бир туугандарым, ким чындык жолунан четтеген адамды кайра туура жолго салса, ал билип койсун: күнөөкөрдү туура жолго салуу менен ал анын жанын өлүмдөн алып калат жана көп күнөөлөрүн жаап коёт» (Жакып 5:19, 20). Байкасаңар, кабар күнөөгө баткан ишенгендерге багытталган. Ошондой эле, «көп күнөөлөр» деген сөздөргө көңүл бурсаңар. Чындыктан четтөө же адашуу кайра-кайра тил албастыктан келип чыккан.

Бизге жиберилген пайгамбарларды укпасак, Кудай бизге сот аркылуу жетүүгө аракет кылат. Пабыл мындай деп жазган: «Өзүбүздү өзүбүз *соттосок, сотко* кабылмак эмеспиз» (1 Кор. 11:31, курсивти автор кошумчалаган). Бул аятта *соттоо д*еген негизги сөз эки жолу колдонулган. Грек тилинде бул эки башка сөз. Биринчи учурда - «эгер биз өзүбүздү соттосок» - *диакрино* деген сөз колдонулат, бул «көп өлчөмдө ажыратуу» дегенди билдирет. (Бул бузулганды баалуу нерседен ажыратуу үчүн өзүбүздү ичибизден кылдаттык менен текшергенибизде болот.) Бул моюн сунбоочулукту мойнуна алуу жана тобо кылуу аркылуу ишке ашат. Экинчи учурда – “алар соттолмок эмес” – “жазалоо же айыптоо” деген мааниде крино деген сөз колдонулат. Пабыл мындай деп улантып атат: «Бул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн, Теңир бизди соттоп [*крино,* жазаланган], жазалап жатат» (32-аят). Бул дүйнө менен жазаланбашыбыз үчүн, Кудай бизди тил албастыктан ажыратууга умтулат (Мт. 7:20-23; Лука 12:45-48).

Өзүнөн өзү бул суроо туулат: Кудай Өз элин пайгамбарлык эскертүүгө көңүл бурбай же четке какса, кантип соттойт же

жазалайт? Жооп, адатта, кыйынчылыктар, оору жана башка кырсыктар түрүндө келет. Забурчу мындай деп жарыялаган:

> Азап тартканга чейин, мен адашып жүргөм, азыр болсо Сенин сөзүңдү сактап жүрөм... Теңир, Сенин өкүмдөрүң адилет экенин, мени адилеттик менен жазалаганыңды билем (Заб. 118:67, 75).

Эгерде Пабылдын башка котормосунда айткан сөздөрүнө көңүл бурсак, анда баары айкын болот: «Ошондуктан көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес. Өзүбүздү өзүбүз текшерсек, сотко кабылмак эмеспиз». (1 Кор. 11:30, 31).

## ЖАНДУУ МИСАЛ

Мен буга чейин адамдардын жашоосунда Кудайдын сотуна кабылган көптөгөн окуяларга күбө болгом, анткени алар Кудайдын оңдоп-түзөтүүсүнүн алгачкы эки ыкмасын кабыл алышкан эмес. Мунун эң сонун мисалы 1990-жылдардын башында мен Техастагы жаштар лагеринде кабар айтып жүргөнүмдө болгон. Кызмат жумалыгы рухий салгылашуу менен башталды – көптөгөн жаштар жашоосунда жол берилген күнөөдөн улам Теңирге болгон сезимталдыгы жок болуп калышкан. Ар бир кызматта бир нече балдар жана кыздар алдыга чыгып, күнөөлөрү үчүн тобо кылышкан, алардын көбү жыныстык катнашка байланыштуу болгон жана алар Ыйсанын Каны менен кереметтүү түрдө тазаланган. Апта бою тобо кылуунун ушунчалык күчтүү толкунун көрүп, мен акыркы кызматта Кудайлык күчтүн жарыларын чыдамсыздык менен күтүп жаткам.

Кызмат башталганда, мен күткөндөй болбой турганын түшүндүм. Мен дагы бир жолу ашкерелеп, тообо кылууга чакыруунун зарылдыгын сездим. Насаат айтуу убактысы

келгенде, микрофонду алып, сыйына баштадым. Ошондо Ыйык Рух мага мындай деди: *«Бул залда дагы эле козголоң менен жүргөн бир киши бар. Алдыга чыгууга дагы бир мүмкүнчүлүк бер»*. (Мурунку кызматымда козголоң тууралуу кабар айткам.) Мен чакырганда, бир нече адам алдыга чыгышты, бирок алардын арасында ал киши жок экенин жүрөгүм менен билдим. Рухий сезимтал балдар жана кыздар алдыга чыгышты, алар башка маселелерди чечүүнү каалашы мүмкүн.

Ыйык Рух менин жүрөгүмө дагы бир жолу сүйлөдү: *«Ал адамга айт, эгерде ал бүгүн Мага жооп бербесе, анын жашоосуна сот келет».* Жүрөгүмдүн түпкүрүндө укканымды аудиторияга так жеткирдим, дагы бир нече жаштар алдыга чыкты, бирок алардын арасында да жок экенин сездим.

Ыйык Рух мага дагы бир жолу мындай деди: *«Ал киши Мага жооп бербесе, кандай сот болорун айт»*. Ал менин ичимде бул сөздөрдү түзмө-түз басып койду: *«Ал кишиге айт, эгер ал бүгүн Менин чакырыгыма жооп бербесе, ал үч жумадан кийин авто кырсыкка кабылып, кагылышуу болот».*

Мен калтырап, коркуу менен Анын сөздөрүн ишенимдүүлүктө кайталадым. Дагы бир нече адам алдыга чыкты, бирок мен анын арасында жок экенине дагы бир жолу ишендим. Теңир мага кызмат кылууга жана алдыга чыккандар үчүн сыйынууга уруксат берди. Ошондон кийин мен күткөндөй күчтүү кызматка ээ болдук. Көптөгөн жаштар Теңирден аян алышты, кээ бирлери кызматка чакыруу алышты. Кээ бирлери айыгып, жашоосуна багыт алышты. Бул кызмат баарыбыздын көпкө, балким түбөлүккө эсибизде калды.

Арадан бир нече ай өтүп, бир күнү мен жаш пастор менен телефон аркылуу сүйлөштүм. Ал мага жаштар лагери боюнча отчет берди. Ал мындай деди: «Джон, биздин жаштар тобунда бир кыз бар, ал колледждин студенти. Ал бизди башкаларга караганда көбүрөөк көйгөйлөргө калтырды. Ал баш ийүүнү

каалабай, көп кыйынчылыктарды алып келди. Мен анын Ыйык Рух акыркы кызматта айткан адам экенине жүрөгүмдө ишенип турдум. Ал жооп бербегенине, мен абдан капа болдум» (Мен бул кыз жөнүндө эч нерсе билген эмесмин.)

Ал сөзүн улады: «Ошол кызматтан үч жума өткөндөн кийин, ал сен айтып жаткан кырсыкка кабылды. Машина талкаланып калган”. Мени калтырак басты; Мен ага эмне болгонун билгим келди. Мен Кудайдын Рухунан сүйлөп жатканыма ишенгем, бирок ал адам бул трагедия боло электе эле Анын чакырыгын угат деп үмүттөнгөн элем.

Ал сөзүн улады: «Кудай анын өмүрүн сактап калды! Анын абалы оор болчу, бирок айыгып кеткен. Азыр ал таптакыр башка адам. Анын жашоосу толугу менен өзгөрдү!» Ийинден тоо кулагандай болду, Мен ал үчүн сүйүндүм. Дөөттүн сөздөрүн дагы бир жолу уккула: «Азап тартканга чейин мен жаңылыштым бирок азыр мен Сенин сөзүңдү аткарам».

Эми бир нерсени айта кетейин: мунун баарын башыбызга Кудай алып келген эмес. Ал бир канча убакытка Өзүнүн коргоо колун тартып алат жана душмандын бизге сокку уруусуна жол берет, ал эми, андан бизди баш ийүү коргомок. Забурчу мындай деп жарыялаган:

> Адамдарды башыбызга чыгардың. Биз отко да, сууга да кирдик, анан Сен бизди азаттыкка алып чыктың (Заб. 65:12).

Башка котормодо: «Сен бизди молчулукка жеткирдиң», - деп айтылат*. Кырсык бул кызды ойлондурду. Ооруканада ал өкүнүп, тобо кылып, молчулуктун аймагына көчүп барган. Бул Кудайдын оңолууга карата биринчи дарысы болгон эмес, бирок биринчиси иштебей калганда, бул жардам берген. Баардык кырсыктар эле мынчалык бактылуу бүтпөй жатканы өкүнүчтүү. Дагы бир окуя эсиме түшөт. Бир жигит да козголоңчу, мен

өзүм тааныган кызматчы аркылуу эскертүү алды. Ал укпай, аз убакыттан кийин ушундай жол кырсыгына кабылып, ошол жерден каза болгон. Мен тобо кылып, бата алгандарды да, аягы Шабул падышанын окуясына окшош болгон дагы көптөгөн мисалдарды да келтире алмакмын.

## КУРМАНДЫККА КАРШЫ ТИЛ АЛЧААКТЫК

Эми кайра Шабулга кайрылабыз. Шемуел падышанын алданып калганын көрүп, чыныгы пайгамбардай дароо иштин түпкүрүнө кирди. Ал: «Менин кулагымдагы койлордун маараганы жана мен угуп жаткан өгүздөрдүн маараганы эмне?» – деп сурады.

> Шабул ошол замат: «Аларды амалыктыктан алып келишти, анткени эл Кудай-Теңириңе курмандыкка койлордун жана өгүздөрдүн эң жакшысын аяшкан. Калганын биз жок кылдык»
> – деп жооп берди. (1 Шем. 15:14, 15).

Шабул чындыкка бетме-бет келгенде, ал жөн эле күнөөнү элге оодарып койгон. Анын сөздөрү төмөнкүдөй мааниде болгон: «Мен баш ийгим келди, бирок эл мени мажбурлады». Жүрөгү өкүнбөгөн адам баш ийбестикке кабылганда, күнөөсүн башкаларга оодарып, кылган иштери үчүн жоопкерчиликтен кутулууга үмүттөнөт.

Адам ата Кудай менен Обо энени күнөөлөгөн. Обо жыланды күнөөлөдү. Адам туура айтты: Кудай ага аял берди, ал эми, аял ага бул мөмөнү берди. Бирок, аны эч ким аны жегенге мажбурлаган эмес. Ал өз каалоосу менен жеди. Ооба, Обо эне алданган, бирок Кудайга баш ийбөө чечими андан чыккан.

Шабул элди жетектеди, алар аны жетектеген жок. Ал өзүнүн баш ийбестиги үчүн гана эмес, элдин баш ийбегендиги үчүн да жоопкер болгон. Ал элдин үстүнө коюлуп, аларга жетекчилик кылуу жана насаат кылуу ыйгарым укуктары ага берилген.

Жетекчилер, кунт коюп уккула: силерге ишенип берилген элдин жашоосунда жол берген тил албастыгыңар үчүн жооп бересиңер.

Израилдин жол башчысы жана Шемуелдин насаатчысы Эйли анын уулдары Кудайдын буйруктарын четке кагып жатканын билген, бирок эч кандай чара көргөн эмес. Болгону, аларга каймана мааниде «кол чаап» берип, бирок ага берилген бийликти колдонгон эмес, уулдарын ооздуктаган жок. Ошентип, Кудай мындай деди: «Мен ага: "Уулдарыңдын мыйзамсыз иштерди кылып жатканын көрүп туруп, аларды тыйбаганың үчүн – ушул күнөөң үчүн сенин тукумуңду түбөлүккө жазалайм", – деп айткам» (1 Шем. 3:13). Анын уулдары гана эмес, Эйли өзү да соттолду.

Шабул койлор менен өгүздөрдү Теңирге курмандыкка чалыш үчүн багылганын айтып, тил албастыгын актады. Бирок, ал тил албастык менен Кудайга жагымдуу курмандык чалып, Ага кызмат кыла алат деп ойлосо, анда өзүн алдаган болот. Бул козголоңдун тымызын жана алдамчы түрү болгон.

Анан Ыйса шакирттерине мындай деди: «Ким Мени ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана өз айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин» (Матай 16:24). Кээ бирөөлөр айкаш жыгачты алып, азап-кайгыга, башкача айтканда, курмандыктуу жашоого көңүл бурат. Бирок, Ыйсанын сөздөрү боюнча, айкаш жыгач токтоло турган жалгыз нерсе эмес. Өзүн толугу менен четке кагып, бирок ошол эле учурда Кудайдын ой-ниетин же эркин аткарбай жашагандар да бар! Чындыгында, силер өзүңөрдү курмандыкка чалуу жолун тандаганыңар менен, бирок дагы деле Кудайга каршы чыгууда калышыңар мүмкүн!

Ыйса айтып жаткан негизги нерсе - бул *баш ийүү.* Баш ийүүнүн жалгыз жолу – айкаш жыгачты көтөрүү. Анткени, биз пландарыбыз жана каалоолорубуз үчүн өлбөсөк, бара-бара Кудайдын эрки менен адамдык каалоолордун ортосунда калабыз. Эгерде биз жашообузду Кудайга тапшырбасак, анда биз Анын жолуна карама-каршы келген каалоолорубузду аткаруунун башка жолун табабыз жана Шабулга окшоп, Ыйык

Жазууну актоо үчүн колдонобуз. Биз өзүбүзгө: «Тил албастык Кудайга кызмат кылууга киреби?» — деп сурашыбыз керек. Эгер ошондой болсо, анда биздин «ыйык китептик» диний иштерибиздин же курмандыктарыбыздын даңкы шайтанга берилмек, анткени ал - козголоңдун атасы жана кожоюну.

Аидс поярацру:

Ошондо Шемуел Шабулга: «Коё тур, түндө Теңир мага эмне деп айтканын сага айтып берейин», – деди. Шабул ага: «Айт», – деди.

Шемуел мындай деди: «Ысрайыл урууларынын башчысы болгонуңда, Теңир сени падыша кылып майлаганда, сен өзүңдү кичинекей эле адаммын деп эсептечү эмес белең.

Теңир сени: “Бар, күнөөкөр амалыктыктарды кыйрат, аларды кырып жок кылгыча согуш”, – деп жөнөткөн.

Эмне үчүн сен Теңирдин тилин албай, олжого жутунуп, Теңирдин алдында жаман иш кылдың?» (1 Шем. 15:16-19).

Шемуел: «Ысрайыл урууларынын башчысы болгондо, Теңир сени Ысрайылга падыша кылып майлаганда, сен кичинекей эмес белең?» – деди. Башкача айтканда, «Шабул, сен биринчи жолу падыша болуп шайланганда, сен тил алчаак, моюн сунуучу жана момун элең». Шемуел Шабулга падыша болоорун бир нече жыл мурун биринчи жолу айтканда, Шабул ага ишенбей: «Мен Ысрайылдын кичи урууларынын бири Бенжеминдин уулу эмесминби? Менин уруум Бенжемин уруусундагы бардык уруулардын ичинен эң азы эмеспи? Муну мага эмнеге айтып жатасың?» деген (1 Шемуел 9:21). Шабул өзүн падыша катары көргөн эмес. Ал эмне үчүн Кудай өзүнө окшогон арзыбаган адамды тандап алганын түшүнбөй, аң-таң болгон.

Кийинчерээк Теңир аны бүт Ысрайылга тааныштырууну чечкенде, ар бир уруу өкчөмө таш ыргытышы керек болчу. Тандоо Бенжеминдин тизесине, андан Шабулдун үй-бүлөсүнө, андан кийин Шабулга жүктөлдү. «Бенжемин уруусуна

тукумдарга бөлүнүп келүүнү буйруганда, Матрий тукуму көрсөтүлдү. Матрий тукумунун эркектери келгенде, Киштин уулу Шабулдун аты аталды, аны издеп таппай коюшту. Анан Теңирден дагы: «Ал бул жерге келди беле?» – деп сурашты. Теңир аларга: «Ал жүктүү арабалардын арасында жашынып турат», – деп жооп берди» – деди (1 Шем. 10:21, 22).

Анын Кудайдын элин жетектеп бараткааны жөнүндөгү ой эле Шабулду титиреткен. Өзүнүн көз карашында ал кичинекей адам болчу. Шемуел муну эстетип, анан мындай деди: «Мына, Теңир сени жолго жөнөтүп: “Бар, жок кыл”, – деди. Эмне үчүн азыр өзүңдү Теңирден жогорумун деп ойлойсуң? Качан сенин акылмандыгың Кудайдын акылмандыгынан ашып түштү? Сен эмне, Анын ордун ээлеп калдыңбы? Эмне үчүн Кудай жок жерден сен туура менен туура эмести издеп жатасың? Тиги момун, тил алчаак кишиге эмне болду?»

Арабызда Кудайдан көбүрөөк билгендер барбы? Албетте жок! Бирок, биз баш ийбегенибизде, Кудайга жана башкаларга ушуну айткыбыз келет. Өзүңдү атак-даңктын тактысында Отургандан да акылдуу деп эсептөө - акылсыздык. Ааламды гана жаратпастан, аны Өзүнө камтыган, манжалары менен асманга жылдыздарды жайгаштырган Жаратуучу. А бирок, Анын насааттарына көңүл бурбай, биз Анын акылмандыгынан адамдын акылмандыгын жогору коёбуз!

## КОЗГОЛОҢ ЖАНА СЫЙКЫРЧЫЛЫК

Шемуел Шабулду кунт коюп карап, өзүнүн пайгамбарлык чакырыгынын тайманбастыгы менен мындай деди:

> «Тил алуу курмандыктан артык, баш ийүү кочкорлордун майынан артык. Анткени моюн сунбастык сыйкырчылыктай эле, каршы болуу бутка табынуучулуктай эле күнөө» (1 Шем. 15:22, 23).

Шемуел козголоң менен сыйкырчылыкты айкалыштырган: «Анткени тил албастык сыйкырчылыктай эле күнөө». Бул аяттарда *«эле»* деген сөздөр курсив менен жазылганына көңүл бургула. Адатта, Ыйык Китепте түп нуска текстте жок сөздөр ушинтип бөлүнөт. Аларды кийинчерээк котормочулар тактоо үчүн кошуп коюшкан. Тагыраак котормодо *бар* деген сөздү гана колдонуу туура болмок.

Бул текст мындай болушу керек: «Анткени тил албастык - сыйкырчылык.» Бул Ыйык Жазууда контекстти түшүндүрөт. Козголоңду сыйкырчылыкка салыштыруу башка, ал эми чындыгында сыйкырчылык деп айтуу такыр башка. Чыныгы машайакчы эч качан аң-сезимдүү түрдө сыйкырчылыкка барбай турганы анык. Бирок, билип-билбей канчалаган момундар козголоңдун азгырыгынан улам анын таасири астында жүрүшөт?

Сыйкырчылык деген сөз, адатта, кара кийинген бакшынын образы менен байланыштуу. Ал ар кандай сыйкырларды жасайт, шыпыргыда учуп кетет же кристалл шардан келечекти болжолдойт, ал эми бөлмөсүндө бир нерсе тынымсыз шылдырап, отто кайнап жатат. Же, балким, бизге заманбапыраак бир нерсе сүрөттөлөт- мисалы, адамдарга каргыш дубаларын айткан адам. Келгиле, бул эки сүрөттөлүштү тең четке кагып, кандай формада болбосун, сыйкырчылыктын түпкүрүнө карайлы.

Эврей тилинде сыйкыр кесем деген сөз менен белгиленет. Анда *төлгө ачуу, алдын ала айтуу, сыйкырчылык* сыяктуу түшүнүктөр бар. Ошого карабастан, эксперттер бул сөздөрдүн оккультизмге карата так мааниси белгисиз деп ырасташат, бул дегени, ал сөздүн көп варианттуу котормосу бар экенин түшүндүрөт. Маанилүү нерсе, сыйкырчылык кандай формада же кандай ыкмаларды колдонгонунда эмес, анын кандай натыйжа же максатты көздөп жатканында.

Сыйкырчылык жиндердин тармактарынын бирин ачат. Анын максаты жагдайларды, кырдаалдарды же адамдарды ар

кандай жолдор менен башкаруу, көбүнчө рухий дүйнөдө болуп жаткан окуяларды толук түшүнбөстүк менен. Таркалышы чоң болушу мүмкүн: кырдаалды туура эмес түшүнүүдөн тартып, караңгылыктын кандай күчтөрү иштеп жатканын толук түшүнүүгө чейин. Чындыгында, сыйкырчылыкты түшүнбөстүк менен же ишти толук түшүнүү менен да жасоого болот. Анын максаты – башкаруу, бирок жиндердин кийлигишүүсү менен мындай адам сөзсүз түрдө башкаруучудан башкарылуучуга айланат.

## ТИЛ АЛБОО АРКЫЛУУ КУЛЧУЛУК

Жаштардын мурдагы пастору катары мен көп жолу оккультизмге дуушар болдум. Жергиликтүү мектептерде ар кандай деңгээлдеги спиритизмге тартылган жаштар көп эле. Менин жаш лидерлерим мезгил-мезгили менен сыйкырчылыкка же шайтанга баш ийүүчүлүккө аралашкан классташтары менен жолукканын айтышкан.

Мен кабылган оккультизмдин эң кызыктуу принциптеринин бири бул: бир адамды өз жамаатына (сыйкырчылык кылган адамдардын тобу) тартуу менен, алардын лидерлери аны баңгизатка, ичкиликке, никесиз жыныстык катнашка барууга, уурулук кылууга, Кудайдын мыйзамдарына жана адамзаттын этикалык нормаларына карама-каршы келген башка иштерди кылууга дем беришет. Кудай мага чындыкты ачып бермейинче, мунун себебин так түшүнгөн эмесмин: «Козголоң бул – сыйкырчылык».

Аларды: канчалык баш көтөрсөң, ошончолук күч аласың деп үйрөтүшөт жана алар күч издеп жатышат. Бул чындык, анткени козголоң – сыйкырчылык болуп эсептелет. Канчалык көп козголоң чыгарышса, ошончолук шайтандык күчтөрдүн аларга таасир этишине, жашоосун көзөмөлдөөсүнө жол беришет. Кудай белгилеген тартипке жана мыйзамдарга жана Ал тарабынан коюлган бийликтерге каршы чыгышып, алар башкаруучу жин

дүйнөсүнө өз аң-сезими менен мыйзамдуу жол ачышат.

Бул ойлор сыйкырчылар өздөрүнүн шайтандык библиясы деп атаган жерде чагылдырылган. Бир нече жыл мурун, кызматтан кийин, аялым экөөбүз мейманканадагы бөлмөбүздө телеканалдарды которуп жатып, шайтанга баш ийүү менен сыйкырчылыкка арналган каналга чалынып калдык. Мен башка каналга котороюн деп жаткам, бул чындыгында акылмандык, анткени рухий согуш жөнүндө билишибиз керек болгон нерселердин баары Кудайдын Рухунан болушу керек деп эсептейм. Бирок, мен бир мүнөткө токтоп туруу керек экенин сездим. Ал жакта шайтандын библиясын талкуулаган кандайдыр бир шоу жүрүп жаткан, ал эми журналист «Эмнени кааласаң, ошону кыл» деген номур биринчи осуят жөнүндө айтып жаткан.

Бул менин көңүлүмдү бурду. Ошол замат Ыйык Жазуудагы сөздөр эсиме келе баштады. Забурчу мындай деди:

> Ошондо мен: «Мына, мен бара жатам. Түрмөк китепте мен жөнүндө жазылган. Мен Сенин эркиңди аткаргым келет, Кудайым. Сенин мыйзамың менин жүрөгүмдө», – дедим (Заб. 39:8, 9).

Ыйса Өзү жөнүндө: «Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарам», — деген (Жакан 5:30). Көп жылдык изилдөөлөрдөн кийин мен Кудай Ага баш ийип жашагандарды жактырарын түшүндүм. Мунун тескериси да чындык экенин түшүндүм: караңгылыктын рухтары козголоңдо жашагандарды жактырат. «Каалаганыңды кыл» деген осуят Кудайдын Сөзүнө түздөн-түз карама-каршы келет жана бул Кудайдын козголоң жөнүндөгү сөздөрүнө абдан туура келет.

Өз өмүрүн аң-сезимдүү түрдө шайтанга кызмат кылууга арнагандар бул принципти түшүнүшөт, ал эми башкалар азгырылууда болушат. Билимсиздер жаңылыш, мыйзамсыздыкты

эркиндик деп кабыл алышат. Бирок, козголоңдо эркиндик жок. Жаңы Келишим чындыгында эмне болуп жатканын так сүрөттөйт: козголоңчулар жамандыктын кулуна айланат. Петир алардын адашуусун мындайча сүрөттөгөн: «Өздөрү [баш ийбестикти колдогондорго] жок болуунун кулдары болуп туруп, аларга эркиндикти убада кылышат. Анткени ким эмнеден жеңилсе, ал – ошонун кулу» (2 Пет. 2:19).

Чындык ачык эле көрүнүп турат. Ал жакта эркиндик жок, жиндердин басымы жана таасири үчүн жанга жол ачкан кишен жана башкаруу гана бар. Пабыл биздин көңүлүбүздү бул нерсеге кайра-кайра бурган: «Өзүңөрдү тил алчаак кулдар катары кимге тапшырып берсеңер, кимге баш ийсеңер, ошонун кулдары болоруңарды билбейсиңерби? Ошол сыяктуу эле силер өлүмгө дуушар кыла турган күнөөнүн же адилдикке жеткире турган тил алчаактыктын кулдары болоруңарды билбейсиңерби?» (Рим. 6:16).

Ыйса дагы бул принциптин маанилүүлүгүн баса белгилеген: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, күнөө кылган адам – күнөөнүн кулу» (Жакан 8:34). Кабылдын Теңирге курмандык чалууну тандаган тил албастыгы эсиңиздеби? Андан кийин Кудай ага анын тандоосу анын тагдырын чечерин ачык айткан. Кабыл Кудайдын эркин кабыл алып, күнөө (сыйкырчылык) менен башкаруунун эшигин жаап сала алмак, же ал козголоңдо калып, Кудайдын коргоосу жана күчү жок, аны кул кылгысы келген күнөө жүгү менен ийилип калышы мүмкүн эле.

Кудай Кабылга эскерткендей, Шемуел Шабулга да эскерткен. Козголоң Шабулдун жан дүйнөсүнө көзөмөлдөө рухунун таасирине жол ачты жана аны туура рухта болгондо эч качан өзүнө уруксат бербей турган жүрүм-турумга түрттү. Шабул ошо бойдон тобо кылган жок жана Ыйык Китепте (1Шемуел16:14 тө) анын кылмышынан бир канча убакыт өткөндөн кийин анын жашоосуна жаман рух кирип, аны кыйнаганы айтылат. Ошол учурдан тартып жаман рух анын жашоосуна мыйзамдуу кире

алган. Ошондон тартып, Шабулга тынчтык болгон жок, анткени, ал тобо кылган эмес. Ал башында көрүнгөндөй эмес, такыр башка адам болуп калды

Атасынын, ошондой эле Шемуел пайгамбардын бийлигине баш ийген жана Теңирдин эркин аткарган момун жигит жок болду. Тескерисинче, азыр бир кезде жакшы көргөн нерселердин баарын бузган адам болуп калды. Эгер силер ага жаш кезинде: «Шабул, сен ачууланып, сексен беш бейкүнөө дин кызматчыны, алардын аялдарын жана балдарын өлтүрө турган күн келет» десеңер, ал сени айнып калган адам деп, кууп чыкмак. «Бул мүмкүн эмес! Мен муну эч качан кылмак эмесмин!» - деп жооп бермек ал. Бирок, өкүнүчтүү чындык, ал ошону кылгандыкта турат! (1 Шем. 22).

Жаман рух Шабулду көрө албастык, ачуулануу, жек көрүү, чыр-чатактар, киши өлтүрүү жана азгырык менен жашоого түрткөн. Ал ушулардын бардыгына аны башкарууга жол берген баш ийбестиги үчүн тобо кылган эмес. Ал Кудайдын жана өзүнүн да эң берилген кызматчыларынын бири болгон Дөөттү, өлтүрүш үчүн, аны куугунтуктаган. Ал Дөөттү чыккынчы деп эсептеген, бирок чындыгында Дөөт бүт жүрөгү менен Теңирди издеген. Шайтандардын башкаруусунун таасири астында, Шабул калың булут каптаган чындыктын алыста турган көрүнүштөрүн гана көргөн. Чындык калпка, калп чындыкка айланды.

Мындай окуяларга канча жолу күбө болдум! Башкалардын жашоосунда гана эмес, өз жашоомдо да. Өмүрүмдө баш ийбестикке аралашып жүрүүгө аргасыз болгон мезгилдеримди эстеп, ыйлагым келет, анткени мен жалган жашоодо жашагам. Ошол күндөрү мен руханий лидерлеримди мыйзамдуулуктун жана катачылыктын сазына баткан адамдар катары кабылдап, ишенген досторумду жеке душманым деп эсептечүмүн. Мен ансыз деле баш аламандыктын жалындап жаткан отуна май тамызуу үчүн башка козголоңчуларга кошулгам. Биз

өзүбүздү Теңирге жакыныраакпыз деп эсептеп, Кудайдын кызматчыларынын «жаңы мууну» экенибизге ынандык. Ал мага ушунчалык ырайымдуу болгону үчүн, Кудайга шүгүр! Мен сыяктуу тузакка түшүп, алданып калбашыңар үчүн, рухий көзүңөр ар дайым ачык болсун.

## 7 – БӨЛҮМ

# СЫЙКЫРЛАНГАНДАР

*Кудайдын Сөзүнүн жарыгы жалганды ачыкка чыгарат жана адамдын жүрөгүнүн ойлору менен ниетин айырмалайт.*

Козголоң – бул сыйкырчылык. Мыйзамсыздыктын бул жашыруун принцибинин таасиринин кесепеттери бир караганда анчалык ачык болбосо да, азыркы коомубузда да, жыйындарыбызда да ачык эле көрүнүп турат. Бул бөлүмдө мен козголоңдо жүргөн ишенгендерге сыйкырчылыктын тийгизген таасири тууралуу кененирээк айтып берем. Биз Байыркы жана Жаңы Келишимдерден, ошондой эле азыркы жашоодон мисалдарды колдонуп, баш ийбөөчүлүк аркылуу келген көзөмөлдүн таасирин изилдейбиз.

## КАРГЫШКА ТЫЮУ САЛЫНГАН

Алгач Израилди карап көрөлү. Ыбрайымдын тукумдары чөлдө тентип жүргөндө, Маап түздүгүнө кошуун жайгаштырышты. Мындан бир аз мурда эле алар Башан падышасына кол салып, талкалап, алардын аймагы аркылуу жолун тосууга аракет кылган аморлуктарды жок кылышкан эле.

Ысрайылдыктар Маап түздүгүнө чатырларын тиккенде, Балак жана анын адамдары, мааптыктар жана мидиандык аксакалдар тынчсыздана башташты. Эл корккондуктан титиреп кетти. Теңир Ысрайылга мындай деп убада берген: «Сенин

алдыңан Өзүмдүн коркунучумду жиберем, сен арасына барган элдердин баарын дүрбөлөңгө түшүрөм, бардык душмандарыңды сенден качырам» (Чыг. 23:27). Израил ага каршы чыккан элдерди басып алып, эң күчтүү мамлекетти – Египетти жок кыла жаздаганын баары мурда эле билишчү.

Балак падыша Билам пайгамбарга жардам сурап кабарчыларын жөнөтөт. Ал өзүнүн рухий тактыгы жана кыраакылыгы менен белгилүү болгон. Падыша Биламдын пайгамбарлыктары аткарылып жатканын билген. Ал бата берсе, эл бата алды; каргыш айтса, алар каргышка калышат. Балактан эки топ элчилерди кабыл алып, Билам төрөлөр менен падышага барып, Ысрайыл уулдарына каргыш айтууга макул болду. Падышалык тартуулар жана ага көрсөтүлгөн урмат аны бул кадамга барууга көндүрдү.

Эртеси күнү алар Баалдын тоолоруна чыгышты, Билам Ысрайыл уулдарына карады. Ал падышага жети курмандык чалынуучу жай куруп, ар бирине курмандык чалууну буйруду. Анан ысрайылдыктарды каргаш үчүн оозун ачты, бирок анын ордуна батасын айтты.

Падыша абдан нааразы болгон деп, айтып кереги жок! «Ошондо Балак Биламга: «Бул эмне кылганың? Мен сени кас душмандарымды каргап берсин деп алдырбадым беле, сен болсо бата берип жатасың!» – деди (Сан. 23:11).

Ошондо Билам аларга Балактын өтүнүчүн аткаруу үмүтү менен жогорураак деңгээлге өтүүнү сунуштады. Балким, бийик жерден каргыш айтууга дагы күч келет. Анан дагы жети курмандык жайын куруп, кошумча курмандыктарды чалды. Бирок, Билам сыйкырчынын каргышын айтарда, Израилге дагы батасын берди.

Бул кайталана берди. Билам каргышка алгысы келген сайын, батасын айтууга аргасыз болгон. Биламдын экинчи пайгамбарчылыгында төмөнкүдөй күчтүү билдирүүнү табабыз:

«Жакыпка эч кандай көз байлоочулук таасир этпейт, Ысрайылга сыйкыр тийбейт» (Сан. 23:23).

Билам аларга сыйкырчылык да, төлгө да Кудайдын элине каршы иштебей турганын айтты! Кандай керемет жана күчтүү сөздөр! Заманбап контекстте бул аят: «Кудайдын элине каршы иштей турган сыйкырчылык жана Анын Жыйынына каршы төлгө жок!» деп айтылат (Сан. 23:23).

Бул убада бизге дем бериши керек. Бакшылар менен сыйкырчылар кыйкырып, ачууланып, шамдарын күйгүзө алышат. Жаман көздөрүн, сыйкырларын, каргыштарын айтышсын, бирок бул Кудайдын баласына зыян келтирбейт. Тирүү Кудайдын жыйыны менен атаандашуу мүмкүн эмес. Накыл сөздөр китеби (26:2) бул чындыкты ырастайт: «Жөн жерден айтылган каргыш таранчынын бырп этип, чабалекейдин шуу этип учуп кеткениндей, ал орундалбайт».

## КАРГЫШ КАЙТЫП КЕЛЕТ

Мен жаш пастор болуп иштеген жылдарымды кайра карап чыккым келет. Өзүнүн мектебинде белгилүү сыйкырчы деп белгилүү болгон бир кыз, Ыйсаны кабыл алды. Апасы аны шайтанга арнаганда, ал курсакта болчу. Болочоктогу машайакчы катары, ал бир жолу менин жардамчым менен мурунку жашоосун талкуулады. Айрыкча, анын көңүлүн бурган сөздөрдү айтты. Ал: «Биз машайакчыларга каргыш айта албайбыз», - деди.

Жардамчы: «Эмне үчүн?»деп сурады. Ал: «Анткени, биз ушундай кылсак, ал каргыштар өзүбүзгө кайра кайтат», - деп жооп берди.

Көрүнүп тургандай, анын сөздөрү Биламдын айтканына дал келди. Биринчи пайгамбарлыгында ал төмөнкүдөй суроону берген: «Кантип каргыш айта алам? Кудай аны каргабайт» (Сандар 23:8). Эгерде Билам Ысрайыл уулдарына каргыш айткан болсо, анда ал анын башына кайтып келмек. Дөөт мындай деди:

> Мени бузукулардын арам ойлорунан, зулумдардын *козголоңунан* жашыр. Алар тилдерин кылычтай курчутуп, заар сөздөрүн жебедей тартып турушат. Күнөөсүздү жашыруун атып өлтүрүшөт, аны күтүлбөгөн жерден атышат, коркуп да коюшпайт (Заб. 63:3—5, автордун курсив).

Каргыштарды козголоңчулар (сыйкырчылык кылгандар) айтат, бирок такыбааларга тийбейт. Карагылачы, каргыштарды чыгаргандар эмне болот:

> Бирок Кудай аларды жебе менен кыйратат. Алар күтүлбөгөн жерден өлүшөт. Алар өздөрүнүн тили менен өздөрүн кыйратышат. Аларды көргөндөрдүн баары качып кетишет (Заб. 63:8, 9).

Алар өз сөзүнө чалынышат. Башкаларга жамандык кылуу үчүн колдонгон сөздөрү өздөрүнө кайтып келет. Дөөт муну ачык эле сүрөттөгөн: «Менин бутума тузак даярдап коюшту; жаным кыйналды. Алдыма аң казышты, бирок ага өздөрү түшүп калышты (Заб.56:7).

## БАШ ИЙБЕСТИККЕ ТАРТЫЛГАНДАР

Билам ысрайылдыктарды каргоо мүмкүн эмес экенин билген. Ал чындап каалаcard да ишке ашмак эмес. Муса бул окуяны майда-чүйдөсүнө чейин айтып берди: «Анткени силер Мисирден чыкканда, алар силерди нан, суу менен тосуп алышкан эмес, сени каргаш үчүн, Месопотамиянын Пыторунан Бейор уулу Биламды алар сага каршы жалдашкан. Бирок Кудай-Теңириң Биламды уккусу келген жок. Кудай-Теңириң анын каргышын батага айлантты, анткени Кудай-Теңириң сени сүйөт» (Мыйз. 23:4, 5).

Бул силер менен бизге да тиешелүү.

Ачууланган Балак падыша: «Ошондо Балактын Биламга каары кайнап, колун серпип, ага мындай деди: «Мен сени душманымды

каргасын деп чакыргам, бирок сен аларга үч жолу бата бердиң. Ошондуктан өз жолуңа түш, мен сени сыйлайын дедим эле, бирок Теңир сени сыйдан ажыратып жатат» (Сан 24:10, 11).

Падыша Биламга чоң акчалай сыйлык жана анын өлбөс душманына каргыш айтканы үчүн эл арасында сый-урмат берүүнү пландаштырган. Бирок, чындыгында падыша: «Сыйлыгың тууралуу унутсаң болот. Албетте, Кудай сенин ага ээ болушуңду каалабайт. Менин көзүмдөн жогол!» деди.

Билам аябай кыйналды – ал бул сыйлыкты чындап каалаган эле. Так ошол себептен ал ошол жакка барган, эми аны жоготуп алышы мүмкүн. Мындай жоготууларды болтурбоо үчүн, ал Валак менен дагы бир чабуулдун планын бөлүштү. Ал ысрайылдыктарды каргай албасын түшүнсө да, алардын өзүлөрүн кантип өзүлөрүнө каргыш чакырууга мажбурлоону билген.

Козголоң менен сыйкырчылыктын ортосундагы руханий байланышты билген Билам падышага мааптыктарды Израилдин кошуунуна кирүүгө жиберүүнү кеңеш кылган. Алар өздөрү менен кошо буркандарды алып, ысрайылдыктарды жыныстык күнөөгө жана Кудайдын мыйзамдарына каршы козголоңго азгырышмак. Ал козголоң аларды сыйкырдын каргышына батырарын билген.

Мунун ошондой болгонун билебиз, анткени Муса да, Ыйса да падышага бул кеңешти айткан. Муса муну ырастады: *«Биламдын кеңеши менен* Пейорго жагынып, Ысрайыл уулдарынын Теңирден баш тартуусуна себепкер болушкан ушулар. Ошон үчүн Теңирдин жамааты кыйраган» (Сан. 31:16, курсив автордон). Кылымдар өткөндөн кийин Ыйса Биламдын *«Балакты* Ысрайыл уулдарын азгырууга: аларды буркандарга чалынган курмандыктан жегенге, бузуктук кылууга *үйрөткөн»* деп айткан (Аян 2:14, курсив автордон).

Бул Ыйык Жазууда айтылат. Биламдын пайгамбарлыктарынан кийин биз дароо муну окуйбуз: «Ошентип, Ысрайыл Шитимде

жашап турду. Ошондо Ысрайыл эли Маап кыздары менен ойноштук кылып бузула баштады. Алар Ысрайыл элин өз кудайларына чалган курмандыктарына чакырышты. Эл алардын курмандыгынан жеп, алардын кудайларына табына баштады. Ошентип, Ысрайыл Баал-Пейор деген жасалма кудайга табына баштады. Ошондо Теңир Ысрайылга каарданды. бышып калды. Ошондо Ысрайылга Теңирдин каары кайнады» (Сандар 25:1-3). Натыйжада, Израилде катуу чума эпидемиясы чыкты.

Тил албастык каргышка калбаган бул элди жугуштуу оорунун каргышына алып келди: «Кырылган ысрайылдыктардын саны жыйырма төрт миң эле» (Сандар 25:9). Жыйырма төрт миң! Бул трагедиянын масштабын элестете аласыңарбы? Ушул күндөрү учак кырсыгы же бороон-чапкын бир нече жүз адамдын өмүрүн алып кетсе, бул дүйнөдөгү жаңылыктар. Бирок, бул жерде кеп жүздөгөн эмес, жыйырма төрт миңдей адам жөнүндө болуп жатат! Бул Израилдин чөл кезип жүргөн бүткүл убагындагы эң чоң жоготуусу болгон жана ал адамдардын козголоңунан улам болгон.

Радикалдуу баш ийбөө, чума оорусунун радикалдуу түрүнө жол ачты. Алардын козголоңу ачык эле болгон. Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты жыйын чатырынын алдында ыйлап жатканда, Ысрайыл уулдарынан бирөө Мусанын жана жамааттын көз алдында бир мидиандык кызды аны менен көңүл ачууга өз бир туугандарына ачык эле алып келүүгө чейин жеткен (Сан. 25:6).

Чуманы эмне токтотту? Силер болжолдоп жаткандай, - радикалдык баш ийүү!

> Ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу болгон Элазардын уулу Пинехас муну көрүп, жамааттын ортосунан тура калып, найзасын колуна алып, жанагы ысрайылдыктын артынан кирди да, экөө жаткан жеринен ысрайылдыкты да, аялды да ичке сайды. Ошондон кийин Ысрайыл уулдарынын кырылганы токтоду. Ысрайыл уулдарынын жеңилүүсү токтоду (Сан. 25:7, 8).

Төмөнкү ойду дагы бир жолу баса белгилей кетейин: Чума менен оорунун автору Кудай эмес. Ысрайыл уулдары Анын бийлигине каршы чыгып, аны уятсыздык менен тебелеп-тепсешкендиктен, Кудайдын коргоочу пардасы алынып, душманга кол салууга мыйзамдуу уруксат берилген. Бул козголоң менен сыйкырчылык бир эле көрүнүш экенин дагы бир жолу далилдейт жана ал көзөмөлдөөнүн кара күчтөрүнө мыйзамдуу түрдө жол ачат. Израиль каргыштаган адамдын каргышынан кутулуп, бирок баш ийбегендиктен, чоң жоготууларга учурады.

## КИМ САГА КАРГЫШ ЧАКЫРГАН?

Биз буга чейин Байыркы Келишимде козголоң сыйкырчылыктын көрүнүшү экенин тастыктаганын көргөнбүз. Буга окшогон башка дагы көптөгөн мисалдарды табууга болот. Эми Жаңы Келишимге кайрылалы. Элчи Пабыл Галатиядагы Жыйындарга абдан катуу кат жазган. Ал Галатиянын бүтүндөй калкына эмес, жыйындарга арналган. Пабылдын сөздөрүн кунт коюп окусаңар: «Оо, акылсыз Галатиялыктар! Сени ким алдады [*башыңды айлантты?]* (Гал. 3:1).

Анда, токто! Пабыл жыйындарга сыйкырчылардын каргышына калганын айтты! Силер: «Бирок мен Кудайдын элине каршы төлгө жана сыйкырчылык болушу мүмкүн эмес деп ойлогом» деп айтасыңар. Бул чындык. Тил алчаак адамдарга каргыш айтууга болбойт. Бирок, эсиңерде болсун, козголоң же баш ийбестик адамды сыйкырчылыктын астында калтырат.

Менин жардамчымдын боштондукка чыккан мурдагы сыйкырчы менен болгон маегин эстейли. Ыйсанын жолдоочуларына эч кандай каргыш айтылбай турганы жөнүндө анын айтканына канчалык ыраазы болгонун көрүп, ал бат эле муну кошумчалады: «Бирок пастор, биз жыйындагы жылуу ишенгендерге [тил албастарга] таасир эте

алабыз», - деп кошумчалады. Муну ырастоо үчүн Пабылдын: «Чындыкка баш ийбеш үчүн сени ким алдады?» — дегенине кулак салгыла. (Гал. 3:1).

Сыйкырчылык, биринчи кезекте, сыйкырчылар айткан каргыштарды эмес, Кудайдын Сөзүнө баш ийбөөнү түшүндүргөн. Эмнеге? Анткени, козголоң менен сыйкырчылык бир эле нерсе! Чынында, Галатиядагы жыйын тил албастыгынан улам, бир сыйкырчынын каргышына калган.

Мындан ары барардан мурун мен бул фактыны айкындап алышым керек. Бизге ачылбаган нерсеге баш ийбегенибизде эмес, Кудайдын бизге ачык айткандарына баш ийбегенибизде сыйкырдын күчүнүн астында калабыз. Бул Пабылдын сөздөрүн андан ары окуганда айкын көрүнүп турат:

«Акылсыз галатиялыктар, айкаш жыгачка кадалган Ыйса Машайак силердин көз алдыңарга *тартылгыдай* сүрөттөлүп берилбеди беле, ким *силерди* чындыкка баш ийбөөгө азгырды?» (Гал. 3:1).

Бул өзгөчө мисал универсалдуу эрежени ачат. Пабылдын кабар айтуусу аркылуу Кудай жыйындарга ырайымы менен куткарууну ачып берген. Бирок, бир аз убакыт өткөндөн кийин алар өздөрүнүн көз караштарын жана бөтөн каада-салттарды иштеп чыгышты, бул болсо аларды Ыйык Рухтун бир кезде аларга ачык-айкын ачып берген нерсесине баш ийбөөгө алып келди. Алар куткарылуу мыйзамды сактоо менен келет деп ишене башташты. Бирок, биз токтоло турган универсалдуу шарт бул: *качан биз Кудай бизге ачыктан-ачык ачып берген нерсеге баш ийбесек, өзүбүздү сыйкырчылык каргыштын таасири астына калтырабыз.* Неге? Анткени, козголоң – сыйкырчылык.

Мен муну жыйындардан, үй-бүлөлөрдөн жана жеке адамдардан байкадым. Тигил же бул себептерден улам дайыма эле баш ийбестик менен жашаган көптөгөн ишенгендерди жолуктурдум. Алардын көбү анын олуттуу кесепеттерин

билишпейт, анткени, алар баш ийүүнүн ролун төмөндөткөн, бир жактуу ырайым окуусунан улам сокур болуп калышкан. Алардын жашоосунда бир кризис экинчисине алмашат. Алардын ар дайым кандайдыр бир көйгөйү же күнөөлөрү бар, алар эч качан жеңишке жете алышпайт. Алар бир тузактан экинчисине ыргытылат. Ал эми, улам барган сайын, кийинкиси начарлагандан начарлай берет. Бул көйгөйлөр алардын убактысын, күчүн жана ресурстарын жалмай берет. Мындай учурларда жиндердин басымы жана таасири ачылат. Баш ийбестик аларды алсыз кылып койду.

Мен алардын никеси азап жеп, эң жаманы бузулуп жатканын көрдүм. Кээ бирлери кызматта көтөрүлбөй, атүгүл, жумушунан айрылышат. Башкалары уурулардын, финансылык кризистин жана ар кандай кайгылуу жагдайлардын курмандыгы болуп калышат. Көңүлү чөгүп, кимдир бирөөнү күнөөлөшөт. Көбүнчө алар ата-энелери, пастору, кожоюндары, жубайы же балдары, өкмөт же алардын пикири менен макул болбогон башка бирөөлөр тарабынан берилген туура эмес тарбияга кайрылышат.

Чынында, бири-бирин жеген эки кылмышкер бар. Биринчиси - азгырык. Кудайдын Сөзүнө баш ийбеген адамдардын жүрөгүн караңгылык басып алды. Экинчи кылмышкер – башкаруучу рухтардын айлакер тузагы, алар адамдын баш ийбестигинен пайдаланып, каалаган учурда ага кол салышат. Пабыл козголоңчуларга каршы күрөшкөн ишенимдештерине мындай деген: «Теңирдин кулу ... ал бардыгына кичи пейилдик менен мамиле кылуусу, үйрөтүүгө жөндөмдүү жана сабырдуу болуусу зарыл. Каршы чыккандарга момундук менен насаат айтышы керек. Чындыкты таанып билиши үчүн, Кудай аларды тобо кылдырар, алар өзүнүн эркине баш ийдирүү үчүн туткундап алган шайтандын торунан бошонушар» (2 Тим. 2:24 -26). Маселе, азгырыктын туткундары өз айыбын жашыруу үчүн башкаларды

күнөөлөп жатканында жана бул аларга, эмнеден кутулуу керектигин көрүүгө мүмкүндүк бербейт.

Анын Сөзү үчүн Кудайга даңк. Анын жарыгы куулукту ачып, адамдын жүрөгүндөгү ой-ниеттерин ачыкка чыгарат. Тилекке каршы, өздөрүнүн тил албастыгынан жапа чеккен көптөгөн адамдар өз каталарынан сабак алуудан баш тартышат. Алар сабак алуунун ордуна башкаларды күнөөлөп, тил албастыктын чөлүндө жүрө беришет.

## “СЕНДЕ БООРУКЕРДИК ЖОК»

Бир адам өз катасынан сабак алган учур эсимде. Мен жыйын менен Ыйык Китеп мектебинен турган эл аралык кызматта бир нече убакыт кызмат кылуу сыймыгына ээ болдум. Мен бул кызматты жакшы көрчүмүн жана баалайм, бул менин жашоомо чоң таасирин тийгизди. Бир күнү жетекчи мага телефон чалып: «Джон, мен кызматтагы бардык жакын досторума чалып, бул жөнүндө биринчи башка булактардан кабар албаш үчүн, жакында эмне болорун айтып жатам. Айтайын дегеним, мен аялым менен ажырашам. Турмуш курганыбызга он сегиз жыл болду, эми ойлорубуз да, жашоого болгон көз карашыбыз да карама-каршы багытта кеткендей болдук. Биз жубайлар катары бир иштИ чогуу аткарбайбыз, ар бирибизге такыр ар башка нерселер жагат. Көптөгөн жылдар бою биз кырдаалды оңдоого аракет кылдык, бирок абал андан да начарлап кетти».

Мен өз кулагыма ишенген жокмун. Мен ойлогон бир гана нерсе: *«Жок, суранам, андай кылба».* Мен бул түгөйлөрдү жана алардын кызматын жакшы көрчүмүн. Мен аябай шок болуп, унчукпай калдым.

Мен унчукпай калдым, ал сөзүн улады: «Эми, Джон, сен билесиң, мен Ыйсаны абдан жакшы көрөм, эгер мен туура эмес болсом, Ал мага көрсөтөт». Бул кызматчы дагы бир нече мүнөт өзүнүн абалын айтып, анан трубканы койду. Анын сөздөрүн

дагы эле сиңирип жаткандыктан, дээрлик унчуккан жокмун.

Эртеден кечке уккандарымдан кутула албадым. Мен ал сөздөрдү кайра-кайра кайталадым. Башымда: «Мунун баары жаман түш окшойт» деген ой айланып жатты. Тынчсызданган ойлорго чөмүлүп, Ыйык Рух мага бул кишини чакырып, ага чындыкты айт деп айтып жатканын сездим.

Эртеси эртең менен анын номерин тердим. Мен бул суроону эртең мененкиге калтырдым, ошондуктан, менин жообум каршылыктын шашылыш реакциясы эмес, Рухтун жообу болду. Бул кызматчы менин үнүмдү таанып: «Салам Джон, кандайсың?»- деди.

Сөздү мен баштадым: «Мен сени менен ажырашуу тууралуу дагы сүйлөшкүм келет. Айтчы, аялың сени алдадыбы? Ал: «Албетте, жок!» деп жооп берди. Анан мен: “Сенин кылганың туура эмес. Ыйса ажырашуунун бирден-бир себеби ойноштуктун күнөөсү болушу мүмкүн экенин ачык айткан (Мт. 5:32), ал эми Малахияда Кудай ажырашууну жек көрөөрүн, анткени ал биздин кийимдерибизди зордук-зомбулук менен жаап жатканын айтат (2:16). Кечээ сен мага Ыйсаны сүйөөрүңдү айттың, эгер туура эмес иш кылсаң, Ал сага муну көрсөтөт. Бирок, эмне үчүн Ал сага бир нерсени көрсөтүшү керек, Ал бул жөнүндө Өзүнүн пикирин Өз Сөзүндө ачык айткан да? Кантип билип туруп, Кудай буйруган нерсеге каршы чыга аласың? Эгер ушундай кылсаң, кантип жыйналыштын же Ыйык Китеп мектебинин алдында туруп, аларга кантип ыйыктыкта жүрүүнү, күнөөгө же жиндерге каршы туруу керектигин айта аласың? Сен өзүңдү жана кызматыңды көйгөйлөр жана азгырыктарга ачып жатасың”, - дедим.

Кызматчы менин сөзүмдү кескин бөлүп: «Джон Бивер, сен менин ордумда болгон эмессиң жана сенде эч кандай боорукердик жок!» – деди.

Ошондон кийин ал трубканы коюп койду. Жарым сааттан

кийин менин кеңсемден ошол жыйындагы менин кызматым жокко чыгарылгандыгы тууралуу кабар келди. (Үч айдан кийин анын жыйынында кабар айтам деп жаткам.) Мен аялыма минтип айттым: «Алар муну жасаарын билчүмүн, бирок, мынчалык бат болот деп ойлогон эмесмин». Алар менен болгон бардык байланыш таптакыр үзүлүп, кийинчерээк ошол жыйынга транзит менен барган дагы бир кызматчы менин атым ал жерде жөн эле ылайга аралашып кеткенин айтты. *«Менин кылганымдын баары – бул чыныгы дос болуу үчүн болгон аракет»,-* деп ойлогом.

## СОТТУН ОЙГОНУУСУ

Таң калганым, жети айдан кийин ошол эле кызматчы мага телефон чалды: «Джон, мен сени менен ачык сүйлөшүшүм керек. Мен трубканы коюп, биз менен болгон сүйлөшүүңдү токтоткондон кийин эмне болгонун билесиңби? Ошентип, бир айдан кийин бөйрөгүм иштебей калып, аман калуу мүмкүнчүлүгүм 50/50 болуп калды. Экинчи диализден кийин ойгонуп кеттим: «Ажырашуу менен эмнеге жетишип жатам? Мен коркунучтуу ката кетиргенимди түшүндүм жана бөйрөк оорусу мага эскертүү болду. Мен аялыма телефон чалып, мойнума алдым. Ошондон кийин мен бүт жыйындын жана Ыйык Китеп мектебинин алдына чыгып, эл алдында өкүнүп тобо кылдым. Мен мектептеги окуучуларга мындай дедим: “Мен Джон Бивердин сапарын токтоттум, анткени, ал мага ажырашууга арыз берип жатканда ката кетирип жатканымды айткан эле. Мен ага чалып, кайра келишин суранам”. Джон, кайра келе аласыңбы?»

«Албетте», - деп жооп бердим. Мен ал үчүн абдан сүйүндүм жана андан кийин ага чоң урмат-сый менен мамиле кылдым. Анын айыгып кетиши күтүлгөндөн алда канча тез болгонун да кошумчалай кетели: бир жылдан кийин бөйрөгүн алмаштыруу

операциясы болгон, имплантацияланган орган эч кандай кыйынчылыксыз, эң сонун тамыр алган. Бул кызматчы эч качан кызматын калтырган эмес. Анын айыгып кетүү процесси дарыгерлерди таң калтырды. Мындан тышкары, анын жашоосуна тобо кылуу менен, чоң рухий күч кирди. Жылдар өттү, азыр бул киши мурдагыдан алда канча эффективдүү жетекчи, эң популярдуу Жакшы Кабарчы болуп, анын үй-бүлөсү болсо, абдан бактылуу. Мен бул түгөйлөр менен жолуккан сайын, алардын бири-бирине болгон сүйүүлөрү ушунчалык айкын болгондуктан, аны көз жаздымда калтыруу мүмкүн эместигин баамдайм. Алардын бир кезде ажырашуу алдында турганын силер эч качан ойломок да эмессиңер.

## ҮЧ ЖАРЫМ АЙГА СОЗУЛГАН ООРУ

Мен бул кызматчыны соттой алган жокмун, анткени буга чейин ушундай окуяны башыман өткөргөн элем. Кеп менин үйлөнүүм жөнүндө эмес, кызматтагы тил албастык жөнүндө болду. Биз "Джон Бивер кызматын" биринчи жолу уюштурганыбызда, Теңир бизге: Анын эркин билбесек, ал жакшы сезилгендиктен эле, кандайдыр бир кызматка кирүүгө аракет кылбагыла деп ачык-айкын буйрук берген.

Арадан бир нече жыл өтүп, кызматыбызды кеңейтүүгө чоң мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бирок, Кудай мага жана аялыма «жок» деп ачык айткан; биз бул сунушту кабыл албашыбыз керек эле. Ошого карабастан, бизге жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштаган адам айтканынан кайткан жок, ал мага кошомат кылды. Мен уга баштадым. Көп өтпөй мен Кудай жүрөгүмө салган сөздү төгүнгө чыгаруу үчүн, логиканы колдоно баштадым. Мен баш аламан болдум, ой жүгүртүүм акылымды булуттады. Аялым мени мындай кылба деп көндүрүүгө аракет кылды, бирок көп өтпөй мени ынандыруу мүмкүн эмес экенин түшүндү. Акыры сунушту кабыл алдым.

Куткарылгандан бери мен эң сонун ден-соолукка ээ болдум, демек, дээрлик ооруган жокмун (Кудайга шүгүр). Мен сейрек ооруп калам, эгер мындай болуп кетсе, эреже катары, оору бир-эки күндө эле өтүп кетет. Мен айкаш жыгачта күнөөлөрүбүздүн кечирилиши менен бирге Ыйса бизге Кудайдын ден соолугун да бергенине ишенем (Ышайа 53:4, 5; Забур 101:2, 3). Бирок, ошол сунушту кабыл алган күнү мен ооруп, ичимдеги үйүлгөн дарттан арыла албай калдым.

Баары сасык тумоо менен башталды. Мен акыркы он жылдан бери биринчи жолу кустум. Оору менен бир нече күн күрөшкөндөн кийин, мен вирусту жуктуруп алдым. Жубайым экөөбүз үйлөнүү тоюбуз күнүн майрамдоого шаардан чыгып кеттик, ушул күндөрү температурам 38°Ска чейин көтөрүлүп, эс алуубуз да көңүлдүү болбоду. Аптанын аягында мен ысытма жана тамак оору менен солкулдап кабар айттым. Кийинки жумада ысытма басылган жок, ооруп жатып, Канададагы кызматтарга катыштым. Мен катуу ысытма менен кабар айтып, бөлмөмө кайтып келген сайын титиреп, керебетке жыгылып, кийинки кызматка чейин ошол жерде жаттым. Күчтөр чыгып жатты. Үч жума бою ысытма басылган жок. Биз эмне болуп жатканын түшүнө алган жокпуз; буга чейин бир да жолу мындай оору менен күрөшкөн эмесмин. Мен сыйынып, Кудайдын Сөзүн жарыялап күрөштүм, бирок андан кутула албадым. Врачка барсам күчтүү антибиотик жазып берди. Мен бат эле айыгып кеттим.

Бирок, дарылоо курсу аяктагандан бир жума өткөндөн кийин, мен бизден бардык күч-кубатты алып турган коркунучтуу суук тийүүгө кабылдым. Мени карап туруунун өзү аянычтуу болчу: тамактын оорушу, кебезге толтурулгандай болгон башым жана башка көптөгөн жагымсыз белгилер. Кызматты кеңейтүүгө милдеттенгенимден бери бир нече жумадан бери бул абал уланууда.

Суук тийгенден кийин чет өлкөгө барганда дубалдан

кулап, тиземди кокустатып алдым. Жараат ушунчалык катуу болгондуктан, бир нече жума бою адегенде коляска менен саякаттап, анан бутума шпинат кийгизип жүрүүгө туура келди. Анан вирус мени кайра жыкты. Температура 39 градуска чейин көтөрүлүп, кайра эч нерсе түшүрө алган жок. Кайрадан доктурга барып, таблетка менен дарыланууга туура келди. Дагы бир ооруга чалдыкпай бир жума да жашай албай калганга окшодум. Мунун баары үч жарым айга созулду.

Мен ар кандай оорулар менен күрөшүп жүрсөм, жубайым бир күн да ооруган жок. Физикалык көйгөйлөрдөн тышкары дагы көптөгөн көйгөйлөр бар. Мен ал менден күчтүүрөөк болгондуктан, ордунан жылдыруу мүмкүн эместей көрүнгөн бир каршылаш менен күрөштүм. Билип туруп тил албастыгым мени каргышка калтырды!

## ЧЫНЫГЫ ТОБО КЫЛУУ АРКЫЛУУ ТЕЗ БОШОНУУ

Арадан төрт ай өттү, мен күнөөмдү мойнума алдым. Ошого карабастан, мен дагы эле мага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга туура келди, эгерде табияттан тышкаркы кийлигишүү болбосо, мен андан чыгуунун жолун тапмак эмесмин. Күндөрдүн биринде жубайым экөөбүз кол кармашып, тообо кылып, Кудайдан ырайым сурадык, ошондо Ал бизди тузакка айланып калган бул узак мөөнөттүү милдеттенмеден сууруп чыкты.

Бир нече айдан кийин жубайым экөөбүз башымдан өткөн нерселердин баарын сүйлөшүп, жараларымдын баары тил албастыктын айынан болгон деп чечтик. Тообо кылсам, ден соолук мага кайтып келгенин көрдүк. Бизге оорчулук келтирген башка көйгөйлөр да артта калды.

Ошол убакта мага Жакыптын сөздөрү айкын болду. Мен аларды көбүнчө айтып калаар элем: «Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качып кетет» (Жакып 4:7). Мурда кол салууга кабылганымды сезгенимде, караңгылыкка катуу

каршылык көрсөтүп, Кудайдын Сөзү менен куралданып жана ар дайым натыйжаларды көрчүмүн. Бирок, анда баары башкача болуп калды. Бир күнү бул аятты кайра окуганымда, мен Жакып айткандын: «Кудайга моюн сунгула; шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качып кетет» жарымысын гана айтып жүргөнүмдү байкадым: (4:7).

Биз Кудайдын бийлигине баш ийүү жана моюн сунуу аркылуу шайтанга каршы турабыз. Көгөргөнчө, Ыйык Китептен цитата келтире аласың, бирок тил албастык менен жашасаң, натыйжасын көрбөйсүң.

## МААНИЛҮҮ ТАКТОО

Сураныч, бир нерсени түшүнсөңөр: эгер адам кыйынчылыктарга, ооруларга, көйгөйлөргө туш болсо, мунун баарынын эле себеби баш ийбестик дегенди билдирбейт. Көптөр тил алчаак жашап жүрүп эле, азап чегишет. Мисалы, Дөөт дал ушундай адам болгон. Анын ичинде бир тамчы да козголоң болгон эмес. Ал Өкүмдарынын каарын келтире турган эч нерсе кылган эмес. Бирок, ошентсе да, ал үңкүрлөрдө, чөлдөрдө жана жапайы жайларда жашоого аргасыз болгон. Ал үйү жок, мекени да жок адам эле. Көп жылдар бою селсаяктай болуп, тынымсыз жокчулукта жашады. Кээ бирөөлөр аны айыптап, анын бардык азап-кайгысынын себеби тил албастык деп ойлошкон, бирок сезимтал руху бар адамдар анын үстүнөн Кудайдын колун көрүп, жаңы формадагы падышанын мүнөзүн калыптандырышкан жана Кудайдын анын жашоосуна ырайым кылганын сезишкен. Бул анын көрсөткөн акылмандыгынан көрүнүп турду.

Баш ийип жашап, бирок азап-кайгыга чыдаган адамдардын дагы көптөгөн мисалдары бар. Ыйса, Жусуп, Анна, Даниел, Жеремия жана Аюб алардын айрымдары гана. Тил алчаак адам менен сыйкырчылыктын каргышы астында жашаган адамдын кыйынчылыктарынын айырмасы, биринчилери руханий жактан

ийгиликке жетишет. Андайлар башын дубалга урбайт; чынында эч кандай жылыш болбосо, алар тоолорду ашып өтүшпөйт.

Кабыл менен баары башкача болгон. Анын баш ийбестиги чоң азап-кайгыга алып келген. Ал таарынып, тобо кылгысы келген жок, бул аны өмүр бою каргышка алып келди. Ал калган жылдарын сүргүндө, селсаяк катары өткөргөн. Анын максатсыз, үмүтсүз кыдыруулары келечек муундарга үлгү жана эскертүү.

Мен бул бөлүктү мындай эскертүү менен бүтүрөм: акыркы эки бөлүмдөгү чындыктарды үзүп албагыла жана аларды башкаларды айыптоо үчүн колдонбогула. Алардын кыйынчылыктары, алар Кудайдын даңкына келе турган сыноо болушу мүмкүн. Бул бөлүмдүн максаты — Кудайдын бийлигине баш ийбөөнүн олуттуулугун түшүнүүгө жардам берүү. Эгер силер козголоңдо болсоңор, өзүңөрдү соттоп, жашоо жолуна кайра түшүү үчүн, бул чындыктарды колдонгула.

3-БӨЛҮК

# КУДАЙДАН КОЮЛГАН БИЙЛИКТЕР

8 – БӨЛҮМ

# Рулда ким турганын Кудай билеби

*Эгерде биз Кудайга тил алчаак болууга үйрөнсөк, бизге башка адамга берилген Кудайдын бийлигин таануу кыйынга турбайт.*

Биз Теңирдин түздөн-түз бийлигине баш ийүүнүн маанилүүлүгүн толук түшүндүк. Эми Кудай белгилеген бийликтерге баш ийүүнүн маанилүүлүгүн талкуулайлы. Кириш сөз катары, келгиле, экинчи бөлүмдө биз буга чейин караган Ыйык Жазуунун үзүндүсүнө кайрылалы:

> Ар бир адам жогорку бийликтегилерге баш ийсин. Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон. Мына ошондуктан бийликке каршы чыккан адам Кудайдын тартибине каршы чыккан болот. Каршы чыккандар болсо өздөрүн өздөрү жазага дуушар кылышат (Рим. 13:1, 2).

## ЖОГОРКУ БИЙЛИКТЕГИЛЕР

Биринчиден, жогорку бийликтегилер кимдер? Бул жерде Пабыл мамлекетти башкарган жарандык бийлик жөнүндө айтып жатат. Бирок, бул башкарып жаткан бийликти гана эмес,

орнотулган бийликтин башка тармактарына да тиешелүү; жана бул аяттарда окугандарыбыз бийликтин бардык деңгээлиндегилерге тиешелүү болушу керек.

Жаңы Келишимде орнотулган бийликтин төрт чөйрөсү жөнүндө айтылган: жарандык, жыйындагы, үй-бүлөлүк жана коомдук. Социалдык тармакка мен жумуш берүүчүлөрдү, мугалимдерди жана ишкана башчыларын камтыйм. Жаңы Келишимде ар бир тармак үчүн өзүнчө көрсөтмөлөр берилген, бирок көпчүлүк учурда бул көрсөтмөлөр мамлекеттик бийликтин бардык чөйрөлөрүнө тиешелүү.

Бул аяттардын «ар кандай жан» деген биринчи сөздөрүнө көңүл бурсаңар. Эч кандай өзгөчөлүк жок, андыктан аны акылыңарга түйүп алгыла. Бул сунуш эмес, буйрук. Теңир эч кандай сунуштарды жана кеңештерди бербейт.

Андан ары окуйбуз: «Ар бир адам жогорку бийликтерге *баш ийсин».* Грек тилинде «баш ийүү» деген сөз аскердик лексикада колдонулган *hupotasso* термини менен белгиленип, «башчынын буйругу менен (жоокерлерди) аскердик тартипте тизүү» дегенди билдирет. Жарандык чөйрөдө ал «өз ыктыяры менен баш ийүү, жоопкерчиликти моюнга алуу жана жүктөрдү көтөрүү» дегенди билдирген (Тайердин грек сөздүгү). Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул сөз ушул жерде колдонулгандай бизди бийликке өз ыктыяры менен баш ийүүгө, аларды сөзсүз угууга чакырат.

Ар бир адам бийликке баш ийиши керек, анткени бардык жогорку бийликти Теңир орноткон. Бардык бийлик Кудайдан келген. Өзгөчөлүктөр жок. Чындыгында, бул аятта колдонулган сөз гректин *tasso* деген сөзү болуп саналат, ал *«дайындоо, белгилөө же орнотуу»* дегенди билдирет. Анан да эч кандай жол менен анын кокустук мааниси жок, башкача айтканда, түздөн-түз дайындоо жөнүндө сөз болуп жатат. Бардык бийликти Кудай дайындагандыктан, биз аларга урмат көрсөтпөгөнүбүздө же баш ийүүдөн баш тартканыбызда, алардын артында Турганга баш

ийбей жаткан болобуз. Биз муну билсек да, билбесек да Кудай белгилеген тартипке жана бийликке каршы чыккан болобуз. Ал эми, Теңир орноткон бийликке каршы чыкканда, биз Кудайдын өзүнө каршы чыккан болобуз!

Биз, бийлик менен мамиле кылганда, машайакчылар катары, биз жеке адамдын жана анын ээлеген позициясынан жогору карашыбыз керек. Бийликке баш иебиз, анткен, аларга берилген бийлик Кудайдан. Бул киши бизге жагабы, жакпайбы, ал бул орунга биздин оюбузча татыктуубу, татыктуу эмеспи, баары бир, биз ага урмат-сый менен мамиле кылабыз. Көп учурда ишенгендер Теңирге баш ийүүгө үгүттөшөт, бирок, орнотулган бийликке баш ийүүгө көңүл бурушпайт. Бул адамдар азгырыкта жашап жатышат!

Эгер биз Кудайга баш ийүүнү үйрөнсөк, башка адамдагы Кудайдын бийлигин таануу кыйын болбойт. Кимге баш ийүү керектигин тандоо зарылдыгы: түздөн-түз Кудайдын бийлигинеби же орнотулган бийликкеби деген жагдайлар пайда болобу? Сөзсүз! Бирок, көптөгөн ишенгендер ойлогондой, көпчүлүк учурда эле андай болбойт. Бир гана өзгөчөлүк бар, аны биз кийинки бөлүмдөрдүн биринде кеңири талкуулайбыз. Маселе, көптөгөн машайакчылар баш ийүү - бул өзгөчөлүк, бирок жеке тандоо эркиндиги - ар бир адам үчүн эреже болуп саналат деп эсептешкендигинде. Мындай тыянактар бизди кыйроого алып келиши мүмкүн. Биз мурунку бөлүмдөрдө көргөндөй, мунун кесепеттери коркунучтуу болушу мүмкүн. Бул бизди Теңирдин соту астына гана койбостон, жин-шайтандык күчтөргө да мыйзамдуу жол ачат. Эгер биз Кудайга баш ийүүнү жана бата алууну кааласак, берилген бийликке баш ийүүдөн башка аргабыз жок.

## ЗУЛУМ БАШКАРУУЧУЛАР КУДАЙДАНБЫ?

Демек, Ыйык Китепте бардык бийликтер Кудай тарабынан дайындалат жана биз аларды урматтап, баш ийишибиз керек деп айтылат. Бул жерде көбүнчө адамдардын аң-сезиминде дубалдар

пайда болот. Эң кеңири тараган аргумент төмөнкүдөй: «Бирок, албетте, жаман жана ырайымсыз башкаруучулар бар. Аларды Кудай буйруган деп кантип айтасың?» Бул суроого жооп берүү үчүн, диктаторлордун эң жаман мисалдарын - Гитлер менен Сталиндин категориясынан - өткөн кылымдын эң адамгерчиликсиз жана катаал башкаруучулары катары таанылган адамдарды эстеп көрөлү. Менимче, бул категориянын өкүлдөрүнө караганда катаал жана жаман адамдарды мындан ары табууга болбойт дегенге баары макул болот болуш керек. Туурабы?

Эми Мисирдин башкаруучусу фараон жөнүндө сөз кылалы. Ал, албетте, бул категорияга кирет. Анын тушунда ысрайыл эли катуу кысымга дуушар болгон. Фараон адамдарды кул кылып, кыйраткан, физикалык жана моралдык жактан эзген, эгер бул аздык кылса, миңдеген адамдарды салкын кандуулук менен гана өлтүргөн. Ал адам болобу, Кудайдын Өзүнө болобу, баарына текеберлик жана бой көтөрүү менен караган. Фараондун күчү кайдан келет? Анын бийлиги астында Кудайдын эли эмнеге келген? Бул эмне кокустук болдубу?

Ыйык Жазууга ылайык, Кудай Муса аркылуу фараонго: «Мен сени сактадым» деген (Чыг. 9:16). Пабыл муну Римдиктер 9:17де ырастаган. Бул эки шилтемеден биз бул чындык ишенимдүү жана аны чечмелөөдө эч кандай ката жок деген тыянак чыгара алабыз: ал эки адамдын күбөлүгү менен тастыкталган (Жакан 8:17). Фараонду бийликке шайтан эмес, Кудай көтөрүп, орноткондугунда шек жок. Башкача айтканда, Кудай Фараонго Ыбрайымдын урпактарынын үстүнөн бийлик берген. Бул «бардык бийликти Кудай дайындаган» дегенге толук дал келет.

Эми алар бул таш боор өкүмдардын бийлигине кантип өткөнүн көрөлү. Кудай Ыбрайымга жетимиш беш жашында көрүнүп, баш ийсе, андан улуу эл чыгаарын айткан. Ыбрайым Теңирге баш ийгендиктен, анын тил алчаактыгы Кудайга ушунчалык жаккандыктан, урпактар аны «ишенимдин атасы»

деп аташкан (Рим. 4:11, 12). Ыбрайымдын тил алчаактыгына жооп кылып, Кудай аны менен келишим түздү, ал эми Ал: «Ошондо Теңир Ыбрайымга мындай деди: «Билип ал, сенин укум-тукумуң бөтөн жерде келгин эл болот. Аларды *кул кылып,* төрт жүз жыл *эзишет»* (Башталыш 15:13).

Ооба, мындайды кабыл алуу кыйын! Төрт уулдун атасы болгондуктан, балдарыма, неберелериме, чөбөрөлөрүмө ушундай мурас калтырылса, сүйүнмөк эмесмин. Мен бул пайгамбарчылыкты үйрөтүүчү же ишендирүүчү деп атабайм. Ойлонуп көргүлөчү: мен жаңы миң жылдыктын биринчи кылымында жашап жатам жана менин тукумума болгон мындай мамиле 2400-жылга чейин созулмак! Азгырыктарга алдырбоо жана: *«Бул мага Кудайга баш ийгендигим үчүн берилген убада жана батабы?»* - деп ойлонбой коюу оңой болмок эмес. Андан да кызыгы, бул пайгамбарчылык Исхак энесинин боюна бүтө электе эле айтылган.

## БАЛКИМ, МАСЕЛЕ АЛАРДЫН ЖАМАН ЖҮРҮМ-ТУРУМУНДАДЫР?

Кээ бирөөлөр мындай деп ойлошу мүмкүн: «Теңир Ыбрайымга муну алдын ала айтты, анткени Кудай аларга эч качан муну каалабагандыгына карабай, анын тукуму тил албас болуп жана жаман жүрүм-туруму үчүн жаза катары фараондун моюнтуругуна түшөрүн билген!» Келгиле, изилдөө жүргүзүп, бул аргументтин канчалык чын экенин билели.

Жооп берүү үчүн, адегенде ысрайылдыктардын фараондун бийлигине кантип өткөнүн аныкташыбыз керек. Ыбрайымдын уулу Ыскак Кудайдан корккон, тил алчаак адам болгон жана ыйыктыкта жашаган. Ал аялы Ребекка экөөнүн эки уулу болгон: улуусу Эйсап жана кичүүсү Жакып. Алар төрөлө электе эле Кудай Өзүнүн ойлорун: «Мен Жакыпты сүйдүм, ал эми Эйсапты жек көрдүм» (Рим. 9:13) деп айткан.

Жакыптын жашоосу жакшы башталбаса да, кийинчерээк ал Пенуелде Кудайга жолуккан жана бул жолугушуу анын жашоосун өзгөрткөн (Башт. 32-б. кара). Жолугушуу анын жашоосунда Кудайдын бата келишимин түздү жана анын аты Ысрайыл болуп өзгөрдү, бул «Кудайдын Төрөсү» дегенди билдирет. Ошондон кийин анын жашоосунда Кудайга арналуу пайда болгон. Ал үй-бүлөсүнө бурканга табынуучулуктан качууну жана Теңирдин алдында таза болууну айтты. Натыйжада, анын үй-бүлөсү чет-жакадагы шаарларды кыдырып жүргөндө, бутпарастардын башына Кудайдын коркунучу түшкөн (Башт. 35).

Ысрайыл он эки уулдун атасы болгон. Он биринчиси Жусуп атасынын сүйүктүүсү болгондуктан, улуу агалары аны жек көрүшчү. Кудай Жусупка эки түш көрсөткөн, анда анын улуу башкаруучу болору жана агалары ага кызмат кылары жөнүндөгү пайгамбарчылык айтылган. Түштөр бир туугандарды ушунчалык капа кылгандыктан, алар Жусуптан кутулууну чечип, аны Мисирге кулчулукка сатып жиберишкен.

Бирок, ал жерде да, Мисирде да, жалгыз калганда да жана көңүлү чөккөндө да, Жусуп Теңирге ишенимдүү бойдон калган. Фараондун ак сөөктөрүнүн бирине он жыл кызмат кылгандан кийин, ал үй ээсинин аялынын ар-намысына шек келтирди деп негизсиз айыпталган. Ал түрмөдө эки жылдан ашык отурду, бирок ишениминде бекем болгон.

Ошондо Теңир Жусупту фараондун эки кулуна түш жоруучу катары колдонгон, алар да камалган эле. Бири өлүм жазасына тартылды, экинчиси бошотулду; бирок убакыт өтүп, эркиндикке чыккан адам фараондун алдында ал үчүн сөз айтам деп убада берген Жусупту эстебей калды. Ошентсе да, Жусуп Кудайга ишенимдүү бойдон калган.

Күндөрдүн биринде фараон көргөн түшүнөн улам кыйналганда, бошотулган кул ага Жусуп жөнүндө айтып берет. Алар ошол замат аны чакыртып, зындандан алып чыгышып, фараондун түшүн жоруусун буйрук кылышты. Чечмелөөдө ал жети жылга созула

турган коркунучтуу ачарчылык жакындап келерин эскерткен. Кудай Жусупка фараонго молчулук жылдарында кам көрүүгө кеңеш берүү үчүн, акылмандык берген. Бул фараонду ушунчалык таасирленткендиктен, ал Жусупту дароо мамлекеттеги экинчи даражага көтөргөн, б. а, өзү гана андан жогору турган.

Атасы үйүндө калган. Ысрайыл, уулуна эмне болгонунан эч бир кабарсыз: Кудай ага муну ачып берген эмес. Бул окуялардын баары жакында Ыбрайымдын бардык урпактарын Мисирге алып бара турган көпүрө болот. Улуу ачарчылыктын үчүнчү жылында Ысрайыл дан үчүн уулдарын Мисирге жиберди. Ал болбосо, алар өлүп калмак. Мисир азык-түлүк ала турган жалгыз гана жер болчу, анткени, Теңирдин акылмандыгы боюнча, ошол жерде гана ачарчылыкка карата даярданышкан. Жусуп аркылуу Кудай Мисир элин байыткан. Ал бул өлкөнү бардык элдер арасында эң күчтүү жана таасирдүү мамлекет кылууга даярдап жаткан жана бул да белгилүү бир максат менен ишке ашырылган.

Ысрайыл уулдары Мисирге келгенде, аларды Жусупка алып келишти, бирок алар аны таанышкан жок. Бул таң калыштуу эмес. Ким кулду тактыда элестете алат? Жусуп болсо, аларды дароо тааныды. Мүмкүн алардын келишин күтүп жаткандыр, бирок муну сыр кылып жүргөн. Ал аларга бекер дан берип, батасын берди, бирок баарын кайра кайтып келүүгө мажбурлоо үчүн, бир туугандардын бирин кармай туруу планын ойлоп тапты. Алардын запастары түгөнгөндө, алар кайтып келишти; Ысрайыл уулдарынын баары келишти. Баары чогулгандан кийин, Жусуп аларга өзүн көрсөттү.

Жусуптун бир туугандары аны тааныганда аябай коркуп кетишти. Жусуп алардын чыккынчылыктары үчүн эсептешип коё ала тургандай абалда болчу, бирок тескерисинче, ал аларды тынчтандырды:

> Ошондо Жусуп бир туугандарына: «Мага жакын келгилечи», – деди. Алар жакын келишти. Ал: «Мен Жусупмун, силердин

> Мисирге сатып жиберген бир тууганыңармын. Бирок азыр кайгырбагыла, мени бул жакка сатып жибергениңерге өкүнбөгүлө, анткени Кудай силердин өмүрүңөрдү сактап калыш үчүн, мени бул жакка силерден мурун жиберди. Анткени жер үстүндө ачарчылык болгонуна эки эле жыл болду, дагы беш жыл жер да айдалбайт, эгин да орулбайт. Силерди жер үстүндө калтырыш үчүн жана улуу куткаруу иши менен өмүрүңөрдү сактап калуу үчүн, Кудай мени силерден мурун жиберди. *Ошондуктан мени бул жакка силер эмес, Кудай жиберди.* Ал мени фараондун атасы, анын бүт үйүнүн мырзасы, бүткүл Мисир жеринин эгедери кылып койду (Башт. 45:48, курсив автордон).

Мындай жооптон кийин силер: *«Ал чындап эле Мисирде ушунчалык көп убакыт өткөргөндүктөн, анын көз карашы ушунчалык өзгөргөнбү?»* - деп ойлонушуңар мүмкүн. Балким, ал азап, чыккынчылык, жалгыздык жылдарын унутуп калгандыр. Анан кантип мээримдүү Кудай аны мынчалык азапка салды? Ал Ысрайылдын эң ишенимдүү жана тил алчаак уулуна күнөөсүз болуп туруп, он эки жылдан ашык түрмөдө кулчулуктун жана жалгыздыктын жүгүн көтөрүшүнө кантип жол бере алмак? Жусуп Кудайдын мунун бардыгына жол берип эле койбостон, пландап койгонуна ишене алабы?

Эсиңердеби, эки күбөнүн оозунан чыккан сөздөр фактынын аныктыгын далилдейт? Келгиле, забурчунун көп жылдардан кийин эмне деп жазганын көрөлү:

> Жерге ачарчылык чакырган, бардык эгинди жок кылган. Алардын алдына бир адамды жиберген: Жусуп кулдукка сатылган. Анын буттарын кишен менен кысышкан, анын жаны темир торго кирген. Теңирдин сөзү ишке ашканга чейин ушундай болду: аны Теңирдин сөзү сынады (Заб. 104:16-19).

Мына сага! Жусуп алданган эмес! Келгиле, бул үзүндүнү жакшыраак карап көрөлү. Биринчиден, бул ачарчылыкты шайтан же жагдай эмес, Кудай пландаган. Экинчиден, Жусуп айткандай, Кудай аны үй-бүлөсүнөн мурун жиберди. «Кудай тарабынан жиберилген» деген сөз айкашы айтылганда, муну башка бирөө эмес, Ал кылган дегенди билдирет. Жусуп четке кагылган жок, ал Кудайдын Рухунан сүйлөдү. Үчүнчүдөн, Жусуп үчүн бул азаптын баары сыноо, же тазалануу процесси болгон. Анан акырында кишенделип, түрмөгө камалды, ал кездеги түрмөлөр биздин азыркы түзөтүү мекемелеринен алда канча начар болчу. Бирок, Жусуп эң такыбаа уул болуп чыкты! Бул жакшы адамдар бийликтин кордугуна чыдай алат жана бул кокустук же шайтандын планы болбойт дегенди билдиреби? Мындай жагдайлар чындап эле Кудай тарабынан пландалган болушу мүмкүн деп айткыңар келбейби?

## УЛУУ КУТКАРУУБУ?

Бул маанилүү суроолорго жооп берүү үчүн биз изилдөөбүздү улантабыз. Жусуптун сөздөрүнө дагы бир жолу көңүл бурсаңар. Ал Кудайдын шыктандыруусу менен айтканын эстегиле: «Силерди жер үстүндө калтырыш үчүн жана улуу куткаруу иши менен өмүрүңөрдү сактап калуу үчүн, Кудай мени силерден мурун жиберди. Ошондуктан мени бул жакка силер эмес, Кудай жиберди» (Башт. 45:7, 8).

Улуу куткаруу! Ошентип, бир аз күтө тургула, Ыбрайымдын урпактары алардын тил албастыгынан эмес, Кудайдын планына ылайык, фараондун бийлиги астында калышты. Андан тышкары, Кудай Жусуп өлгөндөн кийин Израилге ырайымсыз мамиле кыла турган башка фараон келерин алдын ала билген (Чыг. 1:8-14). Буга чейин көптөгөн жылдар мурун Теңир Ыбрайымга анын урпактары төрт жүз жыл азап чегишерин айткан. Анан ушул Кудайдын улуу куткаруусу деп аталабы?! Алар ушундай зулумдукка чыдап

турганда, кантип улуу куткарылуу жөнүндө айта аласың?

Кээ бирөөлөр: «Эмне үчүн Кудай Ыбрайымдын урпактарына Мисирдин ордуна ушул жети жылдык ачарчылыкта аларды тойгузуу үчүн акылмандык берген жок? Ошондо Жусуп бул азаптан кутулмак». Себеби, сыртынан караганда: Кудай алардын фараондун бийлиги астында болушун каалаган. Ал пландаштырган. Силер мындай дей аласыңар: «Бирок, фараонду өзүнүн ырайымсыздыгынан улам байыркы убактагы Гитлер деп атоого болот. Ал миңдеген жүйүттөрдү өлтүрүп, Кудайдын элин чоң азапка дуушар кылды». Ооба, бул туура, бирок биз эң биринчи кезекте Кудай биздин бул дүйнөнүн жыргалчылыгында жана ырахатында жашообузга кызыкдар эмес экендигин, Анын биринчи кезектеги артыкчылыгы - куткаруу экенин унутпашыбыз керек!

Кудайдын фараонго айткан акылман сөздөрүнө кулак салгыла: «Бирок сага Өзүмдүн күчүмдү көрсөтүш үчүн, Менин ысымым бүт жер жүзүндө белгилүү болуш үчүн, Мен сага тийген жокмун» (Чыг. 9:16).

Буга чейин Ыбрайым, Ыскак, Жакып жана алардын урпактары Теңирди билишчү, ал эми, дүйнөнүн калган бөлүгү Ыбрайымдын, Ыскактын жана Жакыптын Кудайы жөнүндө эч нерсе билишчү эмес. Ошондуктан, Муса фараонго келип, Теңирдин атынан ысрайылдыктарды коё берүүнү буйруганда, ал мындай деп жооп берди: «Мен Аны угуп, Ысрайылды коё бергидей, Теңир ким экен? Мен Теңирди билбейм, Ысрайылды да коё бербейм», – деди» (Чыг. 5:2). Эч ким, фараон да, бүткүл Мисир да Кудайды тааныган эмес. Бирок, Теңир Өз элин куткаруу үчүн, жышаандарды көрсөткөндө, баары өзгөрдү.

Бир нече кырсыктан кийин кээ бир мисирликтер Кудайдын сөзүнө кулак салышкан. Мөндүрдүн алдында биз: «Фараондун кулдарынын ичинен Теңирдин сөзүнөн корккондору шашылыш барып, талаадагы кулдары менен малын үйлөрүнө алып

келишти» (Чыг. 9:20) деп окуйбуз. Көп өтпөй алар фараондон: «Бул элди коё бер, алар өздөрүнүн Кудай-Теңирине ийбадат кылышсын», - деп сурай башташты (Чыг. 10:7). Мисирдин сыйкырчылары да өз падышасына: «Бул Кудайдын манжасы», - дешкен (8:19).

Эми алар Жахаба жөнүндө бир аз билимге ээ болушкан: «Муса Мисир жеринде фараондун кулдарынын жана элдин алдында абдан улуу болгон». (Чыг. 11:3). Алар Кудайдын кишисин терең урматташкан, анткени, алар Теңирдин ким экенин билишкен.

Андан ары биз Ыбрайымдын тукумдары мисирликтерден талап кылган нерселерди: күмүш жана алтын жасалгаларды жана кийимдерди алышканын окуйбуз (Чыг. 12:35, 36). Акыры фараон да: «Ошондо фараон Муса менен Арунду киши жиберип чакыртып алып: «Бул жолу мен күнөө кылдым, Теңир адилеттүү, мен жана менин элим болсо айыптуу» деди (Чыг. 9)

## БҮТКҮЛ ЖЕР ЖҮЗҮ БИЛДИ

Жахаба чыныгы жана тирүү Кудай экенин Мисир эле эмес, бүт жер жүзү таанып калган. Бул билим Ал жер бетиндеги эң күчтүү мамлекетти басынткан иш-аракеттеринин түздөн-түз натыйжасы болгон. Кудай улутка Жусуп аркылуу акылмандык берген жана бул аны күчтүү кылды. Мунун бардыгы ал улутту кул болгон ысрайылдыктар тарабынан жеңүү үчүн болду. Мындай жеңилүү кулдар кедей жана алсыз мамлекетке, же болбосо жөнөкөй өлкөгө сокку урганга караганда дүйнөнүн көңүлүн бурганга олуттуураак таасир этти. Кудайдын иш-аракеттери бүт дүйнөнү ушунчалык таң калтыргандыктан, бир нече жылдар өткөндөн кийин, Ысрайыл чөлдө жүргөндө, бутпарастар дагы эле Андан коркуп, Ысрайылдын алдында титиреп турушту.

Мунун кесепети кийинки муундарда ачык эле байкалды.

Мусанын ордуна келген Жашыя Жериходогу күчтүү элге эки чалгынчы жиберди. Сойку Рахап аларга жолугуп, мындай деди:

> «Теңир бул жерди силерге бергенин билем, анткени силер бизге коркунуч туудурдуңар, бул жерде жашагандар силерден коркуп жатышат. Анткени, Мисирден чыкканыңарда, Теңир силердин көз алдыңарда Кызыл деңиздин ортосун кургатканын, Иордандын ары жагындагы аморлуктардын эки падышасы Сихон менен Огду кандай кылып кыйратканыңарды укканбыз. Бул жөнүндө укканыбызда, жүрөгүбүз түшүп, силерге каршы турууга эч кимибиз батынбай калдык, *анткени, силердин Кудай-Теңириңер жогорудагы асмандын да, төмөндөгү жердин да Кудайы экен».* (Жаш. 2:9-11, *курсив автордон*).

Ал Теңирдин Кудай экенин жарыялап, «жердин бардык тургундары» уялып калышты. Теңирдин ысымы бүт жер жүзүнө белгилүү болгон!

Бул билим Анын даңкы үчүн гана эмес, ошондой эле, кун үчүн да зарыл болгон. Кундун биринчи жемиштери бөтөн сойку аял жана анын бүт үй-бүлөсү куткарылганда пайда болгон. Андан да маанилүүсү, ал Дөөт падышанын чоң энеси болуп, Ыйса Машаяктын тукумуна кирген. Эгерде Теңир фараонду баш ийдиргенде, Өз ысымын бүт жер жүзүнө жарыялабаса, мындай болмок эмес.

Ысрайылдыктар Мисирден чыккандан жүздөгөн жылдар өткөндөн кийин да, элдер арасында Кудайдан коркуу сезими калган. Ысрайылдын дин кызматчысы жана соту болгон Эйлинин убагында Кудайдын ысмы фараонго кылган иштерине байланыштуу кайрадан эскерилген.

Израил пелиштиликтер менен салгылашып, согуштун биринчи күнү олуттуу жоготууларга учурады. Эртеси күнү ысрайылдыктар келишим сандыгын өздөрүнүн аскерий лагерине алып келип,

анын тегерегине чогулушту. Ошондо «бардык ысрайылдыктар ушунчалык катуу кыйкырып, жер онтоп жиберди» (1 Шем. 4:5). Пелиштиликтер ызы-чууну угуп, бири-биринен бул эмнени билдирерин сурай башташты. Ошондо алар Теңирдин келишим сандыгын ысрайылдыктардын кошуунуна алып келишкенин түшүнүштү. Алардын реакциясын карагыла:

> «Ошондо пелиштиликтер коркуп: «Алардын кошуунуна Кудай келди», – дешти. Дагы мындай дешти: «Бизге кайгы! Анткени мындай нерсе мурун болгон эмес. Кайгы бизге! Бул кудуреттүү Кудайдын [*Элохимдин*] колунан бизди ким куткара алат? Чөлдө мисирликтерди ар кандай жазалар менен кырган Кудай [*элохим*] ушул (1 Шем. 4:7, 8).

Бул жерде элохим деген эврей сөзү Кудайга карата колдонулат. Биз кызмат кылып жаткан Теңир жөнүндө Байыркы Келишимде дээрлик эки миң жолу кездешет. Башталыш китебинин биринчи бөлүмүндө эле ал отуз эки жолу колдонулган жана биздин Кудайыбызды жана Жаратканыбызды билдирген. Бул окуялардан кылымдар өткөндөн кийин да пелиштиликтер титиреп кетишчү. Алар Ага кызмат кылбаса да, чыныгы тирүү Кудай Ким экенин билишкен.

## КУДАЙДЫН АКЫЛМАНДЫГЫНЫН ТЕРЕҢДИГИ

Бийликке ырайымсыз фараон келгенде, бул Кудайды күтүүсүз абалга калтыргандыкты билдирбейт: «Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон» (Рим. 13:1). Ар дайым жакшы же жаман, мыйзамдуу бийлиги бар ар бир жетекчи Кудай тарабынан дайындалат. Ага ар дайым алдын ала кокустук эмес, өзгөчө роль ыйгарылган.

Эми силер: Сталин же Гитлер сыяктуу лидер эмне жакшылык алып келет деп сурасаңар болот. Бул суроого жооп берүү үчүн, мен элчи Пабылдын сөздөрүн келтирейин:

> Демек, Ал каалаган адамына ырайым кылат, каалаган адамынын жүрөгүн катуулантат. Оо, Кудайдын акылы кандай терең, Анын билими кандай жеткилең! Анын чечимдери акыл жеткис, Анын жолдору изилденгис! Теңирдин акылын түшүнгөн адам барбы? Же Ага кеңешчи болгон адам барбы? (Рим. 9:18; 11:33, 34).

Кудай биздин акылыбыз жетпеген нерселерди кылууга кудуреттүү. Кээде биз Анын эмне кылып жатканын түшүндүрбөстөн кабыл алышыбыз керек, анткени Ал бизге болуп жаткан нерселердин маңызын бир аз кийинчерээк ачып берет.

Пабыл дагы бир жолу Анын акылмандыгын мындайча сүрөттөйт: «Эй, адам, Кудай менен талашып-тартышкыдай, сен кимсиң? Жасалган нерсе өзүн жасаганга: «Мени эмне үчүн мындай кылып жасадың?» – деп айтабы? (Рим. 9:20). Анын сөзүнө кулак сал: «Сен кимсиң?» Башкача айтканда, биз Аны кайчылаш сурай турган абалдабызбы?

Бизге Кудай фараондун тактыга отурушунун артында эмне турганын көрсөттү, бизге үлгү болсун үчүн, Анын даанышмандыгына жана мээримине таянууну үйрөттү. Бирок, Ал ар бир эле жетекчиде муну бизге дайыма ачып бере бербейт. Ал биздин Анын акылмандыгына жана ырайымына таянышыбызды каалайт.

Өзүнүн даанышмандыгы боюнча, Кудай эч качан максатсыз азапка жол бербейт. Биз аны кандайдыр бир белгилүү учурда көрбөсөк дагы, Ал аны боштондукка чыгаруу максаттында колдоно алат. Бирок, түбөлүктүүлүк баарын өз ордуна коёт. Өзүнүн ырайымы менен Кудай эч качан азап-кайгынын түбөлүктүү тагдырыбызга зыян келтиришине жол бербейт. “Бирок, бул бузуку башкаруучулар элге ушунча кыйынчылык алып келди” деп талашышыңар мүмкүн. Бул чындык, бирок физикалык тиричиликте гана, ал эми Кудай рухий нерсени физикалык нерседен жогору карайт. Абылдын өлүмү бекер болуп көрүнгөндөй, бирок, андай

болгон жок, анткени анын каны бүгүнкү күнгө чейин сүйлөп жатат (Эвр. 11:4). Каардуу башкаруучулар инквизиция учурунда жана ага чейинки жана андан кийинки куугунтуктар учурунда миңдеген машайакчыларды өлтүрүшкөн, бирок ошого карабастан, алардын каны текке төгүлгөн эмес. Алардын каны дагы эле сүйлөп турат.

Бизде момундук, тил алуу жана сыйынуу аркылуу лидерлерге таасир этүү мүмкүнчүлүгүбүз бар. Кудайдын эли момун болуп, сыйынып, жаман жолунан кайтканда, Кудай муну угуп, жерди айыктырат. Мунун жакшы мисалы - Башкаруучулар китебинде сүрөттөлгөн такыбаа башкаруучуларды дайындоо. Жаңы Келишимде мындай деп айтылат: «Ошентип, баарынан мурда суранарым: такыбаалык, тазалык менен бейпил жана коогасыз жашашыбыз үчүн, бардык адамдар үчүн, падышалар жана бардык башкаруучулар үчүн сыйынгыла, өтүнгүлө, жалынгыла жана ыраазычылык билдиргиле. Анткени бул жакшы жана биздин Куткаруучубуз Кудайга жагат» (1 Тим. 2:1-3).

Биздин сыйынууларыбыз учурдагы лидерликке таасир этет жана бул таасир лидерлерди дайындоого жана шайлоого чейин жайылышы мүмкүн. Бирок, бул жерде да өзгөчөлүктөр болушу ыктымал. Алгачкы жыйындын элчилери жана ыйыктары аларды куугунтуктаган орой жана ырайымсыз башкаруучуларга көп жолуккан. Алар күнөөлөрүнүн же сыйынууларынын аракетсиздигинен улам азап тартышкан эмес. Андан тышкары, бул башкаруучулар Кудайдын куткаруу планында өздөрүнүн ролун ойношкон.

## ИРОД АГРИППА I

Андай башкаруучулардын бири Ирод Агриппаны I ди карап көрөлү. Ироддор Палестинадагы бир нече римдик башкаруучуларга Ыйса төрөлгөнгө чейин, ал кызмат кылып жүргөндө жана тирилгенден кийин берилген ысымдар болгон. Ирод Агриппа I биздин замандын 37-жылы бийликке келген.

Ал өзүнүн курч акылынын жана амалкөйлүгүнүн аркасында бийликке жол тартты. Кыраакылыкка ээ болуп, бийлик тепкичтеринен өйдө көтөрүлүү үчүн, ал кандай жолдорду болсо да, колдонду. Ал өзүнүн биринчи чоң саясий кадамын Рим императору Калигула өлтүрүлгөндөн кийин жасаган – ал Клавдийдин тактыга келишине жардам берген. Ал Агрипанын акылдуу саясатын баалап, аны кызматка бекитип, анын ээлигине Жүйүт менен Самариянын аймагын кошуп берген. Ал чоң атасы Улуу Ироддун падышачылыгындай чоң падышачылыктын башкаруучусу болгон.

Ирод Агриппа I бийликте турганда иудаизм менен машайакчылык сектасынын ортосундагы күрөштө тараптардын бирин ээлөөгө аргасыз болгон. Ал эч ойлонбостон, машайакчыларды ырайымсыз куугунтуктоочу ролду өзүнө алган. Элчилер китебинен биз муну окуйбуз:

«Ошол убакта падыша Ирод Ыйсага ишенгендерди куугунтуктай баштады. Алардын кээ бирөөлөрүн карматып, Жакандын бир тууганы Жакыпты кылыч менен өлтүрттү. Бул жүйүттөргө жагарын көрүп, Петирди да карматты» (Элчилер. 12:1-3). Өкүмдар момундарга ырайымсыздык кылган, анткени бул анын саясий максаттарына кызмат кылып, аны жөөттөрдүн арасында популярдуу кылган. Ал Ыйсанын эң жакын шакирттеринин бири Жакыпты өлтүрүп, андан кийин Петирди да өлтүрүүнү көздөгөн.

«Агрипанын бийлиги кимден келген?» деген суроону беришибиз керек. Саясатта кандай айла-амалдарга барса да, Кудай жол бербегенде бийликке келмек эмес.

Агрипанын колунан азап чегип жүргөн Петир ишенгендерге: «Кудайдан корккула, падышаны урматтагыла»,- деп айткан (1 Пет. 2:17). Эмне?! Жакыпты өлтүргөн падышаны сыйлайсыңарбы? Эмне үчүн Кудай мындай таш боор башкаруучунун өзүнүн көптөгөн балдары жашаган жерди башкаруусуна жол берип, анан: «Падышаны урматтагыла» деп айтууга уруксат берди? Биздин сурообузга жооптун бир

бөлүгүн Ыйык Жазуудан тапса болот: «Ошентип, Петир камакта жатты. Ал эми Жыйын бул учурда Кудайга үзгүлтүксүз сыйынып турду» (Элчилер 12:5). Натыйжада, Кудай периштесин жиберип, Петирди кереметтүү жолу менен түрмөдөн бошотуп, аны машайакчылар сыйынып жаткан коопсуз жерге алып келген. Эгерде ишенгендер падышаны урматтабай, Теңирдин берилген бийлик жөнүндөгү буйругуна каршы чыгышса, анда алар Кудайдын кереметтерин көрүшмөк эмес.

Жыйындын сыйынуусу жана тил алчаактыгы менен Агриппанын Петирди өлтүрүү планы ишке ашпай калган. Бул окуя ишенгендерди абдан бекемдеди. Фараондогудай эле, азыр да Кудай Өзүнүн боштондукка чыгаруучу күчүн ачып берди. Мунун эң чоң далилин Ыйык Жазуудан тапса болот: «Кудайдын Сөзү өсүп, тарады» (Элчилер 12:24).

Ыйыктардын үзгүлтүксүз сыйынуусу жана алардын бийликке баш ийүүсү окуялардын жүрүшүнө күчтүүрөөк таасир эткен. Андан сырткары, Ирод Агриппа I белгиленген күнү элдин алдына бийик жерге отуруп алып, алар менен сүйлөшкөнүн көрөбүз: «Эл болсо: «Адам эмес, Кудай сүйлөп жатат!», – деп кыйкырып жатты. Кудайга тиешелүү даңкты өзүнө ыйгарып алгандыгы үчүн, күтүлбөгөн жерден Теңирдин периштеси аны жазалады: ал куртка жем болуп өлдү» (Элчилер 12:22, 23).

Сот келди, бирок, бул Анын элинин эмес, Теңирдин кылычы болчу. Башкаруучуларды Кудай гана соттой аларын жакында билебиз. Бийлик ээлерине сыйынуу, аларды урматтоо жана аларга баш ийүү буюрулган. Сотко муктаждык бар болсо, Кудай биздин Ага гана орун беришибиз керектигин айтат.

Бул бөлүмдө жазылгандар силердин жыйыныңардын окууларына жана дүйнө таанымына каршы келсе дагы - чындык. Кудайдын акылмандыгын ачык жүрөк менен кабыл алалы. Эсиңерде болсун - Ал бизге каршы эмес, Ал биз тарапта.

9 – БӨЛҮМ

# ПАДЫШАНЫ УРМАТТАГЫЛА

*Биз бийликте тургандарды сыйлаганды үйрөнүшүбүз керек - урматтоо, баш ийүү менен мамиле кылып, анан да, өз милдеттерибизди аткарышыбыз керек.*

Акыркы бөлүмдө кыскача сөз кылынган элчи Петирдин бекем чакырыгына өзгөчө, биздин күндөрдө көбүрөөк көңүл буруу керек. Бир эле аятты алаардан мурун анын кайсы контекстте колдонулганына токтололу: «Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана келгинсиңер, ошондуктан, силерден өтүнөрүм, жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла. Бутпарастардын арасында таза жашагыла. Алар силерди жаман иштерди кылуучулар деп жамандашса да, жакшы иштериңерди көрүп, Кудай өздөрүнө келген күнү Аны даңкташсын» (1 Пет. 2:11, 12). Бийликке баш ийүү - ал сөз кылган изги жашоо экенин билдик. Бул жерде айтылып жаткан согуш бийликке баш ийбөө үчүн козголоңчул каалоо менен баш ийүүнүн ортосундагы согуш. Бирок, көп учурда биз башкача ойлонобуз жана баш ийбөөнү шериктеш, баш ийүүнү - душман катары кабыл алабыз. Мындай ой жүгүртүү чындыктан алыс.

Биз Петирдин айткандарын эстен чыгарбашыбыз керек: тил алчаак болуп жашасак да, «жамандык кылгандар» катары кордолуп калышыбыз мүмкүн. Кээ бир адамдардын: «Мунун эмне кереги бар? Мен баш ийем, бирок, алар баары бир мени

кылбаган нерсем үчүн айыпташууда» деп айтканын угуп калабыз. Алар Теңирге баш ийүүлөрү жана сыйлыктары Андан болорун унутушту. Ыйык Жазууда муну эң сонун түшүндүрөт:

> “Кулдар, кожоюнуңарга Машайакка баш ийгендей, чын жүрөктөн, коркунуч жана титирөө менен баш ийгиле. Бирок адамдарга жагынуучуларга окшоп көзгө көрүнүш үчүн баш ийбегиле, тескерисинче, Машайактын кулдары катары Кудайдын эркин чын жүрөктөн аткарып, адамдарга эмес, Теңирге кызмат кылгандай, тырышчаактык менен кызмат кылып баш ийгиле. Анткени кул болобу, эркин адам болобу, ар ким өзүнүн кылган жакшы ишине жараша Теңирден тиешесин аларын билесиңер” (Эф. 6:5-8).

Келгиле, дагы бир жолу Петирдин сөздөрүнө кайрылалы: «Ошентип, жогорку бийликте турган падышага болобу, күнөөкөрлөрдү жазалоо үчүн, жакшы иш кылгандарды сыйлоо үчүн, падыша тарабынан коюлган башкаруучуларга болобу, мамлекеттик бардык бийликке Теңир үчүн баш ийгиле» (1 Пет. 2:13, 14). Ыйык Рух бизди Петир аркылуу, ошондой эле Пабыл аркылуу бардык бийликтерге баш ийүүгө үндөйт. Ал айткан падышанын машайакчыларды аёосуз куугунтуктаган катаал башкаруучу болгонун эстен чыгарбагыла. Элчи Пабылдай болуп, Петир бизди адамдын өзүн эмес, адамдагы Кудайдын бийлигин таанууга үндөгөн. Эгерде ал Кудайдын падышанын үстүнөн болгон бийлигин түшүнбөсө жана таанбаса, Ирод Агриппа I ге эч качан баш иймек эмес. Эгер Кудайдын бийлиги менен тааныш болбосоң, берилген бийликке баш ийүү кыйын. Канчалык көп баш ийүүгө аракет кылсак, чыныгы бийликти көрбөгөндө, баш ийүү ошончолук кыйын болуп калат.

Петир бул жөнүндө бизге эскерткен, анткени ал тил албастык чынында тажаалдын же антихристтик рухтун ишине өбөлгө түзөрүн билген, себеби бул күч «Кудай же ыйыктык деп аталган бардык нерсеге каршы турат жана өзүн жогору коёт» (2 Тес. 2:4),

анын ичинде жолдор, иш ыкмалары жана чыныгы, тирүү Кудайдын буйруктары. Биз, ишенгендер, мыйзамсыздыктын ишине жардам берип жатабызбы же тоскоолдук кылып жатабызбы деп өзүбүзгө суроо беришибиз керек. Эгер биз жардам берип жатсак, анда биз такыр эле Кудайдын эмес, шайтандын принциптери (козголоң) боюнча иш кылып жаткан болобуз.

Петир мындай дейт: «Бир туугандарыңарды сүйгүлө, Кудайдан корккула, падышаны урматтагыла» (1 Пет. 2:17). Ал бизди бийликке баш ийүүгө гана эмес, ага урмат-сый менен мамиле кылууга чакырат. Грек тилинде «урмат» деген сөз тимао этиши менен белгиленип, «урматтоо, урмат көргөзүү, сыйлоо, кадырлоо» дегенди билдирет. Ошол эле сөздү Ыйса: «Мен Атамды урматтайм» (Жакан 8:49) деген сөзүндө колдонгон. Вебстер сөздүгүндө (1828-ж.) урмат деген сөз «баш ийүү, урматтоо, урмат көрсөтүү, урматтоо жана баш ийүү менен мамиле кылуу жана өз милдеттерин аткаруу» деп аныкталат. Дагы бир жолу кайталайм, Петир айтып жаткан падыша ишенгендерди куугунтуктап жаткан! Ал Ыйсанын жолдоочуларын аны жекече урматтоого чакырган эмес, бирок аны Кудай белгилеген бийлик катары урматтоого үйрөткөн.

## ЖАГЫМСЫЗ МАЕК

Менден жакында эле өлкөнүн түштүгүндөгү чоң шаарлардын биринде машайакчылардын популярдуу радиостанциясына интервью берүүнү сураныштты. Бул менин китептеримдин бири жөнүндө болду. 10 мүнөттөн кийин бизди жарнамага үзгүлтүккө учуратышты. Мен студияда кулактандырууларды угуп отургам, бул убакта менин микрофонум өчүк эле.

Күтүлбөгөн жерден аба ырайынын божомолу көңүлүмдү бурду: бир киши миңдеген аудиторияга түндүк штатты ушунчалык катуу суук каптап, штат губернаторунун оозу катып калганын айтып жатты. Ал губернатордун атын атады да, өз

оюн айтты: “губернатордун эриндери ушунчалык катып калган окшойт, оозун ача албай, кадимкидегидей келесоодой болгон сөздөрүн айта албай да калды”.

Мен айран калдым, уккан кулагыма ишенбей турдум. Башымда мындай ойлор айланып жатты: *«А бул машайакчылык радиосубу? Болушу мүмкүн эмес!»* Анан мен минтип ойлодум: *«Эгер бул машайакчылык радио болсо, анда бул прогноз башка булактан жазылгандыр».* Тыныгуу аяктаганга чейин дагы эле уккандарымдан эсиме келе элек болчумун.

Эфирде алып баруучу бир нече суроо берди, мен ага биз ар бир ишибизди Кудайдын жүрөгүнө ээ болуу менен кылганыбыз канчалык маанилүү деген сөздөр менен жооп бердим. Бул убакта тыныгууда уккандарым эсимден кетпеди. Мен: «Баса, жакшы мисал - мен бир нече мүнөт мурун жарнама блогунда уккан нерсе» деп белгиледим. Анан мен: «Бул машайакчылык радиобу?» деп сурадым. Ал: «Ооба», - деп жооп берди.

«Анда, балким, мен уккандар светтик булактан алынгандыр, анткени, бир нече мүнөт мурун сүйлөгөн адам өз сөзүндө Кудайдын жүрөгүнө ээ эмес болчу.»

Ал: “Сиз эмне жөнүндө?” деп сурады. Мен: «Губернатордун оозу катып калган сөздөр жөнүндө» деп жооп бердим. Алып баруучунун үнүндө кыжырдануу пайда болду: «Бул мен болчумун».

Мен: «Ыйык Жазууда биз Кудайдан коркушубуз керек жана падышаны же бийликтегилерди урматташыбыз керек деп айтылат»,- дедим.

Анын үнү катуулана түштү: “Ооба, бирок, бул тамаша да”. Мен дароо кошумчаладым: «Ооба, бирок, Кудай бизди сыйлашыбызды буйруган адамдын баасы менен эмес. Элчи Петир: «Өз элиңдин башчысын жамандаба»,- деген (Элчилер 23:5).

Ал интервьюну пландаштырылгандан эрте аяктап: «Жакшы, биз Джон экөөбүз баардык эле көз караште дал келе бербейбиз» деп бүтүрдү.

Мен абдан ыңгайсыз болуп калдым. Бул губернаторго болгон сый-урматтын көрүнүшү беле? Мойнума алам, алып баруучу айтып жаткан адам дайыма эле урмат-сыйга татыктуу иштерди кылчу эмес, бирок, ал башкаруучу болуп кызмат кылган жана Ыйсанын жолдоочулары катары биз анын бийлигин урматташыбыз керек. Бул кадыр-барксыз тамаша канча ишенгендерге таасир этти экен? Анан дагы коомдун көптөгөн мүчөлөрүнө болгон сый-урматты жоготуп алганыбызга таң калууга болобу?

Эң катуу куугунтукка кабылган алгачкы жыйындын ишенүүчүлөрүнүн жүрүм-туруму мындайлардан алыс болгон. Алар бийликти сыйлашчу. Эгерде биз туура эмес жүрүм-турум менен жүрүп жана туура эмес сүйлөсөк, анда биздин күндөрдө күч алып жаткан мыйзамсыздыктын күчүн өзүбүз да бекемдейбиз. Бирок, Ыйык Китепте мындай делет: «Анткени мыйзамсыздыктын жашыруун сыры азыр аракетте, бирок токтотуп туруучу алынмайынча, ал ачыкка чыкпайт» (2 Тес. 2:7). Бул жүрүм-турум Ыйык Рухтун кармап турган күчүнө каршы келет. Бул шайтандын принциби!

## ТЕҢИРДЕН КОРКУУ УРМАТТООНУ ЖАРАТАТ

Келгиле, Петирдин: «Кудайдан корккула, падышаны урматтагыла» деген сөзүнө кайрылалы. Кудайдан корккондор – бул адамдардын жашоосунда улуу Теңир баарынан жогору турат. Алар Анын бардык керектөөчү күчү менен жолугушуп, аны менен биригишкен. Алар Ал баалаган нерселерди баалашат жана Ал жек көргөндү жек көрүшөт. Кудайдан коркуу жана ар кандай бийликти урматтоо алардын жашоосунда бекем орнойт, анткени, Кудай Өз бийлигин орнотот.

Биз бийликти урматтоону токтоткондо, Теңирден коркуу рухунун жоктугу айкын болот. Ышайа пайгамбардын Машаяк жөнүндө айткан сөздөрүн эстегиле:

> Анын үстүнө Теңирдин Руху, даанышмандык менен акылмандык руху, кеңеш менен күч руху, *билим менен Теңирден коркуу руху түшөт.* Ал Теңирден коркуу рухуна толот, Өзүнүн көзү менен көргөнү боюнча соттобойт, Өзүнүн кулагы менен укканы боюнча иш чечпейт (Ышайа 11:2, 3, курсив автордон).

Ыйса Теңирден коркуу сезимине толгон. Бул Ага көргөн же уккан нерселеринин негизинде башкаларды соттобоого мүмкүндүк берген. Ошол радиостанциянын алып баруучусу берилген бийликке карата Кудайдан коркуу жок экенин өзүнүн жемиштери менен көрсөттү. Губернатордун жүрүм-туруму эмнегедир татыксыз болгондуктан, бул адам көргөн-укканына карап гана баа берген.

Эгер ушундай принциптер менен гана жетектеле турган болсо, анда алып баруучу "бутага" тийгендир. Бирок, ал бардыгына Теңирден коркуп караса, анда, биринчи кезекте губернатордун жүзүнөн берилген бийликти көрмөк. Мамлекеттик органдарда иштегендерге жаман сөз айтуу такыбалык деп эсептелбейт.

Чөмүлдүрүүчү Жакан башкаруучу Ироддун адилетсиз жүрүм-туруму менен күрөшүүгө туура келди, бирок анын падышага болгон мамилеси радиодогу алып баруучудан көргөнүбүздөн башкача болгон. Биринчиден, Жакан Иродго: «Бул аялды [бир тууганыңдын аялын] албашың керек болчу», – деп айткан»,- (Матай 14:4). Ал түздөн-түз күнөө жөнүндө айткан жана бул күнөө кылган адам жөнүндө жек көрүү менен айткан эмес. Экинчиден, ал Ирод менен Кудайдын пайгамбары катары бийлик позициясынан сүйлөшкөн. Анан, акырында, Чөмүлдүрүүчү Жакан падышага карата кемсинткен тамашаларга жол берген эмес.

Библияда бир эле жолу такыбаа адам бийликтегилерге күлүп жиберген учур бар. Биз Илияс пайгамбар жөнүндө сөз кылып жатабыз (1 Падышалар 18:27). Ал Баалдын жалган

пайгамбарларын жана алар кызмат кылган кудайларды шылдыңдаган. Бул адамдарда бийлик болгон, бирок бул чындыкка дал келбеген – жасалма бийлик эле. Алар Ысрайыл уулдарынан көптөгөн адамдарды караңгылыктын бийлигине алып кетишти. Алардын бийлиги Кудай тарабынан орнотулган эмес. Алар сый-урматка жана баш ийүүгө татыктуу эмес болчу.

Оккульттук уюмдарды жетектеген адамдарга баш ийбеш керек болсо да, бирок аларга олуттуу мамиле жасоого болбойт, анткени «Башкы периште Михаел да Мусанын сөөгүн талашып, шайтан менен айтышканда, аны айыптоого батынбай: «Сага Теңир тыюу салсын!» – деп гана айткан. Булар болсо (жыйындагы козголоңчулар) өздөрү билбегендеринин баарын жамандашат, өздөрүнүн табияты боюнча тилсиз жаныбарлардай, ал эми билген нерселери менен өздөрүн кыйратып жок кылышат» (Жүйүт 9:10). Илияс Баалдын пайгамбарларын шылдыңдаганда, Кудайдын Руху анын үстүндө болчу. Бийликтин кандайдыр бир түрүн, ал тургай, ал караңгылыктан келип чыкса да, этиятсыздык менен шылдыңдасак, өтө акылсыздык кылган болобуз.

Чыныгы, Кудайдан берилген бийликке кайрылып, айта кетейин, эгер бийликти Кудайдан коркуу сезимине толгон көз менен көрбөсөң, аны урматтоо жана ага баш ийүү кыйын болот. Ыйык Жазууда эмне деп айтылганына кулак салгыла: «Теңир такыбааларды азгырыктардан кантип куткарууну, ал эми адилетсиздерди, айрыкча ыпылас кумарларына жетеленген, бийликтегилерди тоотпогон, кара өзгөй, ээнбаш, жогоркуларды жамандагандан коркпогон адамдарды, сот боло турган күнгө чейин сактап турууну билет» (2 Пет. 2:10 ). Петир менен Жүйүт ишенгендер жөнүндө айтышкан (Жүйүт 12; 2 Пет. 2:13—15). Анан бул факт бизге эсибизге келтиргендей таасирин тийгизиши керек.

Китептин башында мен кээ бирөөлөр үчүн анын мазмунун кабыл алуу кыйын болорун эскерттим, анткени биз көп учурда

Кудайдын Падышачылыгын демократиялык ой жүгүртүүнүн көз карашынан карайбыз. Мына ошондуктан, бизге акыл-эсибиздин руху менен жаңыланууга буйрук берилген (Эф. 4:23). Эгерде радиостанциянын алып баруучусунун иши уникалдуу болсо, мен муну айтпай эле коёюн, бирок мындай ой жүгүртүү бүгүнкү күндө Жыйында кеңири таралган. Мен мындай жыйынтыкка Билл Клинтон президент болуп турганда келдим.

## МИНУС ҮСТҮНӨ МИНУС - ПЛЮС БОЛБОЙТ

1992-жылы Клинтон президент болуп шайланганда, Кудай мага бир нерсени ачып бергенге чейин мен үч күн депрессияда жүрдүм. Ал мага Анын эрки болмоюнча, бийликке эч ким келбей турганын жана «башчылыкта» тургандардын бардыгы Ал тарабынан дайындаларын ачык көрсөттү. Бул мага ачылаары менен мен биринчи кезекте адамдын жеке жашоосуна эмес, анын бийлигине карай баштадым. Ошондой кылгандан кийин менин жүрөгүмдө бул лидерге болгон чыныгы сүйүү жана анын жашоосуна эркиндик келип, чындыкта жүрүүсүн эңсеген күчтүү каалоо өсүп бараткандыгы дароо байкалды.

Мен Чөмүлдүрүүчү Жакан да Ирод жөнүндө так ушундай ойлогон деп ишенем. Ал ага катуу сүйлөсө да, мен Жакандын бул каардуу башкаруучу менен Кудайдын жүрөгү аркылуу сүйлөшкөнүнөн эч күмөн санабайм. Ошондуктан, Жеремия дарегине катуу сөз айткан элди жоктоп ыйлаган. Мыйзамдуу ниеттен, жек көрүүчүлүккө толгон жүрөктөн сүйлөгөн адамдар бар, бирок Теңирден болгон боорукердик менен жалындаган жүрөктөн оңдоо сөздөрдү айткандар да бар.

Башкаларды өзүнүн адилеттүүлүгү менен сындаган адамдар Кудайды кыжырдантат. Көптөгөн жыйындардан президентибизге карата урмат-сыйсыз мамиле жасалганына бир нече жолу күбө болдум. Улантуудан мурун дароо айткым келет, мен Клинтонго эч качан добуш берген эмесмин жана анын жүрүм-турумунан улам

бүткүл өлкөгө белгилүү болгон нерселер мени капа кылды.

1992-жылы мен өлкөнүн көп жерлерине насаат айтууга мүмкүнчүлүк алдым жана көп учурда ишенгендер мага бир ультраконсерватор менен болгон телешоуну көрүүгө кеңеш беришкен. Сыягы, анын биздин либералдык лидерлерибизге, өзгөчө президентке жана анын жубайына карата айта турган көп сөздөрү угулушу керек болчу. Бир нече шаарда мага анын программасын көрүүгө кеңеши берилди. Адатта, алар мага: «Аны угушуң керек. Анын Вашингтондогу окуялар тууралуу айткандары кашка эмес, көзгө тиет. Аларга ишенип*: «Ал жерде эмне дейт экен, сөзсүз көрүш керек»* деп ойлодум. Мен телевизорду көп көрбөйм, ошондуктан анын көрсөтүүсүн көргөнгө чейин дээрлик тогуз ай өттү.

Бул Калифорнияда болгон. Кызматтан кийин мейманкананын номерине кайтып келип, телевизорду күйгүзүп, акыры бул кишини көрдүм. Ал абдан күлкүлүү көрүндү, анын костюму ойго келбеген түстөгү галстук менен кооздолгон. Ал президент Клинтон тууралуу айта баштады. Мен сүйүнүп кеттим: *«Бул баары айтып жаткан баякы атактуу адам.»* Экранга жакын отуруп, ал эмне дейт экен деп күтүп отурдум.

Жыйырма мүнөт бою ал президентти шылдыңдап, аны таптакыр жок адам катары көрсөттү. Анын тамашалары жагымдуу, фразалары акылмандык менен жаркырап турду, бирок ушул убакыттын ичинде мен алкымымда кандайдыр бир көңүл айныткандай нерсени сездим. Мен: *«Бул жерде эмне болду? Анын айткандарынын баары чындык. Президентибиздин либералдык көз карашын чагылдырууда чоң эмгек жасады»* деп ойлодум. Анан мен Кудайга кайрылдым: «Теңир, эмне үчүн менин жүрөгүмдө мынчалык жагымсыздык болуп жатат?»

Ыйык Рух ошол замат: *«Өз элиңдин башчысын жамандаба»,*- деп жооп берди (Элчилер 23:5). Мен ошол замат Ыйык Жазуудан дагы бир үзүндүнү эсиме түшүрдүм: *«Ошентип, баарынан мурда*

*суранарым: такыбаалык, тазалык менен бейпил жана коогасыз жашашыбыз үчүн, бардык адамдар үчүн, падышалар жана бардык башкаруучулар үчүн сыйынгыла, өтүнгүлө, жалынгыла жана ыраазычылык билдиргиле. Анткени бул жакшы жана биздин Куткаруучубуз Кудайга жагат»* (1 Тим. 2:1-3). Бул мага бир тонна кирпич менен ургандай тийди. Кудай бизге бийликтегилерди сыйлоону, алар үчүн сыйынууну, урматтоону жана алар үчүн шүгүр кылууну буйруган. Ошондой эле, аларга каршы сүйлөбөөнү буйруган. Аларга күлбөөнү, аларды сындабоону, аларга каршы чыкпоону, алар жөнүндө кемсинтүүчү тамашаларды айтпоону буйруган. Анан ал комментатор көп жагынан туура болсо да, эки туура эмес нерсе биригип, бир туура нерсени түзө алмак эмес!

Мен абдан капа болдум, бирок бул кишинин жүрүм-турумуна эмес, көптөгөн ишенгендердин анын берүүлөрүн кызыгуу менен кабыл алганына. Алып баруучунун өзүнө келсек, мен аны өзүн башкача алып жүрүүнү билбеген адам катары карадым. Мага бир нерсе түшүнүксүз болду - Ыйсанын жолдоочулары анын кабарларын кантип жарыялай алышмак? Чын эле «падышаны ушинтип урматтоо» керекпи? Кудай бизге Ыйсанын жолдоочуларына эмне кылуу керектигин айтты: сыйынгыла, кепилдикке тургула жана шүгүр кылгыла. Пабыл мыйзамсыздык кылгандар гана өлүмгө татыктуу эмес, «аларды жактагандар да» деп айткан (Рим. 1:32).

## БИЗ КАНДАЙ МЫЙЗАМДАР МЕНЕН ЖАШАЙБЫЗ?

Мен ал мейманкананын бөлмөсүндө эмне болгону жөнүндө бүт өлкө боюнча насаат айта баштадым. Көптөр жарыкты көрүп, тобо кылышты, башкалары мага ачууланды. Алар өздөрүнүн жүйөлөрүн келтирип, бул комментатор бийлик тарабынан бизге берилген туура жашоону жана сөз эркиндигин жактайт деп ырасташты. Бул чындык; бирок, кантсе да бизде андай жүрүм-турумдан жогору турган осуяттар бар. Биз Кудайдын

Падышачылыгынын мыйзамдары боюнча эмес, демократиялык нормалар менен жашап жатабызбы? Өлкөбүздө спирт ичимдиктерин ичүүгө уруксат берилгендиктен, ишенгендер ичиш керекпи?

Бизде жогорку мыйзам бар. Ишенбеген римдиктердин бири Жаңы Келишим жыйынынын алгачкы машайакчылары жөнүндө мындай деп жазган: «Алар өз күндөрүн жерде өткөрүшөт, бирок алар асмандын жарандары. Алар жазылган мыйзамдарга баш ийишет, бирок ошол эле учурда өз өмүрлөрү менен бул мыйзамдарды ашып кетишет» *(Дионьеге кат,* 5-бап).

Жаман сөздөрдү уккандан эмне пайда? Мындан кандай жемиш? Ушундай берүүлөрдү көрүп, адамдык кабарды таратууга эмес, мамлекет башчыларыбызга арачылык кылууга убакыт коротсок эффективдүү болуп калбайт белек? Кудай бизге тил алчаак жашоонун жемиши «бардык такыбаалыкта жана тазалыкта тынч жана бейпил жашоо» болорун айткан эмес беле?

Мен бир кызматкердин президент Клинтон менен жолугушуп, “Күнөөсүз балдардын өлтүрүлүшүн мыйзамдаштырган ар бир лидерди Кудай соттоп, тозокто өрттөйт” деп айтканын билем. Бул киши чөмүлдүрүүчү Жакан Иродго кандай мамиле кылса, ошондой мамиле кылган. Ал адилеттүү ачуулануу жана төрөлө элек балдарга жана президенттин өзүнө карата чын жүрөктөн болгон сүйүү менен президентке кайрылган. Президенттин беделин сыйлаган бул кызматчы чындыкты айтты; мындай адам бийликтеги лидерди шылдыңдоого эч качан жол бербейт. Телекөрсөтүү же радио алып баруучулардын бийликти шылдыңдаганын укканда, биз Кудайдын жүрөгүн жоготобуз. Кулагыбызга угулган жаман сөздөр түбөлүктүүлүктүн жемишин бербейт.

## БИЙЛИКТИ УРМАТТАГАН ЖҮРӨК

Бийликке болгон сый-урматты өздөштүрүүбүз керек, анткени биз Теңирдин койгондорун сыйлайбыз. Пабыл мындай деп жазат:

> Анткени, башчылардан жакшы иш кылгандар эмес, жаман иш кылгандар коркушат. Бийликтен корккуң келбесе, жакшы иштерди кыл. Ошондо андан мактоо угасың. Анткени *башчы – Кудайдын кулу*, ал сага жакшы болуш үчүн коюлган. Эгерде жаман иш кылып жатсаң, корк. Себеби, ал бекеринен кылыч алып жүрбөйт. Ал – Кудайдын кулу, жаман иш кылгандарды жазалоо үчүн коюлган. Ошондуктан, жазадан *коркондуктан эле эмес,* абийириңердин таза болушу үчүн да, баш ийишиңер керек. Ошон үчүн, салык да төлөп жатасыңар. Анткени, алар – Кудайдын кызматчылары, ар дайым ошол иш менен алек болушат. Ар кимге өз тиешесин бергиле: кимге салык төлөө керек болсо, салык төлөгүлө; кимге бажы акысын берүү керек болсо, бажы акысын бергиле; кимден коркуу керек болсо, корккула; кимге урмат көрсөтүү керек болсо, урмат көрсөткүлө (Рим. 13:3-7, курсив автордон).

Кудай бийликтегилерди Өзүнүн кызматчылары деп атаган жана алар сый-урматка татыктуу. Полиция кызматкерлерин, өрт өчүрүүчүнү, мэрди, шаардык кеңештин мүчөсүн, губернаторду, штаттын мыйзам чыгаруучусун, судьясын, конгрессменин же бийликте турган башкаларды көргөн сайын жүрөгүмдө бул сөздөр жаркырап турат. Шаардык, райондук же мамлекеттик башкармалыктардын имараттарына киргенде ичимде дайыма урмат-сый сезими пайда болот. Кудайдын кызматчылары Анын элине кызмат кылуу үчүн ал жерде иштешет.

Мен бир нече жолу катуу ылдамдыкта жүргөнүм үчүн айып пул төлөгөм, айып талонун алган сайын мен милиционерге: «Мырза, мен жаңылыптырмын, сиздин эмгегиңиз үчүн,

шаарыбызга кылган кызматыңыз үчүн ырахмат айткым келет. Кемчилдигим үчүн кечирим сурайм” дейм. Ошондолгу алардын жүзүн көрсөңөр эле. Бир офицер жөн эле өзгөрүп кетти, адегенде катуу болуп, анан ага урмат-сый менен мамиле кылганды көргөндө, жумшарып кетти. Ал тургай, андай кылбаса дагы, талонун кайра алгысы келгендей сезилди.

Менин ошол штатта пасторлук кызмат кылып жүргөн досум бар, анын губернаторун «машайакчылык» радио ушунчалык жек көрүү менен айткан. Анын күбөлүгүн уккула. Ал өз шаары үчүн сыйынып, Кудайдан андагы абалды кантип өзгөртүүнү суранат. Ал мезгилде анын жыйыны аз сандагы ишенүүчүлөрдөн турган. Кудай анын жүрөгүнө шаардын жарандык бийликтерин сыйлоону салды. Бир нече жолу сыйынгандан кийин ал эмне кыларын билди. Ал жана жыйындын жетекчилери шаардын эң зарыл муктаждыктарын биле баштады. Алар шаардын өрткө каршы кызматында өрт өчүрүүчүлөр адамдарды түтүндүү аймактардан алып чыгуу үчүн, атайын беткаптарга муктаж экенин билишкен, бирок бул беткаптар ошол жылдын жергиликтүү бюджетине киргизилген эмес. Алардын ар биринин баасы болжол менен жыйырма беш миң долларды түзгөн. Айрыкча, мындай кичинекей жыйын үчүн бул чоң акча.

Пастор жыйындагы ишенгендер менен өз көз карашын бөлүштү жана алар бул көйгөйдү чечүүгө жетиштүү болгон тартууларды чогултушту. Алардын жыйыны шаарга чогултулган сумманын чегин берди. Пастор мени менен болгон тажрыйбасын бөлүштү:

«Джон, мунун шаар бийлигине кандай кызмат кылганын билгениңде таң каласың. Алар кандайдыр бир жыйындын мындай кайрымдуулук иш-аракетин жасайт деп ишене алышкан эмес. Алар өкмөттүн чексиз муктаждыктары жөнүндө наалыганга көнүп калышкан, бирок ыктыярдуу кайрымдуулук берүү – бул укмуштуудай нерсе эле!” Андан кийин, жыйында

өсүш укмуш болду. Жаңы жыйындын имараты курулганда, анын ачылышына шаардык башкармалыктын көптөгөн кызматкерлери катышты, кээ бирлери дагы деле ошол жерге барышат. Бул пастордун жемишин ошол радиостанциянын жемиши менен салыштырып көргүлө.

Көптөгөн ишенгендер төлөй турган салыктарга наразы. Мен жыйындардан салык төлөөдөн качуунун жолдорун ойлоп тапкан адамдарга жолугам. Бул алардын конституциялык укугу деп айтышат. Мен алар менен талашып-тартышып жатам: «Силердин конституциялык укугуңардан да Кудайдын силерге айтканы маанилүү. Кудай салык төлө дейт». Анан мен бул адамдарга айтам:

“Силер жүргөн жолдор үчүн ким төлөйт? Силерди коргогон полициянын, өрт өчүрүүчүлөрдүн жана мыйзам чыгаруучулардын эмгегин ким төлөйт?» Ишенгендер алдап, бул жерде-бул жерде салык төлөөдөн качышат деп, бухгалтерлер мага көп жолу айтышкан. Бул менин жүрөгүмдү жаралайт. Бухгалтерлерибизге «эч кандай кош бухгалтерия болбойт, мен алдагым келбейт» дедим. Салык төлөө - бул өкмөткө татыктуу болгон нерсени берүү мүмкүнчүлүгү. Берүүнү чечсек, бизди тоноого болбойт! Биз ишенгендер бул чындыкты качан түшүнөбүз?

Эгер жыйын ушундай кыла турган болсо, анда биз элибизге жана бүткүл дүйнөгө эң чоң күбөлөндүрүү кылган болобуз. Бийликтегилерди: сыйлаганды, аларга баш ийүүнү, урматтоону, урмат-сый жана тил алчаактык менен мамиле кылууну жана өз милдеттерибизди аткарууну үйрөнүшүбүз керек. Муну менен биз Асмандагы Атабызды урматтайбыз. Качан биз падышаны урматтасак, Теңирден коркуу сезимин көрсөтөбүз.

## БИЙЛИКТИН БАРДЫК ЧӨЙРӨЛӨРҮНӨ БИРДЕЙ

Мурунку бөлүмдө жазганымдай, падышаны урматтоо жөнүндөгү осуят бардык жарандык бийликке түздөн-түз тиешелүү. Бул нускама берилген ыйгарым укуктардын башка тармактарына да жайылтылат. Төмөнкү аяттарда сый-урмат жөнүндөгү сөздөргө көңүл бурсаңар. Кудай үй-бүлө жөнүндө: «Ата-энеңди сыйла»,- деген (Эф. 6:2). Ал дагы бир жолу: «Аял күйөөсүн сыйлашы керек» (Эф. 5:33; Жаңы Келишим, азыркы котормосу) деп буйруйт. Жарандык бийликке карата: «Кудайдын ысымына жана окутуусуна карата жаман сөз айтылбашы үчүн, кул сыяктуу моюнтурук астында жүргөндөрдүн бардыгы өз кожоюндарын урматталууга татыктуу деп эсептешсин» (1 Тим. 6:1). Жыйындагы бийликке байланыштуу биз төмөнкү осуятты алабыз: «Туура жетекчилик кылган Жыйын жетекчилерине, айрыкча насаат айтып, окутуп кызмат кылгандарга, эки эсе урмат көрсөтүлсүн» (1 Тим. 5:17).

Жаштар пастору болуп иштеген кезимде жаштардын ата-энесин урматтабай сүйлөгөнүн көп жолу байкадым. Аларда баш ийүү тургай, урматтоонун караанын да жок эле. Ата-энелер алектенбесе, мындай жагдайларда мен дароо кийлигишүүгө аракет кылчумун. Эгер алар муну менен биринчи кезекте өздөрүнө зыян келтирип жатканын билишсе, жашоолорунда буга жол беришмек эмес. Кудай мындай дейт: «Атасына же энесине тил тийгизгенге каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин» (Мыйз. 27:16). Ата-энесин жамандагандар, биз буга чейинки бөлүмдөрдө айткан каргышка калат.

Ал эми, Кудай ата-энесин урматтагандарга чоң баталарды убада кылат: ««Ата-энеңди сыйла» деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси: «Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла» (Эф. 6:2, 3).

Ата-энесин сыйлаган балдарга Кудай эки өзгөчө убада берет. Биринчиси: Ага бата берет. Ал эми, ата-энесин сыйлабаган бакубат жашоого ишене албайт, каргышка калат.

(Мен кийинчерээк жеке күбөлөндүрүү менен бөлүшөм.)

Экинчиси: узак өмүр. Ата-энени сыйлоонун кандай пайдасы бар! Силер каршы болушуңар мүмкүн: *«Бир аз күтө тургула, мен ата-энесин сыйлап, бирок жаш өлүп калган балдарды билем»* деп. Мен Кудайдын Сөзү бул убада менен биринчи осуят экенин так билем. Биз айланабызда көргөн нерселер менен Теңирдин убадаларын жокко чыгарууга жол бербешибиз керек. Бир нерсени түшүнгүлө: биздин Атабыз өзүнө таандык болгондорго коркуудан толук боштондукту убада кылат. Мына Анын сөздөрү: «Сен акыйкат менен бекемделесиң, эзүүдөн алыс болосуң, анткени сен корко турган эч нерсе жок, коркунучтан да коркпойсуң, анткени ал сага жакын жолобойт» (Ышайа 54:14). Бирок, Ыйсанын кымбаттуу жолдоочулары коркуу менен жашашат. Эгерде убадалар автоматтык түрдө ишке ашса, эмне үчүн мынчалык көп адамдардын бул жаатта көйгөйлөрү бар? Жооп: убадалар сыйынуу аркылуу келет жана ишенимдин оор күрөшү аркылуу жеңет.

Ыбрайымдын уулу Ыскак жакшы үлгү. Кудай Ыбрайымга Ыскак жөнүндө мындай деп убада берген: «Сага аялың Саара өзү уул төрөп берет. Сен ага Ыскак деген ат коёсуң. Мен аны менен жана анын кийинки укум-тукуму менен түбөлүктүү келишим түзөм» (Башталыш 17:19). Үйлөнгөндөн кийин, Ыскактын жалгыз аялы Ребека төрөбөй калганы аныкталганына карабастан, Кудай Өз убадасын жарыялаган! Кырдаалды ого бетер татаалдаштырган нерсе, аялын Ыскак эмес, ага Ыйык Рух көрсөткөнү болду. Силер: «Демек, Кудай төрөбөгөн аялды тандап алды деп жатасыңбы?» деп сурарсыңар? Ооба! Убада автоматтык түрдө болгон эмес, ал күч-аракет менен келиши керек болчу. Бул жерде Ыйык Жазууда мындай делет: «Ыскак Теңирге өз аялы жөнүндө сыйынды, анткени ал согончогу канабаган аял эле. Теңир аны угуп, аялы Ребеканын боюна бүттү» (Башт. 25:21).

Ыскак Теңирге жалынуу менен, убадаланганды кабыл алуу үчүн күрөшкөн. Кудайдын каалоосу менен сыйынып, жообун алган. Ыйык Китеп бизди мындай сөздөр менен бекемдейт: «Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз» (1 Жакан 5:14, 15). Кудай келишимде Өз эркин ачык-айкын көрсөткөн. Эгер бизде Анын убадасы бар болсо, анда биз Анын эркине ылайык сыйына аларыбызды билебиз.

Ата-энеңерди урматтоо менен, силер сыйынуу аркылуу Анын эки келишимине таянып, узак, бакубат жана жемиштүү өмүргө ээ боло аласыңар. Ишенимиңерди башкалардын жашоосуна эмес, Кудайдын келишимине негиздегиле.

Балким, буга чейин ата-энеңерди сыйлабагандыктан, азыр тынчсызданып жаткандырсың. Анда тообо кылуу керек. Кудайга жана жеке ата-энеңе кайрыл, алардан кечирим сура. Аларды урматтап башта жана Анын убадаларынын жашооңдо көрүнүшүнө ишен.

Ошол эле принцип начальниктерге, иш берүүчүлөргө, мугалимдерге жана башкаларга да тиешелүү. Аларды сыйласак, биз үчүн жакшы болот жана Теңирден сыйлык алабыз. Пабыл жумушчуларга: «Эмне жасасаңар да, бардыгын чын жүрөктөн, адамдар үчүн эмес, Теңир үчүн жасагыла. Анткени сыйлыкка Теңирден мурас аларыңарды билесиңер, силер Теңир Машайакка кызмат кылып жатасыңар. Ким адилетсиздик кылып жатса, адилетсиздигине жараша тиешесин алат, себеби *Теңирде* бет карамалык жок» (Кол. 3:23-25) деп насаат айткан.

Кийинки бөлүмдө биз жыйында Анын кызматчыларын кабыл алып, аларга татыктуу урмат көрсөтүүдө бизди күтүп жаткан келечекти карап чыгабыз. Ошондой эле, Кудай бизге жиберген адамдардын бийлигин тааныбаганда эмнелерди жоготконубузду көрөбүз.

## 10 – БӨЛҮМ

# КОШ УРМАТ

*Кудай көп учурда бизге керектүү нерселерди бизге таптакыр жакпаган формада жөнөтөт.*

«Ар кимге тиешелүүсүн бергиле» (Рим. 13:7). Бул бөлүмдө биз Кудайдын бийликти урматташыбыз керектигин айткан негизги себептеринин бири – бул бийлик үчүн эмес, өзүбүздүн жыргалчылыгыбыз үчүн экенин көрөбүз. Кудай Сөзүнүн бул осуятын аткаруу, бата алып келери абдан кызыктуу. Мунун мисалын Падышалардын Биринчи китебинен табабыз.

## КОРДУК БАТАГА АЙЛАНДЫ

Ысрайылды бийлер башкарып турган убакта балалуу боло албаган бир аял бар эле. Анын аты Анна болчу, ал Элканага күйөөгө чыккан, ал экинчи аялдыкка Феннананы алган. Анна бактысыз болгон: анын атаандашы анын тукумсуздугун шылдыңдаган. Кыязы, Элкана биринчи аялынын төрөбөгөнүнөн улам дагы бир аял алгандыр. Анна сүйүктүү болчу жана күйөөсүнүн жакшы мамилесин сезчү, бирок, үйдү Феннана толтурду. Жыл сайын үй-бүлө курмандык чалып, Кудайга сыйынуу үчүн Шилого барышкан, ошондо Феннана аны өзгөчө кыйнап, көзүнө жаш алганга чейин жеткирген. Күйөөсү аны сооротууга аракет кылганына карабай, Анна сооронo албады.

Шилого барган күндөрүнүн биринде ал катуу кайгырып ийбадатканага келип, Теңирдин алдында ыйлап, Ага мындай

деп ант берген: «Эгер... күңүңө эркек бала берсең, анда мен аны өмүрү өткөнчө Сага берем...» (1 Шем. 1:11).

Ал сыйынып жатканда, Израилдин башкы дин кызматчысы жана соту Эйли аны карап турду да, «Анна ичинен сүйлөп жаткан, анын эриндери гана кыймылдап, үнү чыкпагандыктан, Эйли аны мас деп ойлоду. Эйли ага: «Масың качан тарайт? Соолук», – деди» (1 Шем. 1:13-14).

Кандай гана кемсинтүү! Эйли анын кайгысын сезген жок жана рухий жактан сокур болуп чыкты: ал анын азабын мас абалында жөөлүгөндүк деп түшүндү. Ал Теңирден сооронуч табуу үчүн, өзүнүн туруктуу атаандашынан качып, мамлекеттин эң жогорку рухий бийлигинин айыптоосуна кабылган. Ал жыл сайын Шилого Кудайга сыйынуу үчүн баласыз, куру кол келген. Жылдан-жылга капталдан караган көз караштарга, артынан шыбырашууларга, жанындагылардын жылмаюуларына туш болчу.

Катуу кайгыга баткан учурда пасторуңар адилетсиз түрдө силерди күнөөкөр деп айыптаса, кандай болот элеңер? Силер ойлонуп жаткандырсыңар: *“Бул улук пасторбу? Менин орозо кармаганымды, Кудайга жалынып жатканымды билбейби? Эмне үчүн ал Рухка ушунчалык сезимтал эмес? Болду, мен мындан ары бул жакка барайын деген оюм жок!”* Мындай ойлор оңой эле сезимдердин жарылуусуна алып келет: «Сен өзүңдү Кудайдын адамымын деп атайсың, анан адамдын кайгысын тааный албайсыңбы! Адам Кудайга жалынуу менен сыйынып жатканын көрбөйсүңбү? Анда сен кандай пасторсуң? Бул эмне деген жыйын? Мага жетишет! Мени сезе ала турган жана эмне Кудайдан экенин түшүнө ала турган пастору бар башка жыйынды тапканым артык! Ал эми, мындай реакция биздин жыйындарыбызда дайыма кездешет - эгерде пастордун алдында болбосо, анын артында, жыйналыштын мүчөлөрүнүн арасында.

Бирок, Аннанын катуу таарынгандагы жообун карагылачы: «Жок, мырзам, мен кайгыга малынган аялмын, шарап да, ичкилик да ичкен жокмун, Теңирдин алдында жүрөгүмдөгүнү

төгүп жатам. Күңүңдү начар аял деп ойлобо, себеби кайгы-капам оор болгондуктан, ушуга чейин сүйлөп жаттым» (15-16-аяттар). Ал урматтоо жана моюн сунуу менен жооп берди. Анын иш-аракеттери жана кырдаалга берген баасы сыноого туруштук бербесе да, ал анын бийлигинин абалын сыйлаган, ошондуктан аны күнөө кылбаганына урматтоо менен ишендирген.

Чындыгында, ошол учурда өзүнүн дене табиятын көрсөткөн адам Эйли болгон жана анын айыптоосу анын үстүнө илинип турган. Аннанын көңүлү анын жүрүм-турумуна эмес, өзүнө бурулган. Ал Теңирден чындап корккон аял болчу. Жетекчиде бир нерсе болсо, аны Кудай өзү чечет. Бүгүнкү күндө бизге да ошондой моюн сунуу жана момундук керек.

Эйлинин Аннага болгон мамилеси өзгөрдү:

> Ошондо Эйли: «Тынчтык менен бар, Ысрайылдын Кудайы сураганыңды берсин», – деди. Аял болсо: «Күңүң сенин алдыңда ырайым тапсын!» – деди да, өз жолуна түштү. Тамак ичти, жүзү мурдагыдай капалуу болбой калды (1 Шкм. 1:17-18-аяттар).

Анна Эйлини урматтоосун токтоткон жок, аны Кудайдын адамы катары сыйлап, ал тургай бата сөзүнө ыраазычылык билдирди.

Андан кийин мына ушундай болду: «Алар эртең менен эрте туруп, Теңирге табынышты да, Рамадагы үйүнө кайтып келишти. Элкана аялы Аннага жакындады, Теңир ал аялды эстеди. Бир нече убакыттан кийин Аннанын боюна бүтүп, уул төрөдү да: «Аны *Теңирден сурап алдым»,* – деп, ага Шемуел деген ат койду» (1 Шемуел 1:19, 20).

Кудай сөздү бошотуп, берилген убаданы аткаруу үчүн сезимтал эмес, денелик дин кызматчыны колдонгон. Төрөбөгөн жатын ачылып, караңгылыктан жашоо чыкты. Кийинки жылы Анна кичинекей Шемуелди көкүрөгүндө кармап турган. Бул киши боюна бүтө электе эле Кудайга арналып, Ысрайылга кайра жанданууну алып келген.

## Ким сот?

Үйрөнүү керек болгон укмуштуудай принцип бар: Кудай Өзүнүн бийлигин кандайдыр бир адамга бергенде, биз анын инсандыгынан тышкары карап, аны Теңирдин элчиси катары урматтасак, анда анын жеке жашоосу кандай болбосун, биз андан ала алабыз. Ыйса Аннага окшоп көпчүлүгү бузулган жетекчилерден деле айыгуу жана бошонууларды ала алышарын ачык айткан. Ал: «Ошол күнү көп адамдар Мага: "Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?" – дешет. Ошондо Мен аларга: "Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар", – деп айтамын» (Матай 7:22, 23).

Бул аятты окуганда биз да көбүнчө «көптөр» деген сөзгө көңүл бурабыз. Булар Ыйсанын атынан кереметтерди жасагандар, бирок четке кагылгандар. Албетте, бул олуттуу жана сергек сөздөр, бирок экинчи жагын карап көрөлү: бул мыйзамсыз адамдардан реалдуу кызмат көргөндөр аз эмес. Бул алар Анна сыяктуу Кудайды өздөрү аркылуу өткөрүшкөндүктөн болгон. Ыйса айткан адамдар болсо, Эйлидей болуп, Кудай түбөлүккө үйүн соттогондор эле!

Мен бул китепти күнөөгө баткан кызматчылар үчүн эмес, бирөөнүн бийлиги астындагы адамдар үчүн жаздым. Ыйык Жазууда каардуу жетекчилер жана жакшы жетекчилер бар экени айкын көрүнүп турат. Бийликтин астындагылар айыптоо жүгүн өз мойнуна алышса, алар белгиленген бийликке баш ийүүдөн чыгып, өздөрүн лидерлеринен жогору, соттордун деңгээлине чейин көтөрүшөт. Алардын жүрөктөрү, өз кезегинде, Кудай алардан жогору койгон адамдардан өйдө көтөрүлөт. Алар өздөрүн Кудайдын тартибинен жана максаттарынан жогору коюшту. Чынында, алар Ага: «Сен бир нерсени сот катары жакшы

аткарбай жатасың, мен аны өзүм жасап көргүм келет» дешет.

Анна Эйлинин бийлигин таанып, ага урмат-сый менен мамиле кылган. Ал аны айыптап, кемсинткен, бирок ал дагы эле аны урматтоосун токтоткон эмес. Эгер ал көргөн жана уккан нерселери менен жашаган болсо, балким, Эйлинин жүрүм-туруму анын шектенүүсүнө себеп болмок. Анын үстүнө, ал табигый ой жүгүртүү менен эмес, Кудайдан жана асман бийлигинен коркуу менен жетектелген. Ал адилдик менен соттой турган Кудайга ишенген.

Анна Ыйсанын кийин эмне жөнүндө айтканын билген: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким Мен жиберген адамды кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ал эми Мени кабыл алган адам Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот» (Жакан 13:20). Эсиңерде болсун, Жүйүттүн акыры жаман болорун билсе да, Ыйса Жүйүттү башка шакирттери менен бирге керемettерди жасоо жана жиндерди кууп чыгаруу үчүн, күч менен жабдып жиберген: «Ыйса аларга: «Ушул он экиңди Мен тандап алган эмес белем? Бирок араңардагы бирөө – шайтан», – деди» (Жакан 6:70). Жүйүттүн күнөөсү ачыкка чыга электе эле, Теңирден коркуу сезимине негизделген рухтардын аң-сезими аркылуу Ыйса ал жөнүндө баарын билген. Жүйүт керемettерди жасап, Ыйсанын ысмы айтылганда жиндер баш ийип калганына кубанып кайткан (Марк 6:7-13; Лука 10:17). Адамдар Жүйүттүн колун коюу аркылуу кылган кызматын кабыл алышканбы? Кызматтын казынасынан уурдаган колдордонбу? Шексиз!

## КАЧАН КЕТҮҮ КЕРЕК

Эми бир маанилүү жагдай: эгерде жыйындын кайсы бир лидери күнөө менен жашап жатканы ачыкка чыкса, биз анын ачуу кудугунан иче албайбыз. Ыйык Жазууда мындай адамдардан оолак болуу керектиги так айтылат. Эгер лидер ойноштук кылса, гомосексуализм, опузалап талап кылуу,

уурулук, “ерес” же башка күнөө менен жашап жатса, же сага же жыйынга белгилүү болгон күнөө менен жашап жана тобо кылууну каалабаса, анда андай кызматтан чыгып кеткиле. Ыйык Жазууга ылайык, биз аны менен бирге тамактанбашыбыз да керек. (1 Кор. 5:9-11). Эйлинин окуясында Анна Эйлинин жана анын уулдарынын жамандыктарын билгени же билбегени ачык эмес. Жүйүт аркылуу айыгып, куткарылган адамдар анын ууру жана чыккынчы экенин билишпесе керек.

Жыйындын жетекчилери тууралуу Пабыл мындай деген: «Кээ бир адамдардын күнөөлөрү сотко чейин эле белгилүү болот, ал эми кээ бирөөлөрдүн күнөөлөрү кийин *билинет»* (1 Тим. 5:24).

Жыйынтыктап айтканда, эгер лидер күнөө менен жашаса, бирок ага Кудайдын өкүмү али ачык-айкын чыга элек болсо, анда эртеби-кечпи, бул жашоодо же тиги дүйнөдөбү, ал баары бир айкын болот. Силер бар экенине ишенбеген нерсеңерди коомчулукка айтып же ачыкка чыгаруунун кереги жок. Көптөгөн адамдар шектенүүлөрдүн таасири астында иш-аракет кыла башташат жана көп учурда алар эмне болуп жатканын баалоодо жаңылып, ошону менен өзүнө да жана башкаларга да олуттуу кыйынчылык жаратышат. Алардын оозунан башкалардан негизсиз шектенген нерселер жөнүндө сөздөр чыгат. Алар кыраакы рухтардын жөндөмдүүлүгүнө ээ болгондугу менен өздөрүнүн көз карашын акташат. Алар башкалардын майланган жолбашчылардын кызматын алышына тоскоол болот, ошондуктан көптөр Кудай аларга бергиси келген нерселеринен айрылышат. Ошондуктан, Теңир: «Эки же үч күбө болбосо, Жыйын жетекчисине карата айтылган айыптоону кабыл алба»,- деп үйрөтөт (1 Тим. 5:19).

Күбө - бул өтүп бара жатып бир нерсени уккан адам катары эмес, көзү менен көргөн нерсесин күбө катары сүйлөп бере алган адам.

Баардыгы өз убагында Кудайдын сотуна баш ийет, эгер Ал

жетекчинин өкүнбөгөн күнөөсүн ачыкка чыгарууга убакыт келди деп ойлосо, аны так билип аласыңар. Анан да ушул лидердин бийлигинен чыгуу керек болгон учур келет. Пабыл: «Башкаларда да коркунуч болуш үчүн, күнөө кылгандарды бардыгынын алдында ашкереле»,- деген (1 Тим. 5:20). Силерге эскертүүм: алардын күнөөлөрүнө катышпагыла жана тообо кылышпаса, алардын бийлигинен чыккыла.

Мен бир жолу ачык күнөөгө баткан жетекчинин тушунда кызмат кылгам. Бул окуя болгондо, мен ал жерде жок болчумун, анткени биз башка штатка көчүп кеткенбиз, мен ал жерде жаштардын пастору болуп кызмат кылчумун. Биз кеткенден эки жылдай өткөндөн кийин, ал жыйындын кеңешинин алдына келип, аялы менен ажырашып жатканын, анткени аны менен жашагысы келбей калганын билдирет. Бир канча убакыт өткөндөн кийин ал башка аял алуу пландары менен бөлүшөт. Аялы ойноштук кылган эмес, ал жөн гана башка аялды каалаган.

Андан кийин миңдеген адамдар анын жыйынын таштап кетишкен. Алар туура иш кылышкан. Калгандары да кооптуу жолго түшүштү, анткени, ал жерде бул лидерге жана анын жаңы аялына ылайыктуу жаңы бузуку окутуулар башталды. Мен бул пасторго каршы сөз айтуудан баш тартканы үчүн, мол өмүргө ээ болгон көптөгөн адамдарды билем; ага чабуул койгондор болсо, өздөрү азап тартышкан.

Дөөт - туура жүрүм-турумдун үлгүсү. Жиндер кыйнаган падыша аны өзүнөн кууп чыкса да, ал Шабулду өлгөнгө чейин урматтачу. Дөөт Шабулдун Теңирдин майланган кулу экенин түшүнгөн. Ушул күнгө чейин ал жетекчинин тандоосунун кесепеттерин ойлоо мени кейиткени менен, ал жөнүндө урмат-сый менен айтууга аракет кылам. Мен аны сыйласам да, анын окуутуусун же кызматын туура же ишенимдүү деп эсептей албайм.

Жогоруда айтылган окуяларга чейин мен анын кызматынан

көп нерсени үйрөндүм. Анын жашоосундагы күнөө мен анын жетекчилигинде жана насаатчылыгында жүргөндө эле пайда болгондугун мен кийин билдим. Буга кээ бир фактылар күбө болду, бирок дагы эле бул тууралуу эч ким так билген эмес. Жаңжал чыкканда, Кудай мени бул инсанды сындаганым үчүн ашкереледи (бул тууралуу кийинки бөлүмдө айтам). Балким, ошондо бардык каршылыктарга карабастан, Кудай ага жетүү үчүн аракет кылып жаткан. Ал убакта бул менин ишим эмес болчу. Кудай мени анын бийлигинин астына койду жана ал мени үйрөтүүгө татыктуубу же жокпу, аны мен соттобошум керек болчу. Анна Эйлиден кандай кабыл алса, ошол убакта көптөр бул кишинин кызматынан да ошондой кабыл алышкан.

## РУХИЙ БИЙЛИКТИН ТАРТИБИ

Келгиле, Ыйсанын айткандарына кайрылып көрөлү жана ага Эйлиге окшогон адамдын көзү менен эмес, Кудайга ишенген жетекчинин көзү менен карайлы. Келгиле, анын Матай Инжилиндеги сөздөрүн окуйлу:

> Ким силерди кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ким Мени кабыл алса, ал Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот. Ким пайгамбарды пайгамбар катары кабыл алса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат. Ким такыбааны такыбаа катары кабыл алса, ал такыбааныкындай сыйлык алат. Ким Менин ушул жөнөкөй шакирттеримдин бирине, ал Менин шакиртим болгону үчүн, бир чөйчөк муздак суу берсе, силерге чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыксыз калбайт» (Мт. 10:40-42).

Бул жерде Ал эки нерсени айткысы келген. Биринчи кезекте, Атадан келген бийлик агымы бар. Ал Ыйсаны жиберип, Ага бардык бийликти берген. Ыйса Өзү мындай деген:

«Ошондо Ыйса аларга жакын келип, мындай деди:

«Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Мага берилди» (Мт. 28:18). Машайак бардык бийликти, үстөмдүк кылуучулукту жана күчтү жоюп, Падышачылыкты Кудай Атага өткөрүп бергенден кийин, баарынын акыры келет. Анткени Ал бардык душмандарын Өзүнүн бут алдына жыкканга чейин бийлик жүргүзүүгө тийиш. Өлүм акыркы душман катары жок болот Ыйса Жыйындын башчысы, ал эми бардык козголоңдорду Анын бут алдына коюп, Падышалыкты Атасына кайтарып бере турган күн келет (1 Кор. 15:24-26).

Бул бийлик иерархиясынын кийинкиси – пайгамбар. Пайгамбарлар алгач Ыйык Китепте Кудайдын эркин билдирүүчүлөр катары сүрөттөлөт (Чыг. 4:16; 7:1). Алар тирилүүдөн кийин жыйынга берилген Ыйык Рухтун беш кызматына кирет (Эф. 4:813). Алар жыйындын өкүлдөрү. Кызмат белегин алганыбызда, биз Теңирден ушул ыйгарым укуктардын түзүмү аркылуу Ал бизге бергенин алабыз.

Андан кийин Ыйса адил адамдар жөнүндө айтып, ага ымыркайларды да кошууну унутпайт. Мен ишенбегендердин да, ал тургай эң кичинекейине жакшылык кылуу менен да, бата алганын көрдүм. Анан да, бул адамдар Теңирге кызмат кылбаса да, Мырзасын урматташкан. Биз ыйыктарды кабыл алып, аларга бата берип жатканда, акыр-аягында Атанын Өзүн кабыл алып, бата алабыз. Шакирттер, анын ичинде ымыркайлар, Атасынын эркин билдирген Ыйсанын жетекчилиги астында жыйын бийлигинин беш бутагына баш ийишет. Ошондуктан, куткарылбагандар Машаяктагы наристелердин батасы астында калышат, анткени Асман Падышачылыгында эң кичинелердин рухий бийлиги жоголгондорго караганда көбүрөөк болот. Ыйсанын сөздөрүнөн биз белгиленген рухий бийликте белгилүү бир иерархия бар деген жыйынтыкка келебиз.

## РУХАНИЙ БИЙЛИКТИ КАБЫЛ АЛУУНУН СЫЙЛЫГЫ

Бул аяттарда сөз кылынган экинчи нерсени бул пенделердин Кудайдын элчиси катары кабыл алынышы жана анын сооптору жөнүндөгү сөздөрдөн таба алабыз. Ыйсанын кызматы мунун ачык мисалы болуп бере алат.

Бир шаардын тургундары Ыйсадан дээрлик эч нерсе алышкан жок, бирок алар Машаяктын келиши жөнүндөгү чындыкты жар салышкан жана Анын келүү убактысы эбак эле келгенин Ыйык Жазуудан билишкен. Ыйса аларга мындай деди: «Ыйса болсо аларга: «Пайгамбарды өз жеринде, өзүнүн туугандарынын арасында, өз үйүндө гана сыйлабайт», – деди. Ыйса бул жерде кээ бир эле оорулуулардын үстүнө колун коюп, *аларды* айыктыргандан башка эч кандай керемет көрсөткөн жок» (Марк 6:4, 5, курсив автордон).

Адамдагы бийлик орунду урматтаганыбызда, аны Кудайдын элчиси катары кабыл алабыз. Теңир Муса аркылуу элге мындай деп айткан: «Мен алардын бир туугандарынын ичинен сендей пайгамбар чыгарам» (Мыйз. 18:18). Бирок, алар Ыйсаны Атасынан жиберилгендей же Машаяк катары урматташкан эмес.

Эмне үчүн алар Аны кабыл алышкан жок? Анткени, Ыйса алар күткөндөй келген жок. Алардын ою боюнча, Машаяк бир аз башкача көрүнүшү керек болчу. Алар Ышайа пайгамбардын китебинен окушкан:

> Анткени бизге наристе төрөлдү, бизге Уул берилди. Бийлик кылуу Анын ийнинде... Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт (9:6, 7).

Ошентип, алар римдиктердин эзүүсүнөн бошотуп, Иерусалимде өзүнүн падышачылыгын орното турган жеңүүчү падышанын келишин күтүшкөн. Бирок, тескерисинче, Ал

жыгач устанын уулу болуп, балыкчылар менен салыкчылардын курчоосунда келди. Алар бири-бирине: «Жок, биз Машаяктын мындай көрүнүшүн каалабайбыз!» - дешти.

Ыйык Жазууда Ыйсанын эч кандай керемет жасай албасы айтылат. Анда «аткарган жок» деп айтылбайт, бул Анын эркине байланыштуу суроого байланыштуу болмок. Бирок анда «аткара албай койду» деп айтылат, бул Ал бийликте чектелүү экенин билдирет. Мунун үстүнөн ойлонуп көргүлө. Кудайдын Уулу, Кудайдын Рухуна чексиз толуп, күчү чектелген! Неге? Бул жерде эки жооп бар: Ыйса бул адамдар Аны күтүп жаткан кейпинде келген жок, ошондуктан алар Аны кабыл алышкан жок жана Аны урматташкан жок, алар Аны абдан жакшы билишкен. Алардын сөздөрүн уксаңар:

> Ишемби күнү Ыйса синагогада элди окута баштады. Ошондо Аны угуп жаткандардын көпчүлүгү таң калып: *«Мунун баарын Ал кайдан билет? Ага мындай акылмандыкты ким берген? Мындай кереметтерди Ал кантип жасап жатат? Бул жыгач уста Ыйса эмеспи? Бул Мариямдын уулу, Жакыптын, Жусуптун, Жүйүттүн жана Шымондун бир тууганы эмеспи? Анын карындаштары бул жерде, биздин арабызда эле жүрүшөт го»,* – дешти. Ошентип, алар Ыйсаны кабыл алгылары келген жок. Ыйса болсо аларга: «Пайгамбарды өз жеринде, өзүнүн туугандарынын арасында, өз үйүндө гана сыйлабайт», – деди» (Марк 6:2-4 Курсив автордон).

Пайгамбар кайсы жерде урматталбайт? Көбүнчө - үй-бүлөсү жана достору менен курчалган жерде. Дөөт үйүнө бата бергени келгенде да ушундай мамилеге туш болгон. Анын жеңиши көчөдө белгиленип, бирок үйүндө көңүл бурулбай калган. Михал Кудай ага даярдап койгон батасын жоготкон, Дөөттө болсо, үйүн баталай турган күч бар болгон. Өзүнүн

сүйүктүүлөрүнө батасын берүү үчүн, Ыйса канчалык күчкө ээ болгон! Ал бата берүү үчүн чексиз күчкө ээ болсо да, Ал алар үчүн эч нерсе кыла алган эмес (2 Шем. 6 карагыла).

Жүрөгү Кудайды эңсеген, момун жана үйрөнүүгө даяр адамдар гана Теңирдин Ыйсадагы колун көрүп, Андан кереметтерди кабыл алышкан. Ал Өз элин жүрөктөрү Кудайды чындап издегендерге жана такыбаа көрүнүшү бар, бирок жүрөктөрү козголоңдон сокур болгондорго бөлгөн кылыч эле. Шымон энеси Мариямга мындай деди: «Анан Шымыйон аларга батасын берип, Наристенин энеси Мариямга: «Бул Наристе Ысрайыл жеринде көптөрдүн жыгылуусунун жана көптөрдүн жогору көтөрүлүүсүнүн, талаш-тартыштын себепкери болот. Көптөрдүн жүрөктөгү ойлору ачылат. Ал эми сенин жүрөгүң тилингендей болот», – деди» (Лука 2:34, 35).

Жакандын Жакшы Кабарында (1:11, 12) бул эки категориядагы адамдардын сыпаттамасы айтылат: «Ал Өз элине келди, бирок Өз эли Аны кабыл алган жок. Ал эми Аны кабыл алып, Ага ишенгендерге Кудайдын балдары болуу бийлиги берилди». Мында баарыбыз үчүн негизги чындык камтылган. Кудай бизге керектүү нерсени биз үчүн таптакыр жакпаган формада бизге бир нече жолу жөнөтөт. Анан бул курмандык биздин жүрөгүбүздүн чыныгы абалын ачып берет жана анын бийлигине баш ийерибизди же каршы экенибизди көрсөтөт. Ыйса: «Силер Мени да, Атамды да билбейсиңер. Эгерде Мени билсеңер, анда Менин Атамды да билмексиңер», – деп жооп берди» (Жакан 8:19). Атаны тааныгандар Анын бийлигин Ал жиберген адамдарды таанышат! Аны түшүндүрүп, далилдеп жана ага үйрөтүүнүн кереги жок.

Бул Африкага барган кызматчы эмне үчүн сокурлардын көзүн, дүлөйлөрдүн кулагын ачып, шалды айыктырат, анан үйгө кайтып келгенден кийин бир нече адамдын баш оорусунан айыкканын жана башка бир нече майда дарттардын гана

айыкканын көрө аларын түшүндүрөт. Мындай мисалдарды көп келтире алам. Африкада кызматчы кандай көрүнбөсүн, ал Кудайдын элчиси катары кабыл алынат, ошондуктан, биздин кымбат баалуу африкалык бир туугандарыбыз Анын күчү жана катышуусу менен бата алышат. Америкада болсо, кызматчынын сырткы кебетеси белгиленген стандартка жооп бербесе, ага болгон сый-урмат жоголот. Бул мыйзам пропорционалдуу түрдө иштейт: силер Кудайдан келген кызматчыны канчалык кабыл алып урматтасаңар, бул адам аркылуу Кудайдан ошончолук нерсени кабыл аласыңар. Урматсыздыкты сепсең, ошону оруп аласың. Чоң урмат-сый менен мамиле кылсаңар – силерге да ошондой урмат-сый тиет.

## МЕНИН ДОСУМ БОЛОСУҢБУ?

Жаш пастор кезимде Тим аттуу он беш жаштагы бала менен кызыктуу жолугушуу болуп өттү. Мен кызматчылыкка келгенге чейин Тим мурунку жаштар пасторунун тобунда иштеген. Ал топтун башында ар кандай кызыгуу боюнча ийримдер, жөө жүрүштөр, спорттук ийримдер бар болчу. Жаштар ар кандай мүнөздөгү жана бирдей коркунучтуу моралдык көйгөйлөргө: баш ийбестикке, өспүрүм кездеги кош бойлуулукка жана ушул сыяктууларга дуушар болушкан. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, улук пастор жаштар пасторун кызматтан кетирүүгө аргасыз болуп, мен анын ордуна келдим. Азыр пенсиядагы жаш пастор жыйындан чыгып, бир нече миль аралыкта өзүнүн жыйынын ачты, ага мурда анын мурдагы тобуна кирген жаштардын айрымдары келе баштады. Тим аны менен бирге кетпегендердин бири болгон.

Жаштардын көбү калганы менен, мен топтун жаңы пайдубалын түптөшүм керек болчу. Теңир мага алгачкы алты айды насаат айтуу, сыйынуу жана табынуу менен гана өткөрүүнү айтты. Ошол айларда мен эч кандай социалдык

иштерди пландаган эмесмин. Баарына жакпаган “форма” болчумун деп айтуунун кереги жок. Натыйжада, Теңирдин кылычы топ аркылуу өттү. Айрымдары кетип, башкалары кызыгып калышты, бирок шыктануу менен жооп бергендер болду, алардын көбү азыр кызматта.

Жаңы кызматта бир нече ай өткөндө, кечки кызматтан кийин Тим мага келип, экөөбүз сүйлөшүп баштадык. Ал чын жүрөктөн: «Пастор Джон, сен менин досум болосуңбу? Мурунку пастор экөөбүз жакшы дос болчубуз». Мен анын пастор жөнүндөгү идеясына туура келген жокмун.

Анын суроосу жеңил-желпи кабыл алынбашы керек эле. Туура жооп берүү үчүн, өзүмдүн ичимди карадым. Жооп дароо суроо түрүндө келди: «Тим, Ыйса мындай деди: “Ким пайгамбарды пайгамбар катары кабыл алса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат» (Мт. 10:41). Эми бул жаштардын пасторуна да тиешелүү. Эгер силер пастордун атынан пасторду кабыл алсаңар, анда силер пастордун сыйлыгын аласыңар».

Мен: «Тим, сенин досторуң көп экен, ээ, туурабы?» деп уланттым, Ал: «Ооба», - деп жооп берди.

«Бирок, сенде бир гана жаш пастор бар, туурабы?» Ал: «Ооба», - деп жооп берди.

Мен минтип сурадым: «Сен эмнени каалайсың — досуңдун сыйлыктарынбы же сенин пасторуңдун сыйлыктарынбы? Мени кандай кабыл алсаң, Кудайдан ошондой сыйлык аласың».

Ага жарык тийгендей болду. Мен анын көзүнөн аян алганын көрдүм. Ал бат эле: «Мен пастордун сыйлыгын алгым келет. Эмнени айткың келгенин түшүндүм” деди. Ошол учурдан тартып ал өзүн жана бүт жашоосун өзгөртө баштады. Бир нече жылдан кийин ал башка шаарга көчүп кетти, бирок ошентсе да, мен ал жактан өтүп баратканда жолугуп калабыз.

## ЖЕКЕ ТАЖРЫЙБАДАН

Мен бул темага бүтүндөй бир китепти арнасам да болмок. Адамдар Кудайдын кызматчыларын сыйлабагандыктан, эч нерсе ала албай жатканын көргөндө жүрөгүм эзилип кетет. Муну мен өз кызматымда көп жолу көрдүм: Кудайдын кызматчыларын кадимкидей эле өзүнөн өзү боло берчү нерсе катары кабыл алгандарга алардын баарына жетүү эң кыйын. Мен муну Кошмо Штаттардагы жыйындар менен машайакчы мектептерден көп көрдүм. Алар буга чейин аларга берилген кызматчылардын туруктуу менюсунан тажашкан жана алар үчүн мен чоң тизмедеги дагы бир тамак элем.

Аскерлерге насаат айтуу эң оңой болсо керек, анткени алар бийликтин маанисин башкаларга караганда жакшы түшүнүшөт. Аларды камактагылар жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн калкы ээрчишет, анткени экөө тең тынымсыз үмүтсүздүктө жана ачкачылыкта жашашат. Кудай Жезекиелге мындай деген:

> Анткени сен татаал, түшүнүксүз тилде сүйлөгөн элге жиберилип жаткан жоксуң, сен Ысрайылга жиберилип жатасың... Эгерде Мен сени аларга жиберген болсом, алар сени угушмак. Ысрайыл болсо сени уккусу келбейт, анткени алар Мени уккусу келбейт. Анткени бүт Ысрайылдын чекеси катуу, жүрөгү таш (Жезекиел 3:5-7).

Ысрайыл үчүн Жезекиел катардагы эле дагы бир пайгамбар болгон жана ал элдин уккусу келгенин кабарлаган башкаларга караганда, катуураак жана түз сүйлөгөндүктөн, кабыл алынган эмес.

Күндөрдүн биринде Кудай мага: *«Сени кабыл албай турган жерлерге жиберем»* деп мени чаташтырган сөздөрдү айтты. Мен: «Макул, бир аз күтө тур. Мени кабыл албай тургандарын алдын ала билген жерге Сен мени жиберип жатасың. Анда, эмне үчүн?»

Теңир мындай деп жооп берди: *«Анан алар Мен аларга мүмкүнчүлүк берген эмесмин деп айта алышпайт».*

Мен ушундай жерлерге бардым, ошол жакта жүргөндө: *«Эмне үчүн мени дегеле чакырышты? Алар мени бул жерде көргүсү келбегендей мамиле кылышат»* деген суроолор туулду.

Бирок, аэропорттон чыккан биринчи мүнөттөн баштап кайра учакка отурганга чейин, мени тейлөөгө чейин да, андан кийин да чоң кубаныч, боорукердик жана урмат-сый менен кабыл алган башка жерлер да болгон. Мени мейманканадагы бөлмөмдө ар дайым мөмө-жемиштерге толтурулган кооз себет күтүп турчу, мага тынымсыз бир эле суроо берилчү: «Сага дагы бир нерсе керекпи?», А менин жоопторум болсо сынган пластинканы эске салып турчу: «Баары жакшы. Баары жакшы.» Артка кылчайып карасам, кийинчерээк айрым ишенгендердин да, бүтүндөй жыйындардын да жашоосундагы эң чоң күбөлүктөр дал ушул жерлерден келгенин көрөм. Сахнага чыгарымды айтышканда, адегенде мындай мамилени же дүркүрөгөн кол чабууларды кабыл алуу ыңгайсыз болду. Мен ойлодум: *«Анткени, менин силерден айырмам жок. Мындай кылбагыла».* Бирок, мунун баары мен үчүн эмес экенин бат эле түшүндүм.

Кудай мага кадам сайын ачып берип жатты*: «Сен үчүн эмес, алар өздөрүнүн пайдасы үчүн сени сыйлашына мүмкүнчүлүк бер».* Алар жеке мени эмес, менин жашоомдогу Кудайдын жөндөмдүүлүгүн сыйлап жатышканын түшүнгөндө, мен өзүмдү жакшы сезип калдым. Алардын позитивдүү маанайы Ыйсадан Өзүнүн идиши катары мен аркылуу бергиси келгенин алуу үчүн, алардын жүрөгүн ачты. Текеберликтин ордуна, мен ичимде кичи пейилдик жана баш ийүү сезими күчөгөнүн сездим. Бул менин жөндөмүмдөн эмес, Анын тандоосу экенин билдим. Бардык саламдашуудан кийин, мен алардын көздөрүн Теңирге буруп, Ага урмат көрсөтүп, Ага көз каранды экенимди айттым.

Мени сыйлагандар кызматымды оңой эле кабыл алышты; башкаларга жетүү өтө кыйын болгон.

## ЭКИ ЭСЕ УРМАТ

Пабыл: «Туура жетекчилик кылган Жыйын жетекчилерине, айрыкча насаат айтып, окутуп кызмат кылгандарга, эки эсе урмат көрсөтүлсүн»,- деп үйрөткөн (1 Тим. 5:17). Эки эсе урмат деген, бул адамдарга светтик бийликтерге көрсөткөн сый-урматка караганда да эки эселенген урмат көрсөтүү керек дегенди билдирет.

Эгерде бул аятты кененирээк контекстте карай турган болсок, анда бул кызматчылардын каржылык камсыздоосун да камтыйт. Ал мындай деп улантты: «Эмгекчи өзүнүн сыйлыгына татыктуу» (18-аят). Библиянын кеңири котормосу муну айкыныраак көрсөтүп турат: «Туура жетекчилик кылган Жыйын жетекчилерине, айрыкча насаат айтып, окутуп кызмат кылгандарга, эки эсе урмат көрсөтүлсүн. Анткени Ыйык Жазууда: «Эгин бастырып жаткан өгүзүңдүн оозун таңба!» жана «Эмгектенген адам эмгек акысын алууга татыктуу», – деп жазылган» (1 Тим. 5:17, 18).

Бул бузулбас принцип. Жыйын мүчөлөрү өздөрүнүн пасторлоруна жана аларга кызмат кылган жетекчилерге кам көргөндө, бизнесмендер жана башкалардын баары батага ээ болушуп жана гүлдөп-өнүгүшөт. Алар Асман экономикасынын принциптерин колдонушат. Бирок, эгер алар сараң болушса... Андайларды кезиктирип калам, алар уурулук менен жетишсиздикке, анан дүйнөлүк экономиканын начар абалына наалышат.

Кээ бирлери, өзгөчө, АКШдагы кызматчылар бул чындыкты кыянаттык менен пайдаланып жатышканын түшүнөм. Кызматчылардын тынымсыз акча жана башка материалдык нерселерди айтып жатканын көрүү өкүнүчтүү. Алар чындыкты

билишет, бирок кулдун жүрөгүнөн ажырап, жалданмалык жолго кадам ташташкан. Фарисейлер ушундай жашашкан. Көптөр өздөрүнүн кыянаттыктарынан улам, башында Кудай белгилеген бийликти урматтоо принциптеринен баш тартышты. Бул өз кезегинде алардын коргоосунда турган адамдарга зыян келтирет,

Муну мен насаат айтуу сапарларымдын биринчи жылында эле көрдүм. Бир жолу мен жүз кишиден ашпаган кичинекей жыйында болгом. Жолугушуулар жакшы өттү, ал жердеги адамдар абдан сонун болчу. Пастор жана анын аялы менен болгон баарлашуудан мен алардын материалдык абалы анча жакшы эмес деген жыйынтыкка келдим. Ал стюардесса болуп иштеген жана жыйында каалагандай кызмат кыла алган эмес. Ал жумушту таштоону жана жыйындан айлык алууну каалаган жок, анткени бул ашыкча болот деп ойлоду. Мунун баары кайдан келгенин түшүндүм. Буга чейин пастор экөөбүз мен бир аз мурда айтып өткөн жыйында иштечүбүз. Ошол жыйындын пастору каржы жана курмандык жөнүндөгү окууга өтө эле берилип кеткен. Экөөбүз тең этияттык менен мамиле кылып, ошондой кылгыбыз келбей, эч нерседен шектенбей, экинчи чектен чыктык. Бирок, Кудай мага эч кандай чектен чыгуу жакшылыкка алып келбейт деп үйрөттү. Бизге чыныгы тең салмактуулук керек болчу.

Биздин жолугушуулар жекшемби күнү эртең менен башталып, шаршемби күнү кечинде бүтүшү керек болчу. Биринчи үчөө жакшы өттү, бирок жыйынды бир нерсе кармап тургансыды. Шейшемби бою Теңир менин бул кишиге болгон мамилемди жана анын жыйынында каржы маселеси кандай каралып жатканын айтып берди. Бул жерде дагы бир нерсе кылса болот деген сезимден арыла албадым.

Жолугушуунун алдында пастор мага ошол күнү кечинде анын кызматынан тартууларды кабыл алышымды каалаганын айтты. Мына, анын мага айткан так сөздөрү: «Мен сага эркиндик берем».

Мен бактылуу болдум. Мен Кудайдын ошол эшикти ачып бергенин түшүндүм, ошондо мен анын бир күн мурун айтканын аткара алам. Ошол күнү кечинде мен ошол кезде иштеп жаткан китептин темасы боюнча насаат айтып жаткам. Мен 1 Тиметейдин аятын окуп, катышып жаткандарга каржы тармагында алар пасторуна жана анын аялына тийиштүү кам көрүшпөгөнүн айттым. Мен жыйынга пастордун аялы үй-бүлөсүн багуу үчүн ар бир үч-төрт күн сайын учуп кетпей турган убак келгенин ачык айттым. Мен пастор мага эркиндик бергенин айттым. Мен кызматым үчүн тартууларды албай, аларды пастор менен анын аялына берүүнү чечтим. Адамдар пасторго бата берүү мүмкүнчүлүгүн абдан шыктануу менен кабыл алышты. Ошол күнү кечинде алардын жыйынындагы курмандык адаттагыдан үч эсе көп болгон! Пастордун аялы ыйлап жиберди, бирок ал таң калып турду.

Андан кийин кандай бурулуш болгонуна таң каласың. Эртеси күнү бир түгөй он миң долларга чек алды; экинчиси эшиктин жанынан он беш жүздүк чек салынган конвертти тапты. Бул башталышы гана болгон. Келерки жекшембидеги жолугушууда, пастордун өзү мурда насаат айтууга батынбагандай зор күбөлүктөр пайда болду. Акыркы жумадагы бүт кызмат жумушта же жеке жашоосунда алардын каржысы менен эмне болгону жөнүндөгү адамдардын күбөлөндүрүүсүнө арналды. Кийинчерээк пастор мага бул пландан тышкаркы кызматтын кассетасын жөнөттү.

Кийинки эки жылдын ичинде жыйын катуу өстү. Ал жаңы имарат сатып алып, беш жүзгө чейин өстү. Ага чейин алардын саны жүз адамдын тегерегинде өзгөрүп турган. Ушул жана башка сансыз мисалдар мага Кудай биздин арабызда иштегендерди урматташыбызды каалаарын үйрөттү.

Мен кээ бир өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү кыдырдым жана кээде жергиликтүү жыйындардын мени тосуп алышканынан

көзүмө жаш тегеренди. Акча жагынан, бул Американын стандарттары боюнча бир кесим торттой сезилет, анткени мен Американын кээ бир коомдорунан алда канча чоң курмандыктарды алдым. Мени таң калтырганы бул ыраазы болгон адамдардын бардык жөндөмдүүлүктөрүнүн артында сүйүү болгон. Алардын мамилеси жесир аялдыкынан эч айырмаланбайт. Ыйса анын алып келген суммасы аз болсо да, башкаларга караганда көбүрөөк бергенин айткан. Ал өзүнүн белеги менен Кудайды даңктаган. Бул кымбат ыйыктар Кудай аларга жиберген кызматчыларын урматтап, баалашат. Ал силердин да жүрөгүңөргө кирсин. Силердин араңардагы Кудайдын талаасында иштеген адамдарды урматтоого умтулгула.

## ЖЕТЕКЧИЛИККЕ ДАЙЫНДАЛГАНДАР

Келгиле, Ыйсанын сөздөрүнө дагы бир жолу көңүл буралы: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким Мен жиберген адамды кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот» (Жакан 13:20). Матайда Ыйса чындыгында иерархия чынжырын сүрөттөйт: Атасы Ыйсаны жиберди, Ыйса кызматчыларын беш багытта жөнөтөт. Биз Анын кабарчыларын кабыл алсак, Аны кабыл алабыз, ал эми Аны кабыл алсак, Атаны кабыл алабыз.

Бирок, чынжыр бул кызматчылар менен эле токтоп калбастан, уланып, кызматчылар өздөрү дайындагандарга өтөт. Мен түштүк штаттардын биринде насаат айтып жүргөндө оозумдан чыккан сөздү эч качан унутпайм. Жыйындын жакшы пастору бар болчу, ал бийликте жүрүп, айланасындагы адамдарды коргоп жүрчү жана алар, өз кезегинде, аны да урматташкан. Бирок, бул сый-урмат анын кесиптештерине тараган жок. Кээ бирлери өздөрү дайындаган уюштуруучу, секретарь, кызматташ пасторлорго урмат көрсөтүшпөгөнүн байкадым.

Ошол жолугушууда менде пайгамбарчылык кызмат болду. Мен ушинтип насаат айтканда, кээде оозумдан чыгып кеткенден

кийин гана ал сөздөрдү угам. Мен бир кызматчыны көрсөтүп, катуу айттым: «Силер бул кишиге кандай мамиле кылсаңар, бул пасторго да ошондой мамиле кыласыңар. Пасторго кандай мамиле кылсаңар, Ыйсага да ошондой жооп бересиңер».

Жыйындын кээ бир мүчөлөрүнүн көзүн көрсөңөр эле! Аян нуру түшүп, алардын мамилесин ачып берди. Бул жыйын туура доктринада болгон жана оңдоону эл ынтызарлык менен кабыл алган. Менин жеке сөздөрүм жеке мага да кызмат кылды.

Кандайдыр бир жыйында кызмат кыламбы же өзүмдүкүнө барамбы, мен пастор дайындаган адамдарды, анын ичинде уюштуруучуларды, кеңсе кызматкерлерин, катчыларды, кызматташ пасторлорду жана унаа токтотуучу жайлардын кызматчыларын да сыйлайм. Аларды пастор дайындаган, ал өз кезегинде Атасы тарабынан дайындалган Ыйса тарабынан дайындалган. Мунун баарын мен айланабыздагы адамдардан Кудайдын күчүн көрүшүбүз үчүн айтып жатам.

Ыйык Китептеги эң сонун мисал - Сирия аскерлеринин башчысы Наамандын окуясы. Ал пес оорусу менен ооруп, айыгууга үмүт жок болчу. Жүйүт кызматчыларынын бири ага Ысрайылдын Кудай-Теңиринин күчү менен аны айыктыра турган бир пайгамбар бар экенин айтат.

Сириянын падышасы Нааманга Ысрайыл падышасына барууга уруксат берди, ал аны Элишанын үйүнө жөнөттү. «Ошондо ал өзүнүн аттары жана майдан арабалары менен келип, Элишанын үйүнүн алдына токтоду. Элиша ага кызматчысынан: «Барып, Иорданга жети жолу жуунгун, ошондо сенин денең айыгып, таза болосуң», – деп айттырып жиберди» (2 Падышалар 5:9, 10).

Муну уккан Нааман ачууланып: «Ал мага өзү келип, өз Кудай-Теңиринин ысымын чакырып, колун ооруган жериме коюп, пес оорусунан айыктырат деп ойлогом»,- деди (11-аят).

Анын туура эмес күтүүлөрү аны Кудай ага бергиси келген

нерседен баш тартууга мажбур кыла жаздады. Нааман маанилүү киши болгондуктан, ал кул же жалданма киши эмес, Элиша алдынан чыкса, аны кубануу менен кабыл алмак, Ал Элишанын бул мамилесине таарынган. Ал эми, аскер башчы катары берилген ыйгарым укуктун маанисин ал түшүнүшү керек болчу. Бирок, бактыга жараша, Элишанын кулу аны көндүрө алды, ал барып, Иорданга жети жолу чөмүлдү да, толугу менен айыгып кетти. Баары Кудайдын бийлигине ээ болгон адамга кызмат кылуу үчүн, дайындалган кызматчы айткандай болду.

Пастор кеткен мезгилде, кээ бир жыйындардын азайып баратканы мени өкүндүрөт. Бул адамдар өзүлөрүнүн чыныгы бийликти түшүнбөгөндүгүн көрсөтүп жатышат. Жүрөгү таза адамдар пастордун жардамчысы же келген насаатчыдан да ала алышат, анткени алардын ар бири пастор болуп дайындалган.

Пастор Ыйсанын ордунда турат. Эгерде биз Падышачылыктын күчүн түшүнсөк, анда бул жеке адамдардын атаандашуусу эмес, адамга ишенип берилген жана түздөн-түз Ыйсага алып бара турган бийлик экенин түшүнөбүз.

Ишенгендер катары биз жарандык бийликти, иш берүүчүлөрдү, мугалимдерди жана бийликте тургандардын баарын сыйлашыбыз керек. Балдар ата-энени, аялдар күйөөлөрүн сыйлаш керек. Муну менен биз убадаланган сыйлыкты алабыз. Акыр-аягы, келгиле, кызматка катышкандарды, өзгөчө, Кудайдын Сөзүн таратууда эмгектенгендерди эки эсе урматтайлы.

11 – БӨЛҮМ

# БАШ ИЙҮҮ ЖАНА МОЮН СУНУУ

*Биз баш ийип, бирок козголоңчул*
*боло алабыз.*

Моюн сунуучулук кээде ишенгендер арасында пайда болгон эң көп түшүнбөстүктөрдүн себеби болуп калат. Кийинки үч бөлүмдө биз татаал маселелерге токтолобуз. Акыркы он жылдын ичинде башка бирөөнүн бийлиги астында болуу жөнүндө үйрөткөндө, мен бир нече жолу төмөнкүдөй суроолорго туш болдум:

- Баш ийүү эч кандай шартсыз нерсеби?
- Мен лидеримдин чечимдерине макул болбосомчу?
- Лидер туура эмес чечимдерди кабыл алсачы?
- Жетекчи мага туура эмес иш кыл десечи?
- Чек ара кайда?

Булар бийликке ишенимдүү түрдө баш ийүү үчүн жооп бериши керек болгон эң сонун суроолор. Алгач Эврейлер китебинен баштайлы:

> Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула. Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр кам көрүшөт. Алар үшкүрүнө

эмес, кубаныч менен кам көрүшү үчүн баш ийгиле. Алардын үшкүрүнө кам көргөнү силер үчүн пайдасыз (Эвр. 13:17).

Каттын автору бизге эки нерсени так айтат: биздин үстүбүздөгүлөргө баш ийүү; аларга моюн сунуу. Бул эки башка көрсөтмөлөр жана бул жерде көптөр чаташышат. Биз баш ийип, бирок, ошол эле убакта козголоңчул боло алабыз. Кырдаалды айкындоо үчүн, мен өзүмдүн жашоомдон бир мисалды айтып берейин.

## БИЗ БАШКА АЗЫК АЛБАЙ КАЛДЫК

Мурунку бөлүмдө айтып өткөндөй, инженердик кыска карьерамдан кийин мен өлкөнүн түштүгүндөгү чоң жыйында кызмат кыла баштадым жана ал жерде пастордун жеке жардамчысы болуп төрт жарым жыл иштедим. Бул мен үчүн шакирт катары эң сонун позиция болду жана биринчи жылымда Кудай мага Өзүнүн Падышачылыгы үчүн ушундай сапатта кызмат кылууга уруксат берип жатат деген ой менен көп учурда капаланчумун. Мен: *«Мен Ага мага ушундай кылууга уруксат бергени үчүн, Ага ыраазы болушум керек»* деп ойлогонум эсимде. Бирок, бул «бал айы» бир жылдан ашкан жок, андан кийин мен өчө баштадым. Адегенде бул анча байкалбай, андан кийин процесс кескин түрдө тездеди.

Пасторго канчалык жакындаганым сайын, ошончолук көп кемчиликтерди көрө баштадым. Жаңылык жана энтузиазм сезими мага келбей калды. Мен өзүм күбө болгон нерселер жөнүндө ой жүгүрткөндө кыйналдым. Бул бат эле оор жүктөй болуп калды. Башкалар эмне кылып жатканына, көйгөйлөр кантип чечилип жатканына, кандай чечимдер кабыл алынып жатканына барган сайын макул болбой калдым.

Мага ишенбегендердин арасынан бардык жерден уккан сөздөрдөн эч айырмаланбаган курч сөздөр угулуп жатты. Эгерде

мен айткандар жалданма кызматкерлер болсо, анда алар жакында иштен бошотулат же жумуштан кетүүнү суранышат деп ишенчүмүн. Бул убакыт маселеси эле. Көп жерлерди мен жумшак алдамчылар деп эсептегендер ээлеп алышкан. Жаңы кызматкерлердин көбү башкаруу структурасына жана башка негизги кызматтарга тайгаланып (же капысынан) келген адамдардай болуп сезилди мага. Менин пасторум такыбаа адамдарга караганда алардын чөйрөсүнөн көбүрөөк ырахат алгандай сезилди. Алардын ыплас сөздөрүнө күлүп, кубанып, ошол эле учурда чын ыкластуу ишенгендердин арасында өзүн кайдыгер жана көңүл бурбагандай алып жүрдү. Анын жүрүм-туруму мени таң калтырып, бат эле аны сындай баштадым.

Мен өзүмдүн көңүлүмдү бурган башка карама-каршылыктар болду. Мунун баары бүткүл Американын көз алдында болгон эл аралык кызматта болгон. Кызмат көрсөтүү механизми үзгүлтүксүз иштеши үчүн, тейлөөнүн бардык программалары адам күчүнүн жана акчанын чоң чыгымын талап кылган. Кеңсе кызматкерлеринин саны 250дөн ашык кишини түзгөн, бизде эң заманбап жабдуулар бар болчу. Биз ишке ашырылып жаткан программаларга жана келечектеги долбоорлорго кошумча каражат табууга жардам берүү үчүн, консультанттарды чакырдык. Мен аларды жайгаштырууга жооптуу болуп, ар кандай тиричилик маселелерин чечтим. Мен алардын арасында болгонумда, алардын пастор менен жолугушууларын кантип талкуулашканын көп уктум. Башымда: *“Бул эмне, чоң бизнеспи же кызматпы?”* деген суроолор пайда болду. Уккан сайын: *“Бул азгырык. Булар элди ойлойбу же акча үчүн эле жүрүшөбү? Эмне үчүн пастор өзүн ушундай адамдар менен курчап алган?»* деген суроолор пайда болчу.

Жанымда менин досторум бар эле, алар да нараазы болушкан. Бир жубайлардын үйүндөгү кечки тамакты жакшы эстейм. Эми кызматтан эч нерсе албай калганыбыз тууралуу сүйлөштүк. “Акыркы жарым жылда кафедрадан айтылган насааттардан эч нерсе алган жокмун” деп айтканым эсимде.

Ушунча убакыт бою унчукпай отурган аялымдан башкасынан баары буга макул болду.

«Биз башка азык албай калдык» деген сөздү бир нече жолу уктум. Бул кызматка биздин катыша турган убактыбыз бүтүп баратат деген жыйынтыкка келдик. Биз менен болуп жаткан окуялар рухий мүнөзгө ээ экенин сездик жана Кудай бизди башка кызматтарга даярдап жатканына ынандык. Жакында бул кызматыбызды таштап, кызматта өсөбүз деп ишенчүбүз.

## МАСЕЛЕ МЕНДЕ БОЛГОН

Бир нече күндөн кийин, мен сыйынып жатканымда, Кудай, ырайымы менен, тигил жубайлардын үйүндө сүйлөшүп жаткан көйгөйдү эсиме салды. Пастордун насаатын угуп отурсам да, «биз азыктана албай калдык» деген сөз башымда айланып, кулагыма жаңырып жатты. Мен өзүмдүн «рухий ачкачылыгым» жөнүндө ойлонуп жатканымда, Ыйык Рух мага чечкиндүү түрдө: *«Маселе сенин пасторуңда эмес, сенде!»* — деди.

Укканыма ишенбей, таң калып, өзүмө өзүм суроо бердим: “Муну мага Кудай айтып жатабы? Мурда ушундай оңдоолорду баштан кечиргенимде, уккандарымдын тууралыгына шектенчү элем. Менин оюмда Кудайга: *«Туура дарекке кайрылганыңа ишенесиңби?»* деген суроо пайда болду. (Биз Рухта чоңойгон сайын, бул суроо азыраак келип чыгышы керек, анткени биз *чындап эле* канчалык аз билгенибизди түшүнө баштайбыз.)

Мен үнүмү чыгарып: «Эмне үчүн көйгөй менде?» деп сурадым.

Теңир мындай деп жооп берди: *«Эгерде тилимди алууну каалап, Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан жейсиңер. Эгерде баш тартып, өжөрлөнсөңөр, анда кылычтан өлөсүңөр, анткени Теңир ушинтип айтып жатат»* (1:19-20).

Бул аят мага жакшы белгилүү болчу. Мага дагы бир ой келди: «Анткени, мен бардык жагынан тил алчаак болчумун». Бирок, Ыйык Рух сөзүн мындай деп улантты: *«Силер кызматта эмнени*

*айтсаңар, ошонун баарын кыласыңар, бирок Мен: "Эгер тил алсаң, жердин жакшылыгын жейсиң" деп айткан эмесмин; Мен: «Кааласаң жана баш ийсең...» дедим, ал эми каалооң сенин мамилең менен түз байланышта. Сенин мамилең болсо эч жакка жараксыз!»*

Анан Ал мага мектеп кезимде, мен жогорудан төрөлгөнгө чейин, шаршемби күнү кечинде көрсөтүлгөн бир популярдуу шоуну көргөндү жакшы көрчүмүн. Эртеси бейшемби күнү эртең менен бизге таштанды ташуучу унаа келчү. Ал абдан эрте келгендиктен, таштандыны түнү алып чыгып коюу керек болчу, бул милдет мага жүктөлгөн. Мага бул программаны көргөн сайын жана абдан урунттуу жерине келгенде, апам дайыма бөлмөгө кирип, ошол эле суроону берип тургандай сезилди:

«Уулум, таштандыны чыгардыңбы?» Мен: «Азырынча жок» деп жооп берчүм.

Анан ал: «Тезинен туруп, аны алып чыгышыңды каалайм» дейт.

Ошондо мен: «Ооба, апаке, аткарылат» деп жооп берчүмүн. Анан мүшөктү көтөрүп жөнөйм. Менин жүрүм-турумумду капталдан бирөө байкап турса, мени үлгүлүү бала деп, баардык нерседе ата-энесине баш ийет экен деп айтмак. Чындыгында, ичимдегилер шарылдап кетчү: "Качан менин сүйүктүү шоум көрсөтүлүп жатканда дайыма ал мага ушундай кыл деп айтканына ишене албай кетем. Эмне үчүн ал программа аяктаганга чейин он мүнөт күтө албайт?»

Ыйык Рух мага мындай деди: *«Сен тил алдың, бирок сенде эч кандай каалоо болгон жок. Апаң менен мамилең туура эмес болчу. Бул жыйындан тамак-ашты (Менин Падышачылыгымдын жакшылыктарынан даам татуу) албай жатканыңдын себеби, сен айткандын баарын кылсаң да, ичиңде эч кандай каалоо жок!»*

Пасторго карата болгон менин мамилем, мени Кудайдан ала албаган жерге алып кеткенин жана бул кооптуу аймак экенин түшүндүм.

Эврейлерге жазылган Каттын (13:17) аяты мындай сөздөр менен аяктайт: «Анткени бул силер үчүн пайдасыз».

Менин көзүм ачылды. Мен дароо тооба кылдым. Кийинки жекшембиде мен ошол эле жыйынга барып, ошол эле орундукта отуруп, ошол эле пастордун ошол эле стилде насаат айтып жатканын уктум. Бирок, ошол күнү эртең менен баары башкача болду. Асман ачык эле, Кудай мага пастордун насааты аркылуу берген аянга таң калдым. Кудай менин үстүмөн койгон бийликке туура эмес мамиле кылгандыктан, акыркы алты айда эмнени өткөрүп жибергениме таң калып, ыйлап жибере жаздадым.

Биз дайындалган бийликке баш ийбесек, Кудайдын бийлигине каршы болобуз, анткени жер жүзүндөгү башкаруучуларды Ал дайындаган! Кудай биздин үстүбүзгө койгон адамдардын катышуусу менен даярдалган майрамдык дасторкондон ырахаттануу менен тамактануу үчүн, биз эркин болушубузду каалайт.

Баш ийүү биздин бийликке болгон жообубузга байланыштуу. Моюн сунуу - биздин бийликке болгон мамилебиз. Так ушул жерде көп адамдар жаңылышат. Кудай биздин сырткы иш-аракеттерибизге да, жүрөгүбүздүн жашыруун мамилесине да карайт. Дөөт өзүнүн тактысын уулу Сулайманга өткөрүп бергенде, ал төмөнкү сөздөрдү айткан: «Уулум, Сулайман, сен да атаңдын Кудайын бил, ага *чын жүрөгүңдөн,* жан-дилиңден кызмат кыл, анткени Теңир *бардык жүрөктөрдү сынап турат, эмне ойлогонуңарды билип турат»* (1 28:9, курсив автордон).

## БАШ ИЙҮҮ БОЛБОЙ ТУРГАНДАГЫ МОЮН СУНГАН МАМИЛЕ

Келгиле, Эврейлер китебинин авторунун сөздөрүнө дагы бир жолу кайрылалы: «Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула» (13:17). Буга чейин мен кантип моюн сунуп, бирок козголоңчул бойдон каларыбызды мисал келтирдим. Бирок,

биздин мамилебизде моюн сунуп, бирок, дагы эле баш ийбеген дагы бир жагдай бар. Буга биз үчүнчү бөлүмдө талкуулаган эки уул жөнүндөгү Ыйсанын үлгү-насаат аңгемеси жакшы мисал боло алат. Бир уулу дароо эле: «Ооба, мырзам, мен сенин жүзүмзарыңа барып иштейм»,- деп жооп берет. Бирок, ал баш ийбей койгон. Ыйса бул жигиттин атасынын эркин аткарбаганын ачык айткан, бирок ал акылы менен макул болгон.

Мындай нерселер биздин жыйындарыбызда көп болот. Биздин чоң ниетибиз бар, баш ийкеп, жылмайып, жетекчилерибиз менен макул болобуз: "Мен муну аткарам!" Анан биз эч нерсе кылбайбыз, анткени, бул биз үчүн өтө маанилүү эмес. Мен муну көбүнчө *сылык козголоң* деп атайм. Алданбагыла: сылык козголоң да, ачык көтөрүлүш сыяктуу эле өлүмгө алып келе тургандай опурталдуу. Кудайдын Падышачылыгында тигинисинин да, мунусунун да урмат-сыйы жок.

Муну Ыйсанын Аян китебиндеги жыйындарга айткан катуу, каралоочу сөзү тастыктайт. Ал ар бир жыйынга салам айтып: «Сенин иштериңди билем» (Аян 2:3). Жыйындар жакшы ниетте болушкан, ал тургай ар бири өзүн *тирүү* деп ырасташкан, бирок Ыйса алардын иштеринде баш ийбегендиктен улам *өлүктөй* деп айткан. Ал «ар кимге кылган иштерине жараша жазасын бере турган» (Рим. 2:6) экенин унутпагыла. Жакшы ниет Кудайдын өкүмүнүн алдында тура албайт, бирок баш ийүүдөгү тиешелүү амалдар менен тастыкталган чыныгы ишеним гана тура алат.

## ЧЕК АРА КАЙДАН ӨТӨТ

Кайрадан Кудайдын парызы: «Жетекчилериңерге баш ийгиле жана моюн сунгула» деп айтылат. Жогоруда айткандай, эл мага чын ыкласы менен: "Чек ара кай жерден өтөт? Бийлик эмне десе да, Кудай бизден баш ийишибизди күтөбү? Эгер мени күнөө кылууга буюрсачы? Ыйык Китеп бийликке эч кандай шартсыз моюн сунууга үйрөтөт, бирок ал сөзсүз түрдө баш ийүүгө

үйрөтпөйт. Эсиңерде болсун, моюн сунуу – бул мамиле, ал эми баш ийүү – бул буйрукту аткаруу.

Биз бийликке баш ийбөөгө укугубуз бар болгон *бир гана* учур бар жана мен аны баса белгилегим келет, ал - бизге Кудайдын Сөзүнө түздөн-түз карама-каршы келген бир нерсе кылуу керек деп айтылганда. Башкача айтканда, жетекчилер бизди күнөөгө батканга буюрганда гана моюн сунуудан бошотулабыз. Ошентсе да, момундук жана баш ийүү менен мамиле кылышыбыз керек. Вавилондун падышасы Небухаданасар ырайымсыз адам болгон жана ысрайыл элинен көптөгөн адамдарды кырган. Бирок, Кудай аны Өзүнүн кулу деп атаган (Жер. 25:9; 27:5-7), муну менен ал адамга бийликти Ал гана берерин дагы бир жолу тастыктаган. Бул падыша Израилдин калдыктарын Бабыл туткунуна алып кеткен. Туткундардын арасында Даниел, Шадрах, Мешах жана Абет-Него бар болчу.

Падыша жарлык чыгарат, ага ылайык бардык адамдар алтын бурканга сыйынууга жана музыкалык аспаптардын үнү угулган сайын аны даңазалоого милдеттүү болгон. Бул жарлыкка баш ийбеген учурда тартип бузуучулар кызуу күйүп жаткан мешке тирүүлөй ыргытылыш керек болгон. Бул жигиттер мештин отуна караганда да Кудайдан көбүрөөк коркуп, буйрукка баш ийбей коюшан. Бул Кудай Мусага берген жана Тооратта жазылган экинчи осуятка карама-каршы келет эле. Алар Теңирдин эркине баш ийип, адамдын эркине баш ийбей коюшту.

Бир нече убакыт өткөндөн кийин, алардын баш ийбестиги тууралуу кабар падышага жетти. Ал ачууланып, Шадрахты, Мешахты жана Абет-Негону ага дароо алып келүүнү буйруду. Булар мындай дешти: «Ошондо Шадрах, Мейшах жана Абет-Него Небухаданасар падышага мындай дешти: «Сенин бул сурооңо жооп берүүнүн зарылчылыгы жок. Биз кызмат кылып жаткан Кудайыбыз бизди жалындап күйүп турган мештен куткара алат, падыша, Ал сенин колуңдан да куткарат. Андай

болбогон учурда да, падыша, сага маалым болсун, биз сенин кудайларыңа кызмат кылбайбыз, сен орноткон алтын бурканга табынбайбыз» (Дан. 3:16-18).

Алар Кудайдын буйругуна бекем турушкан, бирок падышага урмат-сый менен жооп беришкен. Ага «Улуу урматтуу» деп кайрылышкан. “Эй, акмак, биз эч качан сенин айтканыңды кылбайбыз!” дешкен эмес. Мындай урмат-сыйсыз мамиле кылуу алар тарабынан козголоң болмок. Бийликтин буйругуна баш ийбөө зарыл болгондо да, ага баш ийишибиз керек.

Муну Петирдин аялдарга карата айтылган сөздөрүнөн табабыз: «Ошондой эле, силер, аялдар күйөөңөргө баш ийгиле. Кимиңердин күйөөңөр Кудайдын сөзүнө баш ийбесе, ал силердин таза, Кудайдан корккон жашооңорду көрүп, силердин сөзүңөр аркылуу эмес, жүрүш-турушуңар аркылуу Кудайга баш ийгидей болсун» (1 Пет. 3:1, 2). Аял баш ийиши керек (Тит. 2:5), ал тил алчаактык менен күйөөсүн урматташы керек. Петир дагы бир жолу жүрүм-турум менен баш ийүүнүн ортосундагы паралелди көрсөтөт. Аларды таза жана Кудайдан корккон жашоо коштойт. Аялдарга күйөөсү ишенбеген болсо да, анын бийлигине карата урмат-сый менен мамиле кылууну үйрөтөт. Ал күнөө кылууга мажбурланса, шартсыз баш ийүүгө чакырылбайт, тескерисинче, анын бийлигине жана аны урматтоого шартсыз баш ийүүгө чакырылат.

Мисал катары, ыймандуу аялы телефонго жооп бергенде, чалган адам менен сүйлөшкүсү келбеген күйөөсү: «Мени үйдө жок деп айтчы» деп айтканы.

Анын туура жообу: “Кымбаттуум, мен калп айтпайм. Сени телефонго келе албайт деп айтайын?» деш керек. Ошентип, ал анын бийлигин урматтайт, бирок анын калп айтуу талабына баш ийбейт. Петир андан ары минтип улантты:

> Жасалгаңар сырткы коoздуктар болуп эсептелген өрүлгөн чач, алтын жасалга, жакшы кийим эмес, Кудай алдында

> кымбат баалуу эсептелген, жүрөктө сакталган, туруктуу, момун жана жоош рух болсун. Качандыр бир убакта Кудайдан үмүттөнгөн ыйык аялдар да өздөрүн күйөөлөрүнө баш ийүү менен жасалгалашкан. Ошолордун бири Саара Ыбрайымды кожоюнум деп, ага баш ийген. Эгерде силер жакшы иш кылып жатсаңар жана эч бир коркунучтан коркпосоңор, Сааранын кыздарысыңар. (1 Пет. 3:3-6).

Сааранын урмат-сыйы ал Ыбрайымга кожоюну катары урмат көрсөтүп, ага баш ийгенинен айкын болгон. «Кожоюн» деген сөз анын моюн сунуучу мамилесин чагылдырып, баш ийүү анын коркуу сезимине алдырбаганын көрсөттү. Коркуу - жаман багыттоочу. Коркуу шылдыңдашы мүмкүн: «Мен күйөөмө же башка бийликке баш ийерде Кудайга ишене албайм. Мен өзүмдү коргошум керек!» Бизге баш ийүүнү буйруган кандайдыр бир бийликке зар адам эмес, Кудай экенин унутпайлы. Биз Ага баш ийгенибизде, Анын коргоосу бизде болот.

## ПАРЫЗДАРДЫ БУЗУУ

Кээ бир аялдар шартсыз баш ийүү буйругун кабыл алып, баш ийүү талашсыз болуп калгандыктан да, аны кантип колдонушканы тууралуу окуяларды угуу өкүнүчтүү. Мен кээ бир машайакчы күйөөлөрдөн алар аялдарынан сексуалдык дүүлүктүрүү үчүн алар менен бирге «чоңдорго» тиешелүү адепсиз видеолорду көрүүнү талап кылышканын уктум, ал эми аялдар аларга баш ийишкен, анткени алар Ыйык Жазууда мындан коргоо жок деп ойлошкон. Кээ бир күйөөлөр аялын алар үчүн калп айтууну талап кылганын уктум, анан алар ошондой кылышкан. Аялдарынын жыйындарга чогулушка баруусуна тыюу салган эркектер жөнүндө да уктум, аялдар болсо алардын талаптарына баш ийишет. Мындай нерселерге баш ийүүгө болбойт, анткени алар Ыйык Жазуунун осуяттарын бузуп жатышат.

Андан ары жөнөйлү. Күйөөлөр балдарын же аялдарын сабап,

аялдары болсо аны жаап койгон учурларды билем. Балдарга сексуалдык зомбулук көрсөтүп, аялдары эч нерсе кылбаган учурлар да болгон. Бул Кудай орноткон бийликтин бардык шарттарын бузуу болуп саналат жана мындай жагдайларда Кудай аялдар алардын жанында эч нерсе кылбай тура беришин каалабасын түшүнүшү керек. Эгерде күйөөсүнүн жүрүм-туруму башкалардын өмүрүнө коркунуч туудуруп жатса, аял өзүн жана балдарын андан ажыратып, анын толук тообо кылганына көзү жеткенге чейин кайтпашы керек.

Ал тургай, күчтүү жоокер болгон Дөөт да Шабул найза ыргытып жатканда сарайда басып жүргөн эмес. Ал аны таштап, чөлдө жашаган, бирок Шабулдун бийлигине болгон урматын эч качан жоготкон эмес. Дөөт Шабулдун бийлигине каршылык көрсөткөн эмес, бирок ал анын алдынан качып, ал чындап тобо кылуусун же Кудайдын адилеттүү өкүмүн күтүп жүргөн.

## КҮНӨӨ КЫЛУУ БУЙРУГУНА МАКУЛ БОЛБОГОН АДАМДАРГА КУДАЙ БАТАСЫН БЕРЕТ

Бийликке баш ийбей койгон учурлар бар. Фараон аначы аялдарга жүйүт аялдарынан төрөлгөн эркек балдарды өлтүрүүнү буйруган. Анан Ыйык Китепте мындай делет: «Бирок аначы кемпирлер Кудайдан коркушчу. Ошондуктан Мисир падышасынын айтканын кылбай, балдарды тирүү калтырып жатышты» (Чыг. 1:17). Кудай алардын жүрүм-турумуна ушунчалык ыраазы болгондуктан, Ыйык Жазууда: «Аначы кемпирлер Кудайдан корккондуктан, Кудай алардын үй-бүлөсүнө батасын берди» (21-аят) деп айтылат. Теңир аларга күнөө кылуу буйругуна баш ийбегени үчүн сыйлык берди.

Синедрион Ыйсанын шакирттерине: «Ыйсанын ысымы жөнүндө таптакыр сүйлөбөгүлө да, окутпагыла», – деп буйрук берген. Бирок, Петир менен Жакан аларга: «Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, Кудайды укпай, силерди угуу Кудай алдында туурабы?

Биз көргөнүбүз менен укканыбызды айтпай коё албайбыз», – деп жооп беришти» (Элчилер 4:18-20). Ыйса аларга: «Бүт дүйнөнү кыдырып, бардык адамдарга Жакшы Кабарды жарыя кылгыла» (Марк 16:15) деп айткандан кийин, алар кантип ал лидерлерге баш ийишкен? Алар анте алышкан жок! Синедрион шакирттерге Ыйсанын буйругуна каршы иш кылууну буйруган, ошондуктан алар сылык түрдө баш тартышкан. Алардын чечиминен кийин Ыйык Жазууда эмне болгонун карагыла: «Элчилер болсо Теңир Ыйса Машайактын өлүп, кайра тирилгендигин зор кайраттуулук менен күбөлөндүрүп жатышты. Бардыгынын үстүндө Кудайдын зор ырайымы бар эле» (Элчилер 4:33). Кудайдан коркуу аларга чоң бата жана күч алып келген.

Ошентсе да, Пабылдын ошол эле Синедрионго берген жообунан шакирттердин урмат-сый менен мамиле кылганын, же момундугун көрөбүз. Ал жакка алып келишкенде, анын өзүн коргогон биринчи сөзү: «Мен ушул күнгө чейин Кудайдын алдында таза абийир менен жашадым» (Элчилер 23:1). Бул сөздөрдү уккан башкы дин кызматчы Анания Пабылдын жанында тургандарга анын оозуна урууну буйруду. Ошондо Пабыл: «Кудай сени урат, акталган дубал!» — деп жооп берди. Андан ары биз муну окуйбуз: «Ал жерде тургандар болсо: «Кудайдын башкы ыйык кызмат кылуучусуна тил тийгизесиңби?» – дешти. Пабыл аларга: «Агайын-туугандар, мен анын башкы ыйык кызмат кылуучу экенин билген эмесмин. Анткени Ыйык Жазууда: “Элиңдин башчыларына тил тийгизбе”, – деп жазылган», – деп жооп берди (Элчилер 23:4, 5).

Анания бийликтин өкүлү экенин билгенден кийин, Пабыл өзүнүн көз карашы жана сөздөрү үчүн өкүнгөн. Шакирттер Ыйык Жазууга карама-каршы келген буйруктарды аткарышкан жок, бирок алар баш ийгендик менен мамиле кылышкан, анткени алар: «Бардык бийликтер Кудай тарабынан дайындалган» деп билишкен.

## ДАНИЕЛДИН ЖОГОРКУ МЫЙЗАМГА БАШ ИЙҮҮ БОЮНЧА ЧЕЧИМИ

Даниелдин убагында ким падышадан башка кудайга же адамга кайрылууга батынса, ал дароо арстандардын ортосуна ыргытылат деген жарлык чыгарылган. Көрө албас жана каардуу башкаруучулар бул мыйзамды чыгарып, Даниелди жок кылуу үчүн Дарий падышаны ага кол коюуга көндүрүшкөн. Даниел мындай мыйзамга баш ийүүнү ойлоп да койгон эмес. Ал Кудайга баш ийүүнү артык көргөн. Ал забурчунун сөздөрү боюнча иш кылган: «Кечинде, эртең менен, түштө жалынып-жалбарам, ыйлап суранам, Ал менин үнүмдү угат» (Заб. 56:17).

Даниелдин эмне кылганын карагыла: «Даниел болсо ушундай мыйзамга кол коюлганын билип, өз үйүнө кетти. Анын бөлмөсүнүн терезелери Иерусалимди карап турчу. Ал адаттагысындай эле күн сайын үч маал тизе бүгүп, Кудайына сыйынып, Аны даңазалай берди» (Дан. 6:10).

Даниелдин тил албастыгы жөнүндө дароо падышага билдирилип, ал Даниелди арстандардын ортосуна ыргытууга аргасыз болгон. Бирок, Даниелдин баш ийүүсү адилетсиздикке карабай, өзгөргөн эмес. Кудай аны бошотуп, түнү бою тынч укташы үчүн, ач арстандардын оозун жапты. Падыша эмне болгонун көрүп, ушакчылардын өзүн астандарга ыргытып жиберет, жаалданган арстандар аларды жеп салышты.

## ДАЙЫМ ЭЛЕ ЖАКШЫ НАТЫЙЖА БОЛО БЕРБЕЙТ

Кудай бул ыйыктарды өлүмдөн куткарды, бирок бул дайыма эле боло бербейт. Эврейлерден биз окуйбуз:

> Аялдар өлгөн адамдарынын тирилгенин көрүшкөн. Кээ бирөөлөрдү кыйнашканда, эң жакшы тирилүүгө жетүү үчүн, эркиндикке чыгуудан баш тартышкан. Кээ бирөөлөр кордук көрүшкөн, таяк жешкен, кишенделишкен, түрмөгө

> камалышкан. Кээ бирөөлөрдү ишенгендиги үчүн таш бараңга алышкан, араалашкан, кыйнашкан, кылычтап өлтүрүшкөн; кээ бирөөлөр кой-эчкинин терисин жамынып, тентип күн өткөрүшкөн, жокчулуктун каарын тартышкан, кысымга алынышкан, азап тартышкан. Алар бул дүйнөнүн бүт адамдарынан жогору эле. Бирок алар чөлдөрдө, тоолордо, үңкүрлөрдө, капчыгайларда каңгып жүрүшкөн (11:35-38).

Бул адамдар бийлик тарабынан орой жана адилетсиз мамилеге дуушар болушкан.

Алгачкы жыйындын мугалими Тертуллиан (б.з. 140-230) Рим жетекчилерине жана жарандарына алардын куугунтуктары машайакчылыкты жайылтуу үчүн гана кызмат кылганын эскерткен. Ал мындай деп жазган: «Силер бизди канчалык кессеңер, ошончолук көбөйөбүз. Машайакчынын каны — урук» (Апология, 50-бап).

Мен куугунтукталган ишенгендердин жашоосун сүрөттөгөн белгисиз римдиктин сөздөрүн келтирейин:

> Алар өз өлкөлөрүндө жашашат, бирок убактылуу жашоочулар катары гана. Алар денеде, бирок алар денеге ылайык жашашпайт. Алар жашаган күндөрүн жерде өткөрүшөт, бирок алардын жашаган жери асманда. Алар белгиленген мыйзамдарга баш ийишет, бирок жашоосунда алар мыйзамдардан ашып түшүшөт. Аларды жек көргөндөр аларга болгон кастыгын негиздей алышпайт (*Диогнетке кат*, 5-бап).

Алар баш ийип, моюн сунушту, бирок алар сый-урмат жана баш ийүү менен кадимки тил алуудан ашып түшүштү. Дагы бир жолу, Петирдин насааттарынан көрүнүп тургандай, ыймандуулардын абийирсиз башкаруучуларга карата жүрүм-

туруму башкаруучулардын өздөрүнүн башын айлантып, айрымдары Теңирге келишкен.

## ЭЧ КАНДАЙ НААЛУУ ЖОК

Кандай бийлик болбосун — жарандык, үй-бүлөлүк, жыйындык же коомдук — Кудай бизге момун болууну жана Ыйык Жазууда күнөө деп ачык атаган нерсени мажбурлабаса, ага баш ийишибизди айтат. Келгиле, *ачык* деген сөздү бөлүп карап көрөлү. Жогоруда талкууланган учурларда, ишенгендер Машаякты танууга, киши өлтүрүүгө, башка кудайларга сыйынууга же Ыйсанын осуяттарынын бирин четке кагууга буйрук берилгенде баш ийишкен эмес. Алар эч кандай наалыганга, айыптоого жол беришкен эмес.

Мына ушундай наалыгандардын мисалын мен кеңседеги кызматка катышкан адамдардан уктум: «Пастор мага жумуш маалында адамдарга кеңеш берип, сыйынбашымды айтты, бирок бул Кудайдын сүйүүсү эмес, сүйүү менен жүрбөө да – күнөө, ошондуктан мен муну улантышым керек.» Бул бийлик астында турган элдин айыптоосу. Бул болуп жаткан нерсеге карата алардын көз карашы. Пастор алардан Кудайдын Сөзүн бузууну талап кылбайт жана андан тышкары, алар сыйынуу үчүн эмес, документтер менен иштөө, маалыматтар үстүндө иштөө же башка жумуштар үчүн акы алышат.

Чындыгында, бул адамдар баш ийбегендиктен, уурулук менен алектенип жатышат. Эгерде чындап эле башкалар үчүн сыйынуу алардын жүрөгүндө болсо, алар жумуш убактысынан тышкары сыйынууга муктаж болгондорго баруу үчүн, пастордон уруксат алышы керек. Бирок, эгерде пастор дагы эле бул идеядан өзүн ыңгайсыз сезсе, анда балким, ал жумушчулар муктаж болгондорго кеңеш берүүгө даяр эмес деп ойлойт. Эгерде пастор бул кызматта туура эмес чечим кабыл алса, ал үчүн Кудай алдында жооп берет, бирок бул анын бийлиги

астындагылар үчүн айыптоо белгиси боло албайт. Мен жүздөгөн мисалдардын ичинен бир гана мисал келтирдим, бирок маңызы ошол бойдон эле калат: биз качан гана Сөзгө ачыктан ачык карама-каршылык болгондо гана, бийликке баш ийбөөгө акыбыз бар.

Ошентсе да, силер: “Менин лидерим мен макул болбогон нерсени жаса деп айтса, эмне кылам? Же лидер акылга сыйбаган нерсени кылууну айтканда? Же мен сыйынууда көргөн нерсеме тескери иш кылайынбы?» Мен бул суроолорго кийинки бөлүмдө жооп берем жана аларды Ыйык Жазуунун үзүндүлөрү менен колдойм.

12-БӨЛҮМ

# ЭГЕРДЕ МАГА ЛИДЕР АЙТЫП ЖАТСАЧЫ

*Биз издеген нерсе – бул бийлик жөнүндөгү ачылыш, анын өзү Кудай жөнүндө ачылыш болуп саналат, анткени Ал жана Анын бийлиги ажырагыс.*

Биз баарыбыз эле жетекчилерине нааразы болгон адамдарды жолуктурганбыз. Алар натыйжасыз ыкмалар же акылсыз чечимдер жана алар кандайча алардын жашоосуна терс таасирин тийгизгенине арызданышат. Жетекчилер аларга кандайдыр бир убадаларды берип, али аткарыла электигине нааразы болушат. Кээде алар тескери тартипте өнүгүп жаткандай сезилет. Алар пастор муну көрбөйт деп ишенишет жана азыр анын бийлиги Кудайдан бөлөк болууда деп эсептешет. Мындай ой жүгүртүү даттанууларга жол ачып, акыры баш ийбөөчүлүккө алып келет. Убакыттын өтүшү менен алар азгырыкка дуушар болуп, өздөрүнүн өсүп-өнүгүшү жана корголушу үчүн Кудайдын аларга берген бийлигинен ажырашат.

## БИЗГЕ СЕНСИЗ ЖАКШЫ БОЛМОК!

Ысрайыл уулдары да ушундай эле көз караашта болушкан. Алар Мусанын жетекчилигин натыйжасыз, атүгүл зыяндуу деп эсептешкен учурлар болгон. Андай башталбаса да, ошентишкен.

Муса чөлдө жашагандан кийин окуялардын чордонунда жүргөндө, фараонго барар алдында, ал Ысрайыл аксакалдары менен жолугуп, Теңир аларды куткарып, «аны бул жерден алып чыгып, сүт менен бал аккан жакшы, кенен жерге» алып бараары жөнүндө оюн бөлүшкөн (Чыг. 3:8). Мындай сонун кабарды угуп, ага ишенип, Кудайга сыйынышты. Аларды кулчулуктан алып чыга турган Кудай убада кылган лидерге ээ болгонуна абдан кубанышты.

Алар менен жолугушкандан кийин, Муса фараонго барып, Теңир анын оозуна эмнени салса, ошонун баарын айтты: «Ысрайылдын Кудайы Теңир мындай дейт: Менин элимди коё бер» (Чыг. 5:1).

Фараон: ««Мен Аны угуп, Ысрайылды коё бергидей, Теңир ким экен? Мен Теңирди билбейм, Ысрайылды да коё бербейм». Силер эмне үчүн элди жумушунан алагды кылып жатасыңар?» Ошол эле күнү фараон алардын кыйынчылыгын көбөйттү. Ачууланып, жардамчыларына: «Аларга жумушту көп бергиле, иштешсин, куру сөз менен алек болушпасын» деди (2-9-аяттар).

Аларга мындан ары саман берилбей, күн сайын ошол эле белгиленген санда кирпич жасоого туура келди. Ошентип, күндүз кирпич куюшса, түнкүсүн саман издеп жүрүштү.

Ошондо эл саман жыйноо үчүн бүт Мисир жерине тарап кетти. Сакчылар таш боор эле. Камчы менен куралданышып: «Күн сайын ишиңерди мурда саман бардагыдай кылгыла!» деп одоно буйрук берип турушкан.

Фараондун кызматчылары алардын үстүнө койгон Ысрайыл уулдарынын көзөмөлчүлөрүн: «Эмне үчүн кечээ жана бүгүн ушул убакка чейин жасаган кирпичтин санында жасабайсыңар?» - деп сабашкан.

Ошондо Ысрайыл уулдарынын көзөмөлчүлөрү келип, фараонго кыйкырышты: «Эмне үчүн кулдарыңа мындай кылып жатасың?

Кулдарыңа саман берилбейт, бирок, бизге кирпичтерди жаса дешет. Бизди бекер эле сабап жатышат! Бизден мүмкүн болбогон

нерсени талап кылганы үчүн, сенин жетекчилериң күнөөлү".

Бирок, фараон аларга: «Жалкоосуңар силер, жалкоосуңар, ошондуктан "Теңирге курмандык чалабыз" деп жатасыңар. Баргыла, иштегиле. Силерге саман берилбейт, бирок тиешелүү сандагы кышты толук бергиле», – деди.

Ысрайыл уулдарынан коюлган көзөмөлдөөчүлөр «Ар бир күнгө белгиленген кыштын санын кемитпегиле» дегенден улам баштарына мүшкүл түшкөнүн түшүнүштү. Алар фараондон чыкканда, өздөрүн күтүп турган Муса менен Арунга жолугушту. Аларга: «Теңир силерди көрсө экен, бизди фараонго жана анын кулдарына жек көрүндү кылганыңар үчүн, бизди өлтүртүү үчүн алардын колуна кылыч карматканыңар үчүн, жазаласа экен», – дешти» (Чыг. 5:13—21).

Эми ысрайылдыктар Мусанын жетекчилигине нааразы болушту. Анын насааты жана туура жол көрсөтүүсү аларга балээ жана кырсыктан башка эч нерсе алып келген жок. Алардын чакырыктарынан көрүнүп тургандай, алар Мусанын бийлигин Кудайдын бийлигинен ажырата башташты.

Эми баарына Муса күнөөлүү болду. Эгер аларды тынчтыкта эле калтырса, Фараон аларга мынчалык катаал мамиле кылмак эмес. Окуялардын жүрүшүн шайтан же башаламандыкка кабылган жетекчи эмес, Кудай башкарып жатканын алар түшүнүшкөн жок. Анын башкы планынан тышкары эч нерсе болушу мүмкүн эмес. Мусага фараонго барышын Кудай буюрган. Фараондун жүрөгүн катуулаткан шайтан, ал тургай Муса эмес, Кудай болгон! Биз муну бир нече аяттарды окуудан биле алабыз: «Бирок Теңир фараондун жүрөгүн катуулантып койгондуктан, ал Ысрайыл уулдарын өз жеринен коё берген жок» (Чыг. 11:10; ошондой эле, Чыг. 9:12; 10: 1, 20, 27ни карагыла). Фараондун жүрөгү канчалык катаал болгон сайын, Ыбрайымдын урпактарынын жашоосу ошончолук кыйын болгон.

Чоң куугунтуктан кийин ысрайылдыктар Мисирден бошотулуп, эбегейсиз чоң чөлдө калышкан. Суу жок, азык-түлүк азайып бараткандa, алар суроолорду бере башташтты: *«Муса бизге сүт жана бал аккан жакшы жана кең жерлерди, эркиндикти жана бакубатчылыкты убада кылган эмес беле?»*

Эмне чындык болсо, ал чындык: жер чындап эле чоң болчу, бирок эмнегедир молчулук болбой калды - убадаланган сүт менен бал кайда?! Ал эркиндик жана коопсуздук деп элестеткен нерсеби? Анда, аны Кудай жибердиби?

Үч күндүк кыйынчылыктан кийин Муса аларды Мара деген жерге алып барды да, алар суу табышты. Балким, алар: *«Жакшы, балким, баары жакшыра баштагандыр»* деп ойлошкондур. Бирок, көп өтпөй алар ал жердеги сууну ичүүгө болбой турганын аныкташкан. Алар өз көзүнө ишенбей, кайра ишенбестиктен наалый башташканы угулду. Алар шыбыраша башташты, Мусага нааразычылыгын билдиришип, сындары курчуду. Лагерде нааразычылык рак клеткалары сыяктуу болуп, сезилбестен тарай баштады. Мүмкүн Муса аларды кулчулуктан куткарууну жетиштүү түрдө эле билген чыгар, бирок аларды башка жерге кантип алып бараарын билбей калгандыр?

Эл Муса менен Арунга нааразы болуп: «Биз Мисир жеринде нанды тоё жеп, этке толгон казандын жанында отурганда эле, Теңирдин колунан өлүп калсак эмне! Силер бизди чөлгө ачкадан өлтүргөнү алып келген турбайсыңарбы», – деп наалышты» (Чыг. 16:3).

Бүттү, аларга жетиштүү болчу. Көп нерседе Мусанын лидерлик жөндөмдөрү жараксыз болуп калды. Ал келгенге чейин алар жакшыраак жашачу эмес беле? Алар анда көргөн нерсенин баары адам чыдагыс кысым жана анын Мисирдеги насаатынын кыйынчылыгы болгон. Бул бүтөбү же жокпу?! Алар бир кыйынчылыктардан качып, башкаларына дуушар болуп жатышты. Алардын башчысы сүт жана бал аккан жерди

убада кылган, бирок анын ордуна алар чөлдө кургак жерди, жыландар жана чаяндарды табышкан. Кыязы, алардын лидери туура бурулушту өткөрүп жиберген, же бир жаман нерсени пландаштырган. Жок эле дегенде, фараондун тушунда алар тамак-ашка ээ болушкан, Муса болсо аларды ачкадан өлтүрүүнү пландаган окшойт. Мисирде жакшыраак болчу, бүттү! Алардын нааразычылыгы бири-бирине: «Өзүбүзгө башчы шайлап алып, Мисирге кайра кетели», – дегенге чейин жеткен (Сандар 14:14).

Бирок, Муса Кудайдын коргоочусунан тойгондорго эмне дегенин карап көргүлө: «Теңир силердин Ага нааразы болуп, наалыганыңарды укту. Биз ким элек? Силер бизге эмес, Теңирге наалып жатасыңар» (Чыг. 16:8).

Бул адамдар өздөрүнүн наалыгандары Кудайга эмес, Мусага гана багытталган деп ойлошкон. Алар бирин экинчисинен ийгиликтүү түрдө ажыратышты деп ойлошкон. Алар баш ийүү принциптери менен жашагандын ордуна, өздөрүнүн ой жүгүртүүсү менен шартталган. Өз көз карашына жана шартына негизделген, чектелген ой жүгүртүүгө жетектелген адамдар ойлонбогондуктун жолуна түшүшөт. Алар Калеп менен Жашыяга окшоп, бийликти таанып, ага баш ийгендерден айырмаланып, өздөрүнүн чакырылгандыктарындагы максатты аткарышпайт.

## МЕН АЙЫРМАЛАЙ АЛСАМ ЭМНЕ БОЛОТ?..

Силер өзүңөрдү лидердин ачык көрүнгөн жана дароо натыйжаларды берген чечимдери менен жетектелген Ысрайыл уулдарынан акылдуураакпыз деп эсептесеңер болот. Силер өзүңөрдү Жашыяга окшоп, көбүрөөк руханий адам деп ойлосоңор болот. Башка бирөө болсо, болгон чыгар, бирок силер Мусанын туура экенине шектенбейсиңер, Ысрайыл уулдарына окшоп иш кылмак эмессиңер; силер ар дайым Жашыянын жанында болмоксуңар.

Толук мүмкүн, бирок мындай божомолдорду жасоодо кантсе

да, этият болуу керек. Фарисейлер өз ойлорунда бекем туруп: «Ата-бабаларыбыздын заманында жашаган болсок, аларга окшоп пайгамбарлардын канын төкмөк эмеспиз» дешкен (Мт. 23:30), бирок Ыйса алар да ата-бабаларындай эле рухка ээ экенин айткан. Бардык окуялар силердин алдыңарда ойнолуп, аларга көптөгөн китептер арналса, жакшы менен жаманды айырмалоо абдан оңой. Жашыяны жердештеринен айырмалап турган нерсе, рухтарды айырмалай билүүсү эмес, анын чыныгы бийликти таанып, ага баш ийүү жөндөмү болгон. Мына ушундан туура менен жаманды ажырата билүүнүн чыныгы жөндөмү келип чыккан.

Мен бул жөндөмгө ээ деп эсептеген жана ошол эле учурда козголоңчул жүрөктөрү бар көптөгөн адамдардын нааразычылыгын сезем. Азыр да ушул китепти жазып жатканда, кечээ жакында эле мага кат келди, анын автору «айырмалай билүү» жөндөмүнө ээ, бирок бул жөндөмү «мен канчага макул болсом, ошончо гана баш ийем» деген мамиле менен аралашып кеткен. Ушунчалык жаңылыштык менен ойлогондор, өзүлөрүнүн туура жолдо баратканына ишенишет.

## АНЫ БИЗДИН ҮСТҮБҮЗГӨ КИМ КОЙДУ?

Балким, силер: “Эгер мен лидерим туура эмес тандоо жасап жатканын көрүп калсамчы? Кыйынчылыкка кабыларыбызды билип туруп, ага баш ийишим керекпи?» Кызмат кылган жылдарымды эстеп, ушул нааразылык сезими мени кандайча каптап кеткени эсимде: «Алар туура эмес чечим чыгарып жатышат! Алар Кудайдан кыя өтүп жатышат! Алар терс таасирдин астында калышкан. Мен ага баш ийе албайм!» Көбүнчө менин козголоңчу жүрөгүм баш ийбөөнү тандаган.

Мен бир жыл кайтаруучунун административдик жардамчысынын кызматын аткардым жана ошол убакыттын ичинде көптөгөн чечимдерге каршы чыкканымды байкадым. Мен анын буйруктары кызматтын жетекчилерине жеткенче

менин үстөлүмдөн өтүп бараткanda көргөм. Сансыз жолу анын буйруктарын акылсыз деп ойлоп, жүрөгүмдө аларды жактырбадым. Бир күнү Рух мага мындай деди: *«Менин сага бир суроом бар».*

Тажрыйбам мага Кудай суроо бергенде, менин жалган акылмандыгымдын бетин ачат деп үйрөткөн, мен мындай деп жооп бердим:

Угуп жатам, Теңирим?

«Мен кимди кайтаруучу кылдым - сениби же аныбы?» Мен: «Албетте, аны» деп жооп бердим.

Анан бат эле: *«Туура. Ошондуктан, Мен ага сага көрсөтүүнүн кереги жок нерселерди көрсөтөм жана сен Мени ээрчигендей, аны да ээрчийсиңби же жокпу, ошону билиш үчүн анын чечимдеринин* акылмандыгын сенден көп жолу жашырам».

Бир нече ай өткөндөн кийин, кайтаруучунун чечимдеринин акылмандыгы калгандарына көрүндү. Мен муну күндүн жарыгындай көрдүм жана мен өзүмдүн аргументтеримди баш ийүү принцибинен жогору коюп жатканымды билдим. Жыйындардагы, үй-бүлөлөрдөгү жана бизнесте ажырымга себеп болгон ошолор. Кудай биздин жетекчилерге баш ийүүбүздү алардын акылмандыгын көргөн, алар менен макул болгон же алардын айтканын жактырган учур менен гана чектеген эмес. Ал жөн гана: «Баш ийгиле!» деди.

Кийинчерээк Теңир менин жүрөгүмө мындай деди: *«Джон, эгерде Мен ар бир ишенген адам сыйынганы жана Мени менен болгон баарлашуулары үчүн гана бардык маалыматты, акылмандыкты жана багытты алышын каалсам, анда Мен эч качан жыйында бийликти орното алмак эмесмин. Мен Менин балдарым зарыл болгон нерселердин баарын сыйынуудан гана ала алышпасын үчүн жыйынга лидерлерди койдум. Алар лидерлери аркылуу Менин үнүмдү таанып, угууну үйрөнүшү керек».*

Ал эми, биз ар бир жетекчиликтин чечими жөнүндө,

жада калса, фактыдан кийин Кудайга жалынып-жалбарып, жыйынтыктарды баалоого жооптуу эмеспиз. Аны ошол кишини ордуна Койгон жасайт. Эгерде ысрайылдыктар Мусанын чечимдерин талкуулоого укук алышкан болсо, анда алар, албетте алыска бармак эмес жана кыязы, кайра Мисирге кайтып кетишмек.

Жетекчилер да, биз да аягында отчет беребиз. Лидерлер чыгарган чечимдери үчүн жооп беришет жана бизден да катуу соттолот. Ошондуктан да, Ыйса: «Кимге көп берилсе, андан көп талап кылынат; кимге көп ишенип тапшырылса, андан көп суралат», - деп эскерткен (Лука 12:48). Жакып дагы: «Бир туугандарым, бизге, окутуучуларга, сурак катуураак болорун билесиңер, ошондуктан баарыңар эле окутуучу боло бербегиле» деген (3:1).

Ал эми, бийлик Кудайдан келгендиктен, биз ага кантип баш ийгендикте жашаганыбыздын эсебин беребиз. Берилген бийликке каршы туруу - Кудайдын бийлигине каршы туруу менен барабар. Биз жетекчинин туура же туура эмес иш-аракетине баа берүүгө шашылбашыбыз керек. Аткарылгандан кийин да соттошубуз керек эмес. Бул үчүн биз эмес, Кудай кам көрөт. Ал гана бүт баарын билет, Ал жүрөктөрдү өзгөртүүнү каалайт.

## ЛИДЕРДИН ЖҮРӨГҮ КУДАЙДЫН КОЛУНДА

Экинчи бөлүмдө мен айткан окуяны эстеп көрөлү. Менин кайтаруучум жыйынга үй топторун жокко чыгарып жатканын жарыялаганда, мен ал жаңылып эле тим болбостон, чечимдин кесепеттери мага таасир этиши үчүн, ага кимдир бирөө таасир эткен деп ойлогом. Менин жетекчим, офистин катчысына тиешелүү мен айтпаган дагы бир нерсе бар эле. Ал мага антипатия менен мамиле кылып, мени кеңседен кетирүүгө болгон аракетин кылды.

Бул үчүн ал ар бирибизге бири-бирибиз жөнүндө ар кандай терс маалыматтарды берип, улук пастор экөөбүздүн ортобузга

дубал тургузган. Алардын көбү ачык эле калп болчу. Андан сырткары кеңседе мага каршы бүтүндөй каралоо кампаниясын баштады. Кеңседе иштеген кызматкерлер жубайыма: «Эмне үчүн ал күйөөңүздүн атын жөн гана өз кагаздарына жазып койбойт?» дешти. Мен анын кылыктарынан кабардар элем, бирок колум байланып калыптыр.

Улук пастор үй топторун жоюп салганда, бул мага каршы жасалган жаңы чабуулдан башка эч нерсе эмес экенин түшүндүм. Мен кырдаалды туура «баалап жатканыма» ишендим. Мен өзүмдү күнөөсүз жабырлануучудай сездим, ошондуктан, мындан ары пастордун бийлигине баш ийгим келбеди. Акыры, ал жаңылып, туура эмес чечим чыгарды да. Жок эле дегенде ушундай деп ойлогом. Теңир канчалаган адамдардын өмүрүн сактап кала турган сегиз айлык мээнетти кантип жокко чыгармак эле?! Ошондуктан, жетекчиликтин чогулушунда пастор менен жыйырма мүнөттүк тирешүүдө мен катуу турдум. Мен ал жерден өзүмдүн адилдигимди жана чындыгымды сезүү менен кеттим – үйүмө барганда гана Ыйык Рухтун айыптоосуна кабылдым. Анан гана мага адамдык бийлик менен эмес, Кудайдын бийлиги менен мамиле кылып жатканым жөнүндө түшүнүк келди.

Бир аздан кийин Теңир менин жүрөгүмдө Жазуудагы бир аятты күйгүздү. Ал башка ушул сыяктуу жагдайларга айкындык алып келди жана кыйынчылыктардын ортосундагы жолду көрсөттү:

> Падышанын жүрөгү - Теңирдин колунда: Ал аны агын суудай, каалаган жагына бурат (Накыл. 21:1).

Падыша - бул сенин үстүңдөн бийликке коюлган адам. Такыбаа болобу, таш боор болобу, анын жүрөгү Теңирдин колунда. Аятта «Жакшы падышанын жүрөгү Теңирдин колунда» деп айтылбайт. Ага кандай таасир эткени маанилүү эмес; анын жүрөгү Теңирдин колунда, ошондуктан, биз бул жерден:

«Падыша жаман таасирге түшкөнгө чейин, анын жүрөгүн Теңир башкарат» деген сөздөрдү таба албайбыз.

## ЭГЕР БИЗ БУЛ ТУУРА ЭМЕС ЧЕЧИМ ЭКЕНДИГИНЕ ИШЕНИП ТУРСАК ЭМНЕ БОЛОТ?

Бирок, биз жөн эле божомолдобой, лидер туура эмес чечим чыгарып жатканын так билсекчи? Эгерде бизде лидерге атайылап жалган маалыматтар таасир эткендигинин ачык-айкын далилдерин билген болсокчу? Жардам сураса болбойбу? Жетекчибизге жардам бере албайбызбы? Албетте болот.

Буга жакшы мисал Эстер боло алат. Ыбрайымдын урпактары перстердин моюнтуругуна түшкөн. Колбашчы Аман аларга каршы айла-амал куруп, Персия падышасы Артакшаштаны бардык жүйүттөрдү жок кылуу жөнүндөгү жарлыкка кол коюуга мажбурлайт. Бул күндү падыша өзү дайындаган.

Ханыша Эстер Ыбрайымдын тукумунан чыккан, бирок агасы Мардохайдын кеңеши менен муну падышадан жашырган. Бирок, чечүүчү учур келгенде, Мардохай ага келип, падышанын алдында элин коргошун өтүндү. Ал үчүн бул өлүм жазасына барабар экенин түшүндү. Ал эч нерсеге ээ болбостон баарын жоготту; ал эч кимге сыры белгисиз ханыша болчу.

Эстер эл үчүн арачылык кылууну чечти. Үч күндүк орозодон кийин Кудай анын жүрөгүнө падышанын короосунун ичине келүүнү салды. Ал андан эмне өтүнүчү бар экенин сураганда, ал падышадан Аман экөө үчүн өткөрүп жаткан тойго келишин суранды. Ал макул болуп, өзүнүн аскер башчысы менен бирге ага келишти.

Ошол күнү кечинде падыша уктай алган жок. Ал кызматчыларына күнүмдүк жазуулар жазылган эстелик китебин алып келүүнү буйруду жана алар падышага аны окуп бере башташты. Ошондо ал жүйүт Мардохайдын өз өмүрүн сактап калганын жана бул үчүн эч кандай сыйлык албаганын эстеди. Кандай сыйлык берерин билбей, Аман менен кеңешти. Ал

падыша ага сыйлык берүүнү каалайт деп ойлогон, ошондуктан «белгисиз» адамды сыйлоо маселесине болуп көрбөгөндөй берешендик менен кайрылган. Ошондо падыша Аманга бул Мардохай экенин айтты. Кудай падышанын жүрөгүн Эстер майрамда айта турган сөздөрдү кабыл алууга даярдап жаткан.

Кийинки майрамда падыша менен Аман кайрадан Эстердин жанына келгенде, падыша андан эмнени сурарын сурады.

> Эстер ханыша мындай деп жооп берди: «Падыша, эгерде мен сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, эгерде падыша туура көрсө, анда менин каалоом боюнча жанымды куткарып кал, менин өтүнүчүм боюнча элим аман калсын! Анткени мен да, менин элим да кырылыш үчүн, жок болуш үчүн, өлүш үчүн сатылганбыз. Эгерде биз кулдукка, күңдүккө эле сатылган болсок, анда мен унчукпайт элем, бирок душман падышанын жоготуусунун ордун толтура албайт (Эстер 7:3, 4).

Бул окуяда белгилей кетүү керек болгон бир нече жагдайлар бар. Биринчиден, падыша коркунучтуу жана ойлонбой чечим чыгарган, бирок Эстер жүрөгүндө момундукту сактап, ага урмат-сый менен кайрылган. Экинчиден, ал өзүнүн акылмандыгын өтө кичи пейилдик менен бөлүшүп, өзүнүн эмес, падышанын жакшылыгын баса белгилеген. Ал ага өтүнүч менен кайрылган, бирок акыркы чечимди өзүнө калтырган. Ал: “Сен, акмак күйөө, канкордун алдында кулагыңды ач. Мындай буйрук берүү менен эмне жоготушуң керек экенин түшүнбөй жатасыңбы?» - деп айткан жок Ал бир гана нерсеге ишенген: Кудай анын жүрөгүн өзгөртөт. Ошондо Теңир анын ниетин өзгөртүп, падыша чыккынчы Аманды дарга асып салууну буйруду. Ошентип, ысрайылдыктар кыргындан куткарылды.

Эстер анын лидеринде ишеничтүү фактылар жок экенин жөн эле божомолдобостон, так күбөлөндүргөн. Ал ага момундук менен келип, маселени падыша өзү чече тургандай кылып

айткан. Ал аны кемсинткен эмес, мажбурлаган эмес, же манипуляция кылган эмес. Ал жөн гана кожоюнунун жүрөгүн жетектөө үчүн, Ыйык Рухтун күчүнө ишенген.

## ФАКТЫЛАР ЖЕТИШПЕЙТ

Биз Ыйык Жазуудан көрүп турабыз: лидер бузукулардын таасири астында гана эмес, фактылар жетишсиз болгондуктан да, туура эмес чечимдерди кабыл алышы мүмкүн. Мисал катары Дөөт менен Шабул падышанын ортосундагы мамилени карап көрөлү. Пелиштиликтердин кошуунунан бир дөө кырк күн бою Кудайдын аскерлерине тил тийгизди. Ал ысрайылдыктарды өзүнө каршы эң күчтүү жоокерин алып келүүгө чакырган жана согуштун жыйынтыгы бир эле салгылашуу менен чечилмек. Дөөт аскерлердин баары коркуп, дөөдөй немененин коркутууларына жооп бере албай турганын көрдү. Кудай анын жүрөгүнө согушууга чечкиндүүлүктү салды. Бирок, Шабул падыша аны карап: «Жок. Сен дагы эле жашсың, эгер жеңилсең, анда биз аларга багынып беришибиз керек болот" (автордун парафразы) деди.

Дөөт муну укканда, талашкан жок, тескерисинче, мындай деди:

> «Сенин кулуң атасынын коюн кайтарып жүргөндө, койлорго арстан же аюу тийип алып кеткенде, артынан кууп барып, кол салып, анын оозунан сууруп алчумун. Эгер ал мага секирсе, мен аны желкесинен алып, кармашып жатып өлтүрчүмүн. Сенин кулуң арстанды да, аюуну да өлтүргөн, тирүү Кудайдын аскерин шылдыңдагандыгы үчүн мына бул сүннөткө отургузулбаган пелиштиликти да дал ошондой кылат», – деди. Дөөт дагы мындай деди: «Арстан менен аюудан куткарган Теңир мени бул пелиштиликтин колунан да куткарат» (1 Шем. 17:34—37).

Ал падышага өзү жөнүндө айтканда, анын сөздөрүндө урмат-сый угулуп турду. Ал падыша биле албаган нерселерди айтып,

ошондуктан өзүнүн алгачкы чечимин чыгарган. Ошондон кийин Кудайдын өзүнүн жолбашчысынын жүрөгүн өзгөртө аларына Дөөт ишенген. Ал Кудай анын жүрөгүнө эмне салса, падышанын жүрөгүнө өтөт деп ишенген. Момундук жана баш ийүү менен ал Кудайдын иштөөсүнө жол берген. Теңир Шабулдун жүрөгүн козгоп: «Бар, Теңир сени менен болсун» деди (1 Шем. 17:37).

## ЧЫНЫГЫ КЕПИЛДИК

Абигейил деген – бул, чечим кабыл алгандан кийин лидердин алдында арачылык кылуунун библиялык мисалы. Бул аял Набал деген ырайымсыз жана каардуу байга турмушка чыккан. Шабул Дөөттүн өмүрүнө коркунуч келтире бергендиктен, Дөөттүн тобу тамакка муктаж болчу. Ал Набалга жардам сурап киши жиберди; Майрам болгондуктан, бул кишиде тамак болорун билчү. Буга чейин Дөөт Набалдын кулдарын коргогон жана ордуна эч нерсе сураган эмес.

Набал Дөөттүн өтүнүчүн четке кагып эле койбостон, аны кемсинткен. Анын мамилесин укканда Дөөт ачууланып, андан өч алуу үчүн төрт жүз кишини жиберет. Ал Набалды да, анын элин да жок кылгысы келген.

Кызматчылары аркылуу муну уккан Абигейил шашылыш түрдө нан, шарап, эт, дан, мейиз жана анжирлерди чогултту. Анан ал күйөөсү менен анын эли үчүн арачылык кылууга Дөөттү тосуп чыкты. Дөөттү көрүп, ал эшектен түшүп, Дөөттүн алдына жыгылды. Анан ал минтип жалдырады:

> Анын бутуна жыгылып, мындай деди: «Күнөө менде болсун, мырзам. Күңүңдүн сүйлөөсүнө уруксат эт, сөзүнө кулак сал. Мырзам бул каардуу кишиге, Набалга, көңүл бурбасын, анткени анын ысымы кандай болсо, өзү да ошондой. Анын аты – Набал («акылсыз»), атына жараша өзү да акылсыз. Мен, сенин күңүң, сен жиберген кулдарды көргөн эмесмин. Ушул күндө, мырзам, Теңир тирүү, сенин жаның тирүү. Теңир

сенин кан төгүүңө, өз колуң менен өч алууңа жол бербейт. Душмандарың жана мырзама жамандык ойлогондордун бардыгы Набалга окшоп калсын. Мына бул тартууну мырзама кызмат кылган жаш уландарга берүү үчүн, күңүң мырзама алып келди. Күңүңдүн күнөөсүн кечир. Теңир менин мырзамдын тукумун сөзсүз бекемдейт, анткени менин мырзам Теңирдин согуштарын жүргүзөт, өмүрүң өткөнчө сенден жамандык табылбасын. Эгер кимдир бирөө сенин артыңдан түшүп, сени өлтүргүсү келсе, анда мырзамдын жаны Кудай-Теңиринин колунда, ал эми душмандарыңдын жанын Ал салмоордогу таш сыяктуу ыргытат.Теңир мырзама айткан жакшылыкты кылганда, сени Ысрайылга жол башчы койгондо, курулай кан төкпөгөндүгүң үчүн, өзүңдү өч алуудан сактаганың үчүн, мырзамдын абийири айыптабайт, тынчсызданбайт. Теңир мырзама жакшылык кылат, ошондо күңүңдү эстейсиң» (1 Шем. 25:24-31).

Мен бул аялдын күйөөсү үчүн, бүт үйү жана Дөөт үчүн эмне кылгандарынын баарын тизмектеп берейин:

1. Ал Дөөткө чоң урмат-сый менен кайрылып, өзүн анын кулу катары көрсөткөн.
2. Ал Дөөткө жана анын жоокерлерине берешен белектерди алып келип, алардын жыргалчылыгы үчүн кам көргөнүн чагылдырган.
3. Ал өзүнө толук жоопкерчиликти алып, үйү үчүн арачылык кылды. Ал чындыгында муну өзүнүн «күнөөсү» деп атады.
4. Ал коркуудан титиреп туруп, Дөөткө кан төгүү - күнөө экенин көрсөттү.
5. Ал Дөөткө Кудайдын өч алаарын жана убадаларын аткарарын эскерткен.
6. Ал Дөөттөн Ысрайылга жол башчы болгондо, аны эстөөсүн өтүндү.

Силер: «Бул аял күйөөсүн кантип сыйлаган?» деп сурайттырсыңар. Ал анын өмүрүн сактап калды. Анын күйөөсү ошол адамдарга жана Кудайдын майланганына каршы күнөө кылган. Эгер ал анын кылыгын актай баштаса, анда ал өч алуу үчүн Дөөткө көбүрөөк себептерди бермек. Ал ансыз да тутанган отко май куймак. Күйөөңдүн өлүмү менен аяктаган сырткы сый-урматтын эмне кереги бар?

Анын күйөөсүн чындап сыйлабаганы мындайча көрүнмөк: «Мен бул жерден кетем, бирок ал калсын, ал ушуну көрүүгө татыктуу болчу, анткени ал жараксыз адам». Же ал Дөөткө келип: «Мына, менин буга эч кандай тиешем жок. Мен сага эмне керек болсо, баарын берем. Мен бейбаш күйөөмдүн кылганын угуп, тамак-аш чогултуп, сага жана сенин элиңе келдим, бирок мен сага тоскоол болбойм, барып аны өлтүрө бер, анткени ал эч нерсеге арзыбаган жан. Өзүнө жараша болсун ага». Бул иштер күйөөсүнүн абийирине шек келтирмек.

Башка адамга кепилдик кылуу анын туура эмес иштерине көңүл бурбай коюуну билдирбейт; тескерисинче, силер аларды моюнга аласыңар. Анан силер аны менен соттун ортосунда туруп: “Мен анын соттолууга татыктуу экенин билем, бирок мен ырайым сурайм. Мен аны өз мойнума алып, анын ордуна турам” дейсиңер.

Абигейл дал ушундай кылган. Дөөт сот өкүмүн чыгарганы жаткан, Абигейил ырайым суроо үчүн чыкты. Мен анын сөзүн кайталайм: «Кулуңдун айыбын кечир».

Ал Дөөттү өч алуу күнөөсүнөн коргой тургандай сүйлөдү. Кудайдын Сөзүндө: «Өз элиңдин уулдарынан өч алба, жамандык кылба», - деп айтылат (Леб. 19:18). Ал ортого туруп, үйүндөгүлөрүнө ырайым издеген, ошондой эле, Дөөт үчүн адилдикти издеген.

Абигейил кошуналары жана достору менен ушакташкан эмес: «Билесиңби, мен ушундай бир адамга турмушка

чыккам. Ал мен көргөн адамдардын ичинен эч нерсеге турбаган, жолу жок адам». Ал Дөөткө жек көрүү, кара ниеттик, жийиркеничтүүлүк, күйөөсүн сыйлабоо же андан өч алуу үчүн кайрылган эмес. Ал өмүрдү сактап калуу үчүн гана сүйлөгөн. Анын арызы эмнеге алып келгенин карагыла:

> Дөөт Абигейилге мындай деди: «Ушул күнү сени мага кезигүүгө жиберген Ысрайылдын Кудай-Теңирине даңк! Азыр менин кан төгүүмө жана өзүм үчүн өч алуума жол бербегениң үчүн, Кудай акылыңа береке берсин, сага батасын берсин. Мени сага жамандык жасоодон сактап калган Ысрайылдын Кудай-Теңири тирүү, сен шашылыш келип мага жолукпаганыңда, таңга чейин Набалдын бир да эркегин тирүү калтырмак эмесмин». Дөөт анын алып келгенин колунан алып: «Үйүңө тынчтык менен кете бер. Мен сени сыйлап, айтканыңды уктум», – деди (1 Шем. 25:32-35).

Үйгө кайтып келгенде, Абигейил күйөөсү өзү үчүн майрам уюштурганын көрдү. Ал азыр эле эмне болуп кетиши мүмкүн болгондугу жөнүндө түшүнгөн жок. Ал ошол күнү кечинде ага эч нерсе айтпоону чечти. Эртеси эртең менен ал анын өмүрүн кантип сактап калганын айтып берди. Жүрөгү муздап, таштай болуп калды. Он күндөн кийин Теңир Набалды өлтүрдү. Жаман адамдан Дөөттүн же Абигейилдин колу эмес, Кудайдын колу өч алды.

## БАРДЫК БИЙЛИККЕ ЭЭ БОЛГОН ҮЧҮН

Муса Кудайдын Өзүнүн чечимдерине каршы чыгууга аргасыз болгон жагдайлар да болгон! Бул көп жолу болгон. Келгиле, мындай биринчи учурду карап көрөлү. Ысрайыл алтын музоону куюп, ага табынуу менен күнөөгө батты. Кудай аларга абдан ачууланып, Мусага алардын баарын жок кылып, Мусадан эл чыгарам деп айткан. Мусанын эмне деп айтканын уккула:

> Бирок, Муса өз Кудай-Теңирине мындай деп жалына баштады: «О, Теңирим, Мисир жеринен кудуреттүү күчүң, кубаттуу колуң менен Өзүң алып чыккан Өз элиңдин үстүнө каарың от болуп жаабаса экен. Мисирликтер: "Кудай аларды өлтүрүү үчүн тоого алып кеткен тура, аларды жер үстүнөн жок кылгысы келген тура", – деп айтышпасын. Теңир, жалындаган каарыңды баса көр! Чечимиңди өзгөрт, Өз элиңди өлтүрө көрбө! Өз кулдарың Ыбрайымга, Ыскакка жана Ысрайылга Өз ысымың менен берген антыңды эстей көр. Сен аларга: "Силердин тукумуңарды көктөгү жылдыздардай көбөйтөм, Өзүм убада кылган жерди силердин укум-тукумуңарга берем, алар аны түбөлүккө ээлешет", – деп айтпадың беле» (Чыг. 32:11 -13).

Бул жерде бир нече нерсеге көңүл буруу керек. Биринчиден, Муса коркуу жана титирөө менен тил алчаак маанайда сүйлөдү. Экинчиден, Муса Кудайга жалынып-жалбарган же суранган; ал эч качан талап кылган эмес. Үчүнчүдөн, мунун баарын адамдар үчүн эмес, Кудайдын Өзү үчүн айтты. Негизи, Муса: «Бирок, жүздөгөн жылдардан бери жыйнаган Сенин аброюң жөнүндө эмне айтууга болот? Азыр Сенин атың бүт жер жүзүнө белгилүү, Сен баштаган ишиңди аягына чыгарбай, аны булгагың келеби». Муса муну биринчи кезекте Теңир үчүн кылгандыктан, Анын чечимине каршы чыгууга укугу бар болчу. Ал өзүн гана эмес, айланасындагы адамдардын камын ойлогон.

Жетекчиден бир нерсе сураардан мурун, өзүбүзгө: «Ал биринчи кезекте кимге керек?» деп сурашыбыз керек. Муса Кудайга Ыбрайымга берген убадасын эскерткенде да, анын максаты дагы эле Теңирдин кызыкчылыгын көздөгөн. Ал Кудайга Өз сөзүнүн маанилүүлүгүн эскерткен. Мусанын жүрөгү туура абалда болдгондуктан, максаттары да туура болгон. Ал Кудайдын кулу болгондуктан, өзүн жана Ысрайыл уулдарын ойлогондон мурун, Ал жөнүндө ойлогон. Ошондо Теңир Өз

элине төгө турган каарын кайт кылды (Чыг. 32:14).

Кудай Өзүнүн оюн өзгөрттү! Мен бир маанилүү жагдайга көңүлүңөрдү бургум келет. Муса Кудай менен ушундайча сүйлөшө алган, анткени ал буга чейин көп жолу Ага баш ийгендигин далилдеген. Бул принциптин биздин күндөрдө иштешине келе турган болсок, Лиза экөөбүздүн жашообузда да кызматкерлерден көп жылдар бою бирге иштешип, өздөрүнүн берилгендигин далилдеген адамдар бар деп айта алам. Жаңыдан иштеп баштагандарга караганда алардын бизден бир нерсе сураганга мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк. Жетекчинин иштери жөнүндө айтууга укук алуу зарыл. Ал эми, булар ишенимдүүлүк, чынчылдык жана берилгендик аркылуу жетишилет. Лидердин иштери жөнүндө ар ким эле мындай манерада айта албайт.

Таң калыштуу бир чындык, Муса Кудайдын чечимин башкаларга айткан эмес, ал бул чечимин Кудай менен гана талкуулаган. Теңир Ысрайыл уулдарынын дайыма Аны менен келишпестиктери жана бири-бири менен шыбырашып жатканы үчүн, аларга кайра-кайра каарданган. Бул да наразылык деп аталат жана Кудай муну жек көрөт! Бул жүрүм-турум абдан кооптуу жана бардык жолдор менен андан качуу керек. Шыбырашып, арызданганыбызда жетекчибиздин чыгарган чечимине кайчы пикир жана козголоң себебиз. Бул кандай айыптоолорго алып келерин башка бөлүмдө көрөбүз.

Мен кызматкерлерим менен толук макулмун. Эгер мен чечим кабыл алсам, алар менин маалыматым жетишсиздигинен улам, аны туура эмес деп ойлошсо, анда келип мага айта алышат. Эгерде мага чечим чыгарууга жардам бере турган жаңы фактылар болсо, алар кайра келип, ал жөнүндө мага кабарлашат. Бир нерсени сурашканда, алар мага так эмнени айткысы келгенин түшүндүрүү үчүн, аны формулировкалап жана ушундай формада сунуштоо абдан маанилүү. Мен жаңы

маалымат алгандан кийин бир нече жолу оюмду өзгөрткөн учурлар болгон. Ошого карабастан, менден бир нерсе сурашса, мен оюмдан кайтпайм, анда макулдашуу менен алга жыла беребиз. Эгерде биз биримдикте болсок, мен кандайдыр бир деңгээлде жаңылып калгандыгыма карабай, Кудай бизди дагы деле коргой берет. Эгерде биз таза ойлордун жетегинде болсок, анда Ал мени да, мага баш ийгендердин бардыгын да коргойт. Дөөт: «Актыгым менен адилеттигим мени сактап келет, анткени мен Өзүңө таянам. Туура жана түз болушума уруксат бер, анткени мен Сага таянам»,-деген (Заб. 24:21).

## БУЛ КУДАЙ МАГА КӨРСӨТКӨН НЕРСЕ МЕНЕН КАРАМА-КАРШЫ БОЛСО ЭМНЕ БОЛОТ?

Силерде дагы бир суроо пайда болушу мүмкүн: «Эгерде лидер мага сыйынууда көргөнүмө карама-каршы келген сөздөрдү айтсачы?» Жакшы суроо жана аны карап чыгуу керек. Ага жооп берүү үчүн мен экинчи бөлүмдө келтирген мисалга кайрылам. Кечелердин программасын иштеп чыкканга чейин мен Теңирди сыйынуу менен издедим жана бул Анын идеясы экенине толук ишенгем. Ушул күнгө чейин мага ушундай үй топторун ачууну Ал айтканына ишенем, анткени бул эпизоддун баары мен үчүн чыныгы сыноо болду: Ал мага койгон бийликке баш ийе аламбы?

Ыйык Китепте Кудайдын Өз элин кантип сынаганынын көптөгөн мисалдары бар. Теңир Ыбрайымга Ыскакты курмандыкка чалууну айтканда, Ыйык Жазууда «Кудай Ыбрайымды сынады» деп өзгөчө белгиленет (Башт. 22:1). Теңир Ыскакты өлтүрүүнү пландаган эмес, Ыбрайымга тоого чыгууга, ал жерде үч күн калууга уруксат берген жана колуна бычакты алып көтөргөндө гана аны токтоткон. Кудай Ыбрайымдын бардык кадамдарынан чексиз берилгендикти жана абсолюттук баш ийүүнү көрдү. Ал бүгүн бизден да ошону таба алабы?

Элчи Пабыл Корунттуктарга жазган биринчи катында Корунттагы жыйынга кандайдыр бир чара көрүүнү буйруган, ал кийинки катында бул тууралуу оюн өзгөрткөн. Жыйынга берген көрсөтмөлөрүн өзгөртөр замат, ал бир укмуштуудай билдирүү жасады:

> Мен муну силерге бардык учурда эле тил алар-албасыңарды иш жүзүндө көрүш үчүн жаздым (2 Кор. 2:9).

Пабыл аларга бир гана максат менен көрсөтмө берген: алар анын бийлигине баш ийеби же жокпу, көрүш үчүн. Менин көп жылдар бою кайтаруучу болуп иштеген абдан акылман досум бар. Ал мага өзүнүн кызматкерлеринен баш ийбестикти кантип байкаганын айтып берди – ал аларга эч кандай мааниси жок буйрук берген. Ал мага мындай деди: «Джон, көп өтпөй мен козголоңчулардын наалыганын жана арызданганын уга баштадым. Мен муну менен бүтүргөндөн кийин, мурункусунун ордуна эми кадимкидей буйрук бердим».

Пабыл корунттуктарга анын талаптарын аткарууда *бардык жагынан* тил алчаак болобу же жокпу сынап көрүүнү буйруган. Бул жерде негизги сөз *баары* болуп саналат. Анын буйругун аткаруу кыйын болгон, ал өзүнөн-өзү белгилүү бир максатты көздөгөн, б.а. эгерде алар анын тапшырганын аткарышса, анда алар башка ар кандай милдеттерди да аткарышат.

Кудай Ыбрайымга да ошондой кылган. Ал үчүн Ал эң оор милдетти тапты: Ыбрайым эң маанилүү жана эң кымбатын – жыйырма беш жылдан бери күткөн убадасын бериши керек болчу. Бул Ыбрайымдын өзү жеткен нерсе эмес; бул Кудай ага сыйынууда убада кылган нерсе эле. Ага курмандык чалынуучу жайда өзү жатса оңой болмок, бирок Кудай эң кымбат нерсесин каалаган. Ал эми, Ыбрайым ушул нерседе моюн сунуучу болсо, анда ал башка бардык нерседе да моюн сунат болчу!

Менин улук пасторум менден эң кымбат болгон нерсени

калтырууну суранды. Мен көптөгөн айлар бою жаштардын долбоорунда иштедим, муну баары билишчү. Менин көз карашымда, бул Кудайдын Падышачылыгы үчүн жоголгон жандарды жеңип алууну билдирген. Бул мен үчүн жаштардын кызматынын ийгиликтүү ачкычы болчу. Менин аброюма коркунуч туулуп жатты, анткени мен муну Кудайдын эрки деп айткам. Мен сыйынуу учурунда бул программанын үстүндө иштей беришим керек экенин уктум. Бул мен үчүн сыноо болорун билген эмесмин. Кээде бул Кудайдын сыноосу экенин түшүнбөй калабыз, анткени ал биздин жүрөгүбүздү ачат.

Менин чогулуштарым куткарылууга көптөгөн жандарды алып келиши мүмкүн эле, бирок Кудай биздин ыкмаларыбыз Анын ишин аткарышы үчүн эмес, жүрөгүбүздө Анын бийлиги айкын болушу үчүн көбүрөөк кам көрөт. Ал - Теңир; Анын жоголгон жандарга кантип жетүүгө болот деген көптөгөн жаңы идеялары бар. Өзгөртүүгө болбой турган нерсе, бул адамдын жүрөгүндөгү баш ийүү принциби, анткени ансыз адам Падышачылыкка кире албайт, ал эми баш ийбеген жүрөк үчүн башка тандоо жок.

Биз жүрөгүбүздө компромиссиз жана татаал принципти орнотууга тийиишпиз. Кудай өзүнүн күчүн адамга бергенден кийин, аны кайра албайт. Бул жерде лидер түздөн-түз жазылган Сөздү же Кудайдын мыйзамдарын бузганда гана башкача болушу мүмкүн. Кудай Өзү дайындаган жетекчини эч качан четке какпайт. Биз берилген бийликти четке кагып, бир гана Кудайдын алдында жооп берем деп айта албайбыз. Муса бул принцип жөнүндө Ысрайыл урууларынын башчыларына минтип айткан:

> Ысрайыл уулдарынын уруу башчыларына Муса мындай деди: «Теңир мындай буйрук берди: Ким Теңирге убада берсе же өзүн-өзү тыюуга сөз берип карганса, анда ал айткан сөздөрүн бузбасын, оозунан чыккандын бардыгын аткарсын. Эгерде Теңирге аял убада берсе же жаш

> чагында, атасынын төрүндө жүргөндө өзүн-өзү тыюуга сөз берсе, атасы кызынын убадасын же өзүн-өзү тыюуга сөз бергенин угуп, макул болсо, анда кызынын бардык убадасы орундалат, өзүн-өзү тыюуга берген сөзү аткарылат. *Эгерде атасы аны угуп, бирок тыйып койсо, анда кызынын убадасы, өзүн-өзү тыюуга берген сөзү аткарылбайт, ошондо Теңир кызды кечирет, анткени аны атасы тыйып койгон* (Сан. 30: 2-6, курсив автордон).

Муса бул принципти аял менен күйөөнүн ортосундагы мамилеге колдонуу менен бекемдеген. Кудай, жогорку же түздөн-түз бийлик, берилген бийлик уруксат берген нерсени карманат. Ошондой эле, ал жокко чыгарган нерсени жокко чыгарат. Теңир Өзүнүн берилген бийлигин сыйлайт. Жаш аял атасынын, аялы күйөөсүнүн бийлиги астында болгондуктан, Кудай аял менен эмес, ата же күйөөсү мене иш алып барат.

Ыйык Жазуу бул принципти үй-бүлөгө гана эмес, берилген ыйгарым укуктардын бардык башка тармактарына да жайылтат. Дагы бир жолу баса белгилеп айткым келет: бийликтегилер бизге Кудайдын осуяттарына карама-каршы келген иштерди кылгыла деп айтканда гана баш ийбөөгө болот: Мен кызматчылардын минтип айткан сөздөрүн угуп, капа болдум: “Менин кайтаруучум мага мындай кылууга тыюу салды. Ал Кудайды укпайт, ошондуктан мен муну кыла берем, бирок айланып өткөн жол менен жүрүүгө туура келет”. Сыйынууда эмнени укканың маанилүү эмес; эгер сенин иш-аракетиң жашооңдогу жетекчилердин буйругуна каршы чыкса, анда Кудайдын бийлигине каршы чыккан болосуң!

Толтура мисалдарды келтирсек болот. Аян билими биздин жүрөгүбүздө жарк эткенде, көптөгөн суроолорго жооп берилип, көп маселелер чечилерин билдим. Албетте, бул китеп бардык мисалдар жана түшүндүрмөлөрдү камтый албайт.

Бул жерде биз бийликтин аян-ачылышын алууга

аракеттенебиз, башкача айтканда, Кудайдын Өзүнүн ачылышын издейбиз, анткени Ал жана Анын бийлиги ажырагыс. Мен силерге кириш сөздө кайрылгам: бул китепти окуп жатканыңарда, Кудайга жалынып, жүрөгүңөрдө Кудайга баш ийүү принцибин күйгүзүүнү сурангыла. Болбосо, окуп бүтүргөндөн кийин дагы көп суроолор пайда болот.

Кийинки бөлүмдө биз адилетсиз мамилеге кандай жооп кайтарышыбыз керек жана бизге орой мамиле кылган жетекчиге кандай жооп кайтарышыбыз керек экенин карап чыгабыз. Бул жагдайларда Кудайдын биз үчүн улуу планы бар экенин көрөбүз.

13-БӨЛҮМ

# АДИЛЕТСИЗ МАМИЛЕ

*Сынуу - бул алсыз болуу дегенди билдирбейт. Бул биздин бийликке баш ийгендигибизге тиешелүү.*

Биздин Кудай Атабыздын, биздин жашообузда аткаргысы келген белгилүү бир планы бар. Бирок, дароо эле эскертким келет: мен айтайын дегеним популярдуу, жагымдуу же катуу тийбеген болбошу мүмкүн, бирок бул биз үчүн баалуу нерсе. Кудай бизди өкүндүргүсү келет. Ыйык Жазууда мындай дейт:

> Анткени Сен курмандыкты каалабайсың, мен аны берер элем. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жактырбайсың. Чын жүрөктөн өкүнүү – Кудай алдында курмандык. Сен өкүнүп, моюн сунган жүрөктү жек көрбөйсүң (Забур 50:18,19).

> Теңир чын дилинен өкүнгөндөргө жакын, моюн сунгандарды куткарат (Заб. 34:18).

Теңир менен ынак мамиле куруу үчүн, өкүнгөн жүрөк абдан маанилүү. Бул процесс жагымдуу болбосо да, Анын катышуусунун жакындыгы бардык мүмкүн болгон кыйынчылыктарга татыктуу болгонуна карабай, ал маанилүү. Дөөт муну жаш кезинде эле үйрөнгөн. Анын жүрөгүнүн абалын анын Забурда айткандарына карап билсе болот. Жараланган жүрөк курмандыктуу өмүр же курмандыктар аркылуу эмес, бирок баш ийүү аркылуу келет.

# ӨКҮНҮҮ БИЙЛИК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРАТ

Бир мисал келтирейин. Аскер аты минилмейинче сынмайынча (ооздукталмайынча) кызматка жарабайт. Ал ат сарайдагы башка аттарга караганда күчтүүрөөк, ылдамыраак, акылдуураак болушу мүмкүн, бирок ал ооздукталмайынча, аны согушта колдонууга болбойт. Ага караганда таланттары азыраак болгон аттардын бардыгы салгылашууга барат, ал эми ал болсо сарайда турат. Сынуу деген алсыз болууну эмес, бийликке баш ийүү дегенди билдирет.

Ат менен богон окуяда болсо – бул чабандес. Эгерде ат жакшы тапталып жана машыктырылган болсо, ага бардык жагдайда ишенсе болот. Согуштун кызуу кезинде, бар тараптан ок жаап, жебелер ышкырса, тайсалдабайт. Кылычтын, балтанын үнүн укканда, артка чегинбейт. Атылган октун үндөрү, замбиректин атылган үндөрү угулганда да ал чабандестин буйругун аткарууну токтотпойт. Ал кожоюну ким болгондугуна карабастан, ага абдан баш иет. Ал өзүн коргоо же чабандестин буйругунан пайда табуу жөнүндө ойлоп да койбойт.

Бул сынуу процесси Теңирдин Өзүнүн пландарына ылайык, ар бири үчүн жеке жана уникалдуу. Процесс качан бүтөрүн Ал билет, Ал сени ошол кызматка коюуну каалайт. Ар бир жаңы деңгээл өзүнүн артынан жаңы «сынууну» талап кылат.

Акыркы жолу мени кантип жоошутушкандыгын жакшы эстейм. Кызматка өтөр алдында мен кызматтын жаңы деңгээлине чыгууга даяр экениме чын жүрөктөн ишенгем. Мен ишенимдүү түрдө: «Мен толугу менен Сенин бийлигиңе баш ийдим. Мен, Сен мени чакырган кызматка даяр экенимди билем» дедим. Бирок, менин айланамдагы жетилген ишенүүчүлөр мен керек болгон абалдан али алыс экенимди билишкен. Анан кыязы, мен тепкилеп, түртүп, тырышып, өз укугумду ар тараптан коргоп, жаңы деңгээлге чыкмакмын.

## АДИЛЕТСИЗ ЖЕТЕКЧИЛЕР МЕНЕН ЭМНЕ БОЛОТ?

Жылкылар сыяктуу эле, биздин сынуу процессибиз бийликке болгон мамилебизге байланыштуу. Бул процессти Кудай ар бирибизге ылайыкташтырат, бирок ал ар дайым лидерликтин кандайдыр бир түрүн өз ичине камтыйт. Ушул себептен улам Петир мындай деп жазган:

> Ошентип, Теңир үчүн ар кандай бийликтегилерге моюн сунгула... Кулдар, өзүңөрдүн кожоюндарыңардын жакшы жана момундарына гана эмес, катаалдарына да урмат көрсөтүү менен баш ийгиле (1 Пет. 2:13,18).

Заманбап тил менен айтканда, малайлар деп - кызматчылар деп жалданма жумушчуларды, студенттерди, жыйын мүчөлөрүн же катардагы атуулдарды атаса болот. Мырзалар болсо, иш берүүчүлөр, мугалимдер, жыйын башчылары же мамлекеттик бийликтер болушу мүмкүн. Көбүнчө биздин лидерлер боорукер жана кечиримдүү, биз аларды жакшы көрөбүз. Аларга баш ийүү оңой. Ошого карабастан, Кудай бизге боорукер жана кечиримдүүлөргө гана эмес, катаал адамдарга да баш ийүүнү буйруйт!

Грек тилинде «катуу» деген сөздүн ордуна *сколиос* деген сөз бар. Тайердин сөздүгү бул сөзгө «чынчыл эмес, бузуку, жаман, адилетсиз жана уятсыз» деп аныктама берет. Вайндын сөздүгү боюнча болсо, бул сөз «өзүм билемдиктеги же адилетсиз кожоюндарга» тиешелүү. Теңир бизге ушундай жетекчилерге баш ийишибизди айтып жатабы?

Башка котормолорду карап көрөлү. Бул жерде Жаңы Кылымдын версиясы: «Боорукер жана жумшактарга гана эмес, абийирсиздерге да.» Заманбап англис версиясы: «Муну боорукер жана камкор адамдар үчүн гана эмес, ырайымсыз адамдар үчүн да жаса.» Америкалык Жаңы Стандарттагы

Библия мындай дейт: «Боорукер жана жумшактарга гана эмес, этиятсыздарга да». Биз бул осуятты аттап кете албайбыз, андыктан, андан Кудайдын акылмандыгын издейли.

Андан тышкары, Петирдин сөздөрүн түшүнүү ого бетер кыйындайт. Ал минтип улантат: «Анткени ким *адилетсиз эле жерден азап тартып жатса,* бирок ошол азапты Теңир үчүн көтөрө билсе, бул Кудайга жагат» (1 Пет. 2:19, курсив автордон).

Жубайым жана улуу балдарымдын бири менен болгон окуя эсимде. Ага караганда башкасына көбүрөөк көңүл бурулуп жаткандай сезилип, ал муну адилетсиздик деп эсептеген. Ал: «Апа, бул адилетсиздик!» - деп айтат.

Аялым ага: «Уулум, жашоонун баары адилетсиз!» - деп токтоолук менен гана жооп берди.

Ал апасына карап: «Кантип мындай дейсиң? Сен менин апамсың го».

Лиза андан: «Ыйса эч кандай жамандык кылбай, биздин жазабызды алып, айкаш жыгачта өлгөнү адилеттүү беле?» - деп сурады.

Уулунун бул акылмандыкты өздөштүргөнү көзүнөн билинип турду. Ал унчукпай калды.

## ЫЙСАНЫН ЖЕКЕ ҮЛГҮСҮ

Петир сөзүн улантты: «Силер ушуга чакырылгансыңар». Мен бул аяттан насаат айтканымда, адатта, адамдардан Ыйык Китептен баш көтөрүүнү суранып, аларды жандандырам: “Ар бир адам бул сөздөрдү айткыла: “Мен ушуга чакырылгам!” деп.” Биз ар дайым жашообуздагы чакырыгыбызды айтабыз. Анда эмесе, алардын бирин кабыл алгыла. Петир эмне дегенине карагыла: «Анткени силер ушуга чакырылгансыңар [бул силердин чакырылганыңардан ажырагыс]. Себеби Машайак да биз үчүн азап тарткан. Анын изи менен басышыбыз үчүн, Ал бизге үлгү [Өзүнүн жеке үлгүсүн] калтырып кеткен» (1 Пет. 2:21).

Ал кандай азап тартты? Петир мурунку аятта түшүндүргөн: берилген бийлик тарабынан адилетсиз мамиле. Кээде Кудай бизди Дөөткө, Жусупка, Даниелге, элчи Пабылга жана башкаларга кылгандай эле, бийликтердин адилетсиз мамилесине чыдай турган жагдайларга салып коёт. Биздин чакырыгыбыз - бул туура жол менен өтүү жана Ыйса бизге муну менен кантип күрөшүү керектиги жөнүндө өзүнүн жеке үлгүсүн калтырган.

Силер: «Лидерлердин адилетсиз мамилесине дуушар болгонубуздан эмне пайда?» деп сурагыңар келиши мүмкүн. Бул ойдун мааниси биздин табигый ой жүгүртүүбүзгө карама-каршы келет, анткени логика жагынан ал абсурддай көрүнөт. Ошого карабастан, Кудайдын даанышмандыгынын бул мамиле аркылуу баш ийүүчү жүрөк жарата турган үч жолу бар. Биринчиден, ал Кудайдын адил соту үчүн орун бошотот. Экинчиден, ал бизде Машаяктын мүнөзүн тарбиялайт. Үчүнчүдөн, мындай жетекчиликке баш ийүүбүз Теңирди даңктайт.

Пабыл башкаруучу бийликтерге баш ийүүнү талдоону төмөнкү сөздөр менен баштаган: «Сүйүктүүлөр, өзүңөр үчүн өч албагыла, тескерисинче, *Кудайдын* каарына орун бергиле. Анткени Ыйык Жазууда: «Теңир мындай дейт: Өч Меники, Мен тиешесин берем», – деп жазылган” (Рим. 12:19). Коргоо, оңдоо, актоо же башка тиешелүү жооп адам эмес, Кудайдын колунан болушу керек. Өзүн актаган адам Машаяктын момундугун жоготот. Ыйсадан өткөн эч кимдин күчү жок, бирок Ал бийликтердин алдында эч качан актанган эмес.

Келгиле, Петир айткан конкреттүү жагдайга, Ыйсанын сотуна кайрылалы: «Башкы ыйык кызмат кылуучулар Ага каршы көп нерселерди айтып айыптап жатышты. Бирок, Ыйса эч нерсе деп жооп бербеди» (Марк 15:3-5). Сот залын элестетип көргүлө, анда күбөлөрдүн айткандарынын баары расмий түрдө Ыйсага каршы колдонулат. Ал жерде күбөлөндүргөн адамдар Анын элинин диний жана саясий жетекчилери болушкан. Алар таасирдүү

адамдар эле, алардын сөздөрү чоң салмакка ээ болгон, бирок аларда чындыктын кыйыты да жок болчу. Алар такыр эле калпты айтышты, бирок Ыйса өзүнүн айыптоочуларынын алдында унчукпай турду жана өзүн коргогон да жок! «Ошондо Пилат Андан: «Сен такыр жооп бербейсиңби?» – деп, дагы сурады. Анан: «Сага каршы айтылган айыптоонун көптүгүн карачы», – деди. Бирок Ыйса бул суроого да жооп берген жок. Пилат буга таң калды» (Марк 15:4, 5).

Пилат сот болуп ошол жердеги эң бийик жерде отурду. Ал көп жолу соттолуучулар жазадан кутулуу үчүн өзүн коргоп жатканын көргөн. Эгерде аларга өкүм чыгарылса, алар же түрмөгө камалып, же сүргүнгө айдалып, же өлүм жазасына тартылышкан. Жогоруда андан башка апелляциялык сот болгон эмес. Пилат айыпкердин унчукпай отурганын бир да жолу көргөн эмес. Ал жетекчилер Ыйсаны көрө албастыктан соттошкондугун жана Ал үчүн эң оор жазаны – айкаш жыгачка кадап өлтүрүүнү каалашканын билген. Ал ошондой эле, Ыйсанын бул адамдар айткандай эмес экенин билген. Бирок, Ыйса Өзүн коргоодон баш тарткан. Анын токтоолугу прокурорду таң калтырды.

Эмне үчүн Ыйса Өзүн коргогон эмес? Себеби бул: Анын Атасынын соту астында калуу жана ошону менен Анын коргоосунда болуу. Петир минтип айтты: «Кордошкондо, Ал кордоо менен жооп берген эмес. Азап тартканда, эч кимди коркуткан эмес, бирок адилет Сотко тапшырган» (1 Пет. 2:23).

Биз өзүбүздү коргоодон баш тартканыбызда, биз Кудайдын ырайымынын жана сотунун астында калабыз. Мындан коопсуз жайды табуу мүмкүн эмес. «Кудай тандап алгандарды ким айыптайт? *Аларды* Кудай Өзү актайт» (Рим. 8:33).

Тескерисинче, өзүн коргогондор айыптоочулардын, б.а. айыптоо өкүмдөрүнүн астында калып, Кудайдын кийлигишүүсүнөн куру калышат. Менин үстүмдөн коюлган бир жетекчинин алдында актанууга туура келген жагдай эсимде. Ошондон кийин Кудай мага көбүрөөк аян берди. Мен Теңирдин

колун артына алып, жанымда турганын көрдүм. Ал мага керектүү жардамды берүүдөн артка чегинди. Мен өзүмдү актоону токтотоорум менен, Ал мага жардам бере баштады.

Ыйса Машаяк, атүгүл ыйгарым укуктуу бийликтин алдында турганда да, Өзүнүн Жогорку Сотун эч качан унуткан эмес. Падышанын жүрөгү Теңирдин колунда экени эсиңердеби. Өзүн-өзү коргоодон баш тартып, бүткүл сот процессинин жүрүшүндө Ыйса Кудайдын коргоосунун астында болгон. Өзүңөрдү актап же коргой баштаганыңарда, силер сот катары айыптоочунун бийлиги астында болуп каласыңар. Силер анын сынына жооп бергениңерде, коргоого болгон руханий укугуңардан айрыласыңар, анткени ал рухий чөйрөдө силерден жогору көтөрүлөт. Силердин өзүңөрдү коргонууңардын аркасында анын таасири өсөт. Өзүңөрдүн күнөөсүз экениңерди далилдөөгө аракет кылып, айыптоочунун ырайымына багынасыңар. Ушул себептен Ыйса бизге мындай деп эскертти:

> Жолдо бара жатканыңда эле, каршылашың менен элдешип алганга шаш. Болбосо каршылашың сени сотко берет, сот болсо сакчыга тапшырат, ошентип, сени түрмөгө отургузуп коюшат. Сага чындыкты айтып коёюн, акыркы кодрантыңды бермейинче, ал жерден чыкпайсың (Мт. 5:25, 26).

Бул мисалга ылайык, айыптоочуңар эмнени талап кылса, ошону төлөөгө силерди мажбурлашат. Силерге канчалык олуттуу айып тагылса, ал силерге ошончолук азыраак жакшылык көрсөтөт. Адилеттүү болобу же жокпу, ал сенин ага болгон карызыңдын акыркы тыйынын да кагып алат.

## БАЛАНЫН ИШЕНИМИ

Бул биздин улуу уулубуз Эддисон үчүнчү класста окуп жүргөндө болгон. Бир күнү түшкү тамакта ал Лиза экөөбүзгө мектептеги көйгөйүн айтып берди. Ал өзүнүн насаатчыларынын бири ага өтө эле башкача экенин байкаган. Эддисон мугалим

аны жактырбай турганын сезди, ошондуктан, класста кандайдыр бир тартипсиздик же баарлашуу болгондо, бардык күнөө ага жүктөлгөн. Күн өткөн сайын ошентип улана берди. Ал мугалим бизге, мектепте бизди атайын каттоого коюуга мүмкүн деп эскертти. Эддисон өтө абийирдүү адам, ошондуктан ал тургай, ал жөнүндөгү терс пикирлер дагы ал үчүн чыдай алгыс болгон. Ал бизге коркуп, капа болгонун айтып жатып ыйлап жиберди.

Биз ага ишенебиз деп ишендирип, бардыгын кененирээк айтып берүүсүн өтүндүк. Ал арыздана баштады: «Баарына мени күнөөлөшөт. Бир нече балдар күнөөлүү болсо да, баарынан көп мага жүктөлөт. Мени кылбаган иштер үчүн айыптап жатышат. Мына, бүгүн жанымдагы эки бала каткырып күлүп калышты, мен үнчукпай, тынч отургам. Мугалим бизге карай бурулуп, мага кыйкырды». Адилетсиздиктен эриндери титиреп кетти. Тогуз жаштагы бала үчүн, бул үмүтсүз кризис болчу.

Эддисондун башка мугалимдери анын жүрүм-туруму кынтыксыз экенин айтышты, ошондуктан биз бул өзүнчө бир окуя экенине ынандык. Лиза аны тынчтандырууга аракет кылып жатканда, мен кырдаалды иликтей баштадым: “Бүгүн ал сага эскертүү бергенде эмне дедиң?

Эддисон мындай деп жооп берди: «Мен ага мен сүйлөгөн жокмун, тигил эки бала деп айттым!»

Мен: “Адатта, ал сага эскертүү бергенде ушинтип жооп бересиңби?” – деп сурадым.

Балабыз: «Ооба, мен күнөөлүү эмес экенимди билсем», - деп жооп берди.

Мен ага карадым: «Ии, балам, маселе мына ушунда экен да. Насаатчынын алдында өзүңдү актай баштаганыңда, өзүңдү коргой баштаганда, Кудай андан ары арачылык кыла албайт».

Мен аны менен Жазуудагы ушул бөлүмдөн мурунураак айтып берген аяттар жөнүндө бөлүштүм. Айтылгандардын маанисин жакшыраак түшүнүүсү үчүн, мен аны менен мурунку

бөлүмдө айткан офистин катчысы менен болгон мамилемде эмнелерди баштан өткөргөнүм жөнүндө бөлүштүм.

## ЗЫЯН КЫЛУУНУ ЧЕЧКЕН ЖЕТЕКЧИ

Биздин жаштар тобуна бир адамдын баласы келчү. Мен ыйыктык, сыйынуу жана бийлик жөнүндө күчтүү кабарларды насааттадым. Көптөгөн жаштар өзгөрө баштады. Күндөрдүн биринде бул жигит көзүнө жаш алып келинчегимдин жанына келип, үйдө ушунча жамандык болуп турганда кантип таза, ыйык жашоого болот деп сурайт. Анан бул мени анын атасы мага каршы деген тыянакка алып келүүгө мажбурлаган нерселерди майда-чүйдөсүнө чейин айтып берет.

Бир нече айдан кийин төрт жаш адам мени жумуштан кетиришет экен деп айтышты. Мен маалыматтын изи менен жүрдүм, ал из мени ошол кишинин уулуна алып барды. Ал мага муну атасынан укканын айтты.

Мен анын атасына бардым, ал күнөөсүн мойнуна алды, бирок ал баарына мени жумуштан кетиргиси келип жаткан улук пасторду күнөөлөдү. Арадан жумалар өткөн сайын, кырдаал татаалдашып кетти. Үй-бүлөм тынымсыз ойлонууда жашачу, бул жерде калаарыбызды же бизге эшикти көрсөтөрүн билбей калдык. Биз үй да сатып алган элек, келинчегим бала күтүп жаткан, акчабыз да, көчүп кете турган жерибиз да жок болчу. Мен башка кеңселерге өзүмдүн резюмемди жөнөткүм келген жок. Мени бул жакка Кудай алып келгенине ишенгендиктен, башка эч кандай пландарды түзгөн эмесмин. Аялым санааркап, тынчсызданып, мени чара көрүүгө үндөдү: «Жаным, билем, алар сени жумуштан кетиргиси келет. Мага баары ушинтип айтып жатышат».

Ал туура айтты. Улук пастор акыры мени жумуштан алууну чечти. Бир жекшемби күнү эртең менен ал жаштар кызматында чоң өзгөрүүлөр даярдалып жатканын билдирди. Мен аны менен дагы сүйлөшө элекмин. Эртеси мен ал жана анын катчысы менен

жолугушууга бармак болдум. Кудай мага актанба деп айтты.

Эртеси кайтаруучунун кабинетине кирсем, ал жалгыз отурган экен. Ал: «Джон, сени бул жерге Кудай койду. Мен сени иштен кетирбейм",- деди. Ал өз чечимин өзгөрттү. Мен абдан жеңилдеп калдым, Кудай мени акыркы учурда колдоп турду. Анан кайтаруучу: «Эмне үчүн секретарь сени жумуштан кетирүүнү каалайт?» - деп сурады. Мен билбейм деп жооп бердим жана анын өтүнүчү боюнча тынчтыкты орнотуу үчүн, бардыгын жасоого макул болдум.

Көп өтпөй эле, ал адамдын (секретардын) бир чечими боюнча анын ниетин ачыкка чыгарган далилдер менин колумда болуп калды. Мен аны пасторго алып барууга даяр болчумун. Мен анын артында эмне болуп жатканын көрсүн дедим эле. Кырк беш мүнөт бою мен бөлмөдө ары-бери басып сыйынып, ичимдеги жагымсыз сезимди жеңүүгө аракет кылдым. Мен минтип ойлондум: «Кудай, бул адам абийирсиз. Аны ачыкка чыгаруу керек. Ал бул кызматка кыйроо алып келет. Мен сөзсүз түрдө пасторго анын ким экенин айтышым керек!» Мен анын бетин ачуу ниетимди ого бетер актай баштадым: «Мен билдире турган нерселердин бардыгы документ түрүндө далилденген фактылар. Бул эмоциялар эмес. Эгер ал токтобосо, анын жаман жоруктары бүт жыйынга жайылып кетет».

Ошондо мен ачууланып: «Теңирим, анын бетин ачышымды каалабайсыңбы?» - дедим. Качан мен ошентип айтканда, жүрөгүмдү Кудайдын тынчтыгы толтурду. Мен таң калып баштадым. Кудай менин эч кандай чара көрүшүмдү каалабасын түшүндүм, ошондуктан, мен бардык далилдерди ыргытып жибердим.

Кийинчерээк кырдаалга объективдүү баа бергенден кийин, мен башкаларды коргобой эле, өзүмдү коргоп, өч алгым келгенин түшүндүм. Мен ниетимде жеке кызыкчылыгым жок деп өзүмдү ынандырдым. Менде ишенимдүү маалымат бар болчу, бирок ниеттер таза эмес болчу.

Арадан бир аз убакыт өтүп, бир күнү иш күнү башталар алдында жыйындын имаратынан алыс эмес жерде таза абада сыйынып жатканымда, бул кишини көрдүм. Кудай мага момун болуп, ага барышымды айтты. Мен дароо туруп: «Жок, Теңирим, өзү келсин. Ал биздин бардык кыйынчылыктарыбыздын себепкери болуп калды» дедим. Мен сыйынууну уланттым, бирок Кудай унчукпады. Жыйырма мүнөттөн кийин кайрадан Теңир менин дароо ага барып, элдешүүмдү талап кылды. Мен, муну Кудай айтып жатканын билгем. Мен бул кишиге телефон чалып, кабинетине кирдим. Бирок, менин айтайын дегеним жана кантип айтканым Кудай мени менен иштегенге чейин айта турган нерселерден такыр башкача болчу. Чын дилимден андан кечирим сурадым. Мен аны сындап, айыптаганымды айттым. Ал жумшарып, экөөбүз жакшы сүйлөштүк. Ошол күндөн баштап анын мага болгон чабуулдарынын баары токтоду.

Алты айдан кийин, мен шаарда болбогон учурда, бул кишинин эмне кылганы тууралуу кабар улук пасторго жетти. Көрсө, анын кылыктары мен билгенден да жаман экен. Ал дароо иштен бошотулду. Ага сот келди, бирок менин колум менен эмес. Мага эмне кылууну пландаган болсо, ага келди.

Бирок, бул окуя болгондо мен таптакыр сүйүнгөн жокмун, ага жана анын үй-бүлөсүнө боорум ооруду. Мен ага боор ооруп калдым, анткени мен да ушундай окуядан өтүшүм керек болчу. Болгон окуядан алты ай мурун аны соттобоону чечкеним үчүн, мен ага болгон сүйүүмдү сездим жана бул жагдайлардын бардыгы ага каршы чыгышын каалабадым.

Мен бул жыйында дагы он бир жыл болдум жана менден көп учурда кызматтарды жетектөөнү сураныштты. Ал менин атыма багыттаган шермендечилик кетти, анын ордун урмат-сый басты. Артка кылчайып карасам, оор күндөрдө аябай өстүм, кийин Кудай мени мен жөнүндө ушунчалык көп калпты уккан элдердин алдында жогору көтөрдү. Атасы Ыйсаны тил алчаактыгы жана соттордун

алдында Өзүн коргобоггондугу үчүн жогору көтөргөндөй, Ал Ыйсадан үлгү алган балдарын да ошондой урматтайт.

## ЖЫЛДЫН ОКУУЧУСУ

Эддисонго Ыйык Китептеги мисалды жана жеке тажрыйбамды айтып бергенден кийин, мен: «Уулум, сенин тандооң бар. Сен актанууну улантып, мугалимиңдин айыптоосу астында кала берсең болот же бардык айыптоолорго такыбаалык менен гана, жооп бербөөнү тандасаң болот. Андан тышкары, сен мугалимге барып, өзүңдү басынтып, анын бийлигин сыйлабаганың үчүн жана ага каршылык көрсөткөнүң үчүн кечирим сурасаң болот, ошондо Кудай кандай иш кылаарын көрөсүң».

Эддисон: «Эгер мени бир нерсеге туура эмес күнөөлөшсө эмне болот?»

«Кудай сени коргойт. Айтчы, өзүңдү коргой алдыңбы?»

Ал: «Жок, Кудай мени коргосун дейм», - деп жооп берди.

Эртеси ал мугалимине келип, өзүн басынтып, элдешти. Сөгүш алып жатканда уюштурган чыр-чатактары үчүн кечирим сурады.

Мугалим аны кечирип, кийинки жумада Эддисон ошол класста жуманын эң мыкты окуучусу аталды. Анын мындан ары эч кандай көйгөйү болгон жок. Окуу жылынын аягында окуучуларды сыйлоо аземинде ошол мугалим ага мектептик жогорку сыйлыкты тапшырды.

Эгерде тогуз жашар бала кризис учурунда өзүн баш ийдирип, Кудайдын Сөзүндөгү чындыкты далилдей алса, биз чоңдор буга дагы канчалык аракет кылышыбыз керек? Бул Ыйсанын төмөнкү сөздөрүн түшүндүрөт деп ойлойм: «Ошондуктан ким өзүн басынтып, ушул бала сыяктуу болсо, ал Асман Падышачылыгында чоң болот» (Мт. 18:4).

# ДӨӨТТҮН АКЫЙКАТСЫЗ БИЙЛИКТЕР МЕНЕН КАГЫЛЫШУУСУ

Эддисон Жышайдын уулу Дөөттүн бир кезде эмнеге келгенин билди. Кудай адилеттүү Сот, эгерде биз жетекчинин адилетсиз мамилесин Анын колуна берсек, Ал ар дайым туура өкүм чыгарат. Дөөт жөнүндө сөз кылып жатып, биз аны шайтан эмес, аны абийирсиз жана катаал башкаруучунун, Шабулдун бийлиги астына Кудай койгонун эстен чыгарбашыбыз керек.

Бул алар жолугушканга чейин болгон. Ысрайылдын башкы пайгамбары Шемуел Кудайдын элинин үстүнөн кийинки падыша кылып Дөөттү майлаган. Дөөт кубанганынан секирип: *«Бул киши азыркы падышаны майлады, мен да падыша болом!»* - деп ойлосо керек.

Шабул Кудайга баш ийбей, жаман рухтун азабына кабылган. Кимдир бирөө арфа чертип баштаганда гана ага жеңилдик келчү. Анын ордочулары анын алдына олтуруп, ага кызмат кыла турган жигитти издей башташты. Падышанын кызматчыларынын бири Жышайдын уулу Дөөттү сунуш кылды. Шабул ал ак сарайга келип, кызмат кылуу үчүн ага киши жиберди. Балким, Дөөт: *«Кудай пайгамбар аркылуу берген убадасын ишке ашыра баштады»,* - деп ойлогондур. Ал өзүнө: *«Бул менин бийиктикке карай биринчи кадамым болот»,* деген болуш керек.

Убакыт өтүп, андан пелиштиликтер менен согушуп жаткан улуу бир туугандарына тамак-аш алып барууну сураныштты. Согуш позициясына келгенде, ал пелиштилик Голиаттын Кудайдын аскерлерин шылдыңдап жатканын көрүп, бул маскаралык кырк күндөн бери уланып жатканын билди. Ошондой эле, падыша ал алпты жеңе алган адамга кызынын колун убада кылганын билди. Дөөт падышанын алдына келип, бул дөө менен согушууга уруксат сурайт. Ал Голиатты өлтүрүп, Шабулдун убадасы боюнча анын кызына үйлөнөт. Ал падышанын көз алдында ырайым таап, эми анын күйөө баласы болуп калды.

Шабулдун тун уулу Жонатан Дөөт менен түбөлүк достук келишимин түзгөн. Шабул Дөөткө ишенип тапшырган нерселердин баарын Дөөт Кудайдын жардамы менен жасап, ийгиликке жеткен. Падыша ага уулдары менен дасторконго отурууга да уруксат берген. Баары жакшы болду, Дөөт жашоодон ырахат алды. Ал ак сарайда жашап, падышанын дасторконунан тамактанып, падышанын кызына үйлөнгөн, Жонатан менен дос болуп, бардык жортуулдарда жеңишке жеткен. Ал тургай, эл арасында да бара-бара атак-даңкка ээ болгон. Ал көз алдында пайгамбарчылыктын аткарылып атканын көрдү. Шабул Дөөттү бардык кулдарынан жогору койгон, атүгүл аны курал-жарак көтөрүүчү кылган. Ал Дөөттүн экинчи атасы болуп калган. Дөөт Шабул ага устат болуп, ага баарын үйрөтүп, бир күнү аны урматтап, өзүнүн ордуна тактыга отургузарына ишенген. Дөөт Кудайдын ырайымы менен ишенимдүүлүгүнө кубанган.

## ЧОҢ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

Бирок, бир күнү баары өзгөрдү. Шабул менен Дөөт согуштан жанаша кайтып келе жатышканда, Ысрайылдын бардык шаарларынан аялдар ырдап, бийлеп, алардын алдынан тосуп чыга башташты. Алар: «Шабул миңди жеңди, Дөөт болсо он миңди жеңди!» — деп ырдашты. Бул падышанын ачуусун келтирип, ошол күндөн тартып Дөөттөн шектене баштады. Бир жолу Шабул Дөөткө жебелерди ыргытып, аны өлтүрүүнү көздөгөн. Ыйык Китепте Шабул Дөөттү жек көргөн, анткени Кудайдын аны менен экенин билген деп айтылат. Падыша Кудайдын андан кеткенин түшүндү. Дөөт өмүрүн сактап калуу үчүн, качып кетүүгө аргасыз болгон. Кайдан башпаанек табаарын билбей, ал чөлгө жөнөдү. «Эмне болуп жатат?» - деп ойлойт Дөөт. «Убада эчак эле аткарыла баштаган болчу, азыр бардыгы талкаланды. Менин насаатчым, жетекчим болгон адам

мени жок кылууга аракет кылып жатат. Эмне кылышым керек? Шабул — Кудайдын майланган кызматчысы. Эгер ал мага каршы болсо, анда менде кандай мүмкүнчүлүк болот? Ал падыша, Кудайдын элинин үстүнөн дайындалган Кудайдын адамы. Эмнеге Теңир буга жол берип жатат?»

Эми Шабул үч миң жакшы үйрөтүлгөн ысрайылдык жоокердин коштоосунда Дөөттү жок кылуу максатында, аны чөлдөн чөлгө, үңкүрдөн үңкүргө кууп жүрүп отурат. Ошол маалда бул убада бүдөмүк эле көрүндү, анткени Дөөт азыр аман калууга аракет кылган качкын эле. Ал мындан ары падышалык сарайда жашабай калды, падышалык дасторкондо отурган жок. Нымдуу үңкүрлөр анын турак жайы болуп калды, ал жаныбарлардын калдыктарын жеди. Ал мындан ары падышанын жанында жүрбөй калды, жакында эле анын жанында согуш талаасында согушуп жүргөн адамдар үчүн, аңчылык кылуунун объектиси болуп калды. Жумшак төшөк жок, аны караган кызматчылар жок, бир кездеги ак сарайдагыдай суктануу үндөрү угулган жок. Анын колуктусун башкага берип салышты.

Кудай Дөттү баш ийгенге койгон башкаруучу кантип ушундай иштерди кылганга барды? Мүмкүн Дөөттү ачуу, кыжырдануу жана көңүл калууга толгон ойлор жеңип кеткендир. *«Эмне үчүн Кудай кийлигишпейт? Ал мени менен иши барбы? Анын убадалары жөнүндө эмне айтууга болот? Эмне үчүн Ал мындай таш боор адамды Өзүнүн келишиминдеги элин жетектөөгө дайындады?»*

Шабул бул жигитти кандай болбосун, өлтүрүүнү чечкендиктен, ал бул ойго берилип кеткен. Ноб шаарында Дөөткө баш калкалоочу жай жана тамак-аш берип, Голиаттын кылычын берген ыйык кызмат кылуучулар бар эле. Алар Дөөттүн Шабулдан качып кеткени тууралуу эч нерсе билишкен жок жана аны анын буйруктарынын бирин аткарып жатат деп ойлошту. Алар Теңирден ал жөнүндө сурап, аны жолго даярдашты.

Муну уккан Шабул жинденип кетти. Ал адегенде Теңирдин сексен беш бейкүнөө дин кызматчысын, анан бүт шаарды – эркектерди, аялдарды, балдарды, ымыркайларды жана бодо малдарды өлтүрдү. Ал өз өлкөсүнүн душмандары болгон амалыктыктарга окшоп, бейкүнөө адамдарга өкүм чыгарды. Эми бул кишини Кудайдын тандалган адамы деп айтуу таптакыр мүмкүн эмес эле. Шабул киши өлтүргүч болуп калды. Теңир кантип аны Өзүнүн Руху менен майлай алат?

Көптөр Шабул адамдар тарабынан дайындалган, ал эми Дөөттү Кудай дайындаган деп айтышат. Мындай окутуу туура эмес жана бул Кудайдын катаал адамды башкарууга кудуреттүү экенин кабыл албаган адамдардан келип чыккан. Ооба, эл падышаны каалаганы чын; Бирок, Шабул менен Дөөттү Кудай тандап алган. Кудай: «Мен Шабулду падыша кылдым»,- деген (1 Шем. 15:11).

Бир жолу Шабул Дөөттүн Эн-Гадди чөлүндө экенин билип, үч миң жоокери менен ошол жакка жөнөдү. Жолдон чарчап, Дөөт жашынган үңкүргө токтошту. Шабул менен анын жоокерлери жуунуп алуу үчүн чечиништи. Ыйык Жазууда Дөөттүн кишилери ага: «Теңирдин сага “Мен сенин душманыңды өз колуңа салып берем, аны каалаганыңдай кыласың” деген сөзү аткарылар күн келди» деп кеңеш беришти. Дөөт туруп барып, Шабулдун сырт кийиминин этегинен акырын кесип алды. Бирок, Шабулдун кийиминин этегинен кесип алгандан кийин, Дөөттүн жүрөгү ооруду. Анан ал өз кишилерине: «Теңир мага өз мырзама, Теңирдин майланганына кол салууга жол бербесин, анткени ал – Теңирдин майланган адамы», – деди. Ошентип, Дөөт ушул сөздөрү менен өз кишилерин токтотуп калды, алардын Шабулга каршы көтөрүлүүсүнө жол берген жок. Шабул болсо ордунан турду да, үңкүрдөн чыгып, жолго түштү» (1 Шемуел 24:5-8). Биз Дөөттүн жүрөгү ооруганын көрөбүз. Ал дагы эле башына ушундай кыйынчылык алып келген жетекчиге жүрөгүндө жумшак

бойдон кала берди. Ачуу, коркуу, үмүтсүздүк сыяктуу ойлорго туруштук берип, ал тургай, аларды ийгиликтүү жеңгени анык.

Дөөт падышанын кийиминин этегинен кесип алгандыктан, аны Шабулдун алдында өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө үчүн колдонууну чечти. Дөөт алысыраак туруп, анын алдында жерге ийилип: «*Ата!* Менин колумдагыны кара, ... *Менин оюмда жамандык кылуу да, кылмыш кылуу да жок экенин,* сага каршы күнөө кылбаганымды ушундан билип ишен, сен болсо мени өлтүрүү үчүн издеп жүрөсүң» деди (1 Шем. 24:12, курсив автордон).

Дөөт Шабул аны чыккынчы, козголоңчу деп ойлойт деп билген. Балким, Дөөт өзүнүн жүрөгүн тинтип: «Мен кайсы жерден жаңылыштым? Шабулдун жүрөгү кантип мага каршы кескин бурулду?» дегендир. Ошондуктан, ал минтип кыйкырды: «Сени өлтүр дешти... Мен сенин кийимиңдин четин гана кесип алдым, бирок мен сени өлтүргөн жокмун: билип ал, менин колумда эч кандай жамандык же куулук жок экенине ынангын». Мунун баарын Шабулдун өзү пландаганына ал ишене алган жок. Шабулдун жүрөгүнө кимдир бирөө Дөөттү жек көрүү септи деп ойлоп, өзүнүн падышага берилгендигин далилдегиси келген. Ал эгер муну кыла алса, анда Шабул аны өз пайдасына кайтарып, кайра ага боорукердик менен мамиле кылат, ошондо пайгамбарчылык аткарылат деп үмүт кылган.

Атасы же лидери тарабынан четке кагылгандар биринчи кезекте өздөрүн күнөөлөшөт. Аларды «Мен эмне кылдым?» деген азаптуу ойлор басып алат. «Демек менин жүрөгүм таза эмес беле?» Алар жетекчилерге өздөрүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө карата тынымсыз аракет кылуунун жүгүн мойнуна алышат. Аларга өздөрүнүн берилгендигин жана баалуулугун көрсөтүшсө, кайра кабыл алынмак деп ойлошот. Бирок, алар канчалык аракет кылса, ошончолук четке кагылгандай сезилет.

Шабул Дөөттүн жакшы ниети бар экенин түшүнгөндө, аны өлтүрө турган кырдаалда да андай кылбагандыгын түшүнүп,

падыша менен анын эли аны калтырып кетишти. Кыязы, Дөөт: *«Падыша мени кайра кайтарат. Эми пайгамбарчылык аткарылат. Эми менин жүрөгүмдү көрүп, мага жакшы мамиле кылат. Ал боорукер жана жумшак жетекчи болот»* деп ойлосо керек. Ал чындыктан канчалык алыс болчу.

## АЛ МЕНИ ӨЛТҮРҮҮНҮ ЧЕЧТИ

Көп өтпөй Шабулга Дөөттүн Хахил дөбөсүндө экенин айтышты. Падыша дагы баягы үч миң кишини чогултуп, аны издеп жөнөдү. Ал кезектеги жолу Дөөттү өлтүрүүнү көздөгөн. Мен Шабулдун куугунтуктоосу Дөөттүн көңүлүн калтырганына ишенем. Ал эч кандай ката жок экенин жана Шабул атайылап, эч кимдин чагымчылдыгы жок эле, анын өлүмүн издеп жатканын түшүндү.

Падыша Дөөттүн кулк-мүнөзүн билген, бирок баары бир эле ага каршы болгон. Дөөт анын бардык үмүтү текке кеткенин жана амалкөй башчы менен күрөшүп жатканын түшүнгөн. Теңир кантип мындай адамдын үстүнө майлоону төгөт?

Дөөт канкор жигит, Жойаптын иниси Абышай менен бирге Шабулдун кошуунуна жашыруун кирди. Кудай алардын баарын катуу уйкуга салды. Дөөт менен Абышай бүт аскерлерди аралап, Шабул жаткан чатырга жөнөштү. «Ошондо Абышай Дөөткө: «Кудай бүгүн душманыңды колуңа салып берди. Эми мага уруксат бер, аны найза менен жерге кадайын, мен бир эле *саям*, кайталабайм», – деди» (1 Шем. 26:8).

Абышай Дөөттүн Шабулду жеңүүгө эмне үчүн жол бериши керектигинин көптөгөн сонун себептерин айткан. Биринчиси жана эң негизгиси: Шабул сексен беш бейкүнөө дин кызматчыны, алардын аялдарын жана балдарын өлтүргөн жана муну салкын кандуулук менен гана кылган! Мындай адамдын жетекчилигинде калуу, эл үчүн коркунучтуу эле. Бүгүнкү күндө көптөр, өзгөчө, жыйын башчыларына карата ушундай ойдо. Жетекчилер, Шабулдун кылмыштарын кайталаган жокпу.

Экинчи аргумент: Шемуелдин сөзү боюнча Кудай Дөөттү Ысрайылдын кийинки падышасы кылып майлаган. Дөөттүн тактыга ээ болуу жөнүндө өз укугун билдире турган убагы келди! Ал эмне, пайгамбарчылык аткарылбай туруп эле өлгүсү келгенби? Мен мындай сөздөрдү жыйындын кеңсесинин кызматкерлеринен бир нече жолу укканмын.

Үчүнчүсү: Шабул үч миң жоокери менен Дөөттү жана анын кишилерин өлтүрүүгө барган эмес беле? Эми тандоо керек: өлтүрүү же өлтүрүлүү. Албетте, бул өзүн-өзү коргоо болмок. Абышай аларды кандай гана сот болбосун, актай турганын билген. Бүгүнкү күндө бул аргументке комментарий берүүнүн да кереги жок. Биз ага ойлонбой туруп эле чуркап кетебиз.

Төртүнчүсү: Дөөт менен Абышай Шабулдун чатырына кирип, Анын эркин аткарып, элди жаман башкаруучудан куткарыш үчүн, Кудай бүт аскерди катуу уйкуга салбады беле? Алар, балким, кайра кездешпей турган мүмкүнчүлүк бар болчу. Бул пайгамбарчылыктын аткарылышын кабыл алууга убакыт келди! Көптөгөн жыйындын лидерлик кеңештери алардын лидери кулаганда, бул жөнүндө ойлонушат. Алар: *Кудай аны биздин жетекчиликтен кетире турган жерге койду* деп ойлошот. Мындай ойлор бул адамдардын козголоңчу жүрөктөрүн ашкерелейт.

Бул аргументтердин бардыгы ынандырарлык болгон. Алар акылга сыярлык болгон, анткени Дөөттү ага берилген бир тууганы шыктандырган. Эгерде анын жүрөгүндө бир аз гана козголоң болгондо, анда ал жардамчысынын Шабулду кылыч менен чабуусуна уруксат бермек жана муну менен ал эч кандай айыпталууну сезмек да эмес. Ошого карабастан, Дөөт: «Аны өлтүрбө, анткени Теңирдин майланганына кол көтөргөн адам жазаланбай калмак беле!» – деди (1 Шемуел 26:9). Муну турмушубузга өткөрсөк: «Ага сөз менен да, иш менен да тийбегиле, өзүнүн жетекчисине кол салган адам жазаланбай калмак беле?»

Шабул бейкүнөө адамдарды өлтүрүп, азыр анын өлүмүн издеп жүрсө да, Дөөт аны өлтүргөн эмес. Дөөт өч алган жок; Ал аны Теңирдин колуна тапшырды. Баарына дароо эле чекит койгондо, Дөөткө да, ысрайылдыктарга да жеңил болмок. Эл чыныгы койчусу жок койлордой экенин билчү. Ал таза эмес адам өзүнүн жеке каалоолорун канааттандыруу үчүн, алардын ишениминен кыянаттык менен пайдаланып жатканын билген. Өзүн коргоп калбоо кыйын эле болмок, бирок өзү сүйгөн элин акылсыз падышадан бошотпой коюу, балким, андан да кыйындыр!

Дөөт Шабул аны өлтүргүсү келгенин билсе да, чечим чыгарган. Дөөт өзүнүн актыгын биринчи жолу Шабулдун өмүрүн сактап калганда көрсөткөн. Ал ага тийген жок. Шабул Теңирдин майланганы болгон. Ал Кудайдын кулу болгон жана Дөөт Шабулду Кудайдын соту үчүн Анын колуна салып берген.

Шабулду Кудайдын сотуна тапшыруу менен, ал акылмандык кылган. Силер: «Анда Кудай Өзүнүн кулу Шабулга сот жүргүзүү үчүн кимди колдонгон?» - деп сурайттырсыңар. Жооп: Пелиштиликтер. Теңир куткарылбаган адамдарды же светтик уюмдарды Өзүнүн жыйын башчыларына өкүм чыгаруу үчүн, бир нече жолу колдонот. Шабул уулдары менен бирге согушта курман болду. Бул кабар Дөөткө жеткенде, ал той өткөргөн жок. Ал кайгырды!

Атүгүл, Дөөт Шабулду (өлтүрбөсө да) өлтүрдүм деп айткан адамдын өзүн өлтүргөн. Ал киши бул кабар Дөөттүн көз алдында ага ырайым кылат деп үмүттөнгөн, бирок натыйжасы тескерисинче болгон. Дөөт ага: «Теңирдин майланганын өлтүрүш үчүн колуңду көтөрүүдөн кантип коркподуң?» – деп жооп берди. Аны өлтүргөндөн кийин Дөөт: «Өз каның өз башыңда, анткени “Теңирдин майланганын өлтүрдүм” деп айткан сөзүң өзүңө каршы күбө болду» - деген (2 Шем. 1:16).

Ошондо Дөөт Жүйүт элине Шабул менен анын уулдарын урматтап ырдаш үчүн, муңдуу ыр чыгарды. Душман кубанбашы

үчүн, пелиштиликтердин шаарларынын көчөлөрүндө ырдоого тыюу салды. Ал Шабул өлтүрүлгөн жерде жамгыр да, түшүм да болбойт деп жарыялаган. Ал бүт ысрайылдыктарды өлтүрүлгөн падыша үчүн аза күтүүгө чакырган. Бул өч алгысы келген, лидерин сыйлабаган адамдын иши эмес.

Жок, андай адам: «Татыктуусун алды!» - демек.

Дөөт жолун улантты. Ал Шабулдун үйүнүн тирүү калган мүчөлөрүн өлтүргөн жок. Тескерисинче, аларга чоң ырайым кылды. Аларга жер жана тамак-аш берип, анын тукумдарынын бирине падышанын дасторконуна отурууга уруксат берген. Адилеттүүлөрдүн өкүмүнөн кулаган лидерине сүйүнгөн адамдын жоругу ушулбу? Жүрөгүндө козголоң барлар рухий лидери кулаганда, сүйүнүшөт. Алар: *«Ал татыктуусун алды!»* деп ойлошот. Андайлар же жалаа жаап, же тиштеген комментарийлер менен лидерлерин таарынтып, жазага тартууга түртүшөт. Аларда Дөөттүкүндөй жүрөк жок. Аларда Кудайдын жүрөгү жок.

## БАТА БОЛУШ ҮЧҮН КОЮЛГАН!

Акырында бизди жакшы нерсеге алып барыш үчүн, бийликтегилердин адилетсиздигине Кудай жол берип жатканын ар дайым эстен чыгарбашыбыз керек. Ал муну Өзүнүн батасын бошотуу үчүн колдонот. Петир өзүнүн насаатын минтип уланткан: «Жамандыкка жамандык менен, жаман сөзгө жаман сөз менен жооп кайтарбагыла. Тескерисинче, батаңарды бергиле. *Анткени ушуга – Кудайдын батасын мурастоого чакырылгансыңар»* (1 Пет. 3:9, курсив автордон).

Бата материалдык нерселерде гана болбошу мүмкүн, бирок алар көбүрөөк маанилүү нерселерге тиешелүү болушу мүмкүн; Машаяктыкындай мүнөз, Асман Падышачылыгынын кеңейиши же түбөлүктүүлүктөгү сыйлык сыяктуу тармактарга тиешелүү болушу мүмкүн. Биз Кудайдын бийлигине баш ийгенибизде,

рухий жыргалчылыгыбызга эч нерсе зыян келтире албайт. Муну Петир: «Эгерде жакшы иштерди кылууга тырышып жатсаңар, анда силерге ким жамандык кыла алат?» - деп түшүндүргөн (1 Пет. 3:13). Бул аяттын контексти биз Ыйсанын жеке үлгүсүн ээрчишибиз үчүн.

Машаяктын кулк-мүнөзүнө байланыштуу Петир төмөнкүдөй көрсөтмө берген: «Себеби … биздин күнөөлөрүбүз үчүн бир ирет азап тартты. Адил Адам адилетсиз адамдар үчүн азап тартты… Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт» (1 Пет. 3:18; 4:1).

Петир ишенгендерди Машайак башынан өткөргөн азаптарга даярданууну буйруйт, бул анын кабарынын контекстинде бийликтердин адилетсиз мамилеси болуп саналат. Жоокерлер согушка куралсыз кантип чыгышканын элестете аласыңарбы? Чын эле, бул күлкүлүү ээ? Бирок, көптөгөн ишенгендер бийликтин адилетсиздигинен жапа чегип, коргонуусуз калышат. Чабуулдун алдында калганда алар айран болгон, баш аламандык же таң калуу абалында болушат. Алар буга бийликке баш ийүү принцибинде аракеттенбестен, бүтүндөй тыянактардын жана аргументтердин системасын куруу менен реакция кылышат.

Мен куралдуу жана машыккан адамды мисал келтирейин. Учкучтарды даярдоо курстарынын эң маанилүү бөлүгү учуу тренажерлорун колдонуу болуп саналат. Мындай симуляторлордо учкуч абада дээрлик бардык мүмкүн болгон кырдаалдарга туш болот. Мындай коопсуз шарттарда учкучтар ар кандай кырдаалдан кантип чыгууну үйрөнгүчө реакцияларын өркүндөтүшөт. Ошентип, алар чыныгы кырдаалдарга өзүлөрүн даярдашат. Учуу учурунда бир нерсе болуп кетсе, учкучтар дүрбөлөңгө түшпөйт – алар үйрөтүлгөндөй аракеттенишет. Жүргүнчүлөр дүрбөлөңгө түшүп, айран болгон же чуу салган

абалга кирип кетсе да, учкучтар сабырдуу болуп, өзүн башкара билүүнү жоготушпайт. Авиакырсыктарды иликтөөгө жана учкучтарды каттоочу аппараттардын маалыматтарын изилдөөгө катышкан адамдар учкучтардын тынчтыгына таң калышат. Кулаганга бир аз калганда да, адатта алардын үнүндө эч кандай дүрбөлөң жок. Алар куралданышкан!

Бул китеп учкучтар үчүн окуу куралына окшоп кызмат кыла алат. Бул кабардагы Кудайдын Сөзү силерди бийлик менен болгон мамилеңерде куралдандырат же жашоодогу чоң бурулуштарга даярдай алат. Эгер туура таасирленсеңер, бата аласыңар. Петир Машаяктын азаптарынан үлгү алгандар күнөө кылууну токтоторун айткан. Кандай гана билдирүү! Башкача айтканда, жетекчилердин адилетсиз мамилесине туура жооп бергендер, руханий жактан жетилгендикке жетишет.

Дагы бир укмуштуудай убада бар. Пабыл мындай деген:

> Бул сөздөр чындык: эгерде биз Аны менен кошо өлгөн болсок, анда Аны менен кошо тирилебиз; эгерде чыдасак, анда Аны менен бирге падышачылык кылабыз; эгерде Андан баш тартсак, Ал да бизден баш тартат (2 Тим. 2:11, 12).

Рухий бийлик Машайактай азап чеккендерге убадаланган. Канчалык көп кыйынчылыктарды баштан өткөрсөңөр, Кудай силерге ошончолук бийлик тапшырат. Бийликтин адилетсиздигине туш болуп турганда, Кудай силерди батага даярдап жатканын дагы бир жолу көрөсүңөр. Бирок, туура жооп берип, батаны кабыл кыласыңарбы же таарынычка, ачууга батасыңарбы? Тандоо силердики. Жеңүүчүнүн жолун, башкача айтканда, жашоону тандагыла!

14 – БӨЛҮМ

# ӨЗҮН - ӨЗҮ СОТТОО

*Жетекчисин сыйлагандар чоң күчкө ээ болушат, алардын артынан урмат келет.*

Ар бир адам эле лидерликке Дөөттөй мамиле жасай бербейт. Көбүнчө, лидерлерибиздин кемчиликтерин көргөндө сүйүнөбүз, анан өзүбүздү актап, коюлган чектөөлөрдү оңой эле артка кайтарабыз. Бирок, биздин башкалардын, өзгөчө лидерлердин күнөөлөрүнө жасаган мамилебиз биздин руханий жактан жетилгенибиздин эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири. Мына ушул себептен Кудай биздин жашообуздагы лидерлердин каталарын жүрөгүбүздүн чыныгы абалын ачуу үчүн көп колдонот. Нухтун уулдарынын бири дал ушундай болгон.

## ТУУРА, БИРОК ТУУРА ЭМЕС

Топон суудан кийин Нух жер айдап, жүзүмзар отургуза баштаган. Күндөрдүн биринде ал шарапты көп ичип, чатырына кайтып келип, бардык кийимдерин чечип ыргытып салып, мас абалында уктап калат.

Уулдарынын эң кичүүсү Канаан Нухтун чатырына кирип, атасынын жылаңач экенин көрүп, сыртка чыгып, бир туугандары Шем менен Жепетке айтат. Бул тууралуу ал «үй-бүлөсүнө гана» айтып берди. Балким, ал: «Балдар, биздин атабыз мас болуп, энеден туума абалда жатат!» – деп айткандыр, же

андан да жаманы, балким, ал бир туугандарын алардын рухий лидеринин жылаңач жатканын көрүүгө чакыргандыр.

Анын сөзүн уккан Шем менен Жепет кийимдерин алып, ийиндерине салып, чатырга кирип, атасынын жылаңач этин жаап салышты. Эч нерсе көрүнбөсүн деп жүздөрү капталга бурулду. Нух мас абалынан ойгонуп, Канаан эмне кылганын билди. Анын айтканын уккула:

> «Канаанга каргыш тийсин! Ал өз бир туугандарынын алдында эң төмөнкү кул болсун». Анан дагы мындай деди: «Шемдин Кудай-Теңирине алкыш! Канаан анын (Шемдин) кулу болсун. Кудай Жепетти жайылтсын, ал Шемдин чатырларында жашасын. Канаан болсо анын кулу болсун» (Башт. 9:25-27).

Бул китептин башында биз Кудайдын бийлигине баш ийбөөнүн кесепеттерин талкууладык. Атайылап козголоң көтөрө баштагандарга наалат. Канаан бул чындыкты оор жол менен үйрөнгөн. Ал Нухту сыйлабастык менен мамиле кылган жана муну менен Кудай белгилеген атасынын бийлигин сыйлабаганын көрсөткөн. Бул Канаандын тукумуна каргыш алып келди. Кызыгы, Нухтун мастыгы унутулуп деле калганда, Канаандын кылмышы ал үчүн эң оор кесепеттерге алып келди.

Нухтун адепсиз жоругу анын үч уулу үчүн сыноо болуп, алардын ички маңызын ачып берген. Бири келесоо жана баш ийбеген, калган экөө сыйлуу, кайрымдуу болуп чыкты. Нух мас болуп, эң сонун үлгү болгон эмес, бирок Теңир анын жүрүм-туруму менен күрөшүшү керек болчу, анын бийлиги астындагылар эмес. Муну эки уулу түшүнүп, ага сый мамилесин уланта беришкен. Үчүнчүсү атасын жаманатты кылып, анын башына каргыш келтирди, анын оюу боюнча, Нухка каргыш тийиши керек болчу.

Шем менен Жепет атасынын күнөөсүнө карабай, башкалардын (аялдары менен балдарынын) анын мындай

абалын көрүүнү каалашкан жок, ошондуктан атасына кийим кийгизишти. Атасынын абалын урматтоо менен анын ордун да, өз жүрөктөрүн да коргошкон. Канаан болсо Нухту шылдыңдап, балким, анын лидер болуу жөндөмүнө шек келтирүүгө аракет кылган. Бул Канаанга өз бийлигин колдонгондо атасына баш ийбеген учурда өзүн актоого мүмкүндүк берет. Бул жүрөгүндө баш ийбестик бар ар бир адамга тиешелүү. Бийликтин беделин түшүрүү менен ал өзүн баш ийүүдөн эркин сезет. Жүрөгүндө ал бардык чектөөлөрдү жок кылат.

Өзүнүн «даңк галереясында» (Эвр. 11) Кудай Нухтун ишеними жана тил алчаактыгы менен мактанат, бирок ал жерде Канаанды табууга болбойт. Канаан эмне туура кылдыбы? Нух мас жана жылаңач эмес беле? Ооба, Канаан жүз пайыз так айтты, бирок принципиалдуу түрдө жаңылышты. Адамдык акыл-эс анын иш-аракеттерин актамак; ал болгону көргөнүн гана кайталады; ал «чынчыл болууга» гана аракеттенген. Бирок, баш ийүү жана урматтоо принциптери мунун башкасын далилдейт. Шем менен Жепет атасын урматтап, батасын алышты.

Көптөр, Канаанга окшоп, өз башчылары жөнүндө ишенимдүү маалымат беришет, бирок, алар Кудайдын алдында жаңылышат: алар жакындарын уятка калтырышат жана баталарынан ажырашат. Алар акылсыздык кылышат, анткени алар өздөрүнүн түшүнүгүнө жана ой жүгүртүүсүнө жетектелген. Алар Дөөттүн, Шемдин жана Жепеттин жүрөгүн сагынышат. Шабул кулаганда, Дөөт кайгырып, мындай деди:

> Пелиштиликтердин кыздары кубанычка батпашы үчүн, сүннөткө отургузулбагандардын кыздары салтанат курбашы үчүн, *Гатта айтпагыла, Ашкелондун көчөлөрүндө жарыя кылбагыла.* Шабул менен Жонатан тирүү кезинде бири-бирин жакшы көрүшчү, ынтымактуу болчу, өлгөндө да ажырашпай, бирге өлүштү. Алар бүркүттөрдөн учкул, арстандардан күчтүү жандар эле.

> Ысрайыл кыздары! Силерге кочкул кызыл жана кооз кийим кийгизген, кийимиңерге алтын жасалгаларды тактырган Шабулду жоктоп ыйлагыла (2 Шем. 1:20, 23-24, курсив автордон).

Дөөт бул башкаруучунун колунан катуу куугунтукка кабылган. Анын пайдасына болгон жагдайлар жана денелик ой жүгүртүү аны кубантып, жеңишти жар салууга мажбурлай алмак, бирок Дөөт дагы бир жолу бийликти урматтоо принциптерине ылайык жашаганын далилдеди. Анын өмүр жолу анын башкаруусунун астындагы элге үлгү болуп калды. Натыйжада, ал улуу падыша болуп калды. Жетекчисин сыйлагандар чоң күчкө ээ болушат, алардын артынан урмат келет. Алар Теңирден баталарды алышат. Бийликке жалаа жапкандар же аларга жеңил-желпи мамиле кылгандар айлана-тегерегине кадыр-барксыздыкты себип, өздөрүнө өкүм чыгарышат.

Келгиле, берилген ыйгарым укуктар жөнүндөгү негизги аятыбызга кайрадан кайрылалы:

> Ар бир адам жогорку бийликтегилерге баш ийсин. Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон. Мына ошондуктан бийликке каршы чыккан адам Кудайдын тартибине каршы чыккан болот. Каршы чыккандар болсо өздөрүн өздөрү жазага дуушар кылышат (Рим. 13:1, 2).

Бийликке каршы чыккандарга өкүм чыгат. Бийликке тийсең - Кудайга тийген болосуң. Кызматымды баштаганга чейин эки эл аралык миссияга катыштым. Жетекчиликке каршылык көрсөткөн адамдардын кантип эң жогорку сотко берилгенине күбө болдум. Ал ар кандай формада келген, бирок андан эч ким качып кутула алган эмес. Айрыкча, бул жумушчулар ордун таштап кеткенде байкалды. Жетекчи канчалык жаңылбасын,

кандай шартта болсо да, аны сындап же жамандашса да, ачуу булактан ичишсе да, акыры өздөрү чоң балээге дуушар болушту. Кээ бирлери үчүн бул каржы; башкалары үчүн жумуш; дагы бирөөлөрү үчүн ден соолук көйгөйлөрү; төртүнчүсү үчүн - балдар менен көйгөйлөр; бешинчисинде үй-бүлөлүк көйгөйлөр болгон. Бул тизме чексиз, бирок рухий жетектекчилерин сыйлабагандарда күтүлбөгөн жерден кыйынчылыктардын пайда болушу, алардын жашоосунан айкын болгон.

Мен көптөгөн адамдардын туура эмес мамиледен улам кетип калганына күбө болдум, бирок момундук рухун сактап калышкан. Алар мурунку жумуш берүүчүлөрүнө каршы сүйлөөдөн же башкаларды угуудан баш тартышты; Тескерисинче, алар батасын берип, алар жөнүндө айтылган сайын алар тууралуу урмат-сый менен айтышты. Бул адамдар алардын булагы Кудай экенин билишкен. Ал аларга кам көрөт жана кааласа аларды көтөрөт. Мен алардын бизден жакшыраак иштегенин көрдүм. Алардын айрымдары менен менин жолум он эки жылдан кийин дагы кайчылашып, алардын өмүрү берекелүү экенине ынандым.

Кантип өзүбүздө бул момундуктун рухун сактоо керек? Ыйса бизге бул сырды ачып берди: «Ал эми Мен силерге мындай демекчимин: душманыңарды сүйгүлө, силерди каргагандарга батаңарды бергиле. Силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла. Силерди таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла» (Матай 5:44). Бизди таарынткан же бизге зулумдук кылгандар үчүн сыйынышыбыз керек деди. Муну менен биз жүрөгүбүздүн айыгышына жол берип, сынды жана ачууну андан алыс кылабыз.

## БИЙЛИККЕ КАРШЫ БЕЛЕК

Ыйык Жазуу жана турмуштук тажрыйба аркылуу мен бийликке каршы сүйлөгөн адамдар айыпталарына көзүм жетти.

Мириям менен Арунду эстегиле: «Мириям менен Арун Мусаны эфиопиялык аял алганы үчүн ашкерелеген» (Сандар 12:1).

Биринчиден, келгиле, Мириям менен Арун ким болгонун карап көрөлү. Мириям Мусанын бир тууганы эле. Белгилей кетсек, ал анын эжеси болгон. Кудай аны пайгамбар аял деп атаган (Чыг. 15:20). Арун Мусанын улуу агасы, ошондой эле, башкы дин кызматчы болгон. Демек, сөз кайсы бир бийлик орунду ээлеп, эл оозуна алынган эки инсан тууралуу болуп жатат.

Алар Мусаны Ыбрайымдын тукумунан эмес эфиопиялык аялга үйлөнгөнү үчүн сындашты; ал анын келишимине кирген эмес.

Мириам менен Арун Мусанын африкалык аялга үйлөнүү менен күнөө кылганына же эң жакшысы туура эмес чечим чыгарганына ишенишкен. Бул аларды эң көп тынчсыздандырды, анткени ал жетекчи болгон. Алардын оюю туура болдубу? Мыйзамдын тамгасы менен караганда, анда ошондой болушу мүмкүн. Кудай Израил уулдарына өз уруусунун кыздарын гана аялдыкка алуу үчүн Өз эркин ачык-айкын көрсөткөн. Ал чет элдик аялдар жүрөгүн бөтөн кудайларга бурарын эскерткен. Бул осуят Мыйзамды кайталоо китебинде берилген. Ошондуктан, Мусанын келгин менен турмуш курушу кандайдыр бир карама-каршылыктарды жараткан. Балким, алар анын адамдарга таасири күчтүү жана мындай жүрүм-турумга укугу жок деп ишенишкендир. (Бүгүнкү күндө бизде бир гана осуят калганына көңүл бургула: ишенбегендер менен турмуш курбоо. Бул кандын тазалыгы эмес, рухийлик маселеси (Гал. 3:28 карагыла). Жаңы Келишимге ылайык, ар башка улуттагы эки адам эч тоскоолдуксуз турмуш кура алат.)

Ошентип, Мириям менен Арун өзүлөрүнүн берген баалары боюнча туура болушкан, бирок ошол эле учурда Канаан сыяктуу алар туура эмес болушкан! Муса алардын лидери болгон жана аны сынга алуунун ар кандай түрү эрежелерди бузуу болуп эсептелген. Улуу бир туугандар катары алар муну үй-бүлө

чөйрөсүндө талкуулашса болмок, бирок эл арасында анын жүрүм-туруму жөнүндө ушак таратуу же жыйналышта талкуулоо албетте, күнөө болгон.

Аларга өз лидерине каршы чыгууга эмне себеп болду? Жоопту кийинки аяттан табабыз: «Алар мындай деп айтышты: «Теңир Мусага эле сүйлөдү беле? Ал бизге деле сүйлөбөдү беле?» Ошондо бул сөздү Теңир укту» (Сандар 12:2).

Кудай алар аркылуу сүйлөбөдү беле? Шексиз. Кудай Арун жөнүндө чечен жана пайгамбар катары айткан. Арун фараонго Кудайдын кабарын жеткирген. Кудай Мириямды пайгамбарлык забурду ырдоо үчүн да колдонгон, ал бүгүнкү күнгө чейин Ыйык Жазууда сакталып келет. Алар, албетте, рухий белектерге ээ болгон. Бирок, алардын катасы рухий жөндөмдүүлүктөрүн бийлик принциптеринен жогору көтөргөндүк болгон. Муса күнөө кетирген, алар болсо күнөө кылбагандыктан жана алардын бардыгын Кудай дээрлик бирдей деңгээлде колдонгондуктан - Муса мындан ары алардын рухий лидери эмес деп чечишкен. Алар өздөрүнүн рухий жөндөмдүүлүктөрүн Теңир алардын үстүнөн койгон бийликтен жогору коюшуна жол беришкен.

Жаңы Келишимдин контекстинде Пабыл мындай деп жазган: «Белектери ар башка, бирок Рух бир» (1 Кор. 12:4). Бул жана башка аяттар Ыйык Рухту белектердин көзөмөлчүсү катары аныктайт. Белектердин айрымдары жетекчилик кылуу жөндөмүн, үйрөтүү жөндөмүн, берүүчү, пайгамбар болуу жөндөмүн берет. Айыктыруу, рухтарды түшүнүү, кереметтер бар (1 Кор. 12:7-10; Рим. 12:6-8).

Пабыл сөзүн улады: «Кызматтар ар башка, ал эми Теңир бир» (1 Кор. 12:5). Түп нуска грек тилинде «кызмат» деген сөз диакония деген сөз менен аныкталат. Тайердин сөздүгүнө ылайык, бул сөз «апостолдордун жана анын администрациясынын башкаруучу мекемеси, ошондой эле пайгамбарлар, евангелисттер, аксакалдар ж.б.у.с.» дегенди

билдирет. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул сөз Жыйындын ичиндеги руханий бийликтин беш институтун сүрөттөйт. Ушул эле аяттан биз Теңирибиз Ыйса бул институттардын баарынын үстүнөн турганын билебиз. Муну дагы бир аят тастыктайт. Машаяк тирилгенден кийин, Пабыл минтип жазган: «Бардыгыбыздын ишенимибиз жана Кудай Уулун таанып билүүбүз бирдей деңгээлге жеткенге чейин, жеткилең адамдын, Машайактын деңгээлине жеткенге чейин, Машайактын Денесин түзүүдө ыйыктарды кызмат кылууга жөндөмдүү кылуу үчүн, Ал бирөөлөрдү элчи, бирөөлөрдү пайгамбар, бирөөлөрдү Жакшы Кабар таратуучу, бирөөлөрдү Жыйын башчысы жана окутуучу кылып дайындады” (Эф. 4:11, 12).

Падышачылыктын бийлиги белектер аркылуу эмес, ушул кызматтар аркылуу тарайт, анткени бардык бийликти Ыйса тирилгенден кийин Атасы берген (Мт. 28:18). Ыйса, өз кезегинде, Эфестиктерге жазылган жогорудагы аятта сүрөттөлгөндөй, бул беш кызматты бизге берди. Ошондуктан, Анын бийлиги дайындалган мекемелер аркылуу ишке ашырылат. Ар бир адам пасторго караганда рухий жактан көбүрөөк жөндөмдүү болушу мүмкүн экенин эстен чыгарбашыбыз керек, бирок бул кызматтарда лидерлик позициясы бар пастор ошол адамдан жогору турат.

Бир пастордун жардамчысы насаат айтуу жана пайгамбарчылык жөндөмүнө ээ болгон. Анын жашоосунда Кудайдын белеги ушунчалык ачык көрүнүп тургандыктан, ал кайсы жерде насаат айтпасын, залдар дайыма толуп турган. Ал жумасына бир жолу сыйынуу жыйынын алып барчу, ал жакка да көп адамдар келишчү.

Ал канчалык популярдуу болгон сайын, ал жыйындын саясатын жана улук пастордун өзүн ошончолук эркин сынга алган. Ал пастордун саясаты Ыйык Рухтун кыймылын чектеп жатканын айтып, бул ойлорду айланасындагылар менен бөлүшкөн. Анын сынчыл көз карашы пастордун башка

жардамчысына өткөрүлүп берилген. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, алар сыйынуу кызматын чогуу кыла башташты. Бир жолу, ушундай кызматтын биринде пастор угуучулардын арткы катарларына байкалбай өтүп кетип, анын эки жардамчысы жолугушууну алардан сурангандай алып барбай жатканын көргөн. Жыйын, шаар, куткарылбагандар үчүн арачылык кылуунун ордуна, алар адамдарды сыйынуунун башка түрлөрүнө алып барышты, эгер адамдар алардын иш-аракеттеринин тууралыгына күмөн санай баштаса, бул жардамчылар аларды айыпташкан. Элдин башы чаташкан.

Бул экөө тең таланттуу кызматчылар болгон, бирок алар жыйындын башчысына баш ийишкен эмес. Алардын кылмышынын олуттуулугу Теңир аларды пайгамбарчылыкта жана адамдарга кызмат кылууда колдонгону менен жашырылган. Эгер кимдир бирөөнүн тууралыгына баа берүүдөгү биздин ченемибиз ушул болсо, анда биз Марийам менен Арун сыяктуу козголоңго оңой эле түшүп калабыз. Кудайдын майлоосу Кудайдын элине берилген, бирок ал эч качан кызматчылардын сөздөрүн жана жашоо образын соттош үчүн берилбейт.

## СОТ АРКЫЛУУ ТИЛ АЛУУГА ҮЙРӨТҮҮ

Муса жер үстүндөгү бардык адамдардын ичинен эң момун адам болгон. Теңир күтүлбөгөн жерден Мусага да, Арунга да, Мириямга да мындай деди: «Үчөөңөр тең жыйын чатырына келгиле». Үчөө тең жыйын чатырына келди (Сан. 12:3, 4). Бул аяттан биз Кудайдын Өзүнө жаккан жетекчилерге койгон талаптарынын бири момундук экенин билебиз. Муса жер жүзүндөгү эң жоош адам болгон. Бирок, Мириям менен Арун ал жөнүндө ойлогон эмес. Алардын Мусанын кулк-мүнөзүн сыпаттоосу башкача болмок: *«Ал татыктуу болгонунан бир аз көбүрөөк алды».*

Теңир күтүлбөгөн жерден үчөөнү тең жыйын чатырына чыгууну суранды. Сот көп учурда күтүлбөгөн жерден келет.

Алар кетип бараткында Мириям Арунга башын ийкеп: «Даяр бол. Муса бөтөн аялга үйлөнүп, өз бактысын колдон чыгарды. Адилеттүү жүрүм-турумуң үчүн сени Кудай башчы кылат» дегендир. Мындай корутундулар биз бийликке каршылык көрсөтүү аркылуу азгырылуу чабуулуна өзүбүздү ачып койгон учурда пайда болот.

Албетте, кийинки болгон окуя алардын күткөнүнө дал келген жок. Кудай Арун менен Мириямды алдыга чакырды. Ал бүт үйүн Мусага тапшырып, аны менен табышмак эмес, түз, бетме-бет сүйлөшкөнүн эскертти. Ошондо Теңир аларга: «Эмне үчүн менин кулум Мусаны ашкерелөөдөн корккон жоксуңар?» – деп сурады. (Санд. 12:8). Биз лидерди ашкерелегенибизде же сындаганыбызда Теңирден коркпой турганыбызды көрсөтөбүз. Анан эмне болгонун карагыла: «Теңир аларга каарданып, кетип калды. Булут мамысы жыйын чатырынан алыстап кетти. Ошондо Мириямды кардай ак пес оорусу каптап калды. Арун Мириямды караса, ал пес оорулуу болуп калыптыр Аларга Теңирдин каары кайнап, кетип калды» (Сандар 12:9, 10).

Бийликке каршы чыкканыбызда, биз өзүбүз соттолобуз, бул Кудайдын катышуусунун жок болушун, андан кийин кандайдыр бир ооруну камтышы мүмкүн. Жогоруда айтылган пасторлорго кайрылып, мен айта кете турган нерсе, бир аз убакыт өткөндөн кийин алар жыйынды таштап кетишти. Бири кызматтан четтетилген, экинчиси өзү кеткен. Бири бизге жакын жерден жыйын ачты, ал жүз кишиден турган чакан жамаат бойдон калды. Ал пастордун жардамчысы болуп турганда анын карамагында алты жүздөн ашык адам болгон. Кеткенден кийин дээрлик эле дароо үй-бүлөлүк трагедияны башынан өткөрдү. Дагы бир жардамчы шаардан чыгып, жаңы кызматында кызматта бир аз ийгиликтерге жетишти, бирок ал өзүн жалгыз сезип, айланасындагылар ишенбестик менен мамиле кылды.

Сот келери менен Арун дароо Кудайга кайрылып, өзү үчүн

жана Мирием үчүн өкүнгөн. Кудай аларды кечирди, бирок дагы эле Мириамга жети күн бою коомдон обочолонууну айтты. Көптөгөн суроолор турат: эмне үчүн, Мирием гана жазаланды, ал эми Арун эч кандай зыян тартпай калды. Мунун бир себеби, Мириам Арунга караганда оозеки чабуулда катуураак болгон. Дагы бир божомол, Мариям деген аял болуп туруп мындай тондо сүйлөгөнү туура эмес болгон; мындан тышкары, ал эч кандай негизги кызматты ээлеген эмес. Дагы бир себеби, Арун башкы ыйык кызмат кылуучу майланган адам болгон жана ал өз ордунда керек болгон. Себеп кандай болбосун, бул окуя Кудайдын тил албастыкка канчалык олуттуу караганын көрсөтөт.

Рухий бийликке каршы чыккан үчүн болгон сот биз үчүн көп учурда үйрөнүүгө жана өсүүгө мүмкүнчүлүк болуп саналат. Мындай учурларда, тобо кылган адамдар жыйындагы эң ишенимдүү адамдар болуп калышат. Каршылык дайыма эле жаман жүрөктөн чыга бербейт; көбүнчө сабатсыздыктан келип чыгат. Түшүнүү келгенде анын артынан дароо тообо кылуу келет. Кээде бир аз убакыт талап кылынат, анткени кээ бир адамдар Кудайга каршылык көрсөтүүдөн келип чыккан ооруга көбүрөөк туш болушат.

Мирием ошол жети күндүк басынтууну өмүр бою эстеди деп ишенем. Биз анын артынан мындай аракеттерди башка көргөн жокпуз, анын баш ийбестиги кайталанган эмес. Ошого карабастан, Мирием менен Арунга окшоп, ар ким эле катасын оңдоп, андан сабак ала бербейт. Ошол эле жыйналыштын айрымдары кийинчерээк Кудайдын белгиленген бийлигине каршы чыгышкан. Тобо кылбаган жүрөктөрү үчүн алар түбөлүк соттолушкан.

## ЭМНЕ ҮЧҮН ӨЗҮҢДҮ БАШКАЛАРДАН ЖОГОРУ КОЁСУҢ?

Жыйналыштан үч киши – Лебинин уулу Корак, Рубейиндин уулдары Датан жана Авирон – алардын тегерегине эки жүз элүү кишини, коомдун башчыларын, атактуу адамдарды, Муса

менен Арунга каршы чогулуп, мындай дешти: «Силердики жетишет, бүт жамаат ыйык, бардыгы ыйык, Теңир алардын арасында! Эмне үчүн силер өзүңөрдү Теңирдин элинен жогору коёсуңар?» (Сан. 16:3).

Жөнөкөй сөз менен айтканда, Муса менен Арундун тушунда жетекчилик кызматтарда турган бул адамдар: «Эй, балдар, силер өзүңөрдү кандай деп ойлойсуңар? Силер өзүңөрдү лидер деп атайсыңар. Биз баарыбыз Кудайдын элибиз жана силердин көрсөтмөңөрсүз эле Ага баш ийе алабыз». Биз муну мурун бир жерден укканбыз, туурабы?

Эгерде андай эмес болсо, анда, албетте, окшош билдирүү көбүнчө жүрүм-турумда же көбүрөөк шылдыңдоочу фразалар менен көрсөтүлөт, бирок рух ошол эле бойдон калат. Алардын: «Биз баарыбыз бирдейбиз», же «Биз бир тууганбыз», же «Баарыбызда Ыйык Рух бар; эмне үчүн алардын жетекчилигине баш ийишибиз керек?» дегендерин угууга болот эле. Бул адамдар Теңирди башкалардай эле уга аларына ишенишет.

Жыйындагы шакиртчилик деп аталган кыймыл 1970-жылдары көзөмөлдөн чыгып, андан тышкары, лидерлерге баш ийүү маанисин жоготуп койду. Эл пасторлордон майрамдарга баруу керекпи же жокпу, машина алуу керекпи же башка нерсе сатып алуу керекпи, тигил же бул кишиге турмушка чыгуу керекпи же жокпу деп сурашты. Мен бул иш-чараларга катышкан эмесмин, ошондуктан мунун баары чындап эле канчалык алыска кеткенин так айта албайм, бирок ага катышкандар акырында баары ыйык китептик аяттардын чегинен чыгып кеткенин айтышты.

Бул кыймыл жана башка лидерликти кыянаттык менен пайдалануулар дагы бир чектен чыгууга алып келди. Рухий бийлик туура эмес колдонулгандыктан, адамдар ага көңүл бурбай коюшкан. Бул кээ бир штаттан тышкаркы сүрөтчүлөрдүн жана руханий бомждордун пайда болушуна себеп болгон, алар көбүнчө өздөрү

үчүн идеалдуу пасторду таба албагандыктан, жыйындан жыйынга, конфессиядан конфессияга чуркап, сыйынуу чогулуштарын өткөрүп, жыйындарды ачышкан. Мындай ой жүгүртүү Пабыл эскерткен мыйзамсыздыктын жашыруун күчүнүн жайылышына өбөлгө түзгөн.

Мусага каршы көтөрүлгөн эл көп өтпөй эле фараондун ырайымсыз бийлиги астында болгон. Андан кийин Муса келди, анын да күчү ашыкча көрүнгөн, бирок башка мааниде. Кээде анын айынан фараондун тушундагыдан да олуттуу кыйынчылыктарга туш болушкан. Балким, алар Мисирден чыгып, фараон менен коштошкондон кийин Мусанын кереги жок деп ойлошкондур. Алар бийликке баш ийүүдөн тажашты. Эми ар ким каалаган жерине кете алат. Анткени, алар Кудайга таандык болгон жана жетекчилер керексиз кыйынчылыктарды гана жаратышкандыктан, бир нече адам чогулуп, Мусага каршы чыгышкан.

Мен саякаттап жүргөндө мындай спектаклдерге көп күбө болдум. Бизнесмендер, арачылык кылып сыйынуу топтору, кеңеш берүүчү кеңештер, жыйындын ичиндеги башка топтор пасторлорго каршы биригишкен. Алардын айтымында, алар Кудайдан угушкан, бирок пастор дүлөй болгон. Алардын ичинде чындап эле кандай рух бар экенин билишсе кана.

## РУХАНИЙ БИЙЛИК ДАЙЫНДАЛАТ

Мен жогоруда айткандай, биз - өнүккөн батыш цивилизациясынын жарандары үчүн Падышачылыктын принциптерин түшүнүү абдан кыйын. Биз эркин базар экономикасы бар демократиялык коомдо жашап жатабыз, ал падышачылыктан такыр айырмаланат. Падышачылыктын тубаса укугу боюнча дайындалган падышасы болот. Демократиялык өлкөлөрдө болсо өкмөттү эл шайлайт. Эркин ишкердик системасында лидерлик бийлик каалоодон тышкары, акчасы, жөндөмү, таасири же таланты барларга тиет. Бирок, Кудайдын Падышачылыгы мындай жол менен курулбайт, ал жерде жетекчилер дайындалат.

Кызматтын бөлүмдөрүн Ыйса Өзү дайындайт. Теңирден башка эч ким эч кимди бийликке коё албайт жана Ал муну Кудайдын Руху менен кылат. Качан биз Кудайдын дайындоосу жок эле бийликти колго алганыбызда, биз өзүбүздү жогору көтөргөн болобуз. Буга чакырылып, бирок дайындала электер да кирет. Пабыл минтип эскерткен: «Мага берилген ырайым боюнча, ар бириңерге айтам: өзүңөр жөнүндө ойлой алгандан ашык ойлобогула» (Рим. 12:3).

Эврейлер китебинин автору адам өз алдынча лидерликтин ордун ээлей албайт деп ырастаган: «Бул сый-урматты эч ким өзүнө албайт». Мурунку аяттар анын дайындалаарын ачык көрсөтүп турат. Каттын автору мындай деп улантат: «Ошол сыяктуу эле Машайак да Башкы ыйык кызмат кылуучу болуу даңкына Өзү ээ болгон жок» (Эвр. 5:4, 5). Атүгүл, Ыйса өзүм билемдик менен жетекчилик кызматты ээлеген эмес; Аны Атасы дайындаган.

Пабылдын өзү жөнүндө кантип айтып жатканын уккула: «Ыйса Машайактын кулу, элчи болууга чакырылган, Кудайдын Жакшы Кабарын таратуу үчүн тандалып алынган Пабыл» (Рим. 1:1). Ал *чакырылган,* анан гана *тандалган* деп айткан. Пабыл дүйнө жаралгандан эле элчи деп аталган, бирок ал куткарылып калганда элчи болгон эмес. Ага чейин ал Антиохиядагы жыйын башчыларына баш ийип, сыноолордон өткөн. Бул бир нече жылдар бою уланган. Өзүнүн тажрыйбасына таянып, ал жетекчилерге төмөнкү көрсөтмөлөрдү жазган: «Бирок булар да адегенде сыналуулары керек, андан кийин, эгерде кемчиликсиз болушса, кызмат кылышсын» (1 Тим. 3:10).

Пабылдын жашоосу биз үчүн библиялык үлгү болуп калды. Жардам берүү кызматында ишенимдүүлүк сынагынан өткөндөн кийин, ал окутуучулук деңгээлге көтөрүлгөн (2 Тим. 1:11; Элчилер 13:1). Кудайдын кызматтардын жана кызматчылардын орду жөнүндөгү тартиби төмөнкү аятта ачылып берилет: андан ары... белектер... жардам берүү» (1 Кор. 12:28).

Пабыл жардам берүү кызматында эле эмес, окутуучу катары да сыналган. Анан дагы биз Кудайдын кызматчыларын жогорку даражага тандоо тартибин көрөбүз, окутуучу Пабыл элчи болгондон кийин: «Антийохеядагы Жыйында пайгамбарлар жана окутуучулар бар эле. Алар: Барнаба, Нигер деген да ысымы бар Шымыйон, киренеялык Лукий, дубан башчы Ирод менен бирге тарбияланган Манаен жана Шабыл» (Элчилер 13:1). Кийинчерээк Пабыл деп аталган Шабыл бул жерде Антиохия жыйынындагы окутуучулардын жана пайгамбарлардын катарына кирет. 1 Тиметей 2:11ден анын пайгамбарлардан эмес, окутуучулардан экенин билебиз. Окууну улантып жатып, биз: «Алар Теңирге кызмат кылып, орозо кармап жатышканда, Ыйык Рух мындай деди: «Араңардан Мага Барнаба менен Шабылды бөлүп бергиле,

Ыйык Рух: «Эми Мага бөлүп бергиле»,- деди. Убакыт келди. Баары бир жума мурун же кеч эмес, азыр айтылды! Анан Теңир даталарды жана адамдарды бөлүп койду. Көптөгөн жылдар бою Пабыл жашоосунда апостолдук чакыруу бар экенине ынанган. Бул анын Дамаскка бараткан жолдогу жолугушуусунан үч күн өткөндөн кийин ачылган (Элчилер 9:15). Эми Ыйса көп жылдар мурун чакырганын, ажыратты. Ал ортодо Пабыл өз алдынча алга умтулбастан ишенимдүү кызмат кылган.

> Теңир Пабыл ишенимдүү иштеген жыйындын дайындалган жетекчилерин колдонгон. Аксакалдар да ушундай жол менен дайындалган. Андан ары окуйбуз: «Ошондо алар орозо кармап сыйынып, алардын үстүнө колдорун коюшту да, аларды жөнөтүп жиберишти. Ыйык Рух тарабынан жиберилген эки элчи...» (Элчилер 13:3, 4).

Алар «жөнөттү» деп белгилешет. Пабыл менен Барнаба кызматка дайындалган жетекчилер тарабынан жөнөтүлгөн. Эми кийинки аятты карагыла: «Буларды Ыйык Рух жиберген». Пабыл менен Барнаба Ыйса тарабынан Ыйык Рух аркылуу жыйындын

дайындалган жетекчилери аркылуу дайындалып, бөлүнгөн. Кыскача айтканда, Ыйса муну тиешелүү бийлик чынжырчасы аркылуу ишке ашырган.

Ыйса Антиохиянын пайгамбарчылык, арачылык сыйынуу тобун бул үчүн колдонгон эмес, ошондой эле, Пабыл менен Барнабаны башка шаардагы пайгамбарлык жолугушууга же алар таандык болбогон ошол эле шаардагы башка жыйынга жиберген эмес. Ал бул үчүн жыйындан эч кимди атайын рухий белектерге колдонгон эмес.

Теңир Антиохиядагы жыйын аркылуу орноткон бийликти колдонгон. Ошондуктан, Кудай: «...бирөөнүн үстүнө кол коюуга шашпа, өзүңдү таза сакта»,- деп эскерткен (1 Тим. 5:22). Лидерлер жыйында кызмат кылгандардын ишенимдүүлүгүн көзөмөлдөйт, ошондуктан Кудай алардын жүрөгүндө белгилүү бир адамды дайындоо үчүн сүйлөгөндө, алар бул багыт Теңирден келгенине ишенишет. Бул Жаңы Келишимдеги жыйындагы жетекчилик кызматтарга ишенгендерди дайындоо боюнча Кудайдын ыкмасы.

## МӨӨНӨТСҮЗ ЧАКЫРУУ

Муса чакырылган жана аны кичинесинен эле билген.

> Ал кырк жашында өзүнүн бир туугандары – ысрайылдыктарды көрүп келүүнү чечти. Барганда, алардын бирин бир мисирлик кордоп жатканын көрүп, болуша кетти. Мисирликти өлтүрүп, кордук көргөн ысрайылдык үчүн өч алды. “Кудай мен аркылуу куткарарын бир туугандарым түшүнөт”, – деп ойлоду ал. Бирок, алар түшүнүшкөн жок. Эртеси күнү Муса эки ысрайылдыктын бири-бири менен урушуп жатканын көрүп, алардын жанына келди да, аларды элдештиргенге аракет кылып: “Силер бир туугансыңар да! Эмнеге бири-бириңер менен урушуп жатасыңар?” – деди.

> Бирок, өз жакынына кордук көрсөтүп жаткан адам Мусаны түртүп жиберип, мындай деди: “Ким сени бизге башчы кылып, соттоочу кылып койду эле?” (Элчилер 7:23—27).

Ал жетектей турган адамдар анын бийлигин тааныган жок. Кимдир бирөөлөр Корак, Датан жана Абирон кийинчерээк: «Сени бизге ким башчы жана сот кылып койду?» - дегендей сөздөрдү айткан. Бирок, эмнегедир ал адам эч кандай кесепеттерге дуушар болгон эмес. Чындыгында, Муса али жетекчи болуп дайындала элек болчу. Чакырык анын жүрөгүнө эбак эле киргени менен, Кудайдын күчү ага али жете элек болчу.

Менимче, бул адамдардын чөлдө Мусага катуу каршы чыгышынын бир себеби, алар Кудайдын кудуретин көрүп, бирок бул аларга жаккан жок. Буга түшүндүрмөнү, элдин чынында Мусага каршы эмес, Ага каршы согушкандыгы жөнүндө Кудайдын сөздөрү берет. Бүгүнкү күндө мындай жагдайларга канча жолу кабылабыз! Чындап эле Кудайдын бийлигине ээ болгондор айланасындагылардын каршылыгына көп кездешет, анткени, адамдар чындыгында жогорку бийликке каршы турушат.

## ӨЗҮН-ӨЗҮ ДАЙЫНДОО АЛДАМЧЫ ЖАНА ОПУРТАЛДУУ

Корак, Датан жана Авирон Мусага каршы чыкканда, ал буга чейин эле түптөлгөн лидер болгон жана анын бийлигинин далилдери баарына айкын болгон. Ошол эле адамдар алдамчылар, өзүн-өзү актаган жана текебер адамдар эле. Алардын аргументтери козголоңдун алдамчы жана коркунучтуу түрү болчу. Алдамчы анткени, алар дагы эле өздөрүнүн козголоңу менен Кудайга кызмат кылып жатабыз деп ишенишкен. Бул эки жүз элүү башчы Муса менен Арунга гана каршы экенине ынанышты. Алар Теңирге каршылык кылып жатканынан шектенишкен жок, анткени алар Ага

кызмат кылууну каалашкан. Алар кайсы бир жерде мүдүрүлүп, Кудайдын Мусанын үстүнөн бийлиги бар экенин унутуп, ага каршы козголоң чыгарууга негиз алышты. Бул кооптуу болчу, анткени мындай жүрүм-турум көбүнчө эң оор сотту талап кылат. Бул так эле Люцифердин кулашын кайталайт.

Бул элдин сөздөрүн уккан Муса мунун артында кандай рух турганын түшүндү да, Теңирдин алдына жүзтөмөндөп жыгылды. Ал алар менен талашкан жок. Кудай койгондордо Анын жүрөгү бар жана эч кимге өз ишин далилдешпейт. Муса Кудайды ушунчалык жакын билгендиктен, Теңир Өзү дайындаган жетекчиликти бекитээрин билген. Муса:

> «Кудай силерди Ысрайыл жамаатынан бөлүп алып, Теңирдин жыйын чатырында жамаатка кызмат кылып туруш үчүн Өзүнө жакындатканы силерге аздык кылып жатабы? Ал сени жана сени менен кошо бардык бир туугандарыңды, Леби уулдарын Өзүнө жакындатты. Силер болсо ыйык кызмат кылуучулукка да умтулуп жатасыңар. Ошон үчүн сен жамаатың менен Теңирге каршы чыгып жатасың. Арунга наалыгыдай, ал ким эле?» (Сан. 16:9-11).

Алар өздөрүнө аманат кылынгандан да көп нерсени колго алышты жана күтүлбөгөн жерден Кудайга каршы болууга шериктеш болуп калышты. Алар Кудай бербеген бийлик деңгээлине умтулушкан. Муса аларга: «Жетишет, Леби уулдары!» - деп кайталады (Сандар 16:7).

Алардын өжөрлүгү менен артка чегинбей турганы айкын болгондон кийин, Теңир Мусага мындай деди: «Жамаатка айт: Кoрактын, Датандын жана Абирондун үйлөрүнөн ар тараптан алыстагыла». Муса ордунан туруп, ишенимдүү башчыларынын коштоосунда Датан менен Абирондун чатырларына шашылды. Ал элге мындай деди: «Бул ыймансыздардын чатырларынан алыстагыла, алардын бардык күнөөлөрү менен кошо

өлүп калбаш үчүн, аларга таандык эч нерсеге тийбегиле». Алар ар тараптан Ко板рактын, Датандын жана Абирондун жашаган жеринен алыстап кетишти. Датан менен Абирон чыгып, аялдары, уулдары жана кичинекей балдары менен чатырларынын эшигинин алдында турушту.

Анан Муса мындай деди:

> «Бул иштердин баарын мен өз эрким менен эмес, Теңир жибергендиктен жасап жатканымды мындан билесиңер: Эгерде булар бардык адамдар өлгөн сыяктуу эле өлүшсө, бардык адамдардай эле жазаланышса, анда мени Теңир жиберген эмес болот. Эгерде Теңир адаттан тыш нерсе кылып, жер араанын ачып, буларды жана булардын бардык нерселерин жутуп жиберсе, булар тирүүлөй өлгөндөр жаткан жайга кирсе, анда бул адамдардын Кудайга акарат келтиргенин билесиңер». Ушул сөздөрдү айтар замат, алардын астындагы жер ачылды. Жер араанын ачып, аларды үй-жайы менен, Корактын бардык кишилерин мал-мүлкү менен кошо жутту. Ошентип, алар бардык мал-мүлкү менен тирүүлөй өлгөндөр жаткан жайга киришти, аларды жер басып калды. Ошентип, алар жамаат арасынан жок болушту. Аларды тегеректеп турган бүт ысрайылдыктар алардын боздогон үнүн угуп: «Бизди да жер жутпасын», – деп качып жөнөштү. Анан Кудайдан от түшүп, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү чөйчөктөрдү алып келген эки жүз элүү эркекти жалмап кетти» (Сан 16:24-35).

Бул адамдардын үстүнөн чыгарылган коркунучтуу сот бизге эки ачуу чындыкты берет. Биринчиден, бул адамдар чын жүрөктөн Кудайга кызмат кылып жатканына ишенишкен, бирок чындыгында Ага каршы болушкан. Экинчиден, Жаңы Келишимде Апостол Жүйүт акыркы күндөрдүн жыйынында «денени булгаган, башкаруучуларды четке каккан жана жогорку

бийликти жамандаган» адамдар болорун эскерткен (8-аят). Анан ал сөзүн улап: «Алардын башына каран түн түшөт, анткени алар Кабылдын жолу менен жүрүшөт... жана Корактай өжөрлүк менен өлүшөт» (11-аят) деген.

## КОЗГОЛОҢ ЖУГУШТУУ

Бул бөлүм козголоңдун эки башка учурун сүрөттөйт. Биринчиси Корак, Датан жана Абирон менен эки жүз элүү башчы болгон. Экинчиси, эртеси күнү бүт эл Муса менен Арунга каршы көтөрүлгөндө болду. Аларды тегеректеп: «Силер Теңирдин элин өлтүрдүңөр», - дешти (Сандар 16:41). Албетте, алар мурунку күнү көргөндөрүнө таң калышты, бирок бардыгына Мусаны күнөөлөштү. Ал адамдардын козголоңунун таасири ушунчалык күчтүү болгондуктан, бүт бузукуларды жер жутуп жиберген сыяктуу далилдер болгондон кийин да, адамдар алардын козголоңунун өлүмгө алып келерин түшүнүшкөн жок. Мындай көрүнүштөр бүгүнкү күндө дагы болуп жатканы тынчсыздандырат.

Эл Муса менен Арунга каршы чыкканда, Кудай ушунчалык каарданып, алардын баарын жок кылгысы келген. Бирок, Муса менен Арун элди жактап чыгышты. Натыйжада, эл куткарылды; бирок Теңир жиберген жугуштуу оору лагерге жугуп, 14 700 адамдын өмүрүн алып кетти! Муну мурунку күндөгү жоготуулар менен салыштырууга да болбойт!

Кудайдын эли, менин эскертүүмө кулак салгыла: козголоң жугуштуу жана өлүмгө алып келет. Ыйык Китепте Кудай козголоңду *жактырба*йт деп айтылбайт. Ыйык Жазууда Кудайдын аны жек *көрөөрү* айтылат. Анын козголоңго болгон көз карашы антипатияга караганда алда канча катаал. Римде төмөнкүдөй болгон: Козголоңчу Люциферден асманды калтырып кетүүнү суранышкан эмес; ал ошол жерден чагылгандын ылдамдыгы менен ыргытылган (Лука 10:18). Козголоңчу сыяктуу

болууну каалоо өлүмгө алып келет. Ушул себептен улам, Пабылдын Римдеги жыйынга акыркы насаат сөздөрү:

> Бир туугандар, силерди бул нерсеге чакырамын: ортого жик салуучулардан жана өзүңөр үйрөнгөн окутууга каршы азгыруучулардан сак болгула, андайлардан алыс болгула. Анткени андай *адамдар* Теңирибиз Ыйса Машайакка эмес, өздөрүнүн курсагына кызмат кылышат. Ишенчээк адамдарды кулакка жагымдуу сөздөр менен, чечендик менен азгырышат (Рим. 16:17, 18).

Бул бөлүмгө карата менин акыркы сөздөрүм да ошондой болот. Менимче, бул билдирүү силерди бактылуу кылып жана шыктандырбашы мүмкүн, бирок бул силердин өмүрүңөрдү сактап калышы мүмкүн. Бул чындыкты эмдөөсү экенин унутпагыла; бул жагымсыз көрүнүшү мүмкүн, бирок анын коргоосу ошол көз ирмемдик ыңгайсыздыктан алда канча ашып кетет. Бул кабардан Кудайдын сүйүүсүн көрүшүңөрдү каалап сыйынам. Ал силердин коопсуздугуңар үчүн эскертүү берет.

15-БӨЛҮМ

# Биримдик

*Бийлик Кудайдын даңкын тарткан*
*биримдикти алып келет.*

Кудайдын бийлиги астында жашоонун биз буга чейин талкуулагандардын баарынан да чоң максаты жана артыкчылыгы барбы? Жооп – сөзсүз, ооба! Бул Кудайдын Падышачылыгынын эффективдүү кеңейиши.

Ыйса жыйынга койгон максаттардын бири – биримдик! Бул максатка жетүү чоң артыкчылык болуп саналат. Ал минтип сыйынды:

> «Алар үчүн гана эмес, алардын сөзү аркылуу Мага ишенип калгандар үчүн да өтүнөм. Алардын бардыгы бир болушсун. Ата, Сен Менин ичимде болгондой, Мен Сенин ичиңде болгонумдай, алар Биздин ичибизде бир болушсун. Мени Сен жибергендигиңе дүйнө ишенсин. Алар да Биз сыяктуу бир болушу үчүн, Мага берген даңкыңды аларга бердим» (Жакан 17:20-22).

Биз үчүн даярдалган даңк бар, бирок ал биздин биримдигибиз менен тыгыз байланышта. «Даңк» - оозеки кепте көп колдонулуп жүргөн кадимки сөз эмес. Вебстердин онлайн сөздүгүндө атак-даңк “улуу сулуулук жана артыкчылык; улуулук». «Докса» деген грек сөзү да ушундай эле аныктамага ээ. Анткен менен, Ыйык Китепти Изилдөөнүн толук сөздүгүндө:

«Кудайдын даңкы чынында Ал кандай экенинде» деп кошумчаланат.

Байыркы Келишимдеги *«докса»* сөзүнүн эквиваленти эврейче «кавод» деген сөз. Көрк, байлык, бийлик, ар-намыс, улуулук жана салмак бул сөздүн бир сөздөн турган аныктамаларынын айрымдары гана. Бир мүнөткө токтоп, бул сөздүн мааниси жөнүндө ойлонсоңор. Ыйык Китепте *Кудайдын даңкы* жөнүндө сөз болгондо, бул Анын улуулугун, чексиз байлыгын, кудуреттүүлүгүн, табиятынын көптүгүн, улуу урматын жана затынын улуулугун билдирет. «Салмактын» акыркы аныктамасы бул сапаттардын чектелбестен, бүтүндөй толуктукта бар экендигин көрсөтүп турат; жөнөкөй сөз менен айтканда, бул *Анын улуулугунун салмагы* жөнүндө. Ыйса - адам катары ачылган Кудай. Биз Анын: «Мени көргөн Атамды көргөн» (Жакан 14:9) деген сөздөрүнүн маанилүүлүгүн дайыма эстен чыгарбашыбыз керек.

Элчи Жакан башынан эле Сөз Кудай экенин айткан. Ал андан ары мындай деп жазган: «Сөз денеге айланып, биздин арабызда жашады... жана биз Анын даңкын көрдүк» (Жакан 1:14). Анын даңкы көп жагынан көрүндү, бирок өзгөчө Анын күчү аркылуу. Жакан 2:11 муну көрсөткөн көптөгөн аяттардын бири: «Ошентип, Ыйса Галилеядагы Каанада Өзүнүн эң алгачкы кереметин жасап, Өзүнүн *даңкын* көрсөттү. Ошондо шакирттери Ага ишенип калышты». Ал бул жерде жүргөндө *Кудайдын улуулугунун* салмагын көрсөткөн.

Кетер алдында Ал бизге тапшырма берген: «Ыйса аларга дагы бир жолу: «Силерге тынчтык болсун! – деп айтты да, – Атам Мени жиберген сыяктуу, Мен да силерди жиберем», – деди» (Жакан 20:21). Бул улуу тапшырманы аткарышыбыз үчүн, Ыйса *Анын улуулугунун салмагы* бүт бойдон бизде болсун деп сыйынган. Жогоруда айтылгандай, бул убада биздин биримдигибиз менен тыгыз байланышта. Ал жерде мындай деп

жазылган: «Бир туугандардын чогуу жашаганы кандай жакшы, кандай сонун! … анткени Теңир ал жерде бата жана түбөлүк өмүр берген» (Заб. 132:1-3). Анын даңкында калуудан, башкача айтканда, Анын катышуусунун толуктугун сезүүдөн өткөн бата жок. Бул бөлүнгөн жыйын үчүн мүмкүн эмес, бирок биримдик бар жыйын үчүн мүмкүн.

## ИДЕАЛДУУ МИСАЛ

Алгачкы жыйын бул чындыктын негизги мисалы болуп саналат. Ыйса асманга көтөрүлүп, Анын ишенимдүү жолдоочулары үстүнкү бөлмөдө калуу буйругуна баш ийишкен (Элчилер 1:4). Тирилгенден кийин кырк күндүн ичинде Ыйса кеминде 500 эркек менен аялга көрүнгөн (1 Кор. 15:6), бирок он күндөн кийин алардын 120сы гана Иерусалимде калган. Калган бир нече жүз ишенгендер кайда эле? Биз алардын кайда кеткенин билбейбиз, бирок алар Атасынын убадасын күтүү жөнүндөгү Ыйсанын буйругуна баш ийбей коюшканын билебиз.

Үстүнкү бөлмөдө калган эркектер менен аялдар Анын сөзүнүн – Анын түздөн-түз бийлигинин астында биримдикте болушкан. Ал дайындаган жетекчиге алардын мамилеси кандай болот?

Кетер алдында Ыйса Петирди жолдоочуларынын башчысы кылып дайындаган. Петир башка шакирттерден өзгөчөлөнүп турган. Ал Кудайдын жолдорун билүүгө көбүрөөк суусап, башкаларга берилбеген акылмандыкка ээ болгон жана башка шакирттерге таасир эткен. Ал белгилүү бир лидерлик жөндөмгө ээ болгон. Бирок, ошентсе да, кээде ал ыксыз болуп жана Кудайдын эркине карама-каршы келген учурлар болгон. Ал тайманбастык менен Ыйсаны Машайак, тирүү Кудайдын Уулу деп жарыялаганда, Ыйса аны бул ачылышы үчүн мактап, Петирди баталуу деп жарыялаган, анткени бул чындык ага кудайлык жол менен ачылган. Анткен менен, бир нече мүнөттөн кийин эле Ыйса Петирди карап: «Кет жанымдан, шайтан! Сен

Мага тузак коюп жатасың. Анткени сенин ойлоруң – Кудайдын эмес, адамдын ойлору», – деди (Матай 16:23).

Башка бир аңгемеде Петир суунун үстүндө жүрүп, калган шакирттери кайыкта калып, карап турушкан. Ал кайрадан алдыда болду. Бирок, бир нече көз ирмемден кийин, башкалар аны ээрчип, сууга чыга электе эле чөгө баштады. Ыйса наараазылыгын мындай деп билдирген: «Ишеними аз! Эмнеге шектендиң? (Матай 14:31).

Дагы бир аңгемеде Ыйса Петирди Жакан жана Жакып менен бирге тоого чыкканда аны коштоп жүрүү үчүн тандап алган. Алар келгенден кийин, Ыйса өзгөрдү; Жүзү күндөй жаркырап, кийимдери аппак болуп калды. Муса менен Илияс келип, Ыйса менен сүйлөшө башташты. Бул үчөө үчүн бул укмуштуу окуянын күбөсү болуу кандай гана сыймык! Бирок, ал бүтө электе Петир ыйык чатырларды курууну сунуш кылган: алардын экөөсү Илияс менен Мусага. Кайрадан, ал биринчиликте болгон, бирок ал улуу даңктын атмосферасында да Кудайдын эркине карама-каршы келген.

Петирдин эң чоң ийгиликсиздиги, анын Машаяктан баш тартуусу да бул жолдоочулардын эсинде жаңырган. Тирилгенден кийин мүрзөнүн жанындагы периште Петирди өзгөчө эскерип, үч аялга мындай деген: «Баргыла да, Анын шакирттери менен Петирге: “Ал силерди Галилеядан тосуп алат. Силерге Өзү айткандай, Аны ошол жактан көрөсүңөр”, – деп айткыла» (Марк 16:7). Бул үч аял, шакирттердин көбү сыяктуу эле, Петирди багынып калды деп ойлошкон.

Ошентип, маселе мына мында: бул жаңы жыйындын мүчөлөрү ушундай солкулдаган тажрыйбасы бар адамга моюн сунуп, баш ийе алабы? Анын импульсивдүү жүрүм-туруму, ой жүгүртүүсү жана чечимдери жеткилең эмес жана көп учурда катага дуушар болгон. Ал туруксуз убакта жаш жыйынды жетектөө үчүн мыкты талапкер болгон эмес.

Мунун баарын эске алуу менен, келгиле, жаңы негизделген жыйындын лидери катары Петирдин биринчи чечимин карап көрөлү. Бир нече күн өтүп, Петир Забур китебинен Жүйүттүн Ыйсага чыккынчылык кылганына түздөн-түз тиешеси бар пайгамбарчылык сөздү тапты. Петир муну үстүнкү бөлмөдөгү чакан жыйналышка окуп берди: «Бул Забур китебинде жазылган, анда мындай деп айтылган. «…анын кызматын башка бирөө алсын» (Элч.1:20-21). Башкалар көрбөгөндү кайрадан Петир көрдү. Ал бул ачылышты туура пайдалана алабы?

Менин жазайын деп жатканымды, албетте, божомол катары бааласа болот. Бирок, мен өз көз карашымдын чындыгын көрсөтүү үчүн, Кудайдын Сөзүнөн жетиштүү далилдерди берем деп үмүттөнөм. Петир кезектеги дагы бир чечим кабыл алууда Кудайдын эркин кыя өткөрүп жибергенине ишенем. Ал башынан бери алар менен болгон кишилерди чогултуп, Кудай Жүйүттүн ордуна кайсынысын тандап аларын көрүү үчүн, «өкчөмө таш» ыргытууну сунуш кылган.

Жаңы Келишимдин эч бир жеринде Кудай өкчөмө таш боюнча *(лотерея системасы)* элчи тандайт деп таба албайсыңар! Ыйса аларга үч жарым жыл бою Кудайдын жолдорун көрсөтүп, үлгү калтырган: Ал түнү бою сыйынып, биринчи он эки элчисин тандоодон мурун Кудайдын үнүн уккан (Лука 6:12-13). Петир Ыйсаны ээрчисе жакшы болмок. Ошондой эле, бир нече жыл өткөндөн кийин Антиохиядагы жыйындагы пайгамбарлар жана окутуучулар Ыйсанын үлгүсүн ээрчишкени - алар Пабыл апостолдук кызмат үчүн бөлүнгөнгө чейин орозо кармап, сыйынышкан (Элчилер 13:1-4) - дагы бир далили Петир шашылыш чечим чыгарган.

Үстүнкү бөлмөдөгү 120 адам эки талапкерди табышты: Матий менен Жусуп. Биз Петирдин чечиминин жемишин көрө алабыз. Матий бул лотерееяны утуп алган жана шакирттердин катарына кирген (Элчилер 1:23-26), бирок биз анын атын Жаңы

Келишимден эч качан көрө элекпиз. Неге? Анткени, Жүйүттүн ордуна Кудайдын тандап алганы Матий эмес, Шабыл (же Пабыл) болгон. Бул үчүн Пабыл мындай деп жазган:

> «Андан кийин Жакыпка жана башка элчилерге көрүндү. Акырында ай-күнүнө жетпей төрөлгөн балага окшогон мага да көрүндү. Мен элчилердин эң кичинесимин, атүгүл, элчи деп аталууга да татыксызмын. Анткени мен Теңирдин Жыйынын куугунтуктачумун». (1 Корунттуктар 15:7-9).

Пабыл өзүн *мөөнөтүнөн мурда төрөлгөн* деп атаган; башкача айтканда, ал кыязы, алгачкы он эки элчинин бири болуу үчүн өтө жаш болгон. Бул суроону изилдеп жатып, мен Пабылдын төрөлүшү жөнүндө ар кандай булактарды таптым, алардын болжолу он төрт жылга чейин айырмаланат. Келгиле, анын жашы жөнүндө түшүнүк алуу үчүн, Жаңы Келишимдин хронологиясын карап көрөлү. Көпчүлүк тарыхый маалыматтарга ылайык, Степандын шейит болушу Ыйса тирилгенден төрт жыл өткөндөн кийин болгон. Степанды таш бараңга алганда, Ыйык Китепте Шабул (Пабыл) жаш деп аталат (Элчилер 7:58). Грекче-англисче сөздүктө «жаштык» деген сөз «балакаттан жаңыдан өткөн» деп түшүндүрүлөт. Пабылды биринчи шакирттердин бири болуу үчүн өтө эле жаш болгон деп божомолдоого болот.

Мен Пабылдын Кудайдын тандалган адамы болгонуна толук ишенем. Ал апостолдун жемишине жана бийлигине Матийге караганда алда канча көбүрөөк ээ болгон. Мен Петир лидер катары Кудайдын планына туура келбеген стихиялуу чечим кабыл алганына ишенем. Эгерде ал бүгүн жыйында ушундай чечим кабыл алса, анда жыйын бул боюнча экиге бөлүнмөк. «Лотерея системасы менен элчилерди шайлоого каршылар» тобу бөлүнүп, «лотерея системасы аркылуу элчилерди шайлоону жактаган» топ кала бермек. Бирок, бул окуядан кийин дароо Ыйык Китепте жазылган сөздөрдү уккула:

«Элүүнчү күн майрамы келгенде, баары *бир жерде (бир тилекте)* болушту» (Элчилер 2:1).

«Бир тилекте» деген грек сөзү - «гомотумадон». Библиялык сөздөрдү үйрөнүүнүн толук сөздүгү бул сөздү «бир ойдо, бир пикирде, бир тилекте, бардыгы чогуу» деп аныктайт. Бул аныктама пикирде да, иш жүзүндө да бөлүнүүгө орун калтырбагандыгын көрөбүз. Алардын максаты, ой жүгүртүүсү, жүрөгү жана руху бир болгон.

Бул толук биримдиктин натыйжасы кандай болду? Кудай Өзүнүн даңкын башка жердеги 380ге эмес, жүрөгү, ою жана иши менен *бириккен* 120 шакиртине ачып берди. Иерусалим шаары Машайактын бул жолдоочуларына болгон Кудайдын даңкы менен түбөлүккө өзгөрдү.

Үстүнкү бөлмөдөгү эркектер менен аялдар Петирдин жетекчилигине эки себеп менен баш ийишти. Биринчиден, лотерея системасы боюнча элчинин тандоосу күнөө болгон эмес, бирок ал Кудайдын планына карама-каршы келген. Экинчиден, Кудай дайындаган жетекчиге толугу менен баш ийишти.

Биз Кудайдын түздөн-түз бийлиги Анын берилген бийлиги менен байланыштуу экенин дагы бир ырастоону көрүп жатабыз. «Мен Кудайга баш ийем» деп, бирок Ал дайындаган жетекчилерге каршы чыккандар бар. Алар алданып калышты. Эгер биз Кудайга чындап моюн сунсак, эки себептен улам жетекчилерибизге баш ийебиз. Биринчиден, Анын түздөн-түз бийлиги биздин лидерлерибизге баш ийүүнү буйруйт. Экинчиден, биз лидерлерибизге баш ийебиз, анткени биз Анын алардын үстүнөн бийлигин тааныйбыз. Демек, берилген бийлик бизди күнөөгө буйрубаса, ага моюн сунуу – жакшы жана пайдалуу. Муну кылганда, Кудайдын даңкы ачылып, Анын Падышачылыгы тездик менен кеңейе баштайт.

## АЧУУ ЧЫНДЫК

Биз төмөнкү татаал суроолорду беришибиз керек:

- Биз жыйын бийлигине баш ийе албагандыктан, Кудайдын даңкынын көрүнүшүнө тоскоолдук кылдыкпы?
- Биздин баш ийүүбүз макул же макул эместигибизден көз карандыбы?
- Биз бөлүнүүгө салым кошконбузбу?

Үстүнкү бөлмөдө Петирге караганда башкача иш кылууну каалашкан шакирттер бар болгонуна ишенем. Ыйсанын үлгүсүн ээрчип, ошол жердегилердин кимдир бирөөнүн тандоосу жөнүндө чечим чыгарардан мурун, биринчи кезекте Кудайды издегендиктери эң туура чечим болмок экени талашсыз. Көйгөйдү айланып өтүп, чүчүкулак тартып, Кудай тарабынан чакырылбаган бирөөнү элчилике дайындагандан караганада, ошондой кылса алда канча акылдуурак болмок.

Муну жасоонун жакшы жолу бар болсо да, жогорку бөлмөдөгү адамдар лидеринин стратегиясын кабыл алуу менен *биримдикти* сактоо үчүн, жогорку жолду тандашкан. Ар ким өзүнүн оюу сыяктуу иш кыла башташты. Биз кызмат кылуу ыкмаларындагы маанисиз же анча-мынча пикир келишпестиктерден улам ажырашып кетебизби? Же мисалы, Ыйса Улуу Алааматтын алдында, учурунда же андан кийин кайтып келеби деген доктриналдык ишенимдер бизди бөлбөшү керекпи? Биз пастордун костюмдун ордуна джинсы шым кийип жүргөнүн жактырбайбыз. Бизге сыйынуу учурунда өзгөчө эффекттерди жараткан түтүн машиналары жана прожекторлор жакпайт. Пастор кабарды өтө көпкө же жетишерлик узак эмес айтат. Биз көпкө чейин сыйынган жокпуз, же белгилүү бир маселе боюнча сыйынбадык. Чынында, бул тизме чексиз. Биз оңой эле ажырашканыбыз жүрөгүмдү эзет. Бирок, кооптондурган нерсе, бөлүнүүнү оңой эле байкап калуу

болбойт. Жаңы Келишимде көбүнчө биздин иштерибизде гана эмес, дайыма биримдикте болгула деп айтылат. Бул жерде кээ бир мисалдар келтирилген:

> «Менин кубанычымды толуктагыла: бир ойго, ошол эле сүйүүгө ээ болгула, ынтымактуу жана бир пикирдүү болгула» (Филипиликтер 2:2).

> «Ошондой болсо да, бир туугандарым, кубангыла. Жеткилең болууга умтулгула. Кайраттуу болгула, бир ойдо болгула, тынчтыкты сактагыла! Ошондо сүйүүнүн жана тынчтыктын булагы болгон Кудай силер менен болот» (2 Корунттуктарга 13:11).

> «Бирок Машайактын Жакшы Кабарына татыктуу жашагыла. Барып, силерди көрсөм да, силерден алыс жүрсөм да, силер тууралуу «Жакшы Кабар таратылышы үчүн бир ой, бир тилек менен бардык күч-аракетин жумшап жатышат» деген сөздү уккандай болоюн» (Филипиликтер 1:27).

Бөлүнүү бири-бирине карама-каршы келген сөздөр менен гана чектелбейт; алар алда канча терең - ойдо, жүрөктө жана рухта. Көп жылдар бою ата-энем Флорида штатынын Чыгыш жээгинде, Веро Бич шаарында жашашкан. Бул шаардан жыйырма чакырымдай түндүктө Себастьян булуңу деген жер бар. Ал күчтүү агымы менен жергиликтүү элге белгилүү. Төмөнкү агым – көзгө көрүнбөгөн кубулуш. Океандын бетин карасак, суунун баары бир тарапка агып, жээкке карай жылып бараткандай. Бирок, жердин астынан суу тескери багытта тез жылып кетет. Бул тескери агым өзүнүн курмандыктарын ачык деңизге алып чыгып, көп учурда алардын өмүрүн алып кетет.

Биздин жыйындарыбызда Кудайдын даңкынын көрүнүшүнө тоскоол боло турган «суу астындагы агымдар» барбы?

Шакирттердин биримдиги аркылуу бүт Иерусалим Ыйсанын тирилгенин укту; Анын катышуусунун жана күчүнүн улуулугу укмуштуудай эле! Ойлоп көрсөк, алардын жолугушууларын жарыялоо үчүн телевизор, радио же социалдык желелер жок болчу, бирок бул күтүүсүз жолугушууларда миңдеген адамдар куткарылды.

Эми биз эң ойлондурган суроону беришибиз керек: бизден канчаларыбыз Анын бизге ачып бере турганынан айран-таң болуп, Ыйсанын алдында сот алдында турушубуз керек? Шаарларыбызда жана айылдарыбызда Кудайдын Рухунун көрүнүшүнө биз кантип тоскоол болгонубузду Ал көзүнө жаш алып бизге көрсөтөбү? Биздин пикир келишпестиктер көп адамдардын куткарылууга келишине тоскоол болгон астыртан агымга айланды. Жетекчилерибиз менен жүрөгүбүздө, оюбузда, ишибиз менен келишпей калдык. Ооба, биз туура айткандырбыз; балким, жакшыраак же андан да көп библиялык стратегиялар жана жолдор бар болчу; бирок кайсынысы жакшы: туура болуубу же Кудайдын даңкында болуубу? Туура болуш үчүнбү же көптөрдү Кудайдын Падышачылыгына тартуу үчүнбү?

## АР КАНДАЙ ЫКМАЛАР

Лидерлер Кудайдын пландарынан жана стратегияларынан алыстап кетиши эч кимге жашыруун эмес. Мен бул жөнүндө титиреп, өкүнүч менен жазып жатам. Лидер катары өзүм туура эмес чечимдерди кабыл алганымды көп жолу эстейм. Бирок, өзгөчө, биз биримдикте болсок, Кудай дагы эле Өзүнүн ой-ниеттерин ишке ашыра алаары таң калыштуу. Биз муну жеңил кабыл албашыбыз керек жана Анын эркин издөөдө кайдыгер болбошубуз керек, бирок бул мен сыяктуу ката кетирген жетекчилер үчүн сооронуч болушу керек.

Эми бизге биримдикте болууга тоскоол боло турган дагы бир факты тууралуу айткым келет. Бул - жыйында ар кандай

иш-чаралар бар экенин билбегендик. Башкача айтканда, бир эле максатка - Кудайдын Падышачылыгынын кеңейишине жетүү үчүн, ар кандай жолдор бар. Пабыл Корунттагы жыйынга жыйындагы ар кандай белектер жана кызматтар жөнүндө жазган, бирок андан кийин мындай деп уланткан: *«Иштер ар түрдүү,* бирок Кудай бирөө, бардыгын кыймылга келтирген – Ал» (1 Корунттуктар 12:6).

*Аракеттерде так айырмачылыктар* бар; башкача айтканда, ар кандай кызматтар биздин падышачылыктын миссиясында ар кандай ыкмаларды колдонуу менен ийгиликтүү иштеп жатышат.

Элчи Пабыл жыйынга үйрөтүү үчүн аскердик терминдерди көп колдонот. Бул жөн эле сүрөттөр эмес; Биз, чынында эле, бул жерде Кудайдын аскеринин жоокерлерибиз. Мен анын мисалын жыйындардын жана кызматтардын ар кандай иш-аракеттерин көрсөтүү үчүн колдоном. АКШнын армиясы ар кандай аскерлерден турат – кургактыктагы армия, деңиз флоту, аба күчтөрү, деңиз жөө аскерлери жана жээкти коргоо. Бул аскерлердин өз максаттарын жана милдеттерин аткаруудагы аракеттери ар түрдүү. Көп учурда бул ыкмалар аскерлердин ар бир түрү үчүн уникалдуу болуп саналат. Бирок, алардын жалпы максаты бар – өлкөбүздү коргоо жана ага кызмат кылуу.

Авиациялык окуу жайдын курсанты АКШнын аскер-аба күчтөрүнүн активдүү мүчөсү катары атайын даярдалат.

Машыгууда абада тактикалык операцияларга чоң басым жасалат, анткени бул аскерлер негизинен абада аракеттенишет. Эгер күтүлбөгөн жерден бул курсант кургактагы аскерге которулса, ал жаңы окуудан өтүшү керек болот. Албетте, эки армияда бирдей болгон ыкмалар көп. Бирок, кургактагы күчтөр аба күчтөрүнөн такыр башкача иштегендиктен, алар негизинен жерде иштегендиктен, аба күчтөрүнүн бул мурдагы мүчөсү көптөгөн жаңы согуштук маневрлерди жана стратегияларды үйрөнүшү керек болот.

Бул мисалды эске алып, Пабылдын Корунттагы жыйынга айткан сөздөрүн окуп көрөлү:

> «Силерден суранарым, менден үлгү алгыла» (1 Кор. 4:16 англ. котормо).

Пабыл бул жыйынга аны туурагыла деп айткан. Ал: «Мен Машаякты туураганымдай, мени туурагыла» деп жазган эмес (англ. котормосунда); ал муну кийинчерээк кылган (1 Кор. 11:1). Бирок, бул үзүндүдө ал сөздөрдү айтпаганынын себеби бар. Анын төмөнкү сөздөрүнөн түшүндүрмөлөрдү көрөбүз:

> «Ошондуктан силерден суранарым, мен Машайактан үлгү алгандай эле, силер да менден үлгү алгыла. Мен силерге Теңирге ишенимдүү, сүйүктүү уулум Тиметейди жибердим. Ал *менин Машайак жолундагы* жашоомду, бардык жерде, ар бир Жыйында кандай окутуп жүргөнүмдү силердин эсиңерге салат» (1 Кор. 4:16-17).

Ал жыйынга (өзү негиздеген) аны туурагыла деп буйруп, мындай деп кошумчалады: «Ошол үчүн мен Тиметейди силерге жибердим». Ал Тиметейди эмне үчүн жиберген? *Машаяктагы Пабылдын жолдорун* алардын эсине салыш үчүн. Байкасаңар, ал: «Тиметей Жакыптын Машайактагы жолдорун эскертет» деп жазган эмес. Жакып жыйындагы элчи болгонбу? Албетте! Ал такыбаа лидер болгонбу? Албетте! Жакып Пабылдан узагыраак элчи болгонбу? Дагы да ооба. Анын жолдору, ыкмалары же иштери Пабылдыкынан айырмаланганбы? Дагы да, жооп ооба! Бул Пабылдын көрсөтмөлөрү Жакыптын Машаяктагы жолдорун туура эмес деп тааныганын билдиреби? Эч кандай учурда андай эмес! Бирок, *аскердик аба күчтөрүнүн* жолдору деңиз флотуна ылайыктуу эместей, Жакыптын жолдору Пабылдан төрөлгөн Корунттагы жыйынга ылайыктуу эмес болчу. Алардын кээ бир

жолдору бири-бирине дал келет, бирок көбү башкача.

Келгиле, бул жөнүндө ойлонуп көрөлү. Пабыл Тиметей бул жыйынга «Машаяктагы элчи Петирдин жолдорун», «Машаяктагы элчи Жүйүттүн жолдорун», «Машаяктагы элчи Жакандын жолдорун» жана башкаларды эске салат деп айткан эмес. Жок. Пабыл бул жыйынды түзгөн жана ал бул жыйында өзүнүн жетекчилигинин маданиятын орнотууну уланткан. Анын ыкмалары башкача болгон, бирок алар Машайактын негизги окууларына туура келген. Алгачкы жыйындын бардык жетекчилери бирдей негизги ишенимдерге жана окууларга ээ болушкан. Бирок, алардын ар бири бардык улуттарды окутуу максатын ишке ашыруу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушкан.

Келгиле, бул тууралуу жергиликтүү жыйындын мисалында ойлонуп көрөлү. Силердин жыйыныңардын улук пасторлору Джим жана Лиза Смит деп коёлу. Алар жана алардын лидерлик командасы, Кудайдын ырайымы менен, жыйынды 1500 мүчөгө жеткиришти жана муну менен алар өздөрүнүн жолдорун, башкача айтканда, өздөрүнүн лидерлик стилине гана тиешелүү болгон ыкмаларын жана маданиятын түзүштү. Жыйыныңардын натыйжалуулугу шаарыңарга өзгөчө таасир этти. Ал жергиликтүү таанууга ээ, бирок анын таасири ошол жерде токтойт.

Бирок, башка шаарда дүйнө жүзү боюнча таасири бар абдан популярдуу жыйын бар дейли. Бул жыйындын улук пасторлорунун ысымдары Даг жана Хизер Джонс. Алар кызматта жаңы тактикалар менен тенденцияларды белгилешет. Алар силердин жыйыныңардын пасторуна караганда көбүрөөк адамдарга таасир этет. Силер кимдин жолуна түшөсүңөр? Джонстардынбы же Смиттердин (силердин пасторлоруңардын) жолунабы? Силер бул дүйнөгө белгилүү лидерлердин жолун жолдоого азгырылып, лидерлериңерди алардын ыкмаларын колдонууга көндүрүүгө аракет кылышыңар мүмкүн. Бирок,

корунттуктарга окшоп, силер лидерлериңердин маданиятын билүүгө умтулушуңар керек, биримдик жана атак үчүн аларды ээрчиш керек. Чындыгында, силердин лидерлериңер Джонстор эмес, Смиттер.

## ЖАЛПЫ КӨЗ КАРАШ

Мен отуз жылдан ашык убакыттан бери дүйнө жүзүн кыдырып келем. Кырк тогуз штатта жана алтымыштан ашуун өлкөдө миңден ашык жыйын жана конференцияларда кызмат кылуу сыймыгына ээ болдум. Көптөгөн жыйын топторундагы ыкмалардын айырмасын көрүү, мен үчүн сыймык болду. Конок катары чакырылгандыктан, менин негизги милдеттеримдин бири мени чакырган жыйындын маданиятын түшүнүү болчу.

Эгерде силер менин үйүмдө конок болсоңор, мага үйүмдү кантип башкаруумду айтпайсыңар. Биздин үйдүн эрежелерин сактайсыңар. Конок катары кечки тамактын убактысын жана кечки тамакка эмне берилээрин чечпейсиңер. Анын ордуна: «Кечки тамак саат канчада?» деп сурайсыңар. Кечки тамактануу маалында түшүп, үй ээсинин тамактандырганын ыраазы болуу менен кабыл аласыңар.

Конок катары мен жыйындын лидеринен: «Сиз көбүнчө трибунада кандай кийинесиз?» деп сурап, анан анын каалоолоруна жараша болууга аракет кылам. Күндөрдүн биринде мен конференцияга чемоданыма жынсы шым, кыска жакалуу көйнөгүмдү салып алып барганым эсимде, аларды кийип кафедрага чыкмакмын. Эки ак лимузини бар смокинг кийген төрт киши мейманканага, анан кызматка алып баруу үчүн аэропорттон биздин команданы тосуп алышты. Эгер мен улук пастор болсом, конокторду башкача тосуп алмакмын. Мен уулдарымдын бирин же ишенимдүү команда мүчөлөрүн күнүмдүк кийимчен жөнөтүп, бир-эки жакшы, таза унаа менен конокторду тосуп алмакмын. Бирок, бул менин жыйынымдын

конференциясы эмес эле. Бул жыйында сырткы сый-урмат өтө маанилүү экенин түшүнүү оңой эле. Кызматка даярдаган кийимим алардын маданиятын, ыкмаларын кемсинте турганын дароо билдим; ошондуктан, мен дароо ылайыктуу костюм сатып алууга кам көрдүм.

Конок катары мен: “Канча убакытка чейин кабар айтышымды каалайсың?” деп сурайм. Мен кызматчынын жообун урматтоо менен кабыл алып, мага бөлүнгөн убакыттын ичинде кызмат кылам. Бирок, дайыма эле андай кыла бербейм. Мен өзүмдүн каармандарымдын бири Томми Барнетттин жыйынында он беш жыл катары менен жыл сайын насаат айтып жүрдүм (анын жыйыны Финикс Ферстин Ассамблеясы деп аталчу, бирок азыр ал Финикс Дрим Борбору деп аталат, ал эми анын уулу Люк анын улук пастору). Мен аларда биринчи жолу жекшемби күнү эртең менен насаат айтканымда, ал мага насаат айтууга жана кызмат кылууга кырк мүнөт берди. Ал мага бөлүнгөн убакытты санап, мага жардам бере турган убакыт сааты кафедрадан көрүнүп турганын айтты. Мен өзүмө бөлүнгөн убакыттан он мүнөткө көбүрөөк насаат айттым.

Кызматтан кийин ал мага унчукпай шашып жөнөдү. Мен анын ачууланганын билдим. Күнү бою эмне кылдым деп сарсанаа болдум. Кечки кызматка чейин биз анын кеңсесинде жалгыз болчубуз, мен андан ошол күнү эртең менен мага капа болгонбу деп сурадым.

- Ооба, - деп жооп берди ал.

- Мен көбүрөөк насаат айтканым үчүнбү? -  деп сурадым.

- Ооба», - деп жооп берди ал.

Ал унчукпай турду да, сөзүн улады:

- Джон, сен мага жагасың, ошондуктан эмнеге капа болгонумду айтып берейин. Бизде катуу график боюнча иштегендер аз эмес. Биздин балдар кызматчыларыбызда негизги кызматтык графигибизге дал келген пландуу окуу

планы бар. Кызмат он мүнөткө созулганда баары баш аламан болуп калат. Бизде отуздан ашык автобус элди алардын жакыр райондоруна алып барат, алардын бардыгы моторлору иштеген бойдон күтүүгө туура келет. Алардын баары эмне кылышы керек деп ойлойсуң?

Ал дагы бир нече себептерди кошуп, анан жыйынтыктады:

- Сен он мүнөткө көбүрөөк кабар айткың келгени үчүн эле биздин эрежелерди олуттуу кабыл алган жоксуңбу?

Мен сүйүү менен насаат алдым жана бул катадан сабак алдым.

Конок катары мен жыйындын жетекчисинен сурайм: “Силер адамдарды тообо кылууга чакырганда, алардан алдыга чыгууну, ордунан турууну же жөн эле кол көтөрүүнү суранасыңарбы? Мен улук пастордун жообун кунт коюп угуп, алардын маданиятына жараша иш кылам. Мен бекем ишенем, адам чындап эле ушул варианттардын кайсынысы менен болсо да куткарыла алат.

Булар мен берген суроолордун мисалдары гана. Кээде, эгер менин пландарым бул жыйындын маданиятынан айырмаланып, бирок мен алардын натыйжалуураак болорун сезип турсам, анда мен улук пастордон бир аз башкача кылсам макул болобу деп сурайм. Кызматчылар менин бул тууралуу сураганымды ар дайым баалайт жана дээрлик дайыма уруксат берүүгө даяр.

Мен келтире турган көптөгөн мисалдар бар, бирок менин негизги максатым жыйындын лидери белгилеген ыкма боюнча, анын «Машаяктагы жолу» боюнча иш кылуу экенин түшүндүңөр деп ишенем. Бирок, эгерде жыйындын лидери: «Биз тобо кылууга чакырууга ишенбейбиз, анткени биз Ыйса Кудайга баруучу жолдордун бири гана деп эсептейбиз. Биз түбөлүк өмүргө көп жолдор бар экенине ишенебиз”, – десе, мен анын жолун жолдоодон баш тартат элем, анткени бул кызмат кылуунун ыкмасы эмес; бул лидер машайакчылыктын негизги чындыктарынын бирине каршы чыгат.

Машаяктын денесине көп жылдар бою жалпы көз караштан карап, бул негизги чындыкты билбегендиктен улам, мен көп трагедияларга күбө болдум. Мен ишенгендер өзүлөрү чоңойгон жыйындан башка маданиятка ээ болгон лидерликке же ыйык китептик мектептерге барышканын көрдүм. Көбүнчө бул мектептер жалпы машайакчылык маданиятты түзгөн чоң жыйындардын алдында аракеттенет. Бул окуучулар бул жыйындын ыкмаларын мектепте да, дем алыштагы жолу

Окууну аяктагандан кийин, алар толук умтулуу менен кайтып, өз жыйынынын маданиятын өзгөртүүгө аракет кылышат. Балким, алар үйрөнгөн жаңы ыкмалар актуалдуу жана эффективдүү деп ойлогону туурадыр. Анткен менен, эгерде алар өтө өжөр болсо, алар оңой эле астынкы агым сыяктуу тоскоолдук болуп калышы мүмкүн. Эгерде алар сунуштаган ыкмалар кабыл алынбаса, анда алар кетүү керекпи же лидеринин ыкмаларына чын жүрөктөн моюн сунуу керекпи, сыйынууда Кудайдан сурашса жакшы болмок.

Кызматымдын башында, мен жаштардын пастору болуп жүргөндө, кызматта ар кандай ыкмалар жана иш-аракеттер бар экенин билбегеним пасторума катуу каршылык көрсөтүүгө түрткү болду. Мен Луизианадагы жыйынга барып, абдан натыйжалуу кызмат кылуу ыкмасын көрдүм. Мен алардын ийгилигине ушунчалык ашык болуп калгандыктан, бул жөнүндө ойлонуп, бул ыкма биздин жыйындын маданиятына ылайыктуубу деп өзүмө суроо берген да жокмун. Азыр ойлосом, бул ыкма менин улук пасторумдун «Машайактагы жолдоруна» туура келбегенин так түшүнөм. Луизианадагы жыйындын улук пастору менин улук пасторумдан такыр башкача болчу. Экөө тең бүткүл дүйнөгө таасир эткен, экөө тең таасирдүү болгон, экөө тең көптөгөн адамдарды Кудайдын Падышачылыгына алып келишкен, бирок алар ар кандай ыкмаларды колдонушкан.

Биздин коом тарыхта болуп көрбөгөндөй мобилдүү. Балким, көбүбүз жашообузда жок дегенде бир жолу же бир нече жолу жыйынды өзгөртөбүз. Жаңы жыйынга киргенде, алардын маданиятын билүү зарыл жана бул биз атайылап кылышыбыз керек болгон нерсе. *Машайактагы алардын жолдоруна* канчалык тезирээк көнүп калсак, ал бизди инсан катары жана жалпы дененин бир бөлүгү катары ошончолук күчтүү кылат.

16-БӨЛҮМ

# АР КАНДАЙ НЕРСЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

*Биз жыйындагы мыйзамдуу бийликти чындап куткарылганда жана Кудайдын эркин издегенде гана тааныйбыз.*

Мурунку бөлүмдөрдө биздин көңүлүбүз негизинен жыйындагы жана светтик бийликке бурулду. Бирок, жогоруда айткандай, бул принциптердин көбү бийликтин бардык категорияларына тиешелүү. Бул бөлүмдө биз Кудайдын Сөзүндө бийликтин ар кандай тармактарына, өзгөчө үй-бүлөгө карата берилген айрым көрсөтмөлөрдү талкуулайбыз. Алардын көбү өз категориясына гана таандык, ошондуктан өзүнчө каралышы керек. Бул бөлүмдө мен карай турган темалардын ар бири боюнча бүтүндөй бир китеп жазуу кыйынга турбайт. Бирок, биз билген принциптерди киргизсек, аларды ушул бөлүмдө талкуулана турган нерселерге колдоно алабыз. Ошентип, бул китеп биздин жүрөгүбүздө дагы терең из калтырат. Биз ошондой эле, бүтүндөй бир китепти арнай тургандай толук эмес кээ бир жалпы көрсөтмөлөрдү карап чыгабыз. Ушул себептен мен бул бөлүмдү «Ар кандай нерселер жөнүндө» деп атадым.

## ҮЙ-БҮЛӨ

Жыйын, жарандык өкмөт же коомдук бийлик болгонго чейин, үй-бүлө пайда болгон. Анын маанисин ашыкча баалоого

болбойт, анткени жогоруда аталган үч аймактын саламаттыгы андан көз каранды. Берилген бийликтин башка тармактарында кемчиликтер болушу мүмкүн, бирок үй-бүлө кандай болсо да, бекем бойдон кала берет. Бирок, үй-бүлөдө тартип бузулуп турганда, башка аймактарда кынтыксыздыкты сактоо мүмкүн эмес. Үй-бүлөдөгү бийлик бардык башка бийликтин негизги негизи болуп саналат.

Үй-бүлөдө биз Ыйык Китепте айтылган Кудайдын тартибин табабыз:

> Балдар, бардык нерседе ата-энеңерге баш ийгиле, анткени бул Теңирге жагат (Кол. 3:20).

> Анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын башчысы болгон сыяктуу эле, күйөө да аялдын башчысы. Жыйын Машайакка баш ийгендей эле, аялдар да бардык нерседе күйөөлөрүнө баш ийишсин (Эф. 5:23, 24).

Жаңы Келишимдин башка жерлеринде табылган ушул сыяктуу осуяттар Кудайдын үйдөгү бийлигинин тартибин көрсөтүп турат. Балдар ата-энесине жашоонун бардык тармактарын камтыган бардык нерседе баш ийиши керек. Бул осуят ата-эне баласына Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген нерсени жасоого, мисалы, жыныстык катнаштарды бузууга үндөө, уурулук кылууга, калп айтууга же ата-энесинин бирин тандоого мажбурлоого жана ушул сыяктуу нерселерди жасоого буйрук бергенде гана колдонулбайт.

Менин үй-бүлөмдө дал ушундай болгон. Мен университеттин инженер-механиктик факультетинде окуп жүргөндө, Ыйса Машаяк үчүн өмүрүмдү бердим. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, мен Жакшы Кабар таратуу үчүн чакырылганымды түшүндүм. Бир күнү студенттик каникул мезгилинде үйгө келип, ата-энеме (алар ынталуу католиктер

эле) университетти аяктагандан кийин Ыйык Китепти окуу жайына окуй турганымды айттым. Бул аларды абдан капа кылды, алар менин чечимимди эмоционалдуу жана импульсивдүү деп ойлошту. Анан апам: «Менин өлүгүм аркылуу гана!»деп айтты.

Мен ага сылыктык менен жооп бердим: «Апа, мен сизди жакшы көрөм жана мага берген бардык нерсеңиз үчүн ыраазымын, бирок мен Кудайга баш ийишим керек». Бул сөздөр аны сооротуп да, көңүлүн көтөргөн да жок, тескерисинче ого бетер капа кылды.

Ыйса бизге: «Атасын же энесин Менден артык сүйгөн адам Мага татыктуу эмес; ал эми ким уулун же кызын менден артык сүйсө, ал Мага татыктуу эмес» дейт (Матай 10:37). Ушул сөздөр жана Инжилдердеги башка көптөгөн үзүндүлөр менен бекемделип, мен абдан жакшы көргөн атам менен апамдын жана Ыйсанын Ага кызмат кылууга чакыруусунун бирин тандоо керек экенин билдим. Мен өз чечимимден эч качан тартынган эмесмин.

Кийинки бир нече жылдар ичинде биз мамилебизди оңдой албадык. Мен ата-энемди сүйүүнү жана урматтоону эч качан токтоткон эмесмин, анткени менде эми Кудайдын ырайымы бар. Бирок, убакыттын өтүшү менен алар Ыйсанын менин жашоомо алып келген жемиштерин көрө башташты жана он сегиз жылдан кийин, атам жетимиш тогуз жашка чыкканда, мен ата-энемдин экөө менен тең Ыйсаны Теңирибиз катары кабыл алышын тилеп сыйындым. Алар биздин китептерди окуп, видеолорубузду көрүп, досторуна Теңир жөнүндө айта башташты. Азыр мамилебиз мурдагыдан да жакшы.

Ыйса да ушундай жагдайга туш болгон. Ал ата-энесине баш ийди, анткени Ыйык Жазууда: «Ал алар менен бирге Назаретке келди жана аларга баш ийди» деп жазылып турат (Лука 2:51). Ошого карабастан, Ыйса ымыркай кезинде айтылган Шымондун

пайгамбарчылыгына ылайык, Анын кызматы башталганда, кылыч алардын жүрөгүн жана акылын тилгендей боло баштаган (Лука 2:35). Ыйсанын таасирдүү кабарлары көптөрдү ыңгайсыз сезимди баштан кечирүүгө мажбурлаган, жадагалса ачууланышкан, анын үй-бүлөсү да мындан четте калган эмес. Сезимдер чегине жетип, апасы да Ага каршы чыга баштаган:

> «Ал акылынан айнып калыптыр», – деп айтып жатышканын уккан жакындары Аны алып кеткени келишти. Энеси менен бир туугандары келип, сырттан Ыйсаны чакыртышты. Анын тегерегинде эл отурган эле. Ошондо Ага: «Энең, инилериң, карындаштарың сыртта Сени чакырып жатышат», – дешти. Ыйса аларга: «Менин энем жана бир туугандарым ким?» – деди да, айланасында отургандарды тегерете карап: «Мына, менин энем, мына, Менин бир туугандарым. Анткени ким Кудайдын эркин аткарса, ошол Менин иним, карындашым жана энем!» – деп жооп берди

Ал ата-энесине Өзүнүн Атасынын осуятын четке кагышын каалламайынча, бардык жагынан баш ийчү. Бирок, бир неч е жыл өткөндөн кийин, Анын үй-бүлөсү Ыйык Рухтун биринчи төгүлгөн кезинде ошол бөлмөдө болушту. Убакыт келип, алар өзүлөрүнүн Устатынын жолдоочулары болуп калышты.

## БУЛ МЕН ҮЧҮН ПАЙДА АЛЫП КЕЛГЕН ЖОК

Эрежелерден тышкаркы жагдайлар жөнүндө эмес, норма жөнүндө айтсам, өз ата-энесин урматтоо жана аларга баш ийүү осуятынын биринчиси төмөнкүдөй убаданы камтыганын белгилегим келет: балдар бактылуу болушат жана жерде узак жашашат (Эф. 6). :2, 3; Кол. 3:20).

Мага бул осуятка баш ийбөөнүн кесепеттерин оор абалда баштан кечирүүгө туура келген. Университетти аяктагандан кийин бир эл аралык кызматка жумушка орноштум. Мен

жогоруда айткан жыйынга бара баштадым. Экинчи жолу кызматка баргандан кийин мен куракту бир нече адамдар менен кафеге тамактанганга бардык. Түшкү тамак маалында мен бойдоктордун тобун жетектеген лидер менен тааныштым. Ошол маалда алө зүнө жашай турган жер издеп жүргөн экен, а мен бул шаарга жаңыдан көчүп келе жаткан элем. Бир аз сүйлөшкөндөн кийин бир батирди эки кишиге ижарага алсак жакшы болот деп чечтик. Бул мени абдан сүйүнттү, анткени, бул акчамды аз эмес үнөмдөп калмак: ал кезде мен, университетти жаңы бүтүргөндүктөн, көп акчам жок болчу.

Эртеси атама чалып, акыркы кабарды айттым. Айына бир-эки жүз доллар үнөмдөгөнүм үчүн, ал кубанычымды бөлүшөт деп ойлогом. Бирок, анын реакциясы бир аз башкача болду. Ал мага: «Уулум, бул мага жакпайт. Мындай кылба. Сен ал кишини тааныбайсың”. Мен ал жетекчинин кызматта канчалык ынталуу экенин айтып, аны башкача ынандырууга аракет кылдым, бирок атам өз пикиринде бек турду.

Телефондун трубкасын койгондон кийин ойлонуп отуруп, атам ишенбегендиктен, эч нерсе түшүнбөйт деп чечтим. Анткени, бул киши маанилүү кызматта турган! Мен атамдын айтканына көңүл бурбай, эртеси квартира таап бардык документтерге кол койдук. Жүк ташуучу унаага жүктөрүбүздү ташыганга буйрутма бергенибизде, жаңы кошунам чек китепчесин алып келгенди унутуп калгандыктан, менин ал үчүн да акча төлөп турарымды суранды. Батирдин эсебин төлөгөнү барганыбызда да ошол эле тарых дагы кайталанды. Анын жүрүм-туруму бир айдан кийин деле өзгөргөн жок: мен дагы экөөбүз үчүн төлөшүм керек болчу - батир үчүн, коммуналдык кызматтар үчүн, ошондой эле, анын көптөгөн шаар аралык телефон чалуулары үчүн.

Анын унаасы жок болгондуктан, ага бир нече жолу машинамды берип турдум. Ар бир жолу аны эртең менен гана кайтарып берчү, анын үстүнө салон тынымсыз тамекинин түтүнү

жыттанып калчу. Ал мага жардамга муктаж адамдарга мингенин түшүндүрүп, кечирим сурачу. Бир күнү эртең менен унаанын эшигинен чоң оюк таптым. Мен аябай капа болдум, бирок аны билдирбедим. Бир жолу түнкү саат төрттө уктоочу бөлмөдөн чыгып, конок бөлмөсүнөн таптакыр чоочун кишини кезиктирдим, ал бир колунда пиво куюлган банка, экинчи колунда тамеки кармап турган. Ал мени анын жеке жашоосуна кол салгандай көз караш менен карады.

Мен өз үйүмдө чыныгы жазаны баштан кечирдим, бирок жаш ишенүүчү болгон үчүн: «Мен сүйүү менен жашашым керек. Ачууланбайын, соттобойун» деп ойлодум. Ошондуктан, тартышкан жокмун. Бул, мен бул кишинин жанында болгондогу окуянын бир аз гана бөлүгү.

Ушундай азаптан бир нече жума өткөндөн кийин кошунам бачабаз (гомосексуалист) экенин билдим. Мен андан дароо кетишин сурандым, бирок ал баш тартты. Ал күнөө менен жашап жатканда, мен баарын төлөп бердим. Болжол менен ошол эле убакта бойдоктор кызматынын пастору анын жашыруун жашоосун билип калып, ал киши кызматтан четтетилген. Мен анын күнөөлөрү тууралуу эң акыркылардан болуп билгенмин. Тил албастыгым мени сокур кылып, кыраакылыгымдан айрылгам.

Атамдын насаатын тоготпогондуктан, жүрөгүмдөгү уурдалган тынчтыкты айтпаганда да, жүздөгөн доллардардан айрылдым. Мен кыйрадым, бул эки ай мен үчүн жашоомдогу эң оор мезгил болду. Баары бүткөндөн кийин мен Кудайга жалындым: «Теңир, эмне үчүн мындай болду? Мен Сенин жетекчилигиңе ишендим эле го».

Теңир мага мени жетектегенин, бирок мен көрсөтмөнү кабыл албаганымды көрсөттү. Бул сөздөргө таң калып: «Кандайча?» деп сурадым.

Ал: «Атаң аркылуу, бирок сен аны укпай койдуң», – деп жооп берди.

«Бирок атам жогорудан төрөлө элек», - деп талаштым. Ошондо

Кудай мага Анын Сөзүндө: «Балдар, ата-энеңер жогорудан төрөлгөндө гана баш ийгиле» деп айтылбаганын эскертти. Ал: *«Сен Менин баламсың; Ошондуктан, Мен силерди туура жолго салуу жана коргоо үчүн, Өзүмдүн акылмандыгым менен насаатымды ата-энеңдин жүрөгүнө салам»* деп түшүндүрдү.

Мен дароо жооп бердим: «Бирок, эми мен өз алдымчамын. Атам миң чакырым алыстыкта жашайт жана менин эсебимди төлөбөйт».

Ал мындай деп жооп берди: *«Эсептериңди төлөп, ата-энеңден миңдеген чакырым алыс жашаганың, Менин аларга баш ийүү жөнүндөгү буйругумдун күчүн жоготпойт».*

Анын буйругун аткаруу, эгер биз аны аткарсак, анда бата алабыз деген убадасы менен коштолот. Мен өзүмдүн тил албастыгымдын айынан, ачуу жемишти оруп алганыма күбө болдум.

Качан адам ата менен эненин бийлигинен бошонорун мага Кудай түшүндүрдү. Ал эң башынан эле: «Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот» деген (Башт. 2:24).

Ата-эненин баласына бере турган акыркы кеңеши – бул никеге карата батасы. Бир нерсени айта кетейин, Лизанын атасы мага үйлөнүү үчүн батасын бергенден кийин, ал буга абдан таң калганын айткан. Мен анын себебин сурасам, ал: «Анткени, ал мага сенин машайакчы экениңди жактырбай турганын айткан» деди. Бул окуя падышанын (же бизди жетектегендердин) жүрөгү Кудайдын колунда экенин дагы бир жолу тастыктады.

Кудайдын парызына кайрылып, мен муну айткым келет: Кудайдын сөздөрүндө эркек менен аял мыйзамдуу түрдө никеде турганда, баш ийүүнүн жаңы тартиби орнойт деп баса белгиленет. Кудайдын аял ата-энесин таштап кеткени тууралуу эч нерсе айтпаганынын себеби – ал үй-бүлөдө жаңы тартипти орнотпогондуктан; үй-бүлөдө бийлик эркектин мойнунда.

Балдар үйлөнгөндө, алар ата-энесине баш ийүү буйругуна

баш ийбейт, бирок аларга урмат көрсөтүү талап кылынат. Бир жолу ата-энемден сураганым эсимде, алар башыбызга кыйынчылык түшкөнүн көрүп, эмне үчүн аялым экөөбүзгө кеңеш беришпейт деп. Алар жөн гана: “Силер биздин пикирибизди эч качан сураган эмесиңер” деп жооп беришти. Алар кандай гана такыбалык кылышкан! Кээде ата-энелер балдарынын үй-бүлөлүк жашоосуна никеге чейин кийлигишкендей кийлигишип жатканын көрүп калам. Натыйжада, алар рухий жарааттарды жана түшүнбөстүктөрдү оруп алышат жана мунун баары Ыйык Жазууда айтылгандай, балдарына эч качан эркиндик бербегендиктен.

## БАЛДАР ҮЧҮН АТАЙЫН ЭСКЕРТҮҮ

Бир нече жыл жаштар пастору болуп кызмат кылгандан кийин, мен көптөгөн жаштар кандай кооптуу жолдор менен жүргөнүн билдим. Мен ата-энеге урмат-сый менен мамиле кылуунун маанилүүлүгү жөнүндө Кудайдын Сөзүнөн өзүнчө көрсөтмө бергим келет. Мен муну окуган жигит же кыз өсүп келе жаткан муундун арасында жигердүү жайылып жаткан күнөөнүн ачыткысынан кутулса деген үмүт менен жасайм. Бул вирус сыяктуу жана өлүм сыяктуу кооптуу. Ыйык Жазууда минтип жазылган: «Атасын же энесин жамандаганга наалат! Ошондо бүт эл: «Оомийин» дейт» (Мыйз. 27:16).

Бир жолу жалгыз бой эне өспүрүм баласы менен кеңешүү үчүн мага келди. Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө өсрүрүм жигит апасын келесоо, артта калган адамдай жек көрүү менен ага кайра-кайра кайрылды. Мен аны бир нече жолу оңдодум, бирок бул уланып атты. Маегибиздин акырында өзүмдүн таң калуума: “Жигит, апаңа кылган мамилең үчүн тобо кылбасаң, түрмөдө болуп калышың мүмкүн” деп салдым. Мен таң калдым – анткени, бул менин сөздөрүм болчу. Бул жигит куткарылган ишенүүчү болгон жана биздин жаштар тобуна катышкан. Менин оозумдан бул кантип чыгып кетти?

Дээрлик алты жыл өткөндөн кийин (ал кезде мен жаштардын пастору эмес болчумун, бирок насаат айтып шаарларды кыдырып жүрчүмүн), жекшембилик кызматтардын биринен кийин мага ошол жигиттин апасы келди. Ал мындай деди: «Пастор Джон, менин уулума эгер ал өзгөрбөсө, түрмөгө камала турганын айтканыңыз эсиңиздеби? Ошентип, ал эки жылдан бери түрмөдө отурат».

Мен ал окуяны унутуп калган болчумун, бирок ал айтканда дароо эстедим. «Кантип ал бул жөнүндө сүйүнүү менен айтып жатат?» деп ойлодум. Анан мен эмне болгонун түшүндүм. Ал сөзүн улады: «Эми ал чындап Кудай деп күйүп жатат. Ал башка отургандарга күбөлүк айтып жана түрмө кызматына катышып жүрөт. Ал сиздин китептериңизди окуйт жана алардан көп нерсени үйрөндү».

Кудайдын өкүмү бул жигиттин жашоосун түп-тамырынан бери өзгөрткөнүнө таң калдым. Албетте, баарын эртерээк түшүнүп, окуядан бир нече жыл мурун ага айтылган сөздөрдү угуп, мындай кырсыктарды баштан кечирбесе жакшы болмок. Бирок, эң негизгиси азыр анын жүрөгүндө Кудайга болгон жалындуу сүйүү күйүп турган эле.

Балдардын ата-энелерине физикалык же оозеки кол салуусунун кесепеттеринин олуттуулугун Байыркы Келишимде ооздукталбаган балдарга кандай мамиле жасалганынан көрө алабыз: «Ким атасын же энесин урса, ал өлүм жазасына тартылсын» (Чыг. 21: 15); жана ошондой эле: «Ким атасына же энесине жаман айтса, ал өлүм жазасына тартылсын» (Чыг. 21:17). Ыйса ошондой эле, Байыркы Келишимге шилтеме кылган: «Кудай мындай деп осуят кылган: “Ата-энеңди сыйла”, “Ким атасына же энесине тил тийгизсе, ал өлүм жазасына тартылсын» (Мт. 15:4).

Муса пайгамбар козголоңчу балага кандай мамиле кылуу керектиги боюнча төмөнкүдөй көрсөтмө берген:

> Кимдин уулу ээнбаш, тентек чыкса, атасынын да, энесинин да тилин албаса, алар аны жазаласа да тил албаса, анда

атасы менен энеси аны кармап, шаар аксакалдарына, дарбаза алдына алып келип, өздөрүнүн шаарынын аксакалдарына мындай дешсин: “Биздин бул балабыз тентек, ээнбаш чыкты, сөзүбүздү укпайт, жатып ичер, аракеч”. Ошондо шаардын эли аны таш бараңга алып өлтүрсүн. Өз ичиңен жамандыкты ушинтип жок кыл, муну ысрайылдыктар угуп, коркуп калышат (Мыйз. 21:18-21).

Эгерде бул сөздөр бүгүнкү күндө колдонулса, анда биздин жыйындардагы жаштарга каршы мындай кыргындар үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү керек эле. Бирок, азыр мындай жаза жок болсо да, Кудайдын козголоңго болгон мамилеси так, катаал жана такыр өзгөрбөгөнүн көрөбүз. Жүрөктө козголоңго жол бербешибиз керек, анткени ал - киши өлтүргүч.

Балдарымдын ар кандай козголоңдон алыс болушун эскертем. Эң алдамчы же жашыруун форма - бул арыздар. Алар жөн жерден ооздон чыккан сөз менен бийликти сыйлабастыкка себеп болушууда: «Мени жетектеген жолуңуз мага жаккан жок. Мен сиздин ордуңузда болсом, башкача иш кылат элем”. Бул жетекчиликти кемсинтет. Эми түшүндүңөрбү, эмне үчүн Ысрайыл уулдарынын нааразычылыгы алардын убадаланган жерге кирбей калганына себеп болгон? Алардын наалыганы Мусага багытталган болсо да, Кудайды сыйлабагандыктын белгиси болчу. Мындайча айтканда, алар башкача кылгысы келерин, Кудайга Анын туура эмес кылып жатканын айтып жатышты.

Ата-энени сыйлоо узак жана бакубат жашоонун сонун баталарын алып келет. Мен соттун ордуна жашоону тандамакмын, бул биздин жүрөгүбүздө бекемделип калыш керек.

## НИКЕ

Келгиле, азыр никедеги Кудайдын тартибине көңүл буралы. Ыйык Жазууда аялдар күйөөлөрүнө «бардык нерседе» баш

ийиши керектиги айтылат (Эф. 5:24). Бул осуят рухий нерселерге гана эмес, жашоонун табигый чөйрөлөрүнө да тиешелүү. Пабыл: «Күйөөлөрүнө», – деген. Башка эркектер аялдын үстүнөн бийликке ээ эмес, күйөөсү гана. Пастор башка адамдын аялынын үстүнөн жыйын жашоосунун жана рухий иштердин чегинде гана бийликке ээ, жетекчи үйдөн сырттагы иштерге карата гана бийликке ээ, жарандык бийлик коомдук маселелер чөйрөсүндө гана. Бирок, үйдөгү бийлик жөнүндө сөз кылганда ал күйөөсүнүн колунда.

Сексенинчи жылдардын орто ченинде жубайым экөөбүз туура эмес окутуунун таасирине кабылдык. Бул окууга ылайык, Жаңы Келишимди бир нече шовинист эркектер жазган, ошондуктан биз күйөө менен аялдын ортосундагы бийлик маселесине келгенде алардын сөздөрүн түз мааниде кабыл албашыбыз керек. Бизге Ыйса бардыгы үчүн бирдей күнөөдөн арылтканы айтылган. Бул чыныгы чындык, бирок арылуу бийликти жокко чыгарбайт. Ушул окутуунун айынан көп жылдар бою үйдүн тынчтыгын жоготтук. Биз лидерлик үчүн тынымсыз күрөшкө аралашып калдык.

Бир күнү үй-бүлөдө бир нече жыл баш аламандык болгондон кийин, аялыма: «Кудай мени бул үйдүн башчысы кылып койду, макул болсоң да, макул болбосоң да ушул нерсени аткарам» дедим. Ошондон баштап менин айланамда баары жакшы жакка өзгөрө баштады, муну жубайым жөнүндө айтууга болбойт эле. Теңир лидер катары мен өзүмдөн ылдыйдагыларды мажбурлабашым керек экенин көрсөттү. Ыйса бизге муну кылбайт, бирок биздин кол алдыбыздагылар бизди ээрчибесе, алар азап тартышат.

Мен Кудайлык дүйнөгө кирдим, ал эми Лиза үй жумуштарынын бардык түйшүгүн көтөрө берди. Ал менин жоопкерчиликсиз жетекчи экениме ынанып жүрдү. Мен жаш болчумун, кемчиликтерим көп болгондуктан, анын мага койгон

бардык айыптоолору толук негиздүү болчу. Кээде анын коркуу сезими ушунчалык билинип, түн жарымында мени ойготуп, мен өзүмдүн тиешелүүмдү көтөрбөй жатканымды жана ал өзүнө тиешелүү болгондон да көп иштерди жасап жатканын эскертчү. Мен жөн гана баарын Кудайдын колуна тапшырууну сунуштап, анан кайра уктап калчум, ал эң жаман нерселерди ойлонуп, жанымда эки жака оодарылууну уланта берчү.

Лизанын жүгү чыдагыс болуп калды. Ал дайыма тынчсызданып, акыл-эси эч качан эс алчу эмес, бирок биздин үй-бүлө сөзсүз туш боло турган ар кандай үй-бүлөлүк кризистердин жаңы сериясын оюнда кайталаган сайын анын тынчсыздануугa кошумча себептери пайда болчу.

Бир нече убакыт өткөндөн кийин, анын ичинде кармап турган чыңалуу дээрлик чыдагыс болуп калды. Ал басымды кандайдыр бир жол менен жеңилдетүү үчүн, узак убакыт душка же ваннага түшүүгө аргасыз болгон. Бир күнү кечинде Лиза адаттагыдай душка түшүп, менин үстүмдөн арызданып жатканда, Кудай ага: «*Лиза, сен Джонду жакшы лидер деп ойлойсуңбу?»*-деп сүйлөдү.

Ал дароо жооп берди: «Жок, албетте, жок! Мен ага ишенбейм!»

Ал мындай деп жооп берди: «*Лиза, сен ага ишенүүгө милдеттүү эмессиң. Сен Мага гана ишенишиң керек. Сен Джонду үй-бүлө башчысы болуу анын колунан келбей атат деп ойлойсуңбу. Сен жакшыраак кыла ала тургандай сезип атасыңбы. Сен сезип жаткан тынчсыздануу жана чыңалуу бул үй-бүлө башчысына тиешелүү болгон салмак жана басым. Сен үчүн бул - моюнтурук, ал эми күйөөң үчүн - бул жамынчы. Аны өзүңдөн чеч».*

Ошондо ал дароо баарын түшүндү. Баш ийүүнү бийликке зар күйөөсү эмес, Кудай буйруган. Үйдөгү жетекчилик ал үчүн оор жүк болуп чыкты, анткени бул ага арналган эмес. Кудай ага күйөөсү үчүн жүктөлгөн жоопкерчиликтин бардык жүгүн майлоосуз жана батасы жок эле өзүнө жүктөөгө уруксат берген. Ал душтан чыгып ыйлап, кечирим сурап, мен андан бир нече ай

мурун тапкан бейпилдикке кирип, көп жылдан бери биринчи жолу биздин үйдө чыныгы ынтымак өкүм сүрдү.

Ошол күнү кечинде Ыйык Рухтун жетекчилиги ага Кудай күйөөсүнүн тандоосу жана чечими менен макул болгондо гана баш ийүүнү буйруп жатпагандыгын түшүнүүгө ага жардам берди. Ал эгер Кудайдын буйругуна баш ийсе, анда Анын коргоосу ага келээрин түшүндү. Ошол окуядан кийин мен ката кетирдимби? Албетте. Жада калса өтө көп. Ошентсе да, Кудай Лизаны коргоп, менин каталарымда анын жүрөгүнө тынчтык берди. Ал тил алчаактыкта болгондо, күйөөсү кандай туура эмес чечим чыгарбасын, Анын коргоосу анын үстүндө.

## АКЫЛСЫЗ ЖЕ КУТКАРЫЛБАГАН КҮЙӨӨЛӨР

Аялдарга күйөөлөрүнө баш ийүү буйругу бир гана күйөөлөрү ишенген аялдар үчүн гана айтылган эмес. Петир мындай деген: «Ошондой эле, силер, аялдар күйөөңөргө баш ийгиле. Кимиңердин күйөөңөр Кудайдын сөзүнө баш ийбесе, ал силердин таза, Кудайдан корккон жашооңорду көрүп, силердин сөзүңөр аркылуу эмес, жүрүш-турушуңар аркылуу Кудайга баш ийгидей болсун» (1 Пет. 3:1-2).

Келгиле, бул сөзгө көңүл буралы: «Ошондой эле, силер, аялдар…» Петир азыр эле жетекчилердин адилетсиз мамилесине моюн сунуу деген темадагы талкууну жапты. (Биз бул жөнүндө 13-бөлүмдө кенен талкууладык.) Анан ал дароо эле аялдарга күйөөлөрү тууралуу ушундай көрсөтмөлөрдү берди. Бул аяттардын баарын чогулта турган болсок, биз муну окуйбуз:

> Кулдар, өзүңөрдүн кожоюндарыңардын жакшы жана момундарына гана эмес, катаалдарына да урмат көрсөтүү менен баш ийгиле. Анткени, ким адилетсиз эле жерден азап тартып жатса, бирок ошол азапты Теңир үчүн көтөрө билсе, бул Кудайга жагат.

> Ошондой эле, силер, аялдар күйөөңөргө баш ийгиле. Кимиңердин күйөөңөр Кудайдын сөзүнө баш ийбесе ал силердин таза, Кудайдан корккон жашооңорду көрүп, силердин сөзүңөр аркылуу эмес, жүрүш-турушуңар аркылуу Кудайга баш ийгидей болсун (1 Пет. 2:18, 19; 3:1-2).

Өкүнүчтүү, бирок чындык: мен кээ бир “ишенген” күйөөлөрдү жолуктурдум, алар өздөрүнүн лидерлик ролдорунда ишенбегендерге караганда орой мамиле кылышкан. Куткарылбаган күйөөлөргө баш ийүү эң кыйын. Дагы бир жолу баса белгилегим келет: эгерде күйөөсү аялына Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген нерсени айтса, аял анын талаптарына баш ийүүгө милдеттүү эмес, бирок ошол эле учурда ал жумшактык менен мамиле кылышы керек.

Петирдин айтымында, бул момун мамиле күйөө үчүн күчтүү күбөлөндүрүү болушу мүмкүн, атүгүл кабарланган сөздөн да күчтүү. Мен күйөөсү ишенбеген аялды билем. Ал көп жылдар бою ага кабар айтып, анын үстөлүнө баракчаларды калтырып, төшөгүнө жана ал эс алууну жактырган жерлерине Ыйык Китептерди салып, журналдык үстөлүнүн үстүнө машайакчы журналдарын коюп жүрдү. Эгерде ал үй-бүлө башчылары ишенген адамдар болгондорду тандап, үй-бүлөлүү жуптарды үйгө чакырса, алар күйөөсүнө күбөлөндүрөт деп үмүттөнөт.

Бир күнү Теңир ага: *«Күйөөңдүн куткарылышына дагы канчага тоскоол болосуң?»* – деди. Ал таң калып: “Мен күйөөмдүн куткарылышына тоскоол болуп жатамбы? Бирок кантип?»

Анан Кудай ал кабар айтып, жагдайларды башкарып жатканда, ал Анын буйруганын аткарбай турганын түшүндүрдү. Ал ага 1 Петирдин аятын көрсөтүп, мындай деди: *“Баракчаларды, журналдарды жана Ыйык Китептерди алып сал жана бул түгөйлөрдү үйүңө чакырганды токтот”.*

Ал мага: «Джон, мен аны жөн эле сүйүп жана бардык нерседе тил алчаак боло баштадым, бир-эки айдын ичинде

күйөөм Ыйсага өз өмүрүн берди» деди. Мен алардын үйүндө бир аз калып, бул кишинин Теңирди канчалык сүйөрүн өз көзүм менен көрдүм.

Эгерде биз жөн гана ишенсек жана Кудайдын Сөзүндө айтылгандарга баш ийсек, анда биз үй-бүлөбүздө кереметтерди көрүп, биздин түшүнүгүбүздөн жогору турган дүйнөгө ээ болмокпуз. Бул сөздөрдү бизге башкаларды башкарууну, манипуляциялоону жакшы көргөн, бийликти сүйгөн лидерлер эмес, Кудай берген деген фактыны ашыкча балоого болбойт. Ал аларды биздин гүлдөп-өсүшүбүз жана коргонучубуз үчүн айткан жана биз алардын айрымдарын кийинки бөлүмдө көрөбүз. Кыйынчылыкка кабылганда, биз Анын убадасына ишенсек болот: «Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой” (Жеремия 29:11).

## СВЕТТИК БИЙЛИК

Жаңы Келишимде бизге жумушка жана окууга байланыштуу айрым көрсөтмөлөр да берилген. Пабыл мындай деп жазган:

> Кулдарга айт, бардык жагынан биздин Куткаруучубуз Кудайдын окутуусуна жасалга болуш үчүн, алар өз кожоюндарына бардык нерседе баш ийишсин, алар менен айтышпай, уурулук кылбай, тескерисинче, бардык нерседе ишенимдүүлүк көрсөтүп, кожоюндарынын көңүлүнө жагышсын (Тит 2:9, 10).

Мен ишенбеген жетекчилердин же компаниянын ээлеринин өзүлөрүнүн жумушчуларынын кабар айтып жатканы үчүн эмес, оор кырдаалдарда Анын мүнөзүн жана иш этикасын көрсөткөнү үчүн, кызматкерлеринен Ыйсаны көрүп жатканын айтышканын укканда, мен ар дайым кубанам. Бул адамдар мага: «Алар эч качан талашып-тартышпайт, арызданбайт, артыңан

шыбырашпайт», же «Алар башкаларга караганда көбүрөөк иштешет», же «Алар эң чынчыл жана ишенимдүү жумушчулар» деп айтышат. Жумушчуларынын күбөлөндүрүүсүнөн улам, алар менин Ыйса жөнүндө айткандарымды кызыгуу менен угушат.

Бирок, мен тескери да нерсени башыман өткөрдүм. Бир жолу рейстердин биринде жанымда отурган жүргүнчү менен сүйлөшүп калдым. Бул киши бир чоң шаардагы чоңдугу экинчи орунда турган такси паркынын ээси болуп чыкты. Экөөбүз ал менин машайакчы кызматчы экенимди билгенге чейин жагымдуу маек куруп сүйлөштүк. Анан ал капысынан унчукпай, мурдагыдай эркин сүйлөй албай калды. Бирок, экөөбүз жылуу мамиледе болгондуктан, эмне үчүн ал мага болгон мамилесин кескин өзгөрттү деп суроо мага оңой эле.

Ал мындай деп жооп берди: «Макул, мен сага айтам. Менин компаниямда бир аял иштеген, ал «жогорудан төрөлгөн машайакчлардын» бири болчу. Кеңседе өзүнүн жана башкалардын жумуш убактысын уурдап, оңго-солго кабар айтып жүргөн. Ал бизден кеткенден кийин өзүнө таандык эмес нерсени алып, андан тышкары Германияда жашаган уулу менен телефон аркылуу сүйлөшкөндүгү үчүн мага сегиз миң доллардык карыз калтырып кеткен».

Мен кыя чапкандай болдум: анткени анын жүрүм-турумунан жана уурулугунан улам, ал кеңсенин бардык кызматкерлери Кудайдын Сөзүн кайра уккусу келбейт болуш керек. Дал ошондуктан, Пабыл: “[Аларга акыл айт] айтышпай, уурулук кылбай, тескерисинче, бардык нерседе ишенимдүүлүктү көрсөтүшсүн»,-деген. Биз тил алчаак болгондо, талыкпай эмгектенип, жумуш берүүчүлөрүбүз же мугалимдерибиз тарабынан коюлган эрежелерге жана мыйзамдарга баш ийсек, ошону менен биз Теңирибиз Ыйса Машаяктын ырайымынын тирүү күбөсү болобуз.

Башка жерде Пабыл мындай деп жазган:

> Кулдар, кожоюнуңарга бардык нерседе баш ийгиле, адамга жагынуучулар сыяктуу алардын көзүнө көрүнүш үчүн эмес, чын жүрөктөн, Кудайдан коркуу менен баш ийгиле. Эмне жасасаңар да, бардыгын чын жүрөктөн, адамдар үчүн эмес, Теңир үчүн жасагыла (Кол. 3:22, 23).

«Бардык нерседе баш ийгиле» деген сөзгө көңүл бурсаңар. Жетекчиңер же мугалимиңер канчалык адилетсиз көрүнбөсүн, ага баш ийгениңер чындыгында Теңирге баш ийүү менен барабар.

Элчи Пабыл дагы мындай дейт: «Анткени сыйлыкка Теңирден мурас аларыңарды билесиңер, силер Теңир Машайакка кызмат кылып жатасыңар» (Кол. 3:24). Эгер ал аял чындыгында Теңирден уурдап жатканын билгенде, эч качан аны кылмак эмес деп ойлойм. Ага Кудайдан коркуу жана түшүнүү жетпей калган.

Пабыл кийинки аятта мындай деп улантты: «Ким адилетсиздик кылып жатса, адилетсиздигине жараша тиешесин алат, себеби Теңирде бет карамалык жок». Мага ушул эле абалдын башка котормосунда чагылдырылганы жагат: «Ишине шалаакылык менен мамиле кылган капаланган кул анын жоопкерчилигин алат. Машайакчылыкка таандык болуу жаман иштерди жаппайт»[1].

Сыягы, бул аял компаниянын ээси же жарандык бийлик алдында жооп бербейт; бирок, ал Теңирдин алдында жоопту болот, Анын соту алдында жооп бериши керек. «Денебизде жашап жатсак да, денебизден чыгып кете турган болсок да, Теңирге жагууга аракеттенип жатабыз. Анткени денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек» (2 Кор. 5:9, 10).

1 Англис тилинен котормо (Кабар) Кол. 3:25. — Болжолду котормо.

## ЖАЛПЫ СУРООЛОР

Көпчүлүгү жеке жашоосу алар айткандан такыр башкача болгон лидерлерди укпай турганын айтышат. Бирок, мындай мамиле кайдан келип чыгат - Кудайга моюн сунууданбы же табигый ой жүгүртүүдөнбү? Келгиле, Ыйык Китепте эмне деп жазылганын окуп көрөлү: «Андан кийин Ыйса элге жана Өз шакирттерине мындай деди: «Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер Муса пайгамбардын ордун басышты. Ошондуктан алардын айткандарынын баарын аткаргыла, сактагыла. Бирок алардын кылганын кылбагыла, анткени алар айткандарын өздөрү аткарышпайт » (Мт. 23:1-3).

Ыйса өзүлөрүнүн айткан насааты боюнча жашабаган бузуку жетекчилерге да тил алчаактык кылууну буйруган. Элди бул адамдардын жеке жашоосуна эмес, аларга берилген бийликке кароого багыттаган. Уочман Ни мындай деп жазган:

> Бийлик институттарын орнотууда Теңир кандай тобокелчиликке барды! Өзүнүн ыйгарым укуктарын бурмалаганда, Кудай кандай гана зыян тартат! Ошентсе да, Кудай теңдешсиз кайраттуулук менен Өзүнүн бийлигине кайра-кайра ишенет. Теңирге аларды орноткондон көрө, бийликтерге коркпостон баш ийүү, алда канча оңой. Ал эми, Кудай Өзү бийликти адамга тапшыруудан коркпогондуктан, биз да ага коркпой баш ийсек болобу? Кудай жетекчилерди тайманбастык менен дайындагандай, келгиле, биз да аларга тайманбастан баш ийели. Эгерде кандайдыр бир жерде ката кетирилсе, анда ал үчүн күнөө биздин мойнубузда эмес, жетекчилердин мойнунда болот, анткени Теңир мындай дейт: «Ар бир жан жогорку бийликтерге баш ийсин» (Рим. 13:1).

Баш ийүүчүгө баш ийүү гана керек; Теңир бизди туура

эмес моюн сунгандыгыбыз үчүн соттобойт, анткени бардык каталарыбызды Өзүнөн бийлик алган жетекчиден талап кылат. Бирок, тил албастык – бул козголоң, ошондуктан Кудай бизден бийлик астындагылардан сурайт.

Муну бийликтин адилетсиз куугунтугунан жапа чеккен адам жазган. 20-кылымдын 30-40-жылдарында чет элдик миссионердик уюмдардан көз карандысыз түрдө, ал Кытайдагы жергиликтүү жыйындарды түзүүгө жардам берген жана анын кызматы аркылуу Теңирге көптөгөн адамдар келишкен. Анын иш-аракеттери бийликти кыжырдантып, 1952-жылы камакка алынып, ал жасабаган ар кандай кылмыштар үчүн айыпталган. Калган өмүрүн 1972-жылга чейин түрмөдө өткөргөн. Бирок, анын Теңирден коркуусу камактагылар үчүн эң сонун күбөлөндүрүү болгон жана анын жеке күбөлүгүнөн улам көптөр түрмөдө тобо кылышкан. Анын китептери бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн адамдарга кызмат кылат.

## МЫЙЗАМДУУ БИЙЛИК КАНТИП ТААНЫЛАТ?

Бул китепте мен мыйзамдуу түрдө дайындалган лидерлерди кантип таануу керектиги жөнүндө айтып бердим, эми бул бөлүмдү бүтүрүп жатып, буга чейин айтылгандарды кайталоо пайдалуу болот. Жарандык жана светтик бийлик чөйрөсүндө мыйзамдуу бийликти таануу анчалык деле кыйын эмес. Келгиле, төмөнкү аятты окуп көрөлү: «Ошентип ... мамлекеттик бардык бийликке Теңир үчүн баш ийгиле» (1 Пет. 2:13). Мамлекеттик кызмат адамы – мамлекет алдында, эл алдында ант берген адам же иштеп жаткан бийлик тарабынан кызматка дайындалган адам. Ишканалардын жетекчилери, же жалданма мугалимдер, же окуу жайлардын директорлору да бар, алардын бийлиги да мыйзамдуу экенин билебиз.

Үйдөгү бийлик да оңой эле таанылат. Аял күйөөгө тийгенде күйөөсүнүн бийлигине, коргоосуна жана камкордугуна кирет.

Үй-бүлөдө бала пайда болгондо, ал ата-энесинин карамагында болот. Эгерде бала асырап алынса, ал асырап алган ата-энесин биологиялык ата-энесиндей эле сыйлашы керек. Балдар үйүндө же камкордукка алынган бала анын үстүндө тургандарды сыйлашы керек.

Жыйындагы бийликтин легитимдүүлүгүн таануу маселеси бир аз татаалыраак. Ыйык Жазуу жыйынга жалган элчилердин, жалган окутуучулардын, жалган жетекчилердин пайда болушу жөнүндө эскертет; мындай адамдарга баш ийбешибиз керек. Пабыл айткандай: «Ал эми жыйынга жашыруун түрдө кирген жалган «бир туугандарга» бир азга да макул болгон жокпуз, көнгөн жокпуз» (Гал. 2:4-5). Жалган лидерлер өзүн эки жол менен көрсөтүшөт. Биринчиден, алар Ыйык Жазууга туура келбеген окутууну алып келишет. Жаңы эле айткан контекстинде Пабыл бир аз мурдараак мындай деп жазган: «Бирок бизби же асмандан келген периштеби, башында силерге өзүбүз тараткан Жакшы Кабарга каршы келген «Жакшы Кабарды» таратса, ага анафема» (Гал. 1:8). Ошол себептен Пабыл андай жетекчилерди сыйлаган да, аларга баш ийген да эмес.

Экинчиден, жалган лидерлер жыйынга өзүн-өзү дайындоо аркылуу көтөрүлөт. Кудайдан дайындоо Ыйык Рухтан келет жана буга чейин талапкердин жашоосун көзөмөлдөгөн ыйгарым укуктуу аксакалдар тарабынан ырасталат. Байыркы Келишимде бул процесс Жашыяны дайындоодо сүрөттөлгөн. Кудай Мусага мындай деди:

> Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Ичинде Рух бар Нундун уулу Жашыяны өзүңө чакырып, башына колуңду кой, анан аны ыйык кызмат кылуучу Элазардын алдына, бүт жамааттын алдына тургузуп, алардын көз алдында ага акыл-насаат айт. Анан Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты ага баш ийиши үчүн, өз даңкыңдан бер (Сан. 27:18-20).

Кудай Жашыяны тандап алды, бирок Өзүнүн тандоосун азыркы жетекчилер Муса менен Элазар аркылуу тастыктады. Бул адамдар Жашыяны көп жылдар бою байкап жүрүшкөн. Ошол эле дайындоо системасы Жаңы Келишимде да бар (Элчилер 13:1-4).

Пабыл: «Анткени өзүн мактаган адам эмес, Теңир мактаган адам татыктуу», - деп айткан (2 Корунттуктарга 10:18). Өзүн лидер атагандарга баш ийүү коркунучтуу. Жыйынга кызматта ишенимдүүлүктү көрсөткөн талапкерлер дайындалышын Кудай ар дайым тастыктайт. Ыйса Тиатира жыйынынын ишенүүчүлөрүн өзүн пайгамбар аял деп атаган Изабелдин аларга үйрөтүүсүнө уруксат бергени жана анын жалган бийлигине баш ийгендиги үчүн айыптаган (Аян 2:20-25). Мен өзүн-өзү кызматчыбыз деп атагандарды кантип таануу керектиги жөнүндө «Теңир мындай дейт?» деп аталган бүтүндөй бир китеп жазгам. Бул маселени изилдөөгө жакшы жардам бере алат; китеп рухий бийликти кыянаттык менен пайдалануу, ошондой эле, бийликтин жалган көрүнүштөрүнө арналган.

Биз чындап куткарылып, Кудайдын эркин издегенибизде, жыйындагы мыйзамдуу бийликти таанууда эч кандай кыйынчылык болбойт. Ыйса мындай деген: «Кудайдын каалоосун аткаргысы келген адам, бул окутуу Кудайданбы же Мен Өз атымдан сүйлөп жатамбы, билип алат» (Жакан 7:17). Бул жерде негизги сөздөр: «Ким Анын эркин аткарууну каалайт». Биз Кудайдын эркин издегенибизде, Ал бизге Ыйык Рух аркылуу кыраакылык жөндөмүн берет. Бул тууралуу Жакан мындай деп жазган: «Дегинкиси, силер Ыйык тарабынан майлангансыңар, ошондуктан баарын эле билесиңер» (1 Жакан 2:20).

Уочма Ни мындай деп жазган: «Эгер биз чындап эле Кудайга баш ийүүнү үйрөнсөк, анда ким Кудайдын бийлиги *(рухий бийлик)* астында экенин аныктоодо эч кандай кыйынчылык болбойт». Эгер сен Кудайды таанысаң, анда

бийликти да билесиң, анткени, Ал жана Анын күчү ажырагыс.

Кудай Аны издеп, Ага моюн сунгандарга сыйлыктарды берет. Кийинки бөлүмдө биз бийликке баш ийүүнүн улуу артыкчылыктарынын айрымдарын көрөбүз.

17-БӨЛҮМ

# УЛУУ ИШЕНИМ

*Канчалык баш ийүү деңгээлибиз жогору болсо, ошончолук ишенимибиз күчтүү болот.*

Бул акыркы бөлүмдө биз көңүлүбүздү «эмдөөнүн» пайдаларына, башкача айтканда, Жаратkандын калканычынын астына киргендердин баары үчүн болгон укмуштуудай соопторго жана берекелерге бурабыз. Артыкчылыктарды сүрөттөөгө көптөгөн китептерди арнаса болот. Биз алардын айрымдарына гана токтолобуз, калганын силер Ыйсадагы жеке баштан өткөрүүңөр жана тажырыйбаңар аркылуу ача аласыңар.

## ТЕҢИРИМ, БИЗДИН ИШЕНИМИБИЗДИ КӨБӨЙТ

Мындан бир нече жыл мурун, мен буга чейин көп жолу кылып жүргөндөй эле, таңкы саат 05:30да кеңсеме сыйынганы бардым. Бирок, бул жолу, сыйынганга чейин эле, мен Ыйык Рухтун үнүн уктум: *«Луканын Инжилинен, он жетинчи бөлүмдү ачып, бешинчи аяттан баштап окуй башта».*

Толкунданып бул жерди ачып карасам, ыр саптары мага абдан тааныш экен. Мен аларды насааттарым үчүн да колдончумун, бирок бул да менин толкунданганымды басаңдата алган жок. Турмуштук тажрыйбага таянып, эгер Кудай мага аят окууну буйруса, анда мен ал жерден мен мурда

байкабаган жаңы нерсени үйрөнөм дегенди билдирерин билчүмүн. Келгиле, бул аятты чогуу карап көрөлү.

Элчилер Теңирден: «Ишенимибизди арттыр», - деп суранышкан (Лука 17:5). Ошол күнү эртең менен Анын мага көрсөткөнүн изилдөөнү улантаардан мурун, адамдар эмне үчүн Теңирден ишенимин арттыруу үчүн жалбарышканын көрсөтөм. Балким, Ыйса азыр гана өлгөндөрдү тирилткенден уламдыр? Же балким, бир нече нан жана балык менен беш миңди тойгузгандан уламдыр? Же бир сөз менен гана толкунданып жаткан деңизди тынчтандырган үчүндүр?

Жок, жок, жок, дагы бир жолу жок! Ыйса аларга жөн эле: «Өзүңөргө сак болгула. Эгерде бир тууганың сага каршы күнөө кылса, ага эскертүү бер. Эгерде кечирим сураса, аны кечир. Эгерде ал бир күндүн ичинде сага каршы жети жолу күнөө кылып, сага жети жолу келип: “Күнөөмдү мойнума алам”, – десе, аны кечир» дегендир (Лука 17: 3, 4-аят).

Өзүнүн күчү менен өзгөчөлөнбөгөн кереметтер аларды ишенимдин күчөшү үчүн кыйкырууга түрткөн. Бул аларга каршы туура эмес кылгандарды кечирүү үчүн жөнөкөй буйрук болчу. Бул адамдар мыйзам алдында жашап, аларды таарынткандарга карата “көзгө көз, тишке тиш” деп жооп берүүгө көнүп калышкан. Ыйса аларды ушул убакка чейин укпаган жол менен алып барды.

Анан бул жол аларга бир аз туура эместей көрүндү. Кудайдын кулк-мүнөзү боюнча жүрүү буйругу аларды таң калтырды. Кантип алар мынчалык оор ишти жасай алышты? Мына жооп: «Бизде болгон ишенимди арттыр!» Алар тил алчаак болуу менен ишенимдин бири-бири менен тыгыз байланышта экенин билишчү, - бул мен муну жаңы көз караште көрөм деп ойлогон нерсем эле.

Алардын ишенимин күчөтүү жөнүндөгү өтүнүчүн угуп, Ыйса аларга мындай үлгү-насаат аңгеме айтып берди: ««Эгерде

силердин сары кычы данындай ишенимиңер болсо, бул анжир дарагына: “Тамырың менен суурулуп, деңиздин ичине отургузул”, – десеңер, ал силерди укмак», – деди” (Лука 17: 6-аят). Мен бул аяттар менен мурда эле тааныш элем жана Ыйсанын Кудайдын ишеними жөнүндөгү окуусун жакшы билчүмүн. Эгерде биз тоого ордуңан козголуп, деңизге түш деп айтсак жана жүрөгүбүздө шектенбесек, анда биз айткандай болот (Марк 11:22-24). Эч кандай айырмасы жок, тоонун ордуна анжир дарагын мисалга келтирди.

Бул сөздөрдөн да ар бир ишенген адамга ишеним алгач кычы даны катары берилгени көрүнүп турат. Мына, Падышачылыктын себүү жана оруу принциби: «Кудайдын Падышалыгы жерге үрөн сепкен адамдай» (Марк 4:26). Куткарылганыбызда, ар бирибиз ишенимге ээ болдук (Рим. 12:3). Ал үрөн катары берилет, аны уруктандыруу, өстүрүү биздин милдетибиз. Ал кантип өсөт? Жооп эми жакын.

## ТҮШКҮ УБАКЫТ КЫЗМАТЧЫ ҮЧҮНБҮ?

Мен окуй бердим, бирок өтө кылдаттык менен окудум, анткени, кийинки төрт аят мени дайыма таң калтырчу. Мен Ыйса шакирттерине ишенимди кантип жогорулатуу боюнча жылаңач эле формулаларды бербегендигин түшүнө баштадым. Ал аларды бийликке баш ийүү менен түздөн-түз байланышкан жашоо образына багыттамакчы болгон. Анын үлгү-насаат аңгемесин уккула:

> «Бирөөңөрдүн жер айдаган же мал кайтарган кулуңар бар дейли. Ошол кул талаадан келери менен кожоюну ага: “Тез келип, дасторконго отур”, – деп айтабы? Тескерисинче, ага: “Мага кечки тамакты даярда, мен тамактанып бүткөнчө, белиңди бууп, мага кызмат кыл, андан кийин өзүң тамактан”, – деп айтат да. Буйругун аткарганы үчүн, ал кулуна, эмне, алкыш айтабы? Айтат деп ойлобойм (Лук. 17:7-9).

Мен дайыма Ыйсанын эмне үчүн күтүлбөгөн жерден башка темаларга өтүп кеткенине кызыкчумун. Биринчиден, Ал дарактарды жулуп салуучу ишеним жөнүндө айтып, анан күтүлбөгөн жерден кулдун жүрүм-турумуна өттү. Мен үчүн бул кандайдыр бир маанини жана логиканы бузуу сыяктуу көрүндү, бирок ошол күнү эртең менен мен баарын түшүндүм.

Бул аяттарды кайрадан жана өтө жай окуп жатып, Ал менин жүрөгүмө кандай аян салат деп күттүм. Бир маалда мен: *«Сенин жериңди иштеткен кызматчынын түпкү максаты эмне? Койлорду кайтарган кызматчынын түпкү максаты эмне? Жыйынтык кандай болот?»* дегенди уктум.

Бир саамга ойлондум. Анан мага жетти: даярдалган тамакты дасторконго кой. Мен Ыйсанын эмне айткысы келгенин түшүндүм. Кызматчынын эмгегинин жыйынтыгы кожоюндун дасторконундагы тамак болсо, кожоюну тамактанганга чейин кулдун тамактанууга кандай укугу бар? Ал адегенде өзүнүн ишин бүтүрүшү керек эмеспи? Албетте керек! Бүтпөгөн иш такыр башталбагандай эле жаман. Эгер талааны айдап андан жебесек, анын эмне кереги бар? Эгер жүн, эт, сүт жок болсо, анда мал багып эмне кереги бар?

Муну түшүнгөндөн кийин мен андан ары окудум: *«Силер да, силерге буйругандын баарын аткаргандан кийин:* «Биз эч нерсеге татыбаган кулдарбыз, анткени биз эмне кылышыбыз керек болсо, ошону кылдык» деп айткыла» (Лука 17:10, курсив автордон).

Ал бул мисалды түз эле бизге жиберди. Окуган сайын *«баарын кыл»* жана *«буйрулганды»* деген сөздөр барактан секирип кеткендей болду. Ыйса бул кулдун кожоюнуна баш ийүүсүн биздин Кудайга баш ийүүбүз менен айкалыштырган. Муну менен ишенимдин көбөйүшүнө байланыштуу үч маанилүү жагдайды ортого салган:

1. Ишеним менен бийликке баш ийүүнүн ортосунда түз байланыш бар.

2. Бизге тапшырылган ишти толук аткарганда гана ишеним өсөт.
3. Чыныгы момундук мамиле - эң маанилүү фактор.

Ар бир ойду Ыйык Жазууга кайрылуу менен талкуулайлы.

## ИШЕНИМ МЕНЕН БИЙЛИККЕ БАШ ИЙҮҮНҮН БАЙЛАНЫШЫ

Биринчи пункт – ишеним менен баш ийүүнүн түз байланышы; анын ырасталышын Инжилдерде Ыйсанын жүз башы менен жолугушуусу жөнүндөгү окуядан көрөбүз. Ыйса Капернаумга киргенде, римдик жүз башы Анын жанына келип, шал болуп, катуу кыйналып жаткан кулун айыктырышын суранган. Ыйса: «Мен келип, аны айыктырам» деп жооп берген (Матай 8:7).

Бирок, жүз башы мындай деди: «Теңир! Үйүмө кирүүңө мен татыксызмын. Сен бир ооз сөз айтсаң эле, менин кулум айыгат» (Мт. 8:8).

Ыйса ал кишинин үйүнө барууну каалаган жана даяр болчу, бирок жүз башы Ыйсаны кабыл алууга өзүн татыксыз сезип, Андан мындай кылбоону суранган. Ал Андан жөн гана ошол турган жеринен буйрук берүүсүн суранган жана ошондо кулдун айыгып кетүүсүн айткан. Бирок, жүз башы мындай деди: «Теңир! Үйүмө кирүүңө мен татыксызмын. Сен бир ооз сөз айтсаң эле, менин кулум айыгат» (Мт. 8:9).

Анын позициясын талкуулайлы. Рим легионунун алты миң жоокери болгон. Легиондун ичинде легиондун командирине баш ийген алтымыш жүз башы болгон, алардын карамагында жүз жөнөкөй легионер болгон.

Рим офицери Ыйсага аскерлердин аны урматтап, ага баш ийишкенин, анткени ал өз кезегинде өзүнүн командирине баш ийип жатканын айткан. Ошентип, ал командирдин колдоосуна ээ болду, ал болсо Рим бийлигинин колдоосуна ээ болду.

Жөнөкөй сөз менен айтканда, ал ушуну айткысы келген: «Мен бийликтин адамымын; бирок менде да күч бар. Ошондуктан, мен болгону сөздү айтсам болот, менин кол алдымдагылар менин буйругумду дароо аткарышат».

Ал мындай деди: «Анткени, мен да...» Ал Ыйсанын Өзүнүн Падышачылыгынын астындагы Кудайдын Кулу экенин түшүндү; ошондуктан ал жоокер Ыйсанын рух дүйнөсүнүн асман чөйрөсүндө күчкө ээ экенин, анын өзү да аскерий дүйнөдө күчкө ээ экенин билген. Ал ага буйрук гана керек экенин, андан башка эч нерсе керек эмес экенин, ал буйрук бергенде аскерлер “түздөнүп” туруп калышкандай, шал да баш ийүүгө аргасыз болорун түшүндү.

Муну угуп таң калган Ыйса Өзүнүн артында келе жаткандарга мындай деди: «Мен силерге чындыкты айтып коёюн, Ысрайыл жеринен да мындай ишенимди таппадым» (Мт. 8:10).

Ыйса жердеги отуз үч жыл бою көргөн эң чоң ишеним Чөмүлдүрүүчү Жаканда же Анын энеси Мариямда болгон эмес. Ал мындай ишенимди он эки шакиртинен, айыктырууларды жана кереметтерди алган Ысрайыл уулдарынын биринен да тапкан эмес. Ал Римдин жаранында, жоокерде, Израилдин баскынчыларынын биринде болгон. Эмне анын ишенимин мынчалык чоң кылган? *Ал бийликке баш ийүүгө түшүнүү менен караган.*

Бул Ыйса Өзүнүн улуу ишеним жөнүндөгү үлгү насаат сөзүндө айткан нерсе. Бизде болгон күч ага баш ийгенибизге түз пропорционалдуу. Баш ийүү деңгээлибиз канчалык жогору болсо, ишенимибиз ошончолук күчтүү болот. Эми муну Ыйсанын ишенимде өсүүгө умтулган шакирттерине айткан сөздөрү менен байланыштыргыла: «Эгерде силердин сары кычыданындай ишенимиңер болсо, бул анжир дарагына: “Тамырың менен суурулуп, деңиздин ичине отургузул”, – десеңер, ал силерди укмак», – деди (Лука 17:6). Ыйса биз кылышыбыз керек

болгон нерсе – бул сөздү айтуу экенин айткан жана дарак бизге баш ийет! Бул анжир дарагы кимге баш ийет? Ким «Буйрукту аткарган» болсо, ошого (Лука 17:9).

## АЯГЫНА ЧЕЙИН БАШ ИЙҮҮ

Ыйса айткан экинчи маанилүү жагдай – бул бизге тапшырылган ишти аягына чыгарганда ишеним өсөт. Анын так сөздөрү булар: «Силер да ошолордой болуп, өзүңөргө *тапшырылган ишти аткаргандан кийин»*. Кул кожоюндун эркинин айрым бөлүктөрүнө гана эмес, анын толук аткарылуусу үчүн жоопту. Көп учурда биз бир нерсени баштайбыз жана аны аягына чыгарбайбыз, анткени жөн гана ага болгон кызыгуубуз жоголгон. Кээде жасаган аракетибиз жана тарткан азаптарыбыз биз үчүн өтө эле оор болуп калат. Чыныгы жана ишенимдүү кул бардык кыйынчылыктарга жана шарттарга карабастан долбоорду аягына чейин чыгарат. Ал талааларды иштетип, эмгегинин үзүрүн ээсине алып келип, дасторкон жаят. Анын иш-аракеттери чыныгы баш ийүү болуп саналат.

Ыбрайым биздин ишенимибиздин атасы деп аталган (Рим. 4:11, 12 кара). Анын балдары болгон эмес. Ошентип, Ыбрайым жетимиш беш жашка чыкканда, Кудай ага көрүнүп, ага уул бererин, ал аркылуу көптөгөн элдердин атасы болоорун убада кылды. Көп жылдар күтүү жана баш ийүү менен өтүп, Ыбрайым 100 жашында убадаланган уулун алды.

Кудай анын Ыскакка бекем байлануусуна жол берген. Алардын сүйүүсү күчөгөндө, Теңир Ыбрайымга Ыскакты Мориа жерине алып барып, курмандыкка чалууну буйруган. Ыйык Жазууда: «Ыбрайым эртең менен эрте турду» деп айтылат (Башт. 22:3).

Анын канчалык тез тил алганына көңүл бурсаңар. Кээ бирөөлөр Кудайга баш ийүүнү же баш ийбөөнү чечип, күндөр, жумалар, айлар, атүгүл жылдар бою ойлонушат. Аларга

Кудайдын коркунучу жетишпейт, бул алардын чоң ишениминин жетишсиздигинин себеби. Кудайдын бизге сүйлөп атканын билээрибиз менен, биз дароо аракетибизди баштышыбыз керек. Бир гана эскертүү болушу мүмкүн: эгерде бул жашоодо чоң өзгөрүүлөргө алып келсе, бизде жогоруда турган жетекчилерден ырастоо үчүн акылмандык болушу керек.

Мориа жерине баруу үчүн Ыбрайымдын үч күнү өттү. Бул убакыттын ичинде ал майда-чүйдөсүнө чейин ойлонууга мүмкүнчүлүгү бар эле. Эгер артка кайта турган болсо, анда аны дал ошол убакта кылмак. Бирок, Ыбрайым андай кылган жок. Ал уулу менен тоонун башына чыгып, Ыскакты экөө курган курмандык чалынуучу жайга байлады. Ал өз уулун мууздаш үчүн колун сунуп бычагын алган учурда, Теңирдин периштеси аны токтоткон: «Балаңа кол көтөрбө, ага эч нерсе кылба, анткени Мен эми сенин Кудайдан коркоруңду, Мен үчүн жалгыз уулуңду да аябаганыңды билдим» (Башталыш 22:12).

Ыбрайым акырына чейин баш ийди! Ал өмүрүндөгү эң маанилүү нерседен, мураскерден, үмүттөн, Кудайдан убада кылынган Ыскактан ажыроо алдында турса да, бир саамга тартынган жок. Уулунан айрылуу менен ал жашоонун маанисин жоготмок. Ыбрайым анын тил алуу каалоосу убадаларга болгон каалоосунан алда канча күчтүү экенин далилдеген. Биз да жүрөгүбүздө буга келишибиз керек.

*Оо, Жараткан, биздин муундарды да өстүр! Анан Кудай айтты:*

Өзүңдүн жалгыз уулуңду аябастан, ушул иштти кылганың үчүн Өзүм менен ант берем, – дейт Теңир.

> Эми Мен сени алкагандан алкайм, сенин тукумуңду асмандагы жылдыздардай, деңиз жээгиндеги кумдай көбөйткөндөн көбөйтөм. Сенин тукумуң өз душмандарынын шаарларын ээлеп алат. Менин тилимди алганың үчүн, сенин тукумуң аркылуу бүт жер жүзүнүн элдери бата алышат (Башт. 22:16-18).

Акырына чейин тил алганы үчүн Ыбрайымга жана анын тукумуна эмне убада кылынганын карагыла! «Сенин тукумуң душмандарынын шаарларын ээлейт». Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн Ыйса: «Тозоктун дарбазалары жыйынды жеңбейт» деп айткан? Ыбрайым атанын тил алчаактыгы Ыйсага Жыйынды керектүү нерселердин бардыгы менен камсыз кылуу үчүн эшикти ачты. Анын ишеними же тил алчаактыгы бизге ушул күнгө чейин күбөлөндүрөт.

Эми Эврейлерге болгон каттын авторунун Ыбрайымдын тил алчаактыгы жөнүндө эмне деп айтканын карагыла:

> Толук үмүткө ээ болуш үчүн, ар бириңердин аягына чейин ушундай аракет кылышыңарды каалайбыз. Жалкоолонбогула, убадаланганды *ишеними жана чыдамдуулугу менен мурастагандардан үлгү алгыла.* Кудай Ыбрайымга убада бергенде, Өзүнөн жогору эч ким жок болгондуктан, Өзү менен ант берип, мындай деген: «Сага батамды мол берем, сенин тукумуңду көбөйткөндөн көбөйтөм». Ыбрайым чыдамдуулук менен күтүп, убадаланганга ээ болду (Эвр. 6:11-15).

Ыбрайым акырына чейин тил алчаак болгон - ал бардык нерсеге туруктуулук менен чыдаган. Анын тил алчаактык иштерин биз мурункү бөлүмдө талкуулаган Шабул падышанын жүрүм-туруму менен салыштырып көргүлө. Ал тил алчаактык менен согушка барып, өзүнө тапшырылган иштин токсон тогуз пайызын аткарды. Ал эң жакшылардын аз гана бөлүгүн калтырды – Теңир үчүн, – деп ойлоду ал. Акыры ал Кудай буйруган ишти аягына чыгарган жок. Сыртынан караганда маарага жакындап калгандай көрүнгөнү менен баш ийбестиги ага кымбатка турду. Ал «Кожоюнунун дасторконуна» тамак-аш алып келүүгө чейин жеткен, бирок анын жүрөгүндөгү ой-максаттар кармап калгандары менен ачыкка чыкты. Ал Кимге

кызмат кылган болсо, Ошону урматтагандын ордуна, ага берилген осуяттан пайдаланууга аракет кылган.

Канчалаган адамдар Шабулга окшоп кызматты жалындап, шыктануу менен баштап, анан ыңгайсыздыктар, кыйынчылыктар пайда болгондо же натыйжа, күтүү кечиктирилип жатканда, тил албастыкка дуушар болушат! Же өздөрүнө пайда көрүү мүмкүнчүлүгүн издеп, лидер белгилеген жолдон бир аз четтөөнүн жолдорун издешет. Анан да кандай болгон күндө да алар диний шылтоолорду же аргументтерди ойлоп таап, өздөрүн акташат. Бул Теңирдин сөзү боюнча жок кылышы керек болгон, бирок Шабулдун Кудайга курмандыкка чалуу үчүн, эң жакшы койлорду сактап калганына окшош. Тил алчаактык толук болбосо, ишеним өспөйт, ал азаят!

Ыбрайым убадаларды чыныгы ишеним жана чыдамкайлык аркылуу алган, бул убадалар анын акырына чейин тил алчаак болгондугунда чагылдырылган.

Анын ишеними жана тил алчаактыгы ажырагыс болгон, Жакып ачык-айкын айткан (бул аяттарда, мен иш деген сөздүн ордуна, *тил алчаактык иштери* деп коём):

Акылсыз адам, *тил алчаактык ишсиз* ишеним өлүк экенин билгиң келеби? Өз уулу Ыскакты курмандыкка чалмакчы болгон атабыз Ыбрайым *тил алчаактык иши* менен акталган жок беле? Көрдүңбү, анын ишеними *тил алчаактык иштери* менен коштолгон. Ишеним иштер аркылуу жеткилеңдикке жетти. Ошентип, Ыйык Жазуудагы «Ыбрайым Теңирге ишенди. Ишеними ага адилдик катары эсептелди» деген сөз аткарылып, Ыбрайым Кудайдын досу аталды. Көрдүңөрбү, адам ишеними менен гана эмес, *тил алчаактык иштери* менен да акталат... Демек, рухсуз дене өлүк болгон сыяктуу эле, *тил алчаактык ишсиз* ишеним да өлүк. (Жакып 2:20-24, 26).

Акыркы аятта ишеним жана баш ийүү иштери адамдын денеси жана руху менен теңдештирилген. Анын мисалынан сиз

ишеним физикалык денеге, ал эми адамдын рухуна баш ийүү иштери салыштырылганын көрөсүз. Биздин дүйнөдө көрүнүшү үчүн бул эки нерсе бири-бирин толуктап турушу керек. Эгер рух денеден чыкса, дене өлөт. Рух кеткенден кийин, рух кайтып келмейинче, Лазар менен болгон окуяныкындай, дене тириле албайт. Ошентип, Жакып ишеним толугу менен баш ийүү иштерине көз каранды экенин көрсөткөн. Ошондуктан ал: «Мага ишсиз ишенимиңди көрсөт, мен болсо сага *иштерим аркылуу ишенимимди* көрсөтөйүн» деп айткан (Жакып 2:18). Ишеним баш ийүүдөн тышкары болсо, чыныгы ишеним болуп эсептелбейт. Жаңылбагыла, Ыйык Жазууда: «Ишеним *тил алуу иштери* аркылуу жеткилеңдикке жетет!» деп айкын айтылат.

Элчилер: «Теңирим, биздин ишенимибизди арттыр» деп кыйкырышты. Анан Ыйса акырына чейин баш ийүү иштерин кылуу жөнүндө айткан! Урматтуу бир туугандарым, эмне үчүн бул китептин эң башында бул билдирүүнүн маанилүүлүгү жана актуалдуулугу жөнүндө айтканымды түшүндүңөрбү? Биздин мыйзамсыздык күчөп турган заманыбызда биздин баарыбыз ушул сөздөргө карманышыбыз зарыл.

Балким: “Ишеним угуу жана өзүнө ишенүү менен келет деп ойлогом” – деп айтышыңар мүмкүн. Ооба, бул туура, бирок ишенимдин далили – тобо кылуу менен бирге болгон иштер болуп саналат. Ушул себептен биз сөздү угуп, бирок, моюн сунбасак, азгырыкта жашап жатабыз деп айтылат. Анда биздин ишенимибиз чыныгы эмес, ал жөн эле окшош, жасалма.

## ИШЕНИМДЕГИ УЛУУ ЭРДИК

Ошол эле чындыкты элчи Пабылдын жыйындагы кызматчылардын сапатын сүрөттөөсүнөн табабыз: «Дьякондор кылып дайындалаардан мурун, алардын мүнөзүн жана жөндөмдүүлүгүн текшерүү үчүн жыйындагы башка милдеттерди бериш керек. Эгерде алар муну колго алса,

алар дьякон болуп кызмат кыла алышат» (1 Тим. 3:10). Дьякон жетекчи эмес, ал башка бирөөнүн буйругун аткарат. В.Е.Вайн дьякон деген грек сөзү «негизги маанисинде - бул кызматчы» деп айтат. Андан ары ал бул сөз кимдир бирөөнүн бийлиги астында болгон адамды билдирет деп жазат. Пабыл дьяакондор ишенимдүү кызмат кылганда, алардын тил алчаактыгы төмөндөгүлөрдү камсыздай турганын айтат: «Анткени жакшы кызмат кылгандар жакшы даражага жетишет жана Машайак Ыйсага болгон ишеним жолунда зор кайраттуулукка ээ болушат» (1 Тим. 3:13).

Биз буга чейин карап чыккан Ыйса жөнүндөгү үлгү-насаат аңгемеге ылайык, кызматчыларга эки нерсе убадаланган: рухий жактан көтөрүлүүнү камтыган жакшы абал (Заб. 74:8); улуу ишеним толук баш ийүү менен жашагандар үчүн. Ыйык Жазууда ишеним жана баш ийүү иштери бирге жана тыгыз байланышта көрүнөт. Бул жерде Ыйык Китептен кээ бир мисалдар келтирилген:

- Абылдын ишеними анын тил алчаактыгы аркылуу көрүнгөн жана анын күбөлүктөрү миңдеген жылдар өткөндөн кийин да айтылат (Эвр. 11:4).
- Энохтун тил алчаак болгон ишеними аны Кудай менен жүрүүгө мажбурлаган, анан асманга көтөрүлүп, ушундай жол менен өлүмдөн кутулган.
- Нухтун ишеними анын тил алчаактыгы менен ырасталган жана ошентип анын үй-бүлөсү куткарылат, ал эми дүйнөнүн калган бөлүгү күнөөгө батып, жок болуп кеткен.
- Ыбрайымдын тил алчаак болгон ишеними аны көптөгөн элдердин атасы кылган.
- Жусуптун тил алчаак болгон ишеними, анын үй-бүлөсүн куткарган.
- Жашыя менен Халептин тил алчаак ишеними аркылуу аларга убадаланган жердин мурасын берди. Жашыя Мусага ишенимдүү кызмат кылган, ошондуктан анын

мураскору болгон. Сүт менен бал аккан убадаланган жерге жаңы муунду алып келген.

- Сойку Рахап «иштери менен акталган, чалгынчыларды кабыл алып, аларды башка жол менен кетирип жиберген» (Жакып 2:25). Анын тил алчаактыгы бүт үйүн сактап калды. Бул анын чыныгы ишенимге ээ экенинин далили болчу.
- Аны таарынткан ыйык кызмат кылуучуга Аннанын тил алчаактыгы жана баш ийүүсү, анын жатынын ачкан, анын тукуму болсо, өз элине ойгонуу алып келген.
- Дөөттүн тил алчаак болгондугу анын лидерине каршы чыгууга батынбагандыгы, аны Шабулдун жүрөгүндөй эмес, Кудайдын жүрөгүндөй кылып, аны улуу падыша кылган.
- Даниелдин, Шадрахтын, Мешахтын жана Абет-Негонун тил алчаактыгы аларды Кудайдын жана падышанын чоң ырайымына ээ кылган.

Дагы эмнени айтайын? Гидон, Барак, Шимшон, Иптах, Дөөт, Шемуел жана башка пайгамбарлар жөнүндө айтууга убакыт да жетпейт. Алар ишенимдери менен падышалыктарды жеңишкен, адилеттикти орнотушкан, убадаланганды алышкан, арстандардын азуусунан аман калышкан. Жалындаган өрттү өчүрүшкөн, жалаңдаган кылычтан аман калышкан, алсыраганда бекемделишкен, согушта тайманбас болушкан, бөтөн аскерлерди кууп чыгышкан. Аялдар өлгөн адамдарынын тирилгенин көрүшкөн. Кээ бирөөлөрдү кыйнашканда, эң жакшы тирилүүгө жетүү үчүн, эркиндикке чыгуудан баш тартышкан. Кээ бирөөлөр кордук көрүшкөн, таяк жешкен, кишенделишкен, түрмөгө камалышкан. Кээ бирөөлөрдү ишенгендиги үчүн таш бараңга алышкан, араалашкан, кыйнашкан, кылычтап өлтүрүшкөн; кээ бирөөлөр кой-эчкинин терисин жамынып, тентип күн өткөрүшкөн, жокчулуктун каарын тартышкан,

кысымга алынышкан, азап тартышкан. Алар бул дүйнөнүн бүт адамдарынан жогору эле. Бирок алар чөлдөрдө, тоолордо, үңкүрлөрдө, капчыгайларда каңгып жүрүшкөн. Ишенимдери жөнүндө жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон алардын баары убадаланганды алышкан эмес (Эвр. 11:32-39).

Эврейлерге жазылган Каттын автору ишеним менен баш ийүүнүн иштерин айкалыштырган. Алар ажырагыс. Эгерде ишеним кереметтерди көрүү үчүн гана берилген болсо, анда ага чөлдү жана тоолорду аралап, азап-кайгыга жана куугунтукка чыдагандарды кошуунун эмне кереги бар эле? Бул адамдар марага татыктуу жетип, акырына чейин баш ийүүдө калышты. Мына ушул - чыныгы ишеним.

Эгерде силер чоң ишенимге ээ болгуңар келсе, анда Кудайдын бийлигине, түздөн-түз же берилген бийлигине, аягына чейин баш ийгиле. Силердин ишенимиңер баш ийүү менен түптүз пропорционалдуу!

## МОМУНДУКТУН КЕПИЛДИГИ

Ыйсанын шакирттерине үйрөткөн акыркы пункту баш ийүү маанайын сактап калуудан турган. Ал аларга мындай деди: «Силер да, силерге буйругандардын баарын аткаргандан кийин, айткыла: биз эч нерсеге татыбаган кулдарбыз, анткени биз эмне кылышыбыз керек болсо, ошону кылдык». Бул мамилени өзүбүздө сактаганыбызда, биз автоматтык түрдө Устаттан сыйлык алууга талапкер болобуз. Өзүн көтөргөндөр момун болушат. Теңир өз көз алдында өзүн басынткандарды көтөрөт. Жакып мындай көрсөтмө берет: «Теңирдин алдында момун болгула, ошондо Ал силерди көтөрөт» (4:10).

Жүрөктө кичинекей бойдон калуу - баш ийүүнүн сыйлыгын алууга даяр болуу. Өзүңдү моюн сунууңда көтөрүү, моюн

сунсаң да, кулаган жолго түшүү дегенди билдирет. Бул сен кармаган нерсенин баарын бузушу мүмкүн. Силер бул китеп аркылуу айтылган кеңешке же Кудайдын Сөзүнө кармансаңар болот, бирок текебердиктен улам тил алчаак болуу менен жетишкендин баарын жоготуп коюуга болот.

Люцифер Кудайдын майланганы болгон. Ал акылмандыкка жана сулуулукка толгон жеткилеңдиктин мөөрү менен белгиленген. Ал Кудай тарабынан дайындалган жана Анын ыйык тоосунда жашаган. Ал жүрөгүнө текеберлик киргенге чейин бардык жагынан кемчиликсиз болгон. Ошондон кийин ал асмандан куулган.

Пабыл бийлик тапшырылгандарды алардын эч кимиси «Текеберденип кетип, шайтан сыяктуу сотко кабылбашы үчүн, ал Кудайга жаңы кайрылгандардан болбошу керек» деп үйрөткөн (1 Тим. 3:6). Теңирдин чакырыгына баш ийүү аркылуу Пабыл өзүнө тапшырылган иштердин көбүн аткара алган. Бирок, ал канчалык көп жашаган сайын, момундукта ошончолук өскөн. Б.з.ч. 56-ж. өзүнүн үчүнчү улуу миссионердик сапары учурунда, ал Корунттагы өзү негиздеген жыйынга жазган. Анын жердеги жашоосунун аякташына он же он бир жыл калган болчу, ал убакта ал Ыйсанын кызматында тажрыйбалуу ардагер болгон. Анын сөздөрүнө кулак салгыла: «Мен элчилердин эң кичинесимин, атүгүл, элчи деп аталууга да татыксызмын» (1 Кор. 15:9).

Анын сөздөрүнөн момундукту сезесиңерби? Ал өзүн элчи деген атка да татыктуу деп эсептеген эмес. Бул жалган момундук эмес экенин баса белгилегим келет. Жалган момун адам момун көрүнүү үчүн кандай саясий туура сөздөрдү колдонуу керектигин билет, бирок, ошол эле учурда анын жүрөгү козголоңчул болот. Мындай момундук калпты жана азгырыкты алып келет. Бирок, адам Ыйык Рухтун жетеги менен жазганда, ал калп айта албайт! Ошентип, Пабыл өзүн элчилердин эң кичинеси деп айтканда, ал саясий жактан туура

сөздөрдү колдонгон эмес, бирок чыныгы момундукту көргөзгөн.

Пабылдын андан ары эмне деп айтканына көңүл бурсаңар: «Бирок… мен баарынан көп кызмат кылдым» (1 Кор. 15:10). «Мен алардын баарынан көбүрөөк иштедим!» Күтө тургулачы, эмне, Пабыл бул жерде мактанганбы? Мындай сөздөр бир аз текебер угулат, бирок, чындыгында андай эмес. Баарынан да мурда алар Пабылдын көз карандылыгын жарыялап атат. Ал өзүн элчилердин эң кичинеси катары баалап, анын бардык иштери Кудайдын ырайымы менен гана аткарылганын түшүнгөн. Ал рухий жактан жеткен нерселердин баары Кудай тарабынан берилген жөндөмдөрдөн келип чыгаарын жакшы түшүнгөн.

Пабылдын «элчилердин эң кичинеси» деп өзү тууралуу айткан сөздөрүн кабыл алуу абдан кыйын. Пабыл өзүнүн убагындагыдай жана Жыйындын бүгүнкү күнгө чейинки тарыхында элчилердин эң улуусу болуп эсептелет. Б.з. 62-жылы, өлөрүнө беш жыл калганда Эфестиктерге жазган сөздөрүнө көңүл бурсаңар. Ал 1 Корунттуктарга Кат жазганынан берки мезгилдин ичинде өмүрүнүн мурунку мезгилине караганда көбүрөөк иштерди жасаган. Ал өзү жөнүндө мындай деген: «Ыйыктардын эң кичинеси болгон мага берилген ырайым бул: Кудайдын ырайымы менен Машайактын изилденгис байлыгын бутпарас элдерге жар салуу» (Эф. 3:8).

Бир нече жыл мурун Пабыл өзүн элчилердин эң кичинеси деп атаган, эми ал өзүн бардык ыйыктардын эң кичинеси деп жазат! Эгерде кимдир-бирөө машайакчылык жашоосу жана лидерлиги менен мактана ала турган болсо, анда ал Пабыл болмок. Бирок, ал Теңирге канчалык көп кызмат кылган сайын, өз көзүнө ошончолук кичинекей көрүнчү. Анын момундугу уламдан-улам күчөдү. Бул Кудайдын ырайымы анын өмүрүндө жыл өткөн сайын көбөйүшүнүн себеби болушу мүмкүнбү? Ошондуктан, Кудай Өзүнүн жолдорун Петирге караганда Пабылга көбүрөөк ачып берген эмеспи (2 Пет. 3:15, 16)? Забурчу:

«Ал момундарды Өз жолдору менен үйрөтөт» деп айткан (Заб. 24:9). Жогоруда айтылгандардын негизинде, Мусанын Кудайдын жолдорун ушунчалык жакшы билгенинин жана Теңир: «Муса жер бетиндеги бардык адамдардын эң момуну болгон» (Сандар 12:3) деп айтканынын себеби ушул болушу мүмкүнбү? Балким, экөө тең бир аздарга эле ачылып бере турган Кудайдан чоң ишенимге ээ болуунун сырын билишкендир.

Өмүрүнүн аягында, болжол менен биздин замандын 64-66-жылдары, Пабыл Тиметейге эки кат жазып, анда өзү жөнүндө мындай деп айткан: ««Машайак Ыйса бул дүйнөгө күнөөкөрлөрдү куткаруу үчүн келди» деген сөз туура жана бардык жагынан кабыл алынууга татыктуу. Мен ошол күнөөкөрлөрдүн биринчисимин» (1 Тим. 1:15). Ал өзүн «күнөөкөрлөрдүн биринчиси» деп атаган! Байкасаңар, ал «мен биринчи болчумун» деп айткан жок.

Жок, көп жылдардан бери чоң жетишкендиктен кийин, анын мойнуна алганы “Мен мунун баарын жасадым, менин чоң кызматым үчүн татыктуу баа берүү керек” деген эмес. Ошондой эле ал: «Мен чоң иш жасадым жана элчи катары өзгөчө урмат-сыйга татыктуумун» деп да айткан эмес. Ал бир нече жыл мурункудай: «Мен элчилердин эң кичүүсүмүн» деп да жазган эмес. Ошондой эле: «Мен бардык ыйыктардын эң кичүүсүмүн» деп жазган эмес. Ал: «Бардык күнөөкөрлөрдүн ичинен мен биринчимин» деп жар салган. Ал Машайакта Кудайдын адил экенин түшүнсө да (2 Кор. 5:21), Кудайдын ырайымын жана кайрымдуулугун эч качан унутпаган. Чынында, ал канчалык көп жашаса, ошончолук Кудайдын ырайымына көз каранды болгон.

Анын мамилеси тынымсыз түрдө төмөндөгүлөрдү күбөлөндүрөт: «Мен эч нерсеге арзыбаган кулмун, анткени мен эмне кылышым керек болсо, ошону кылдым».

Бул Пабылдын өлөр алдында жазган башка сөздөрү менен түшүндүрүлөт: «Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим

деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, алдыга умтулам. Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам» (Флп. 3:13—14). Анын сөздөрүнөн момундукту сезесиңерби? “Мен аягына чыга элекмин, жетишкендиктеримди артка өткөнгө, калтырам». Ал анын бардык жетишкендиктери Ыйса Машайак жөнүндө толук билимге умтулуу менен салыштырганда эч нерсе эмес деп жарыялаган. Эсиңерде болсун, Кудай Өзүн момундарга ачып берет! Пабыл: «Мен максатка умтулам», - деди. Максатка жетүү үчүн ал каршылыктан, кысымдан өттү. Чакырууга эң чоң тоскоолдуктардын бири – бул *текебердик.*

Ыйсанын жашоосун изилдеп көрсөк, Ал мактоолорду кабыл албай, аны Атасына багыттаганын көрөбүз. Ал айыктырган адамдарга да, эл алдында эмне болгонун айтпай, бардык урмат-сыйды Кудайга көрсөтүүнү буйруган.

Күндөрдүн биринде бир бай жигит Ыйсага «Жакшы Устат» деп кайрылат. Ошондо Ыйса дароо эле Кудайдан башка эч ким жакшы эмес деп жооп берди. Ал Кудайдын Уулу эмес беле? Ал жакшы эмес беле? Албетте болгон! Бирок, Ал мактоону адамдан кабыл алган эмес; Ал Өзүнүн Атасынын даңкын гана каалаган. Ошого карабастан, Ал мактанган бирден-бир жакшылык – бул момундук болгон. Ал: «Менин моюнтуругумду алып, Менден үйрөнгүлө, анткени Мен *жоошмун жана момунмун.* Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар»,- деген (Мт. 11:29, курсив автордон).

Кудайдын сүйүүсү чыныгы момундукту азыктандырат. Биз «мактанбайт, текеберденбейт» деп окуйбуз (1 Кор. 13:4). Текебердик өзүнүкүн издейт; сүйүү өзүнүкүн издебейт. Текебердик өзүнө ылайык келбеген ар кандай баш ийүүнү жек көрөт; сүйүү кызмат кылгандын даңкын издейт. Биз баш ийебиз, анткени сүйөбүз; биз ийгилик каалайбыз, анткени биз, Анын көтөрүлүшүн каалайбыз.

Биз Аны даңкта көрүүнү каалайбыз. Балким, ушул себептен улам, Пабыл мындай дегендир: «Эгерде мен пайгамбарчылык кылсам, бардык сырларды билсем, толук билимге ээ болсом, тоону ордунан жылдыра ала тургандай ишенимим бар болсо, бирок менде сүйүү жок болсо, анда мен эч ким эмесмин» (1 Кор. 13:2).

## ӨЗ МАКСАТЫҢАРДЫ АТКАРГЫЛА

Биз жемиш берүүгө жана Кудайыбыз үчүн жеңүүчү болууга чакырылганбыз; жана Анын жолдору менен жүргөндө гана биз Анын кереметтүү ысымын чындап даңктай алабыз. Мен силердин бул кабарды кабыл алышыңарды тилейм. Ал силердин жакшылыгыңар үчүн да, Анын даңкы үчүн да кызмат кыла алат. Анын Сөзүнө берилгендик биздин денелик ой жүгүртүүбүз үчүн акылсыздык сыяктуу сезилиши мүмкүн, бирок Ал: «Кудай ишенгендерди акылга сыйбаган сөз аркылуу куткарып алууну туура тапты» (1 Кор. 1:21) деп айткан эмес беле? Ал эми, биз: «Анткени Кудайдын «акылсызы» адамдардан акылдуу, Кудайдын «алсызы» адамдардан күчтүү» (1 Кор. 1:25) экенин көрөбүз. Өзүңөргө «биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка *тил алдыруу үчүн* туткундайбыз» дегенди эсиңерге салгыла (2 Кор. 10:4, 5, курсив автордон).

Баш ийүүгө каршы ой жүгүртүү текебердик деп аталат. Бул Кудайдын окутуусуна каршы келет. Мындай ой жүгүртүү Кудайдын Сөзүндөгү жогорку бийликти таанnetwork байт; жана китепте келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, бул коркунучтуу. Кудай ушул күндөрдө чоң ишеним, күч жана кайраттуулук менен жүргөн элди көтөрөт. Алар Пабыл айткандай: «[алардын] тил алчаактыгы толук болгондо, ар бир тил албасты жазалоого даяр» болушат (2 Кор. 10:6).

Убакыт кыска, ошондуктан эффективдүү болушубуз керек. Баш ийүү бизде бул активдүүлүктү сактап турат. Биринчи жолу

куткарылып калганда, мен абдан активдүү болчумун, бирок менде тил алчаактык жетиштүү болгон эмес, ошондуктан кээде жөн эле зыяндуу болгонумду айтпаганда да, мен натыйжасыз болчумун. Бирок, мен өскөн сайын, тил алчаак болууга болгон каалоом дайыма эле туура жолго алып бара бербесе да, туура багытка жетелеген, акыры ал мени ийгиликке жетелегенин түшүндүм.

Силердин Кудайдагы тагдырыңар, силердин алдыңарда. Баш ийүүнү тандасаңар, тагдырыңардын аткаруулусун тандаган болосуңар. Эч нерсе жана эч ким силерди токтото албайт. Дөөттүн жашоосунда, ошондой эле Жусуптун, Мусанын, Жашыянын, Аннанын, Эстердин жана ишенимдин башка патриархтарынын жашоосунда көп жылдар бою жарык болгон эмес. Бирок, эсиңерде болсун, өз тагдырын аткаргандар үчүн атак-даңк галереясы бар жана ал биз жаңы эле санап өткөндөрдөн турат. Ушул акыркы күндөрдө Кудай бул патриархтардын тизмесине киргизе турган жана элдерди соттогону келе жаткан Машаяктын тактысына отуруу сыймыгына ээ боло турган адамдарды издеп жатат. Улуу тапшырманы аткарып, кереметтүү Теңирибизди даңктагандардын катарында болушубуз үчүн сыйынам.

18- БӨЛҮМ

# ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ

*Анын калканычынын астында жеген жемиштер бизди түз эле Анын тоюна алып барат. Анан ошол жерде биз Анын молчулугун бөлүшөбүз.*

Биз бул китепти дүйнөдөгү биринчи жубайлар Кудуреттүү Кудайдын калканычынын астынан чыгып, өздөрү үчүн Кудайдан тышкаркы жакшылык менен жамандыкты таанып-билүүнүн булагы болгон кезде кабыл алган трагедиялуу чечими жөнүндөгү окуя менен баштадык. Алар Анын бийлигин четке кагышты, бирок, биз алардын кулашынан жана алардан үлгү алгандардын каталарынан сабак алышыбыз керек жана мындан ары да аларды үлгү тутушубуз керек.

Экинчи жагын карайлы: Кудайдын көлөкөсүндө калгандар соопко ээ болушат.

> Мен анын көлөкөсүндө отурганды жакшы көрөм, анын мөмөлөрү таңдайымда таттуу. Ал мени той үйүнө алып кирди, анын менин үстүмдөгү туусу – сүйүү (Ыр 2:3, 4).

Анын көлөкөсүндө өмүр дарагы бар, мөмөсү таттуу. Адам ата менен Обо эне жеген мөмө денедеги адамдын көзүнө жагымдуу көрүнгөн, бирок акыры өлүмгө алып келген. Анан бул денелик акыл дарагынан жеген ар бир мөмөгө тиешелүү. Анын калканычынын астында жеген жемиштер бизди түз эле

Анын үйлөнүү тоюна алып барат. Анан ошол жерде биз Анын молчулугун бөлүшөбүз.

Балким, бул китепти окуп жатып, силер ынануунун азабын башыңардан өткөрдүңөр. Бирок, оору пайдалуу болушу мүмкүн. Бул эки нерсеге көңүл бурат: Биринчиден, сенин абийириң али тирүү жана Ыйык Рухту сезе алат. Экинчиден, боштондукка чыгуунун жолу бар – бул тобо кылуу. Ашкерелөө менен айыптоонун ортосунда олуттуу айырма бар. Экөө тең оору менен коштолсо да, биринчиси чыгуунун жолун сунуштаса, экинчиси андай эмес. Тобо кылуу – жүрөктү өзгөртүү сыяктуу жөнөкөй, ал акыл-эсти жана иш-аракеттерди өзгөртүүгө алып келет. Негизи, сен: «Теңир, мен өзүмдүн түшүнүгүм боюнча иш кылдым жана өз аракеттеримдин текке кеткенин көрдүм, эми Сенин жолдоруңа баш ийүүнү чечтим» дейсиң. Бул жакшылык менен жамандыкты таанып-билүү дарагынан жаралган денелик ой жүгүртүүнү таштап, баш ийүү жолуна кайтуу үчүн тандоо.

Сыйынуу жана ой жүгүртүү менен жүрөгүңөрдү ачкыла жана Ыйык Рух силердин жашооңордогу тил албастыктын бардык жерлерин жарык кылсын. Зарыл болсо, силердин абалыңарга тиешелүү бөлүмдөргө кайрылгыла. Кудайдын Сөзү силердин жашооңорду изилдесин. Анын Сөзүнүн жарыгы тил албастыктын бардык тармактарын ачып берет, бул Кудайдын мурасына да, берилген бийликке да тиешелүү болушу мүмкүн. Аларды өзүнчө баракчага жазгыла. Андан кийин, келгиле, чогуу сыйынып, кечирим жана калыбына келтирүү кабыл алалы.

*Асмандагы Ата, Ыйса Машаяктын аты менен, тил албастыгым жана баш ийбестигим үчүн мени кечиришиңди суранам. Мен өзүмдүн денелик ой жүгүртүүм менен жашап, натыйжада төмөндөгүлөргө каршы чыктым:*

*(Силердин тизмеңерден, Анын бийлигине каршы күнөө жасалган бардык аймактарды, анын ичинде түздөн-түз жана берилген бийликке каршы чыкканыңарды да моюнга алгыла.)*

*Мен ой жүгүртүүмдүн жана жүрүм-турумумдун бул тармактарынын ар бири үчүн тобо кылам. Мени кечир жана Теңирим Ыйса Машаяктын Каны менен тазала.*

*Мен Сенин бийлигиңе баш ийүүнү максат кылдым жана менин жашоомо Сен орноткон үй-бүлөлүк, жарандык, жыйындык жана кандай гана светтик бийлик болбосун, баш ийем. Мен Сени сөз менен гана эмес, иш жүзүндө да ыраазы кыла алышым үчүн, Мага ырайым кыл. Мен баш ийүү жана момундуктан кубаныч ала турган жүрөк сурайм. Мен өмүрүмдү Теңирим Ыйса Машаякка арнайм жана бардык козголоңдорду таштайм. Сен мени Сенин ысымыңды даңктоо үчүн кандайча чакырсаң да, мен Сени ынтызарлык менен ээрчийм. Оомийин.*

Керек болсо, тизмеңерде көрсөтүлгөн адамдар менен жеке же кат аркылуу байланышкыла жана алардан кечирим сурагыла. Азыр кимдир-бирөөнү айыптап, тигил же бул ишти талаша турган учур да, жер да эмес, канчалык кыйын болсо да, жоопкерчиликти өзүңөргө алууга мүмкүнчүлүк берилди. Бул силерди Кудайдын колу силер тарапта турган жерге коёт.

Бул дүйнөнүн жолдорунан ушунчалык айырмаланган жолду тандаганыңар үчүн ырахмат. Биз баш ийүүбүз менен кереметтүү Падышабыз койгон максаттардын аткарылышын тездетип жатабыз. Силердин баш ийүүңөр үчүн, сыйлык чоң болот.

Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин.

– Жүйүт 24, 25

Эсиңерде болсун:
ЭҢ ЖОГОРКУНУН КАЛКАНЫЧЫ АСТЫНДА БОЛГУЛА!

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

Эгер силер бул китепти «Эң бийиктин көлөкөсүндө» видеосабактары менен кошо окуп жатсаңар (бул сонун идея!), мен ар бир жума үчүн видеосабакты көрүп, ар бир сабактын суроолорун чакан тобуңарда талкуулоону сунуштайм. Видеосабактар китепте берилген негизги темаларды кайталап, толуктап турат. Ошентип, бардык катышуучулар үчүн идеалдуу вариант видеосабактарды көрүү жана китеп окуу болот.

Ырахаттангыла!

## 1-САБАК

*1 жана 2 - бөлүмдөрдү талкуулоо*

1. “Бийлик” деген сөздү укканда кандай кабылдайсыңар? Силер аны бороон учурунда баш калкалоо сыяктуу жакшы нерсе менен байланыштырасыңарбы? Же жашооңорду талкалаган жетекчи сыяктуу терс нерсе жөнүндө ойлойсуңарбы?
2. Жашооңорго көз чаптырганда, «калканычтын астында» болбой калган учурларыңар болгон бекен?
3. Демократиялык негизде Падышачылыктын принциптерин түшүнүү кыйын. Силер демократиянын чыпкасынан өткөн Кудайдын бийлик планын карап көрдүңөр беле? Бул силердин лидерлериңер менен болгон мамилеңерге кандай таасир этти?
4. Үй топтору боюнча менин пасторумдун жетекчилигине

баш ийүүнү каалабагандыгымдын козголоң экенин Кудай мага көрсөттү. Бул диагноз силерди таң калтырдыбы? Бул сабакка чейин менин позициямды кантип актайт элеңер?

## 2-САБАК

*3, 4, 5, 6 жана 7 - бөлүмдөрдү талкуулоо*

1. Бул сабактын башында мен угуучулардан «күнөө» деген сөздү укканда эсине келген биринчи сөздөрдү айтууну сурандым. Бул суроону укканда эмне деп ойлодуңар? Силердин пикириңер кандай өзгөрдү?
2. Кудай буйруган нерсеге баш ийүүнүн ордуна, ушул чөйрөлөрдүн бирин — мүлктү, жумушту, мамилелерди биринчи орунга койгон учуруңар болду беле? Ушулардын бирин Кудайга баш ийүүдөн жогору койгондо эмне болду?
3. Жарым-жартылай баш ийүү - баш ийүү эмес; бул козголоң. Акырына чейин баш ийген учуруңарды айтып берсеңер. Анан жарым-жартылай гана баш ийген учурду айткыла. Негизги айырмасы эмнеде болду жана бул иштер силерге кандай таасир этти?
4. Ыйык Китеп тил албастык сыйкырчылык менен бирдей деп окутат (1 Шем. 15:23). Сыйкырчылыктын түпкү максаты эмнеде? Бул чындык силердин козголоңго болгон көз карашыңарды кандайча өзгөртөт?
5. Шайтандык Библиядагы №1 осуят: «Каалаганыңды кыл». Бул Ыйсанын: «Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын эркин издейм» (Жакан 5:30) деп айткан үлгүсүнө карама-каршы келет. Жашооңордо өз эркиңерди Кудайдын эркинен жогору койгон учурду бөлүшкүлө. Бул силер үчүн эмнеге турду? Өзүңөрдүн эмес, Атаңардын эркин издөөгө жана ага баш ийүүгө умтулуу үчүн эмне кыла аласыңар?

## 3-САБАК

*8, 9 жана 10 - бөлүмдөрдү талкуулоо*

1. Римдиктер 13:1-2де биз белгиленген бийликке каршы туруу, Кудайдын белгилегендерине каршы туруу дегенди билдирерин көрөбүз. Эгер Ыйса силерден жумушта, үйдө же коомдук жайда бир нерсе кылууну суранса, кандай кылат элеңер? Жетекчиңер, машыктыруучуңар, полиция кызматкери же бийликтеги башка адам силерден ушундай кылууну сурансачы? Силер аларга Ыйсага кандай жооп берсеңер, ошондой жооп бересиңерби?
2. Ыйык Китепте: «Ар бир жан жогорку бийликтерге баш ийсин»,- деп айтылат (Рим. 13:1-2). Грек тилиндеги «баш ийүү» деген сөз аскердик жана жарандык лексикада колдонулат. Аскердик эмес мааниде бул сөз бийликке ыктыярдуу баш ийүү дегенди билдирет. Кудайдын Сөзүндөгү бул осуят берилген бийликке болгон силердин көз караашты кандайча өзгөртөт?
3. 1992-жылдагы президенттик шайлоонун жыйынтыгын кабыл алуу мен үчүн абдан кыйын болду. Мен депрессияда болчумун жана Теңир мага башкаруучулардын келиши Ал үчүн күтүүсүз эмес экенин эскертүүгө мажбур болчу. Саясат силердин көңүлүңөрдү калтырган учур болду беле? Менин окуям силердин шайланган өкмөт башчыларына болгон мамилеңерге кандай таасир этти?
4. Ышайа 1:19да айтылгандай, эгер биз даяр жана тил алчаак болсок, жердин жакшы нерселерин жейбиз. Силер тил алчаак болуп, бирок каалоо жок болушу мүмкүн, же каалоо болуп, тил алчаак эмес болушуңар мүмкүн. Каалабай баш ийген учурду айтып бергилечи. Муну силер каалаган жана баш ийген башка учур менен салыштыргыла.

5. Ыйык Китеп шартсыз түрдө моюн сунууга үйрөтөт, бирок сөзсүз түрдө баш ийүүгө эмес. Жетекчилерибиз бизге Кудайдын Сөзүнө карама-каршы бир нерсе жасагыла десе, баш ийбешибиз керек. Силерге кайсы бир жетекчи Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген нерсени жасоону айтты беле? Силер кандай кылдыңар эле? Жыйынтыгы кандай болду эле?

## 4-САБАК

*11 жана 12 - бөлүмдөрдү талкуулоо*

1. Ыйык Китепте жарандык бийликтер Кудайдын кызматчылары катары айтылат. Кудайдын кызматчыларына кандай мамиле кылышыбыз керек? Силердеги жарандык бийликке кандай карайсыңар?
2. Шайтан чебер айыптоочу, бирок Ыйса биз үчүн ишенимдүү арачылык кылат. Жарандык лидерлерге карата силер айыптоочусуңарбы же арачысыңарбы? Жарандык бийликтердин тамашасына күлөсүңөрбү? Социалдык тармактарда кимдир бирөө жарандык лидерди жамандаганда жүрөгүңөр сыздайбы?
3. Биз коомдук лидерлерибизди, жетекчилерибизди, мугалимдерибизди, машыктыруучуларыбызды жана бийликте тургандардын баарын Кудайды чагылдыргандай сыйлашыбыз жана аларга баш ийишибиз керек. Ыйса үчүн иштөө кандай болорун элестетсеңер. Жумушка өз убагында келесиңерби? Долбоорлорду ишке ашыруу үчүн «бурчтарды кесмек» белеңер? Бул силердин коомдук лидерлериңерге болгон мамилеңерди кандайча өзгөртөт?
4. Ыйык Китепте үй-бүлөнүн так түзүмү бар. Кандай деп ойлойсуңар, бизге Кудайдын үй-бүлөдөгү бийлик тартибин

кабыл алууга эмне тоскоол болууда? Кудайга таянуу үй-бүлөдө дени сак мамилелерди түзүүдө чечүүчү роль ойнойбу жана кандайча?

## 5-САБАК

*13 жана 14 - бөлүмдөрдү талкуулоо*

1. Ыйык Китепте жыйындагы жетекчилерди Ыйса жеке Өзү камсыз кылганы айтылат (Эф. 4:11-12). Силердин жоопкерчиликке тиешеси жок иштерге кийлигишесиңерби? Силердин оюңарча, Ыйса Өзүнүн жыйынга койгон жетекчилерине кандай карайт?
2. Анна бала үчүн көп жылдар бою сыйынып келген. Эмне үчүн ал өзүн сыйлабаган жетекчини сыйлаганда, Кудай анын сыйынуусуна жооп берди деп ойлойсуңар?
3. Кайсы бир жетекчи жөнүндө жаман сөз айтсак, биз Кудайдын акылмандыгын таштап, анын коргоосунан чыгып кеткен болобуз. Мириямдын, Арундун жана Мусанын окуясында биз бул чындыкты Мириям Мусаны эфиопиялык аялга үйлөнгөнү үчүн адилетсиз сындаганда көрөбүз. Кудайдын акылмандыгы жана коргоосу чектен чыгып кеткенде кыйынчылыктарга туш болдуңар беле? Жыйынтыгы кандай болду эле?
4. Силердин лидериңер туура эмес көрүнгөн чечимдерди кабыл алган учурга туш болдуңар беле? Балким, силердин лидериңерге маанилүү маалымат жетишпей жаткандыр. Натыйжада эмне болду? Эми силер бул кырдаалда башкача иш кылмагыңарга ишенет белеңер? Силер эмнени үйрөндүңөр?
5. Дөөттүн Шабул падышага болгон мамилеси, Шабул эсин

жоготуп, аны өлтүрүүгө аракет кылса да, урмат-сый жана баш ийүү болгон. Дөөт өмүрүнүн ушул оор мезгилинде Кудайдан ырыскы, тынчтык жана коргоо алган. Өзүңөрдүн лидерлериңерге карата ушундай сый-урмат жана баш ийүү мамилесин кантип калыптанта аласыңар?

## 6-САБАК

*15, 16, 17, 18 - башкаларды талкуулоо*

1. Биргеликте болгондо, биз үчүн даңк даярдалган. Ыйса бул жерде жүргөндө Кудайдын даңкын ачып берген. «Даңк» деген сөздү укканда оюңарга эмне келет? Силер Кудайдын катышуусунун көбүрөөк өлчөмү бар деп ишенесиңерби?
2. Элүүнчү күн майрамы келгенде, үстүнкү бөлмөдөгү 120 шакирт бир тилекте чогулушту. Алар ойдо, жүрөктө жана рухта бирге эле. Бүгүнкү күндө биздин жыйындарыбызда бул биримдик кандай көрүнмөк?
3. АКШ армиясы аскерлердин беш түрүнөн турат. Бул бирдиктүү аскердик күч, бирок алардын аракеттери бири-биринен такыр башкача. Ошондой эле, жыйында ар кандай иш-чаралар бар. Биз Кудай койгон жерде иштей беришибиз керек. Бул силердин азыр катышып жүргөн жыйынга болгон көз карашыңарды кандайча өзгөртөт? Өзүңөр мүчө болгон жыйындын аянын ээрчүү үчүн эмне кылсаңар болот?
4. Кудайдын эли Анын биримдик планын кабыл алганда, биз шаарларга, аймактарга жана элдерге кандай таасир этерибизди элестетип көргүлө. Досторуңардын чөйрөсүндө, жыйыныңарда же жашаган жериңерде кантип көбүрөөк биримдикти түзө аласыңар?

# УРМАТ-СЫЙ ҮЧҮН СЫЙЛЫК

*Бул унутулган жакшылыктын күчүн ачкыла*




Эч бир машайакчы Кудайды чектегиси келбейт, бирок көбүбүз билип туруп жашообуздагы Анын иш-аракеттерин чектеп, өтө маанилүү рухий принципти: Урмат-сыйды этибарга албайбыз

Урмат – бул биздин маданиятыбызда көбүнесе жоголуп кеткен түшүнүк; бирок, бул китептин барактарында силер көрө тургандай, бул нерсе биздин жашообуздун бардык тармагында Кудайдын Падышачылыгын бошотуу үчүн негиз болуп саналат.


«Урмат-сый үчүн сыйлык» китебинде, бестселлерлердин автору Джон Бивер сый-урматка чакырыкты кабыл алуу менен, силер Кудайдын баалуулуктар системасына баш ийип, Ал силер үчүн аныктаган нерселердин бардыгын ала баштаарыңарды айтат.

Ыйык Китептеги терең принциптерди аларды иш жүзүндө көрсөткөн таасирдүү окуялар менен айкалыштыруу аркылуу, бул китеп силерге ушул унутулуп калган жакшылыкка жаңы көз караш жана андан да маанилүүсү, аны жашооңордун бардык тармагына киргизүү каалоосун берет.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# Кудайга жакындоо

*Кудай менен жакындыкта жашоо*





Кудайдын Сөзү Кудай биз менен ынак мамиледе болууну каалай турганын кайра-кайра билдирет. Биз Ага жакындаган сайын, Анын Ыйык Рухунун катышуусу биз баштан өткөргөн эң кубаттуу, толкундатуучу жана өзгөртүүчү тажрыйба экендигин көрөбүз. Ал тургай өзүңөр билбеген, жок нерсени каалоо кыйын. Тилекке каршы, көбүбүз акыл-эстеги кадимки динге ыраазы болуп, Кудай менен болгон ынак мамиленин кубанычтуу тажрыйбасынан куру калып жатабыз. Биз Кудайдын ыйыктыгын этибарга албайбыз жана Аны кабыл алуу үчүн жашообузду тазалабастан туруп эле, Анын Рухуна толобуз деп күтөбүз. Бирок, биз Кудай менен тыгыз мамиледе болуу үчүн жаратылганбыз. Ааламдын Жаратуучусунан болгон бул укмуштуудай чакыруу – Ага алыстан, сөз жана ырым-жырымдар аркылуу гана табынып койбостон, ушунчалык маңыздуу жана жакын болгон, силер Анын жүрөгүн таанып, Ал силердин жүрөгүңөрдү тааный турган мамилелерге кирүүгө чакырат.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# MessengerX

*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*





- **125 тен ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртчилик жолуңарды аңдагыла



Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.

## MessengerX.com




Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

## Силер жетекчи же лидер менен макул болбогонуңарда аларга кантип жооп берүү керек деп кыйналдыңар беле? Аларды дегеле угуш керекпи же жокпу деп өзүңөргө суроо бердиңер беле?

Бул кайра каралып чыккан жана жаңыланган басылмада Джон Бивер жаңы муунга бийликтеги адамдар аркылуу Кудай берген коргоочу чектер жөнүндө үйрөтөт. Джон биздин чыныгы чакырыгыбыз Кудай тарабынан дайындалган жетекчилерден алыс болушу керектигине ишенүүгө мажбур кылып, Кудай ээ болгон бийлик менен Ал өткөрүп берген бийликти ажырата билүү жөндөмүбүздү душман кантип бурмалап, бизди алдап жатканын ачып берет. Жетекчиликке туура мамиле кылууну үйрөтүү менен Джон, бийлик астында жашоо эмне үчүн бизге камкордук, коргоо жана келечекке үмүт берерин көрсөтөт.

«Эң Жогоркунун калканычы астында» китебинен буларды билесиңер:

- Силер эң туура, бирок кантсе да, туура эмес болуп жаткан абалдан кантип качуу керектигин.
- Адилетсиз мамилеге Ыйык Китептин негизинде кантип жооп берүү керек жана аны кантип жеңүү керектигин.

«Эң Жогоркунун калканычы астында» — бул жашоону өзгөртүүчү, практикалык китеп. Кошулган жаңы бөлүм, талкуулоо үчүн суроолор жана өзгөчөлөнгөн темалар менен ал Кудайдын бийлигине баш ийүүнүн канчалык маанилүүлүгүн жана жашообуздагы лидерлерге кантип реакция кылуу керектигин көрсөтөт.



ДЖОН БИВЕР – эл аралык насаатчы жана Кудайдын Сөзүнө болгон компромиссиз мамилеси менен белгилүү болгон бестселлерлердин автору. Джон жана анын жубайы Лиза биздин дүйнөнү өзгөртүп жаткан Машаяктын компромиссиз жолдоочуларын тарбиялоого арналган «Messenger International»дын негиздөөчүлөрү. Джон Колорадодогу үйүндө болгондо төрт уулу менен үстөлдөгү карта оюндарын ойнойт же Лизаны аны менен гольф ойноого көндүрүүгө аракет кылат.

MessengerX

Акысыз жүктөп алуу жана видео агым үчүн, **MessengerX.com** сайтына кириңиз.

Көбүрөөк билгиңиз келеби?
Бул жерден көчүрүп алыңыз:

Messenger INTERNATIONAL

Бул китеп - автордун белеги жана САТУУГА БОЛБОЙТ